Скырг
Ж64

Сураначы Жетимишов

# АТА НАРКЫ



аб

С кырг
Ж 64

Суранчы Жетимишов

# АТА НАРКЫ

(Тилеке баатыр)

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНБ № 483752

Ош – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Ж 64

Ж 64 Жетимишов Суранчы "Ата наркы" Ош, "Кагаз ресурстары" 2017 324 б

ISBN 978-9967-471-42-9

Элибизде тарых барактарында орду бар инсандар арбын. Алардын тубаса мекенчилдиги, эл-жерди сүйүүсү, жашоодогу нарк-насилдүү адамгерчиликтери кийинки муундагыларга үлгү экендигин чагылдырган чыгарма жалпы окурмандарга арналат.

**Китепке колдоо көрсөткөн**
**Айдаров Абдырай (Курманбай)**

**Ж 4702300100-17**
ISBN 978-9967-471-42-9

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

**© Суранчы Жетимишов 2017.**



## ЭРДИКТЕР ЭСКИРБЕЙТ

Элибиз калыстыкты кадырлаган, адилеттикти ардактаган, улуу сөздү урматтаган калк. Жүрөгүндө оту, жүзүндө жылуулугу бар ар бир кыргыз баласы, ата-баба салтын сактап, каадаларын кастарлап, улуу дөөлөттөрүн сыймык тутуп, жакшы ой-тилектер менен жашап келет. Улуулар баскан жол тарых гана болбостон, нарк-насилдүү тарбия, рухий байлык, улуу мурас. Аны үйрөнүүдө ар бир жаш адамдан жоопкерчиликтүү маданият, терең аң-сезим, тунук акыл-эсти, кеңири дүйнө таануу талап кылынат.

Тарых барактарында орду бар инсандар ого эле көп. Алардын жасаган иштери, эл деп соккон жүрөктөрү кагаз беттеринде жазылып калбаса да, эл арасында атадан-балага оозеки айтылып, санжырага айланган. Бабалардын өмүр таржымалын кызыгуу менен угуп, эл-жерди сүйгөн мекенчилдик сезимине сыктанабыз. Дал ошолордун катарындагы Тилеке бийдин баскан жолу эми гана изилденүүдө. Анын жашаган мезгили XVII кылымдын этеги XVIII кылымдын башына (1650-1700)-жылдарга туура келет. Анын ата-бабалары жана кийинки урпактары Улуу Жибек Жолунун тому болгон Ошто жашап, чарба күтүп, тиричилик өткөрүшкөн. Кыргыз элинин түпкүлүктүү байлыгы болгон төрт түлүк мал менен кошо жер иштетишип, Ак-Буура дарыясына улап, арык каздырып, суу жеткиришип тирчилик өткөрүшкөн.

Ош жергеси көптөгөн тарыхый окуялардын айкын күбөсү. Батыш менен чыгышты, түндүк менен түштүктү бириктирген узак жолдо элчилер менен соодагерлер Ошко келишип эс алышып, кооз жаратылышына сукtanышып, ири маалыматтарды жайылтышкан. Ошол кездеги ири жетишкендиктер, илим, билимдеги ачылыштар дүйнөлүк жаңылыктар Кытай, Индия Жер Ортолук деңизи, Европадагы ири шаарлар аркылуу келип, аларга Ош, Фергана аймагындагы абал белгилүү болуп турган. Улуу Жибек жолунун кан тамыры болгон Бухара-Ош- Кашкар каттамы өзөктүү калктын көчүп-конгон конуштары аркылуу өтүп, соода-сатык

иштерде жергиликтүүлөрдүн көркөм өнөрүндөгү асыл буюмдар бааланган. Улуттук өзгөчөлүктөрү жашоо тиричилигиндеги пайдалануучу какта тери жүндөн жасалган кол өнөрчүлүктөгү буюмдар, эт-майы соодагерлер тарабынан дүйнөнүн төрт тарабына таанылып, айрыкча таза кандуу аргымактары алтынга тең бааланган. Мал-жанды өзгөчө баалаган калк төрт түлүктү багуунун жана асылдуулугун арттыруунун сырларын терең өздөштүрүп, чарбалык иштерди жүргүзүшкөн. Элинин кең пейилдүүлүгү, жеринин асылдуулугу, жер жемиштери, тунук суулары, абасынын тазалыгы, жаратылышынын кооздугу, дартка даба дарылык касиети бар чөптөрү келгендерди өзүнө тарткан.

Албетте, Орто Азия элин беш жүз жылдан ашык бийлеп, өз өкүмүн жүргүзгөн моңгол хандарынын урпактарына каршы, жүз элүү жылдан ашык тынчтык бербеген ойрот-калмак баскынчыларын Ала-Тоодон сүрүп чыгарууда, жүз жылдан ашык элдин канын соргон Кокон хандыгына болгон таймашта кыргыз уулдарынын тайманбаган эрдиктери акылман көсөмдүгү, элди күрөшкө үндөп, кайрат берген, мекенчилдиктери элдин жүрөгүндө сакталуу. Кыргыз элинин түптөлүшүндө, уруудан урукка айланышында сырттан келген баскынчылар менен кармашууда элди,-жерди жоодон сактап, Ата Журтту астейдил коргоодо жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо тарыхта таасын орду бар уруу башчылары көптөгөн милдеттерди аткарышкан.

Эл арасында калыстык, адилеттик, урмат-сый өзгөчө бааланып, одоно иштер оңдолуп, элдин кызыкчылыгы башкы оорунда туруп, уруулар ортосундагы тең салмактуулуктун сакталышында Тилеке бий өңдүү инсандар ар-намыс ариетти дайыма бийик тутушкан. Эл үчүн кызмат кылууну сыймык көргөн андай инсандар кыргыз тарыхында ого эле көп. Биз сөз кылып жаткан Тилеке Баргы бийдин бешинчи урпагы–чыбырасы. Ал эми атактуу Алымбек датканын бешинчи бубасы (тагыраак айтканда кубары).

Тарыхый инсанга арналган маарекени уюштуруу иш-чарасында демилечилердин катарында болгонума ыраазы болом. Баатырдын сөөгү коюлган жай көчкүдөн сүрүлгөндөн улам орун которуп, анын айкелин орнотуу сунушу менен аттуу-баштуу инсандарга кайрылдым. Көпчүлүк сөзүмү колдоп каржы топтоду. Ата-бабаларбыз ардактаган каада-салттын негизинде жети дубандагы эл өкүлдөрүн чакырдык. Жаратылышы кооз жайдын күнүндө Чыйырчык ашуусунда элдик оюн-зооктор ынтымак менен өткөрүлдү. Анда эрдиктер эскирбестиги, элди коргогон баатырлардын даңазасы эл арасында айтылып, жаштарды мекенчил болууга, эл-жерди сүйүүгө тарбиялоо салты айкындалып биримдик даңазаланды.

Тарыхта таасын орду бар аталардын өмүр жолу баарыбызды ар дайым ынтымака үндөп турат.

***Айдаров Абдырай, (Курманбай)***
***коомдук ишмер.***
***"Центросоюз" СССРдин отличниги***

Учу кыйырына көз жетпеген улуу тоолор эзелтеден бери ак кар чүмкөнүп, чокуларын булут каптап мелтирейт. Алыстан шаңкайып, ажардана көрүнгөнү менен жыл бою кокту-колотторунда шамал улуп, бороон боздоп, суукtун каары өктөм. Миңдеген жылдардын күбөсү болгон катмар- катмар тоңгон муздун калыңдыгы аска-зоого теңешсе, узундугу баш-аягы жоктой. Андан берки арсайган зоолордун этегин бүркүттөр мекендеп, кайберендер жайылып, жырткыч-куштар байырлап келет. Улам төмөндөгөн сайын мөңгүлөрдүн этеги жукарып, жайдын ысыгында гана тып-тып этип, майда тамчылар ээрибесе, калган мезгилдерде ичи тоң тиштеген калың муз таштай катып, турганы турган. Андан төмөн булактар ийип шылдырап, бири-бирине кошула колотмо-колот эдиреңдеген боюнча эңкүүлөп келет да этектеги сайга жеткенде чоң сууга айланат. Ал күнү тайыздап, түнү ташкындап барып, өрөөнгө жеткенде тарам-тарам боло бөлүнүп кубарып жаткан кең аймакка кадимки кан тамырдай жан берип көркке бөлөйт.

Жашоонун башаты тоо. Ал жылдын жаанчыл, кургакчылына карабай, кылымдардан берки топтолгон ак кар, көк музу менен жер эненин чаңкоосун кандырып, адамзат тиричилигинин себепкери. Ата-бабалар илгертен эле тоого байырлап, тоо менен тирилиги эриш-аркак. Куюлуп аккан сел жок, кум сапырган чөл жок, куу-куйлаган жоо жок, кулап түшөр коо жок. Жашоо тынч, аба таза, суу мол. Күндөлүк чарбасын жүргүзүп, төрт түлүктүн камын көрүп, көчүп-конуп жашоо кечиришет.

Тоолуктар башка элдердей эле кастарлаган каада-салтка үрп-адатка, улуу дөөлөттөргө, бабаларынан калган асыл мурастарга бай. Адамгерчилик, меймандостук өзгөчө бааланат. Конок күтүп, же бейтааныш бирөө келсе да сый көрсөтүп, тапкан ташыганын алдына жаят. Өзүндө жок болсо карыздап жүрүп, союшун таап, атайлап казан асып, улуулата устукан алдырат.

Ого эле жагып кетсе, адеми сарпайын жаап, алдына ат, колуна куш кондурат. Билгенге, мындан ашык сый жок. Ат адамдын канаты каалаган жакка жеткирет. Куш адамдын үмүтү эмнени ниеттенсе акыры ага ээ кылат. Бул ырым. Жолдуу болсун деген тилек.

Каада-салттын эң бир шаңдуусу да, көзгө көрүнөсү да бул той. Тойлордун ичинен да, уул үйлөп, кыз чыгарууга өзгөчө өзгөчө орунда турат. Жаңы жаш үй бүлөнүн мойнунда, тукум улоо милдети бар. Аны менен кошо аруулук, тазалык деги эле жакшылыктын баары адам жашоосундагы адалдык, ак жүрүш-туруш эрежелери аларга ыроолонот. Куда-кудагыйлар, эки тарап биригип жаш үй бүлөнүн келечегине кам көрүшүп, үстүлөрүнө үй көтөрүшүп, тиричилик өткөрүүгө шарт түзүшөт. Жакшылыкка ортоктош болсун дешип, эл чакырып, той беришет. Мезгил өтүп, алар балалуу болушса, бөбөктүн жентеги, бешикке салуу, тушоо кесүү, чач алдыруу, сүннөт тойлор улана берет. Тойго келген ар бир пенде колунда барын арнап, жакшы сөзү, жагымдуу өнөрү менен жакшылыкка ортоктош болуусу милдет. Кошумча белек берүүгө тоолуктар өзгөчө маани беришет.

x x x

Ак карлуу тоонун этеги. Колдун саласындай болгон ар колоттон ийиген булактардын шылдыраган үндөрү, ар түркүн куштардын авазына кошул-ташыл боло жагымдуу угулат. Айлана жашыл түс чүмкөнүп, жаздын бышып турган мезгили. Жогортон соккон желге ыргалган тоонун сан түркүн гүлдөрүнүн жыты буркурап тим эле таноону жарчудай.

Тээ төмөнкү айыл ичи бир жаңылык күткөндөй, демейдеги бака-шака угулбайт. Байбөөчөндүн колуктусу ай-күнү жетип, эртеден бери толгоо тартканынан улам, катын-калач шашкалакташып, бири от жагып, бириси суу ысытып камданып жатышты. Эркектер адаттагыдай дөңгө чогулушуп отурушканы менен сүйүнчүлөгөн кабар качан угулар экен дешип, элтең-элтең кулак түрүшөт. Аңгыча "Ыңа-а, ыңаа!"деген наристенин үнү

шаңк эте, айланага даана угулду. Күйпөлөктөгөн аялдар ороо-чулгоо даярдап, шашыла үйгө кирип-чыгышканы даана байкалып, бөбөктүн ыңаалаган үнүнө кошула,

-Уул, уул! деген байбиченин кубанычы сыртта тургандарга жаңыра угулду.

Боз үйдүн эшигин бир тарапка түрө берип, маңдайы жарыла сүйүнгөн байбиче:

- Балдар! Сүйүнчүлөгүлө! "Бөлтүрүк" жарык дүйнөгө көз ачты - дей салды.

Ойноп жаткан жаш балдар наристенин төрөлгөнүн угушуп туш тарапка чачылыша бириндеп, коңшу үйлөрдү көздөй тызылдап чуркап жөнөштү. Тестиерлери дөңдөгү отурган эркектерди көздөй чуркашып, алыстан эле тоо жаңырта кыйкырышты.

-Эл –журт. Сүйүнчү! Жеңем төрөдү!Сүйүнчү!

Балдардын үндөрүнөн улам, ар үйдөн чуркап чыккандар, кубаныша

- Болсун! Болсун!

- Уул бекен, кыз бекен?

- Бөрүбү? Түлкүбү?

- Бөрү, бөрү.

- Сүйүнчүң кабыл болсун!

- Ии, аман-эсен бөлүнүп алыптыр, жакшы гана болгон турбайбы.

- Бөбөк бактылуу болсун!

- Башы таштай, бактысы тоодой болсун. Кудай өмүрүн берсин! – дешип үйлөрүнө шаша киришип, колуна тийген адеми буйумдарын сүйүнчүлөгөндөрдүн колдоруна карматып жатышты.

- Сүйүнүчтүү кабар жетээри менен дөңдө отурган эркектер дүрдүгүшө, бириси баш кийимин, бириси камчысын бере коюшуп, сүйүнчүлөгөн балдарга:

- Ме, кармай тур. Козу бергенде бересин –дешип, ырымы кылып жатышты. Шериктеринен алдыга бөлүнө, алыстан сүйүнчүлөп, кыйкырып келген балага Бөкөй:

- Кунанчыкма сеники деп, айта салды. Кийинки чымын-куюн боло чуркап жете келген балдарга.

- Жабагы.

- желедеги кулунду ал.

- Жандык берем дешип, чын көңүлдөрүнөн убадаларын айтышты.

Сүйүнүчүнү уккан аял-эркек, заматта наристе төрөлгөн боз үйдү тегеректей топтоло келишти.

Ылымык сууга киринтип, жаңы чулгоого оролгон бөбөктү колуна алган байбиче:

- Уул, уул! Ааламга адам келди. Айыл- апа сүйүнчү! –деп кубана кыйкырды. Боз үйдү тегеректегендер жабыла; биринен бири өтүп:,

- Болсун, болсун! Тууганчыл болсун!

- Туура бий болсун! Көпчүлүккө көсөм болсун!

- Эл коргогон баатыр болсун, эл башкарган бий болсун! Алтын башы бекем, өмүрү узун болсун! Ырыскылуу эли-журту, ата-энеси менен болсун! –дешип, аны кубатташты. Байбиче эми гана эстегендей, чочуп:

- Эшиктеги эркектерге айткыла! Атасы келсин? Азан чакырып, ат коюшсун!

Илгертен берки каада боюнча чоң атасы, же атасы, же айыл аксакалы, кадырман адамдар бөбөк төрөлгөндө азан чакырып, атын атайт. Аны билген көпчүлүк жабыла Бөкөй бийди тиктешти. Ал бая эле даарат алып, камданып турганбы, кыбыланы карай шыбырап, жүзүнө бата тарта.

-Биссимилда рахман иррохим! О, жараткан! Өзүң колдой көр- деп эки колунун бармагын кулагынын түбүнө тийгизе:

- Алло акпар! Алоо акпар! Алоо акпар! -деп үч кайталап, жан-жака белин карап, азанын улантты.

- Кудайым өзү берди
Ааламга адам келди
Айыл-апаа сүйүнчү!
- Болсун, болсун! дешти тургандар
Теңирим перзент берди
Айылыбызга адам келди!
Оо тугандар, сүйүнчү!
Азан айтып атын коём.
Эли-жерин жоодон сактаар,
Энесинин сүтүн актаар,
Ата-бабаларынын жолун жолдоп,
Эр-азамат болсун!
- Болсун, болсун! дешти көпчүлүк
- Наристе уул бекен, кыз бекен? Ким болду экен?
Тегерегиндегилер бир ооздон жабыла чуулдашты.
- Уул экен. Уул, уул!
- Айыл-апа сүйүнчү! Уулду болдук.
- Болсун! Болсун! дешти жабыла
- Тууганчыл, мээнеткеч болсун! Адилет-чынчыл, эл керегине жараган, баатыр болсун! Эл журтубуз аман, тилегибиз кабыл болсун!
- Азан айтып, атын коём. Тилеке! Тилеке, Тилеке! Эл тилеги кабыл болсун. Элибиз тилегине жетип, журтубуз тынч болсун! Жамаат, жакшылап уктуңарбы?
- Уктук, уктук.
- Аты Тилеке, Тилеке! Жарасын элге керекке. Жакшылыкты ыроолойлу. Тилегибиз тегиз болсун! Өмүр-жашы эгиз болсун! Оомийин! дешти айылдагылар жабыла.

Карын бузулуп, май томорулуп, союш союлуп, казан кайнап, эт, боорсок бышырылды. Кыдырата кымыз сунулуп, жентек тойго келгендер ыр-күү угушуп, тамашага батышты. Байбөөчөндүн бөбөгүнө Тилеке деген ат коюлганына айылдаштары күбө болду.

Кастарлаган каада, урматталган салт – бул элдик эреже. Ал мыйзам болуп жазылбаса да, аны аткаруу ар бир адамдын милдети. Илгертен калыптанган атадан-балага уланып, элдин жөрөлгөсүнө сиңген, жүрүм -турумдун, сый-ызатташуунун бирдиктүү тартиби. Аны бурмалап, башкача түргө өткөрүү эч кимдин колунан келбейт. Ар бир үй бүлө уул үйлөп, кыз чыгарууну тилек кылат. Үй бүлө жашоонун башаты, үй бүлө аркылуу расмилер турмуштун талаптары, тирүүлүктүн милдеттери аткарылып, каада -салтын айныксыз эрежеси түзүлүп келген.

Кыргыз баласы бой жетип үй–бүлө күткөндөн баштап, бир гана үмүтү той берсем деген, улуу максатты ниеттенет. Ал өз жашоосун, ой-тилегин бала менен байланыштырат. Адам өмүрүнүн келечегин аныктоочу үй бүлө тагдырын улантуучу. Ушул, асыл ойдон улам, бала төрөлгөндөн баштап урмат-сый, каадалар өткөрүлө баштайт. Наристенин жарык дүйнөгө келиши бир үй бүлөнүн гана эмес, чоң ата, чоң эненин, тай ата, тай эненин, бир туугандардын, жакынкы урук-сөөктүн кубанычы. Аны тең бөлүшүүдө жакындарга сүйүнчү айтылат. Сүйүнчүлөп барган адам эч кур кол калбашы керек. Аны уккан пенде сүйүнчүсүн берип, жакшы тилегин билдирет.

Андан соң төрөлгөн бөбөккө ысым берүү. Мында негизи үй–бүлөнүн, ага туугандын, элдин тилеги айтылат. Аны көбүн эсе, аба-аксакал, эл бийлеген абройлуу адамдар: чоң ата, чоң эне, тай ата, тай эне, же болбосо баланын атасы аткарып улуу адамдардын, жакшы ысымдары коюлат. Убакыт өткөн сайын балага арналган каадалары улантылып, жакынкы санаалаш дос-тууган, куда-сөөк чакырылып сый көрсөтүлөт. Чакырылгандар куттук айтышып, белек-бечкектерин ала-келишип, сарпайларды кийгизишкен. Ал эми чоң ата, чоң эне, тай ата, тай энелер, ага-тагалар бөбөккө кулун тай, торпок, эчки-кой энчилеген.

Тойдо ар кыл өнөр аткарылып, ыр-чоор, элдик оюндар: эңиш, күрөш, жөө байге, тай жарыш деги эле кызыктуу мелдештер

уюштурулуп, жеңүүчүлөргө байге мол берилген. Албетте той дасторкон толгон тамак-ашсыз өткөрүлбөйт. Үй ээлери жана анын жакындары алдын даярдык көрүшүп, боорсок, каттама, куймак, нан ар кыл жемиш, ширелүү даамдар дасторкон үстүнүн мол болушуна камданышкан. Дүйүм–түркүн даам, таттуудан баштап, малдын эти казы-карта, чучук, сүттөн жасалган азыктардын түрлөрү бышырылып коюлган. Меймандын бир эле тамак-аш менен гана сыйлабастан, жылуу мамиле, жылмайган мээрим кубаныч менен кабыл алуу, анын көңүлүн табуу, жай алып, жакшы эс алуусуна шарт түзүү негизги орунда турган. Мейман жалгыз, же тобу менен келсе тамагы ысык тартылып, атайлап казан асылган. Мейман үйдө жалгыз калтырылбаган. Айылдагы ак сакалдарды, абройлуу адамдарды, же комузчу, ырчы, сөзмөр өнөрпоздорду кошо отургузуп, зериктирбеген. Конoктор менен сөз талашуу адепсиздик. Көбүнчө алардын сөзүн угуу урматтагандык болуп эсептелет. Эгер мейман адепсиздик кылса, сөз менен сындырып, сыпайы какшык айтылат.

Мейманга арналган союш алардын санына жараша, жиликтелип бүтүн салынат. Жакшы бышып, даамдуу болушу үчүн куйрукка, булчуң эттерге бычак урулат. Эт тегиз кайнап, даамдуу болушу үчүн чоң казаңга салынып, ченем менен суу куюлат. Отун да ченем менен жагылып, казандагы эт тегиз бышырылышы үчүн улам астын-үстүн боло аралаштырылып турулат. Бир кайнаганда эткели алынып, улам-улам сапырылат. Казандын кайнаган жериндеги шорбо, мелтиреп, кайнай элек жерге сапырылат. Шорбонун көп сапырылышынын себеби, тунук жана даамдуу болот. Туздун кайнаган мезгилде салынып шорбого гана татылбастан, этке сиңишине да көңүл бөлүнөт. Койдун эти эзилип кетпеши үчүн улам-улам астын-үстүң боло аралаштырылат. Койдун башын тегиз куйкалоо үчүн, улам оттун табына тосулуп күйүндүсү бычак менен кырылат. Айрыкча жалынга желке менен тумшук көбүрөөк тосулат. Кулак менен жаакта түк аз болгондуктан күйүп калбасын үчүн аярлап

кырылып, оттун таптуу жерине тосулбайт. Кулак күйгүзүлүп, же бырыштырыла, сындырылышы өөн болот. Толук куйкалангандан соң аяр кырылып муздак суу, андан соң ысык суу менен ага үлгүрбөй калса, казандагы жаңы кайнаган суу менен таза жуулуп, жаактар ажыратылат. Тил, жаак бир сыйра бычак менен кырылып, баштын тиштери калың бычактын арткы кыры менен сыйда чабылат. Ошондо гана тиштин айланасындагы чөп-чардын калдыгы кетет. Кайрадан муздак анан ысык суу менен чайкалып казанга салынат. Баштын эти жука болгондуктан тез эле бышат. Эт бышардын алдында башты, боорду, кабырганы мурун чыгарылып, алынат. Себеби кайнай берип шылынып, сөөктөр ажырап кетиши мүмкүн.

Казандагы кайнап жаткан этке пияз, картошка, көк салынбайт. Суу кайтарылбайт. Себеби, алар шорбонун даамын кетирип, суугуна айландырып коёт. Улам сапырылган шорбо, даамдуу жана жагымдуу келет. Эт бышаарга жакын шорбо азыраак кесеге куюлуп келип, мейманга, аба-аксакалдарга сунулат. “Эт бышты бекен? Даамына кирди бекен?” деген суроолор берилет. Шорбодон ооз тийгендер “Бир кайноосу кем”, же көбүрөөк сапыргыла деп жооп беришет.

Эт бышкан соң шорбо ысуулай кеселерге куюлуп, меймандарга узатылат. Андан соң, чык татылып куйрук боор, кабырга тартылат. Эң кадырлуу коноктордун эркегине, же аксакалына баш, суу кечер жилиги менен узатылат. Себеби, мал суугa келгенде-эң алгач оозу менен суу ичип, буту менен суу кечет. Аялдардын эң кадырлуусуна, же улуусуна куймулчак тартылат. Ардактуу коноктордун башчысына жашына жана аброюна карата жанбаш, кашка, жото, далы, кары, күң жилик тартылат.

Жакшылык–жамандыктарда элдик ырым–жырым кошо аткарылат. Бала төрөлүшүндөгү бир ырым: балалуу болбой, же төрөлгөн балдары турбай, биринин артынан бири кыз туула берсе, ата ниет кылат экен.

-Эгерде аялым айы-күнүнө жетип, уул төрөсө, теңге тартып алып кетем –деп ырымдайт. Аялы төрөгөндө коңшусу баланы ороп үйүнө көтөрүп кетет. Ата топтогон дилделерин куржундун бир көзүнө салып, бир көзүн бош коюп, мойнуна артып, кайырчы кейиптене кемпирдин алдына барат. Кемпир ( киндик эне) куржундун бош көзүнө баягы жаңы төрөлгөн баланы салып таразалайт. Эгер барабар болсо баланы берет. Эгер барабар болбосо кемин доолайт.

Андан башка да бир шарты, төрөгөн эне бели катканда, куржунга тезек, кебек, отун салып, киндик энеге барат, же ылайык келгенин берип, балага алмашып алат. Ошондо да баланы эшиктен бербей, боз үйдүн туурдугун ачып жиберип төшигинен, же керегени көтөрүп жиберип түбүнөн өткөрүп берет.

Дагы бир ырым, төрөлгөн баласы турбаса, жаңы туулган күчүк менен таразага коюп, "-бул иттин күчүгү, ит менен барабар" –деп, канчык иттин эмчегине баланын мурдун тийгизип, чатынан өткөрүп алат. Бул ит эмди деген ырым. Андан соң ал балага Сатылган, Ит эмген Тезек, Отунчу, Теңизбай, Күчүкбай, Сатыбалды ж.б.у.с. ысым билдирет.

Жакшы ырымдардын дагы бири, айылындагы аттуу-баштуу аба-ак сакал, байбичелер, комузчу, уз-чебер, өнөрпоз адамдарга ата-эне уул-кыздарын көтөрүп барып, -"Оозуна түкүрүп коюңуз?" деп өтүнөт. Же көшигин ичирет. Бул ниет ушул кишидей өсүп-өнүп, өнөрпоздон болсун. Көпкө жашасын деген тилек. Ал адамга сөзсүз, үстү-баш, көйнөк-дамбал, же союш жетелеп барып ызат көрсөтүлөт.

Көбүн эсе "Байбиче көтөрүү" ырымынын мазмуну терең. Өнүп - өскөн, уул-кыздарын үйлөп-жайлап, максатына жеткен бакубат жашаган энеге урмат көрсөтүү. Байбичени кийизге, же көрпөгө салып, абысындары, теңтуштары көтөрүп алышып абышкасынын алдына алып барышат. Абышка алардын алдында ыраазылыгын айтып. Союшун соёт. Меймандарга байбиченин абысын, ага-туугандары, уул-кыздары килем баш болгон, көрпө-төшөк, үстү-

баш сарпайларын тартуулашат. Ызат көрсөтүлгөндөн соң, каалоо-тилектер айтылып бата берилген ырымдар элде ого эле көп.

****

Тоолуктун баласы төрөлгөн соң – көзү жылтырап, кулагы ачылгандан баштап тоону көрүп, суунун дабышын угат. Шартка ылайык ат үстүндө жүргөн ата-эне көчүп-конгондо, же мал тоскондо, ал тургай мейманчылыкка барышса да, бөбөктү үйгө калтырышпайт өңөрө жүрөт. Талпынып, там-туң басканга чейин эле ат үстүндө уктап, ат үстүндө ойгонот. Ага үйрөнгөн бөбөк атчанды көрсө талпынып, ээрчийт. Кокусутан, уйкусурап чыргоолонсо, атка өңөрө койсо, басыла калат.

Байбөөчөн да эртели-кеч, жоош атын сугарарда, таканчыктап каз-каз туруп калган Тилекесин миңгизип, жетелеп жүрдү. Ат жорто калса, ээрдин кашын бекем кармаган бөбөк, корккондун ордуна кубанчу болду. Төрткө чыкканда өз алдынча атты минип, тизгин силке, теминип, камчы шилтеп айыл четиндеги малды тосуп келет. Күн сайын апасы бээ сааганда ээрчите барып, желедеги кулундарды мингизе коюп, Тилекени ого эле жылкыга жакын кылып өстүрүштү.

Кулундарын үйрөтүп, айыл этегиндеги түзөңдө тестиер балдар мелдеш өткөрүшөт. Аларды тартипке салып, «Анткиле, минткиле» деген деле эч ким жок. Анча-мынча аш-тойлорго аталарын ээрчип барганда көргөндөрүн, айылдагылар топтошо калганда айтыла калчу кептен уккандарын, кайталашып, «Соорун коюп» байге чабышат. Күндөгүдөй бүгүн да «жарчы» болгон бирөөсү ортого чыгып кыйкырды.

- Оо, жакшылар. Уккула! Угуп калгыла. Байге башталат. Алыскы-жууктан келген меймандар! Бириңерге бириң кабар айт. Байге башталат. Дабанга даңкы кеткен күлүктөр айдалат. Кимде ким, ат кошом дегендер күлүгүңөрдү, чабандестериңерди алып келип каттаткыла!

Тайларын үйрөтөм деп, такымдары жооруган балдар, шашыла келип, катарга тура башташат. Алардын санын алган «жарчы» дөңгө чыга калып, баардыгына угуза кайра- кайра кыйкырып кирет.

- "Бийлер, эл башчылар, жакшылар. Азыр күлүктөр айдалат. Байгеге даңкы дабанды жарган, жалаң сай күлүктөрдөн он беши чабылат. Күлүктөр Тайгак -Таштан кое берилет. Маара Кара-Ойдун башы".

- Оой-ии. Ошончобу?

- Ыра-ак го?

- Узак, тайлар жете албайт,- дешип чуулдашат балдар.

- Кимде ким, күлүктү тоссо, же сүрөсө, айыпка жыгылат. Чабандостор жыгылса доо жок. Ооми-ийин! деп бетке бата тартылганда, сүрүлүп жөнөйт. Баягы Тайгак- Ташка жеткенден соң, катар турушуп ат айдоочунун «кеттик» деген кыйкырыгына аралаша, тайларын тапырата чаап жөнөштү.

А дегенде эле, балдардын "Айт эле, айт! Уйт эле, уйт! деген кыйкырыгы чыгып, анан тайлардын дүбүртүнөн чаң ызгып, биринен бири өтөм деген "күлүктөр" жол талаша булкунушат. Улам жол арбыган сайын тай күлүктөрдүн карааны бириндеп төрипе берет. Анча-мынча байгеге кошула элек тайлар, үстүндөгү ээсине моюн бербей үркүп, тескери кетсе, атка чабал, бош балдар топ эте, жалдан оол түшүп, бирине бири чалына чаң-тополоң. Күйүккөн тайларынын оюна койбой, темингендер андан көп. Ат жалында чоңоюп, аттын кулагы менен тең ойноп, эчен аюолорду үйрөткөн чыйрактары, "күлүгүнүн" ыргагын бузбай, бир калыпта тизгин тарта келишсе, байгенин сырын билбеген, дасыга элек ала көөдөндөрү алдыда маара талашышып, биринен бири өтөт.

Куштай учкан кер тайына дем бере, анча-мынча согончогу менен укуп коюп, Тилеке алдыңкы топто. Атырылган топтогу тайлардын туяктарынан даңкан учуп, көк майсанын үстүнөн бозомук чаң чыгат. Биринен бири калышпаган "күлүктөр" жер

сабап, аяктарын элпек ташташып элирип баратышты. Туяктары кызып, кандары дүрдүккөн жаш тайлар чарчоону билбей, дембе-дем сүрөө берген ээлерин алып-учуп, алдыга шукшурулат. Жолдун жарымынан өтө бергенде топ суюлуп, күлүктөр бириндеп, экиден, үчтөн боло топтошуп бөлүнө баштады. “Бырбыр” эте дээликкен тайлар өпкө кагат. Аларды тоскон да, сүрөгөн да эчким жок. Дүпүр-дүпүр этип каткан жерге тийген көп туяктардын үндөрү угула калып, таймашкан тайлар жал-куйруктарын сапырылта, кулактарын жапырып мөөрөй талашып баратышты. Арыгандары бышкырына жолдон чыга калса, кайраттуулары элирип, өлөр-тирилерине карабай арыш керет. Бир топ жерге жеткенде кер тай беркилерден чылбыр бою алдыга оозуп чыкканы менен куйрук улаш бучкактап келе жаткандардан үзүлүп кете албай жатты. Баятан Тилеке арт жагына карамалап келе жатты эле, эми алдыга өтө бергенден баштап, кер тайга дем бере.

–Айт жаныбарым, Айт! Чурка, кер тайым! Куу, куу! деп сүрөөнгө алды.

Ээсинин кыйкырыгына элирген кер тай арыш кере эки колун тең таштап, жебедей сызып, бута атым алдыга чыкты. Дале болсо, тайынын кубаты чындыгын туйган Тилеке, жалга жакын эңкейип, алаканы менен эркелете сооруга чапкылап, сыймыктана түштү. Эми гана эти кызыган кер тай аткан октой шуулдап, маарага жакындап баратты.

Кыргызда илгертен калган салт бар. Жоо менен беттешкенде, чоң аш-тойлордо, намыс талашкан мелдештерде, чоң байгелерде Манас баш болгон баатыр бабаларды, же уруусун чакырып, бирине бири сүрөөн берет. Жеңишин даңташат. Бул жолу балдардын оюну болгондуктан, чоңдорду туурап чоң атасы Бөкөй бийдин атын атап, кыйкырып «Бөкөй!», «Бөкөй!», «Бөкөй!» деген Тилекенин сыймыктанган үнү төбөдө жаңырып турду.

Тилекенин кер тайы ошондон баштап көзгө түшүп, оозго алынды. Мурда анчейин саресеп салбагандар, атайлап келишип, кер тайга баа беришип, ар кимиси, ар кепти айтып жатышты.

- Жаш тайдын каны суюк. Чарчаганын билбейт. Бир чыгыптыр, кийинкилиги кандай болоорун ким айта алат?

- Ооба, тайында баары эле чуркай берет. Кунандан өтүп, асыйына барганда, маарага кошуу керек.

- Боло турганы, тайында эле билинет.

- Кайсыл аттын уругунан экен?

- Энесин сура. Күлүктү бээ туйт.

- Атасынын чалымы болбосо, бээ кайда бармак.

- Деги, энеси жаш бекен? дешип, тайдын таржымалын билмекке башка айылдагылар бири-бирине суроо беришет.

Тоолуктардын табырка кылган, божомолдору жөн жеринен эмес.Өмүр бою жылкы баласын асырап. аны кастарлап, кадырлаган кыргыз баласы ат таптап жүрүп, сырдана болору анык. Топтошкон жайда:

-Жылкы баласынын касиети улук. Кайыптан бүткөн жаныбар Шамалдан бүткөн. Жылкы баласы касиеттүү. Шайтан-шабырды, ал тургай ээсинин кыялындагыны туюп турат. "Ат адамдын канаты", "Ат, аттан калса жат" - дешип не бир сонун макал-лакаптарды айтып келишет.

Уулунун жылкыга жакындыгы Бөөчөн бийге дайын эле. Айылдагы жарышта кер тайдын келишин уулунан эмес, тайдын өзүнөн деп ойлоду. Анын энесинин колго тийиши өзүнчө эле жомок эле...

Чоң атасы атап, энчилеп берген тайы мына быйыл керилген кер кунан болду. Ак-Киндик менен Кең-Төрдүн тулаңын кенен оттоп, жайытын жеген кунан, тим эле коёндой секирип, куштай учат. Жаштыгынанбы, же курчтугунанбы, дабыш чыкса селт этип, эки кулагын тикчийте жака-белди карайт. Жалына кол тиери менен атырылып чуркоого камданат. Шыкшыктаган ээсине ыктап эркелей, кашыганды жакшы көрүп, мойнун, жонун тосчу болду.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 423752

Ээси да, караган – кашекти алып, бүт турпатын аркы-терки, кайра-кайра кашып зерикпей шык-шыктап, улам жоошута берет. Алдын улам диртилдеп, чочуп кулагын жапырса эми, "Кай жериме колу тиер экен?" –дегенсип, мемиреп, соорусун тосот. Кер кунандын түгү тикелене жылтырап, куйрук-жалы төгүлүп, сымбатына чыга, сооруларындагы булчуң эттери катып, даана байкала баштады. Сомдой болуп, узун шыйрактары түп-түз. Үрпөйгөн бапактары тегерек туяктарын жаап, кай жагына карабагын кемтиги жоктой.

Ат таптап, күлүк чапкан ак сакалдар эл топтолгон жерде байгеге кошкон аттарга сын берип, мүнөздөп, калчу.

- "Кулун сындуу, куран сан, кулжа моюн төгөрөк куланга чалыш ат экен. Кашка тиши кадоодой, кара тили бүлөөдөй, телегейи тегиз тарамыш, кара кушу калкандай, жазы жаак, кең маңдай, жото жилик жонгондой, жонуна жатып конгондой, балык эти баладай, туяктары чарадай"- дешип ар биринин мүчөсүнө баа беришчү . Аларга окшоп, мен дагы, тулпардын тулпардыгын анык билсем гана? – деп Тилеке ойлоно кетчү. Жашынан жылкыга жакын болуп өскөнгөбү, көргөн күлүгүнө сын берип, артыкчылык жагын билүүгө кызыкдар болуп жүрдү. Кечээки эле кер тайы кунан болуп, мына бүгүн өзүнүн купулуна толуп турат.

Колумдан күлүк чыгарып, бир өзүмү сынап, байгеге кошсом - деп да кыялданчу.

Жайыттан кармап жайдак минип, нокто салбай жүргөн тайы кунан болгондон бери моюн бербейт. Ары тартып, бери бурганга карабай, өзү билген жагына кетип, токтотуу да азап болду. Кунанды кармары менен кыл чылбырда нокто түйүп, бой бербей, башын булгалаганга карабай нокто кийгизди. Кунанынын жанынан чыкпай эртели-кеч аны эрмектеген уулуна Бөөчөн:

- Кунаныңа ээрди этияттап току. Кокус, чочутуп алсаң корс, чалпоо болуп, үркүнчөгүнө айланат. Жылкы жаныбар бир чочуса, башка малга окшоп унутуп калбайт. Канча жыл өтсө да, канчалык

аракет кылсаң да, баягысын адат кылып диртилдеп, үркүнчөгүнө айланат – деп эскерткен.

Бүгүн кунанына алгачкы жолу жүгөн салып ооздук катты. Бир төпкө жерип, улам башын ийкегилей, жүгөндү шыпырып салуу аракети менен оозун чоң ачып, ооздукту шылдыратып, мойнун көтөрө, башын серпет. Улам шык-шыктап жатып, ээр токуп, басмайын тартты. Үзөнгүгө бут салып, жуп аягын арта бергенде, белине күч, же кытыгысы келдиби шарт жүрүп берди. Ал шамдагайлыгынан гана ээрди минип калды. Болбосо үстүнөн түшүп калмак. Ээрге бекем отуруп, тизгинди чирене тартты. Оозу ооруган кунан койкейип, дале токтобойт. Жонундагы ээр-токумду жерип, түшүрүп салгысы келди. Улам кош аяктап секирип, чычаңдай баштады. Ооздугун кемирип, ала качып барып, жонундагы ээсин серпип салмакка, мөңкүй берди. Уйгактай жабышкан ээси, анын ой боюна койбой, тизгинди кыска кармап, өзүнө тартып, айласын кетирди. Ары жүгүрүп, бери жүгүрүп кунандын коптуктарынан, кулагынын түбүнөн тер кетип, титиреп, айласы куруду. Акырында үйрөндүбү, же чарчадыбы, оозун тартса токтоп, төмөнсө басып, заматта баш ийгенин билбей калды.

Тоолуктун баласы жылкы сырын жакшы билет. Ат жонуна мингенден кийин, аны түшүрүп салуу бир азап. Ач кенедей жабышып, чычаңдаса жалга минип, алдыңкы эки колун көтөрсө чычаңга конуп, жалды бекем кармап, же мойнун кучактап, уйгактай жабышат. Кокустан мингичи жарчага барып, кошатка кулаганда гана түшүп калбаса, үстүндө жүргөнү жүргөн. Кер кунан эртеден түшкө чейин эле, үстүндөгү ээрге, башындагы жүгөнгө айласы жок, көнүп берди. Тери кургагыча куу момукта асылып туруп, кечинде гана ээр, жүгөнү шыпырылып, агытылды. Ошол күндөн тартып кер кунандын жаны тынган жок. Бирде тоодогу жылкыларга барышса, бирде жатакчылардан кабар алышып, жайдын ысык күнүндө жандары тынбады. Элде “Боло турган күлүктү тайында тапта, кунанында курут, асыйында

асыра" деген сөз бар. Анын жөнү "Күлүктү жаш кезинен телчитип үйрөт. Баралына келгенде асыра, анан чап делген эле. Кер кунан тынбай минилип, сууткан аттай эти тартылды.

Ошол мезгилден баштап Тилеке кер кунаны, - кер кунаны Тилеке менен Анжиан аймагындагы кунан жарыштарда байгелерди эч кимге беришпеди. Бөөчөн бийдин баласы оозго алынып, "бала мырза" атыгып, калыс сөзү, адилет пикири менен элге таанылга баштады.

****

"Атаң барда эл тааны да, атың барда жер тааны" демекчи Бөкөй бий куда-сөөк, дос-тамырларына барганда неберелери Олжоке, Тилеке, Көкчөнү кезеги менен ала барат. Мына Тилекенин кезеги келип, Кашкар багытындагы тага журтуна ээрчите келген. Кашкардан чыгышка карай Какшаал, Ак-Суу, Кулжа, Үрүмчүгө кыдырып келишти. Барган жерлеринде сый көрүшүп, өткөн-кеткенден кеп козгошуп, эски тааныштар менен эзилишип, көзү өткөндөрдүн жакындарына көңүл айтышып, куран окушуп, жүз көрсөтүштү.

Албетте, баягы эле барган жерлеринде санжыра айтып, уруулар жайын суращмай. Эл башы, бийлерден тартып, эл ичинде өнөрү менен таанылган комузчу, ырчы, саяпкер, мүнүшкөр, уста, табып, баатыр, мергендер боюнча ого эле сөз болот. Анан барып, алгыр тайган, туйгун бүркүт, куш, күлүк ат жөнү айтылат. Анысы кай тарапта, кайсы элдендиги башкаларга дайын болот. Тилеке чоң-атасы менен жүрүп, Ак-Чий, Улуу-Чат, Ак-Тоо, Артыш, Текес, Лоп, Ыртыш деген жерлерде ичкилик урууларынан нойгуттар, кыпчактар, ого эле көп уруулар бардыгын билди. Көбүн эсе барган жерлеринде сурашып келгенде: кыпчак, кушчу, чоң багыш, черик, азык, нойгут, сарбагыш, саяк, отуз уул деги эле оң-солго кирген уруулардын көбү ушул тарапта жашарына кабардар болду. Иленин башы Кулжа, Текес сууларынан тарта, Какшаал, Кызыл-Суу бойлору,

Теңир-Тоо, Тянь-Шандын аркы бетинде оңор эмес кыргыз уруулары жашарын башта билчү эмес.

Чаң атасы айрыкча күлүк атка өтө кызыктар эле. Күлүк дайынын уккан соң, кай жерге болбосун барып, өз көзү менен көрмөй сайын, көөнү тынчу эмес. Мына алты күн өтүп Досмат досунукуна келип отурат. Алыскы Анжиан–Алайдан келген теңтушуна маңдайы жарыла сүйүнгөн досу, дасторконду кенен жайдырып, байлабас тай сойдурду. Жакынкы куда-сөөк, тууган – урук билармандарын чакырып, кеп учугу кенен жайылды. Эки дос ысуулап сыртка отуруп, салкындап боз үйгө кирип, боор батырышта кенен сүйлөшүштү. Өткөн-кеткендер жөнүндө кеп кылышты.

- Турмуш ушундай экен досум. Тиричиликти шылтоо кылбайын, шарттын оордугунан барып, кабар ала албадым. Бирок, эки кулагым силер тарапта болду. Кашкарга барып-келгендерден угуп, бир кайрылып көпээр деген үмүт менен жол күткөнүмдү жашыра албайм – деди Досмат бий.

- Анын туура, убакыт чак. Ордоңордун калбасы, элиңерди бир топ тозутуптур деп уктук. Анын үстүнө ынжы-калмактар басып, элдин эсин эки кылып, кай жакка барба коопту. Не болсо да, эл-журт аман болсун деген тилек.

- Элибиз бекеринен айтпайт экен. «Дос жүз жылдык, куда-сөөк миң жылдык» демекчи, экөөбүз карыган сайын каттообуз тайыздап, балдарыбыз бирин-бири тааныбай баратат. Эскиден ынтымак элек. Мамилебиз ысык, катаал шартта, катуу кармаштарда дос бололу деп, шерттештик эле. Урпактарыбыз биздин жолубузду улап, барыш-келиш кылышса кана?

- Досматым, акылгөйүм. Менин оюм да, сеникиндей. Уругубуз бир болуп, уучубуз толсун. Ээрчитип келген неберемди атайлап сага, сенин балдарыңа тааныштырганы алып келип отурам.

- Тилеке уулум келгенден бери көөнүмө жакты. Өзүңдөй мырза кылып тарбиялапсың. Баралына келгенде, бардык иштен кайтчудай эмес.

- Ап-бали, баягы убада-кептердей каттоону жаңылайлы. Көөнүңө толсо уул кылып ал.

- Жан досум, менин оюмдагыны айтып отурасың. Урпагыңдын бирин сурап, кудалашып, кулдук урайын деп жүрдүм эле. Мен бармакмын. Мейли, сен келипсиң. Менин да неберем бар. Уулубузга жагаар бекен?

- Кайран гана досум, кыпчак какшыгын калбайт экен да. Сенин небереңден, менен неберемдин эмнеси кем.

- Кем эмес, экөө тең. Менин айтайын дегеним, көөндөрү төп келип, көңүл куштары түшөөр бекен?

- Ага экөөбүз күбө бололу.

- Байбиче, чакырчы алдагы эки небереңди "отуз уул кыпчак, боло алышабы бир жак" – деп кыпчактын бийи Досмат тамашалай кетти.

Баятан бери эки достун кебин аңдап турган Мактым байбиче, элечегин оңдоно эшикке чыкты. Тээ, туурадагы дөбөдө эгиз козудай ээрчише баскан Тилеке менен небере кызы Кызырыкты көзү чалды.

- Ботом, бу эки бийди кудай урбадыбы. Экөө тең кыз-жигитти чакырып алышып, көөнүн сурашабы. Мас кишидей, бу кылыктары эмнеси? Буларга теңелген, мен да жиндимин. Кой дебейинби десең. Карыганда эки жашка "жеңе" болмок белем- деген ойдогу байбиче:

- Кой келиндерге айтайын – деп бурула берип, кайра көөнү түтпөдү.

- Эки бийдин эсиргениби, же ойлорунда бир нерселери барбы? – дегенче экөөнө кол булгады.

- Кызырык! Тилекени алып, мында келгилечи? –деп үн салды.

Экөө кол кармашкан боюнча заматта жетип келишти.

- Үйгө киргиле, атаңар силерди күтүп жатат.

Тилеке боз үйдүн эшигин бир тарапка ача, серпе бермекке кол сунганда, Кызырык жете келип, Тилекеге жол бере

- Кириңиз – деп боз үйдүн кышасын көтөрдү.

- Ассалоом алейкум.

- Амансыздарбы?

Эки жаш босогону аттай, катарлаша туруп калышты. Эки бий экөөнү карап суктанышты.

- Уулум аяш атаңа уул болуп бересиңби? – деди Бөкөй бий Тилекеге карап.

- Кызырык чымчыгым, аяш атаң кыз кылып алайын дейт. Макулсуңбу? – деди Досмат бий небересине.

Эки жаш, бири-бирин жалт тиктеше калышты.

- Чоң ата, Тилеке бул жерде калса, мен аяш атамдыкына эмнеге барам? деди оюнда эч нерсе жок Кызырык.

Тилеке үн каткан жок.

- Экөөңө бата берели дедик, балдарым.

- Бий батаңды бер – деди Бөкөй бий досуна.

- Кана, балдарым алаканыңарды жайгыла. Тилеген тилегибиз кабыл, айткан сөзүбүз жабыз болсун.

Тилеке уулум! Ысымың элге алынсын, тукумуң журтка жайылсын. Журтуңа бак отурсун, башыңа баш кошулсун. Эл бийлеп эрезеге жетээрсиң, эчен доону чечээрсиң, туйгун таптап, тулпар барктап, туулган жериңде баш болуп өтөөрсүң. Калкыңа жөлөк, карыпка тирек бол! Түбүң түптүү мунарсың, учугуң укмуш узарсын. Төгөрөгүң төп болсун, урпагың байып, көп болсун! Оомиин!

Бардыгы жабыла, Досмат бийди кубатташты.

- Мен Кызырыгыма батамды берейин.

- Кана, кызым алаканыңды кенен жай. Теңирим сага бак берсин, барган жериңе орун-очоктуу так берсин. Кадырлуу кылып дөөлөт берсин. Кайырлуу кылып перзент бергин. Калкыңа калалуу бол, элиңе элелүү бол. Алдыңа ай туусун, артыңа күн туусун. Ата-энеңе жагымдуу бол. Жек-жааттарга жугумдуу бол. Айылыңа абройлуу бол, алганыңа жайдары бол. Берерге белен ашың болсун. Бешигиң баладан өксүбөсүн. Башыңдан жакшылык кетпесин. Оомиин! – деп Бөкөй бий алаканын жүзүнө тартты.

Кыз-жигит бири-бирин жылуу ырай менен тиктеше калышты. Экөө эшикке чыгып кеткенден кийин, эки бий кептерин андан ары улашты.

- "Кызга келет кырк жуучу, буйруганы бир жуучу" –дейт элибизде "Кызы бардын, назы бар" дейт. Назданбай айт. Калың жайын сүйлөшөлү?

- Мен сенден калың сурабайм. Менин малым сенин малың. Экөөбүз куу таякты сүйрөп, ак таман болуп жүргөн күндөр да болгон. Баягы эл айткандай, «Мал бир жуттуку да, бир жоонуку» дейт. Каадасын кыла бер. Анан "кулдук" деп мага айтпа. Кыз менен баланын ата-энелери айтышар. Экөөбүз дос боюнча эле калалы.

- "Калыңсыз кыз болсо да, каадасы жок кыз болбойт" – демекчи экөөбүздүн тапканыбызды элге берели. Каадалардын жөнүн айт?

- Ал өзүңдүн үмматиң. Эки жаштын ынтымагы артып, бактарын берсин. Перзент көрүшсүн.

- Макул, биздин тилек да ушул. Эки жашка жакшылык ыроолойлу.

Эки дос күн болжошуп, убада алышып кучакташа коштошушту.

Байбөөчөн атасынын айтуусу менен аялы экөө каада–расмилерин макулдашмакка жана "сөйкө салды" деген салты менен үйүр-үйүр жылкы айдап, таңгак-таңгак мата жүктөп, бир нече төөнү жетелеп, куда алдына барып келишти.

Капылеттен Бөкөй бий төшөк тартып, жатып калды. Ана оңолот, мына оңолот менен күн өтүп, анын кесели оордой берди. Бир күнү небереси Тилекени чакырып алып, насаатын айтты.

- Уулум, ата-баба намысы ар бир урпактын мойнунда милдет. Аны, сен жакшы түшүнүп калдың. Менин айтайын дегеним сенин колуктуң жөнүндө Ал кыпчак элинин төбөсү көрүнгөн Досмат бийдин небереси. Сөөгү таза, болорман жердин тукуму. Колуңа алып, кастарлап жаша. Азали сени кор кылбайт. Колуңа кол,

бутуңа бут болуп берүүчү жан–шерик. Ал эми, кайын журтуң кыпчак эли, түптүү эл. Парганадан башка жайларда да казак, тажик, уйгур, сарттардын арасында абдан эле көп. "Эр жигиттин бир журту–кайын журту менен тага журту" делет элде. Ишеничиңди актаар, сени жөлөп кетээр тиректериң ошолор. Өзүң жакшы бол.

Тага журтуң Кашкар аймагындагы кыпчак эли. Баягыда Бакал абаң кабыланды кармаган чакта Кашкар ханына тартууга алпарсак, «тартууга тартуу» деп, апаңы хан өзү бизге узаткан. Бакал абаң мага масилат салып, атаң Байбөөчөнгө алып бергенден кийин, агаң төрөлүп Олжоке деп, ысымды мен койгом. Ошол күндөн баштап Адигине урпактары тынч, калбасы жок жашап калдык. Анан сен төрөлүп, «элибиз тынч болсун. Тилегибизге жетели» деп, атыңды Тилеке деп атадым. Сен да жолдуу болуп, жашообуз жакшы, камыр-жумур тиричилик өткөрүп жатабыз. Бирок, баары бир коркунуч бар.

Өзүң кабарың бар, калмак калбасы күчөп баратат. Бул бир, экинчиси ордодогу ичи бузуктардын тукуруусу менен Кашкар ханы улам бизге кызыгып, Анжиан аймагын баш ийдирип, салык алмакка камданганы белгилүү. Ал жердеги ордону жалаң кыргыздар бийлеп, хандын басып киришине жол бербей, төштөрүн тосуп турган чак. Бирде болбосо, бирде келери анык. Үчүнчүсү ары чиндердин ою бузуктугу баарыбызга дайын. Алар Кашкар хандыгын аттап өтүп, кетүүгө даалашпайт дегенибиз менен, монгол-манжулар, калмактар алардын шаштысын алып турат. Бул да болсо убактылуу. Эмне болсо да, сак болу керек.

Биздеги бир жаман адат, ички биримдик, ынтымактын жоктугу. Ар уруунун бийлери өздөрүн эр ойлошот."Менсиз, кай жакка барышмак эле" дешип, бирин–бири сынап, экинчиси пайлап турушат. Минтип отурса, кыргыздын башы бирикпейт. Ошон үчүн бир ордо болуп бирикпей, хан көрсөтө албай чачылып келүүдөбүз. Колуңдан келсе, чачылганды топто. Туура басканды тоскө. Колуңдан келбесе, аны болтурам деп машакат тартпа!

Таң, ай! Биригишине көзүм жетпейт. Кыргыз кайдан гана тоң моюн жаралып калдык экен? Ырксыздык–биздин түбүбүзгө жетээр бекен? -деп армандуу мууңайды.

Сага калтырар осуятым болсун!

Уулум, мен айтам, сен ук. Көөнүң келсең билип ал, көкүрөккө түйүп ал. Колуңдагы байлык, бийликке эсирбе. Бийлик тоңгон муз тап тийгенде ээрийт. Байлык кир. Жууганда кетет. Бийлик колдон кетсе, коңулдагы чычкансың. Байлыгыңды алдырсаң жерде жаткан талпактайсың. Экөөнүн тең, илеби таптуу, дымагы күчтүү. Бөтөндү теңсиндирбейт. Көздү май бастырып, эсти чаң бастырат. Мүнөзүңдү өзгөртүп, жакындагыны көрсөтпөй, көктү каратып коёт. Бул өтө коркунучтуу. Андай болгондо эл сенден качып калат. Элди кармайын десең, көзүңдү чоң ачып, алысты кара. Өзгө-жатка, бар менен жокко бирдей мамиле кыл. Сөзүң менен ишиң айкашсын. Калк азыгын кадырла, арам дүйнөгө азгырылба.

Калктын таламын талаш, кара өзгөйлүктөн адаш. Карыпка караан, бечарага бел болуп, эл биримдигин сактап, ынтымакка кызмат кыл. Ырыскынын баарын жерден терип алып, көктөн издебе. Кайрымдуулукту калктан аяба. Ырыс меники десең, бул айтылганды милдетим деп бил. Ал милдет бабалардан калган мурас. Аны кастарла, байытсаңар байыткыла, асти түгөтпөгүлө. Акылым балама жуксун десең, сөөгүңдү тазала. Калктын кызматын кыл. Убактылуу ишке умтулба. Жолум узак болот десең жоомартты жолдош кыл- деп небересине керээз кылды.

Бөкөй бий ажалы жетип, оо дүйнө салды. Ошол чакта досу Досматтын ааламдан өткөндүгү боюнча да кабар келди. Эки достун балдары каралуу болуп, бири- бирине көңүл айтууга шарттары келишпеди. Бирок, кийинки жылы жылдыктары чыгарылган соң.

-Келип, бүлөсүн алып кетсин!-деген кабар кербенчилер аркылуу жиберилгендиктен улам Бөкөй бийдин балдары Байбөөчөн баш болуп, Тилекенин колуктусун алып келүүгө

айылдагы биларман жигиттерди каш кылып аттантып – тондонтуп жөнөтүштү.

Досмат бийдин уулу Исмат ата тарбиясын көрүп, намыс үчүн тик турган пенде экен. Күйөө баласы Тилеке баштаган топту зор урмат менен тосуп алды. Той каадалары өткөрүлүп, андан соң, "сеп көрдү" расмисине кезек келди. Исмат бий кызынан эч нерсе аябаптыр. Үстүнө сегиз канат боз үйдөн тартып, колдоноор буюмдарын туткуч, чайнегине чейин даярдатыптыр. Он арканга айланта сеп жайылып, тойго келгендердин бардыгын суктандырды. Кыз–күйөөнүн үйлөнүү салтындагы бардык расмилер өткөрүлдү. Эки жашка нике кыйылгандан бир жума өткөндө, сеп жүктөгөн көч Анжиан–Алайды көздөй жол тартты.

Исмат бийдин жөн билгилигиби, кызы Кызырык күйөө баласы Тилеке үчүн толук шарт түзүптүр. Туугандарын кызматка дайындап, жол тарткандан, эс алып, түштөнө турган, кечинде жеткен жайда түнөгүнө чейин, жол тостуруп, тамак-ашын белендетип, ырчы-күүчүлөрүн сайратып, жолду ката оюн-зоокко карк кылып, акырында Кызыл Суудан өткөрүп кайтышты.

Анжиан элинде мынчалык үйлөнүү тоюу, сеп жүктөгөн көчтүн өтүшү болгонбу–болбогонбу, айтоор көпчүлүктүн көбү Алайдын жайлоосуна барып, жол тосо, үйлөрдү тигиптир. Кыз көчүрүүнү көрөбүз деген жаш балдар, тайларын эдирендете чаап барышып, көч көрүнөөрү менен биринен бири өтүп, жол күткөн айылды көздөй "сүйүнчүлөмөккө" жарыша жөнөштү.

Күн шаңкая тийип, Алайдын этеги кенен жайылып, жайлоо жай мезгилинде ыңкыйт. Асманда бир чымчым булут жок. Көкмөк кең ааламга–ак карлуу тоолор жарашып, алыстан шаңкая көрүнөт. Ар колоттон шаркырап суу агып, мээлүүн жел тулаң боюн сеңселте согуп турат. Түркүн–түстөгү чөптүн бүрү жыттанып ааламдын тунуктугу, табигаттын тазалыгы, жаратылыштын кооздугу жайлоого уюп калгандай эле. Жигит - келиндердин алым-сабак айтышы, кыл кыяк, ооз комуз, чоордун жан эргиткен аваздуу үндөрү ар–ар топто созолонуп, баш–аягы

көрүнбөгөн көч жай суунунун агымындай болуп, улоолордун ыргагы менен жашыл ааламдын тепчий келе жатты. Бапылдаган керней үнү алыстан угулуп, көргөн көздү, уккан кулакты сүйүндүрө өзүнө тартып, башта- кийин болуп көрбөгөн укмуштуулугу менен тургандарды таң калтырды.

-Көч келет, көч келет,
Сансыз буюм, сеп келет.
Баш кошушкан экөөнүн
Бактылары төп келет.
О-о-у эл, О–о оу!
Мына кара! Ана кара!
Көч келет, көч келет,
Сеп жүктөгөн топ келет.
О-о-уу, О-о-уу!- деп кернейчилер ырга кошуп, күү ойношту.

Кайын ата, кайынагаларынан качкан жаш келиндер, боз үйдүн туурдугунан, эшигинен шыкаалашса, катын–калач, жаш балдар түрүлө көч бараткан жолдо котолушуп, кубанычтуу кол булгап жатышты.

Кереге-уук, таңгакталган жүк артылган төөлөрдүн үстүнө Кашкар килеми баш болгон ар түрдүү, килем, шырдак, туш кийиз деги укмуш кооз аземи буюмдар жабууланган. Ойноктогон тулпарлардын жабуулары келишип, күмүш үзөңгү, көмөлдүрүк-куюшкан, жүгөндөрү менен күнгө чагылып тургандардын көздөрүн уялтат. Төөлөрдүн моюндарына илинген алтын коңгуроолордун үндөрү көчтүн ыргагына кошул–ташыл болуп, жайлоого өзгөчө шаң бергенсийт. Үкүлүү шөкүлөсүнүн алдындагы жүзү үлпүлдөгөн пардадан көрүнбөгөн колуктусун жандап, алчыланта ак калпак кийген Тилеке көч алдында.

Чай кайнамга жеткирбей, улам жолун тосуп, ак татытып дасторконуна нан, боорсок, каттамасын төгүлтүп, сыр кеселерге мелтирете кымыз куюшуп, кош колдоп ак сунуп отурган тоолуктардын жүздөрүнөн мээрим төгүлө:

- Куш бооңор бек болсу!

-Алганыңар менен тең карыгыла!

-Ылайым, бактылуу болгула!

-Перзентүү болгула!

-Бактыңар көктөй бийик, тоодой улук болсун!- дешип, кол булгалашып, ак тилектерин билдирип жатышты. Жаш балдар аркан тосуп, өткөрбөй бир топко кармашса, кыздын жеңелер белектерин ыйгарышып, жолду ката тамаша, ыр–күлкү улана берди.

Кыпчактын кызы Кызырык келген күндөн баштап колуна иш кармады. Өз аты көп эле айтылбай айылдашы абысындары "кыпчак келин" деп аташып, анын колунан жаралган иштерди суктаныша карашып, тамшанышчу болушту. Туштук, кийиз, ала кийиз айкөч терме, таар, ат жабуу, сызма, керегe баш, уук тизгичтерди согуп, түйүп, шырдап, тим эле үйүнүн ичин толтуруп, айылдагы аба-аскалдардын ыраазычылыгын алды.

Айрыкча анын колунан бүткөн чепкендер жеңилдиги, бышыктыгы жана суу өтпөстүгү менен айырмаланып, күн санап "үйрөнөбүз" дечүлөр, улам келип көбөйө берди. Атайын үй көтөртүп колу уз, чебер келин-кыздар, усулу арткан байбичелер биринен–бири өтүшүп аземи буюмдарды кой-эчкилердин жүнүнөн, жылкынын жал-куйругунан, түрдүү оймо-чиймелер жасашып, Катуу-Багыт тарап менен Анжиандык уздардын көркөм кечөттөрү бириге жасалган буюмдардын көркүн ачты. Ийне саптап, иш кылбагандар "чоркок" аталып, келин – кыздар арасында келе албай айбыгышты.

Айрыкча кыпчактарда чепкен жасоо өзүнчө өнөр эле. Өтө чебердикти талап кылчу. Көбүн эсе ал жаз-күз кийилгендиктен тажик, сарттар көбүреөк пайдаланчу. (Сопу –деген сөз арабдарда кой, төө жүнүнөн жасалган ала –була чепкен кийгендерден улам чыккан). "Кыпчак келиндин" колунан "кумай чепкен", "сымоо чепкен", бакма чепкендердин түрлөрү жасалып, келин- кызга үлгү болду. Чепкендер түрүнө жараша койдун, эчкинин уяң жүндөрүнөн ичке жип ийрилип, таар ыкмасында

согуларын үйрөттү. Аны көбүнчө чөл тараптагылар кийип "ысыкты, суукту, жаан -чачынды өткөрбөйт" дешип табирка кылышчу.

"Кыпчак келин"-кийинчерээк "ууз келин", "чебер жеңе", "адилет байбиче", "эл энеси" деген дэңгээлге жетишине мээнеткечтиги, чебердиги, сабырдуу-калыстыгы, акылмандыгы себеп болду. Жакшыны сүрөдү, жаманга теңелбеди. Колу ачык, меймандостугу, сарамжалдуулугу, ар бир окуяны талдап, туура бүтүм чыгарышынан улам, элден абийир тапты. Тилекеге арка-бел болуп, акылына –акыл кошуп, үй бүлөсүн гана эмес бүтүндөй айылында да, элге маалым болуп, эл бийлегендерге кеңеш берген кадыр–сыйга жетишти. Көбүнө киндик эне болуп, улуулар арасындагы, үй бүлөлөр ортосундагы чырды чечип элдештирип, адилет–калыстыгынан тайган жок. Нечен жолу Тилеке бийге кысталышта акыл табышып, үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган, сарамжалдуу акылга дыйкан, касиетке ээ болуп, алысты жакын, душманды дос, таш менен урганды аш менен урган, кең пейилдигинен улам анын алдынан эч ким кыя өтө алган жок.

****

Кашкардан келген кабар Ош-Анжиан аймагындагы бийлерди катуу сестентти. Мындан бир ай башта чыккан хандын кербенинин ың-жыңы жок. Белгисиз эч кандай кабары жок имиш. Терек дабанынан ашканага чейин изи бар да, андан кийинки дайынын билгендер, же көргөндөр болбоптур. Атайын чабанчы кагазга чийилген кат менен жөнөтүлүптүр.

"Кадырман Анжиандык бийлер! Мурдатан эле, сиздердин аймакты аралап өткөн кербендердин коопсуздугун карбан сарайларда, бекеттерде алар үчүн азык-оокат, улоолоруна жем-кашек менен камсыз кылуу милдетин ала келгенсиздер. Кийинки мезгилде бул ишке көңүл кош мамиле жасалып жаткандыгын эсиңиздерге салабыз.

Бир ай башта Акырар кожо баш болгон кербен барып, Терек дабанынан ашканы маалым. Ушул күнгө дейре алар дайынсыз. Кербен кырсыкка учурап, талоонго алынса, катуу жаза колдоноорун эскертемин. Болгон окуяны териштирип, өзүңөр келип, билдиргиле. Эгер аларга жамандык кылынса, элиңер чабылып, мал – мүлкүңөр таланат. Бул ишти териштирип, аныктоого бир ай мөөнөт берилет!

Кашкар ханы Сейит Абдулла хан"- деп мөөр басылыптыр.

Калбалуу калмактардан коопсузданып турган чакта Кашкардан келген кабар бийлерди жөн отургузган жок.

Илгертен эле Кашкар тараптан келген кербен, Терек дабаны аркылуу, Ош, Өзгөн, Анжиан аркылуу кетсе, экинчиси Тоң-Мурун аркылуу Сары-Таш, Дороотту аралап, Фергана, Кожентке түшөт. Үчүнчүсү Мургаб аркылуу Ооган, Жерге-Талды көздөй өтөт. Ал эми Кашкарга кетчү кербен тогуз жолдун тоому аталган Ошко келип түнөмөй сайын, жолго чыкпайт. Соодагерлердин коопсуздугу, аларга шарт түзүү милдети Анжиан аймагындагы бийлерге таандык болуп, жоопкерчилик өзгөчө эле. Бул тартип, бир эле ушул аймакта эмес, кербен барган дүйнөнүн төрт бурчунда тең, аларга шарттарды түзүү, аймак башчыларынын, мамлекет жетекчилеринин милдети болгон. Кимде-ким ал эрежени бузса, кокустан ошол аймакта кербен тонолосо, же кырсыкка учураса аймак башчылары күнөөкөр катары жазаланып, мал-мүлкү талоонго алынган. Эли чабылып, кыз-келиндери олжого кеткен.

Андыктан ар бир өлкө аймагынын мерчемдүү жайларында атайын бекеттер уюштурулуп, кербендердин тыныгышына, камкордук көрүлүп, соодагерлерге жана алардын миңгич, улоолоруна да азык, жем-кашек камдалган. Аларды экинчи бир аймакка өткөрүүдө атайын куралчан узатуучулар коштогон. Соодагерлер аркылуу алыскы-жууктагы элдин турмуш-тиричилик зарылдыктары чечилген. Күндөлүк жашоодогу муктаждыктарды камсыз кылууда атайын даярдалган

буюмдарды алмашуулар да мамилелер аркылуу жүргүзүлгөн. Согуш болгон тополоңдуу мезгилде, ал жерлерге соодагерлер барышкан эмес. Анын кесепетинен улам көп муктаждыктар пайда болуп, жашоо кыйындаган. "Зарылдын пулу күйсүн" дегендей, керектүү буюм соодагерлер айткан баада кардалын тапкан.

Түндүк менен түштүктү, батыш менен чыгышты байма-бай катыштырып күндөлүк тиричиликтеги зарылдыкты жоюда, бир элдеги жаңылыкты, экинчи элдерге жеткирүүдө, турмуштук аң-сезимди, коомдук көз-караштьы калыптандырууда соода кербени эң чоң милдетти өтөп, жашоонун кан-тамырындай болуп, эл аралык байланышты бириктирген. Илим-билимдин, өнөрдүн өнүгүшүнө өбөлгө болгондугунан улам, баардык элге тегиз "Улуу Жибек Жолу" деп аталган.

Көбүн эсе жергиликтүү элге соодагерлер Кашкардан мата, бешбак мата, чепкен, мөмө кургатылган жемиш. Парганадан карагаш кайна, алчынбайлар, басма чыт, комуз тили, бачайы, шайы, бейкасам-кымкап, чачпак, жибек, шөкүлө, кучмач ээр, абай өтүк, ат жабуу, дейилде, саймаланган сары жаргак чепкен, шым, бычак, чайдоос. Кулжадан күзгү, тарак, түрдүү боёк ( кына,оруян) ийне, жип, чыны. Ногойлор булгаары, казан, тулга, аяк, табак, чыны, ак сурп, манат, макмал, алып келишкен.

Кашкар ханынын талабын аткарууга Анжиан аймагынын бийлери астейдил мамиле кылышып, күн узартбай дембе – дем, тик турушту. Издөө салынып, сурамжылоо каттуу жүргүзүлдү. Ар бир кербен сарайга, бекеттерге атайын чабаганчылар барып, кимдер келип-кеткенин иликтеп келишти. Кашкардык соодагерлердин дайыны, эч жайдан билинбеди. Ар бир топтун уруу башчылары. бийлери топтолуп, канчалык масилатка чогулушса да, тыянактуу бүтүм чыгарылбады. Акыры келип, Баргы тобунун бийи Бөкөй бийге, бирөөлөрдүн болжолу маалымдалды.

Бий териштирип келсе Кашкардан чыккан кербен Терек дабанын ашкан соң Рабатка токтоп, эрте менен жолго чыккан.

Түш оой Шамакеден өтүп, Шилбилүүнүн Белинен ашканын көргөндөр дайын боло баштады. Көрсө эчен жумалап күн бүркөлүп, туман басып, жамгыр тынбай жаагандыктан, көпчүлүк баш пааналап, сыртка чыккандар кем болуп, өтүп бараткан кербендер эч бирөөгө байкалбаптыр. Андан бери, жамгыр токтобой уламдан-улам күл ботолор суюлуп, жер көчкү, сел каптагандыктан, бир айылдан экинчи айылга каттоого жол жок. Кербендер менен эч кимдин иши да болбоптур. Бөкөй бий бул кабарды угаары менен тың жигиттерин Таканын белин ашып, күнгөйлөтө бастырып, Шилбилүүнүн-Белине жетип, андан Көлдөн өтө кыдырып, Кызыл –Суута чейин издөө салып, келгиле деп жөнөттү. Бийдин инилери Тооке, Сабай баш болгон шамдагай жигиттер, салт атчан жолго чыгышты.

Бир ай тынбай жааган жамгыр жердин мээсин чыгара коюптур. Жумшак жерлердин баткагынан аттар басалбай улам тыгыла берип, Каратайдан өткөнгө чейин эле, тердеп дармандары кете, калчылдай башташты. Андан эптеп өтүп кумайыктуу жолго келишкенде, аттар бир аз тыныгышып, кубатына келишти. Улоолорунун абалына карай топтогулар дөңсөгө чыга, эс алганы токтоп калышты. Алыстан эле шаулдаган суунун, таштын-ташка тийген карсылдаган үндөрү угула баштады. Арыдан чаап келген салт ачкандар сайга батпай, аркы жээк менен берки жээкти ээлеп,окторулган селди көрүштү. Кутурган иттей жулунган сел, өгүздүн белиндей болгон арча, теректерди чамындыдай серпип, кодураңдаган койдой таштарды агызып жатыптыр.

Жергиликтүүлөр Машырап–Сайдын таржымалын жакшы билишчүү. Ал бекер жеринен Машырап-Сай аталбаган. Жаз алды ушинтип кечүү бербесе, кээ бир жылдары этекке чыкпай, соолуп калчу адаты бар. Ага «Машырап дубананы каргышы тийген»– деп, кеп кылышар эле. Анын да жөнү бар.

Бир кезде Машырап дубана эшегине минип алып, эл кыдырып келе жатып, ушул сайга туш келет. Күн бүркөлүп,

тоонун башын кара булут каптаганынан улам, "Эртерээк жаан жааганга чейин", аркы айылга жетип алуунун аракетинде эшегин, темине, чакан аккан суудан өтмөк болот. Капилеттен жогортон шауулдаган үн чыгып, капкара сайга толгон, кара булут ажыдардай алкынып келе жатканын көрүп, оозунан келмеси түшөт. Эшегин артка буруугa буямасы келбей шаштысы кетет. Алаппайын таппай калып, алдыдагы кичинекей секичени көздөй темине калганда, жыландай окторулган сел, шап этип эки тарабынан өтө качат. Кудай жамандыкты көрсөтпөсүн. Бийиктиги эки-үч кулачтай болгон агынды жолдо кезиккендин баарын өзү менен ала жүргөн окшойт. Ботала ылай суугa аралашып, кулдурттаган катуу үн чыгарып, улам муздак эпкинине орой, бууракандап чамынат. Күкүктөнгөн агындынын үстү бозоруп, бири-бирине күү менен келип тийген таштардан от чыгып, түтөп жатты.

Машырап дубана "Алла-алла" деп, кудайга жалынып, эшеги менен чакан аралчада калып, коркконунан катып калат. Кутулуп кетүүнүн эч бир айласы жок. Же жардамга чакырайын десе, ээн сайда эч ким көрүнбөйт. Көрүнгөн мезгилде да, тоону агызчуудай болгон селди кечип, жинди да суугa түшпөс эле. Таш молодой каткан дубана, ордунан жылбай түндөн таңга, таңдан кечке чейин отуруп:

- Куткара көр, кудай! Куткара көр? деп жаратканга жалбарып үч-төрт күнгө чейин туруп калат. Акырында, тоодо жамгыр басылып, суу ташкыны азайганда, эшеги менен эптеп жылып, жээке чыгат. Аркасын караса баягы күкүктөгөн агын суу жок. Шылдыраган булак жылжып, агып жатыптыр. Бир жумадан бери ушул сайдын суусу эрмектеп, ызаалантканына териккен дубана

- Башың көл, аягың чөл болсун! Этегиңе жетпей кал! деп бата берген экен- деген уламыш айтылып келет. Ошондон улам бул жер Машырап-Сай аталып калат.

Ал эми Машыраптын жөнү төмөндөгүдөй эле: Калмактын ханы Кантаажынын кызы Олоңбайырдын малы Кара-Кыштакта

багычу. (Чалдыбар-Кара-Балтага жакын) Олоңбайыр кезек-кезеги менен келип, кабар алып турчу. Анын малын Намангандык Шаа-Машырап келип багып калат. Себеби Шаа Машырап Олоңбайырды бир көргөндөн баштап жактырып, ашык болуп калат да, ага жакындаш үчүн өз ыктыяры менен келип малын кайтарат. Ал басса-турса да Олоңбайырга арнап " Мен ашыкмын" -деп ырдай берчү экен. Аны уккан Олоңбайырдын адамдары шылдыңдашып, ур-тепкиге алышат. Ага да болбой "Мен ашыкмын" деп безилдеп, күнү-түнү ырдай берет. Акыры жадашканда Олоңбайырга алып келишет.

Шаа Машырап сулуу кызды көрүп, ашыктыгы андан бетер күчөйт. Олоңбайыр аны дубана экен деп, эч кимди тийдирбейт. Мындай жагымдуу мамилеге Шаа Машырап эргип ырдап, өзүн көөргө жер таппай калат.

- Колуңду бер? Колукту кылып алайын?- дейт

Олоңбайыр аны тамаша кылып, күлкүгө айландырып, андан бетер ичине чок салат.

- Мен, сенден башка адамга тийбейм - дейт

Бул сөзгө ишенген Шаа Машырап

- Аны ал десе- албай, бир топко чейин малын бекер багып жүрүп

-Тооңду бастым Гулгаакы

Тооң жууга жеткенче,

Жээ айдадым Гулгаакы,

Айби жамы миналла

Нур Мухаммед сал алла-деп контаажынын кызы Олоңбайырды Шаа Машырап-Гулгаакы деп атап, деги эле узак ырга кошуп, ашыктыктын дартын кылат.

Паргана аймагындагы уламаларда айтылганга караганда Шаа Машырап чоң олуя экен. Окумал адам, илимдин күчүнөн өзүн-өзү кармана албай - оюна эмне келсе, ошону аткарчу экен. Бирде Ташкенде болсо, бирде Кашкарга жетип, бир күндө Кокон,

Кашкар, Ташкен, Бухар шаарларын кыдырып олуялыктын буусунан дубана болуп, зикир чалып, чуркап жүрүптүр.

Кудайдын, Мухаммед пайгамбардын «эркесине» эч ким тийбей, ал тургай хандар да айбыгып сыйлашчу дешет. Сүйлөгөн сөзү таамай болуп, эч кимден жалтанчу эмес. Акыры анын кесепети башына тийет.

Бир жолу Кашкарда Абак кожонун мечитинде жума намазынан соң, маселе айтылып калат. Мечитте отурган кырк, элүүдөй чала сабат кожо-молдолорго, бирөөлөр суроо берет.

- Таксыр, өзөндөгү суудан адамдар да, айбандар да келип ичишет. Эшектер суунун ортосуна келип заара кылат. Суу арам болуп калбайбы?

- Жок бурадар. Агын суу алты ала салган соң, адал болот дейт мечиттин имамы. Алардын сөзүн мечиттин төбөсүндө отурган Шаа Машырап угуп калат.

Ошол кезде мечиттин чайканасында ашпоз жаамы отурган эшен-кожолорго пало-аш кылып жаткан экен

- Эй, кудайдын макулуктары. Ушул айтканыңар ырасбы? дейт Шаа Машырап

- Ырас. Ырас, дешет эшен – кожолор.

- Мына мен чыркаттым. Менин заарам алты эмес, алтымыш ала салды, арам болбосо керек?- деп шылдыңдайт.

Аны кармап алышкан кожолор Кашкардагы Абак кожонун мечитинде даргача асышып өлтүрүшөт.

x x x

Ачуусу келип, жинденген буурадай болгон Машырап-Сай суюлуп, таш агызган күчү сээлдеп, акырында, жоошуп баратканынан пайдаланган салт атчандар, жайык жерлерди тандашып, аярлай кечип өтүштү. Аркы жээкке чыккандан кийин, баткакта сүйрөлүп, булганбасын дешип аттарынын куйруктарын түйүп алышты. Күнгөйлөтө бастырышып, жон-жонго чыгышты. Колотко келишкенде сайлуу, кумайыкты тандашып жол арбытышты. Улам, караган- буталуу черден, ар жактагы колоттон

коён, элик, доңуз качып, бараткандардын канын кызытты. Бир-эки эликтин текесин да атып алууга үлгүрүштү. Түш оой, сайды бойлошуп, көлдүн этегине келишип, Бак-Арчага жакындашты.

Калың камыштуу көл мелтирейт. Кулак-мээни жарган, ар түрдүү куштун сайраганы, аңыр, өрдөк, каздын каркылдаганы, бакалардын чардаганы кошул-ташыл болуп, түрдүү үндөн баш айланат. Жогортон улары кыйкырып, этегинде кекилиги чакырып, тим эле көлдүн эки тарабы жаңырыкка толгон. Тоо башына батып бараткан күндүн нуру, көл бетине төгүлүп, көргөн адамды өзүнө суктандырып, тамшандырбай койбойт. Күнгөй беттеги дүпүйгөн кою арча, тим эле эгилген бактай болуп, атына-заты жарашып, буркураган жыты түрдүү-түрдүү миң сан гүлдүн маңызын өзүнө тарткансып келгендердин эсин оодарды. Леп эткен желге баш серпишкен теребел, тим эле бейиштин төрү өңдөнүп көлбөрсип жатат. Көркү кооз, көз кумарды кандырган көл жээгине келгендер, аттарынан кантип түшүп, айланага суктана карап жатышканын өздөрү да билбей калышты.

Мындайдын эчөнин көргөн көксө Сабай, эстери эңгиреп өздөрүн унутушкан шериктерин ойготуп

- Кана, ат бастыралы - деп, үзөңгүгө бутун салды.

Эрчишкен топ күнгөй беттин этегиндеги көлдү жээктей кеткен эски жолдун томуна салышып, жогорку жакты карай бара жатышты, Бак-Арчаны аралай барып токтоп калышты. Алдыларында чачылган буюм, ар-ар жерде томпоёт. Арча бутагына илинип, жулунган кездемелердин, делбектегенинен улам, аттары үркүп, кетенчиктеп, баспай коюшту. Топ караан аттарынан түшүшүп, айлана-тегеректи бир сыйра көңүл кое карап чыгышты. Ар-ар жерде борпоң топурак бетинде, төөнүн таманындай болгон, тырмактуу изди көрүшүп, сестейише бирин-бири тиктешти. Эмненин изи экенин билбей, ар жырткычтын атын айтып туспалдашты.

- Жо- ок. Бул жолборстун изи-деп, Тооке бардыгын таң калтырды

- Ушул жерди байырлаган, жолборс бар деп укчумун. Көрсө ал анык экен. Көргүлөчү изинин чоңдугун. Карышкырдын да, көк жалдардында таманы мынчалык болбойт. Борпоң топуракка түшкөн изди жамгыр таптап койгонунан улам даана көрүнөт.

- Сөөмөйдөн чоң, карыштай болуп турат. Ишенбесеңер ченеп көргүлөчү, деди шериктерине

- Жолборстун таманы мынчалык чоң, болбосо керек? деди Сабай

- Анан эмненин изи? -деди шериктери

- Болгондо да, жолборстун сырттаны болсо керек. Бул башка тараптан келип, ушул жерди жактырып калган кабылан окшойт?

- Ики. Анда келгин тура. Өрлүктөшүбүз керек экен - деп Сабай баягы кычылыгын карматты

- Өрлүгүңдү камдабасаң да, бул жайды өзүнүкүндөй көргөн бул сырттан, жөн сырттан эмес – деди Тооке маани бере

- Сырттан гана, сырттанды билет – деп Сабай аны какшыктай кетти.

Ангыча алардын кобурун туйдубу, же уйкудан жаңы ойгондубу. "Кур-р" эткен жырткычтын үнү чыкты. Беркилер чочуй делдейип туруп калышты

- Чын эле, өрлүк сурап жатат окшойт-деп Сабай куудулданайын дегиче, дагы "Кур-рр", эткен жапайы добуш кайталанды.

Сабай биринчи болуп каңтарылган атына жетти. Аны көргөндөр жөн турабы. Из кууган топ жабыла аттарына минишип, келген жактарын көздөй алды-аркасына карабай, шашыла чаап жөнөштү.

Бак-Арчадан кайткан топ, эңкүүлөп дарыядан өтүшүп, Кызыл-Сууга келишти. Бир дөбөдөн экинчи дөбөгө жетүү тозокко айланды. Көптөн бери жааган жамгырдан, жер эзилип сормо саздай былкылдыйт. Аттар басалбай улам тыгыла бергендиктен, өйдөлөй кыр жонго чыгышты. Кум аралашкан күл ботого, жамгыр сиңгендиктен жер сүрүлүп, сызылып аккан булактардан адам

өткүс жар-коолор, быткыл-быткыл аңдар пайда болуптур. Тоонун бетинде жыш өскөн, долоно, шилби, четин, караган-буталардын тамыры терең кеткендигинененби, бийик беттен сарыккан суу, сиңгенден уламбы, этек тараптагы беттер көчүп, жогорку тарап кактос, сарыгып калгандай.

Топ атчан ээрчише бастырып, оңор эмес жерди кыдырып келишти. Бир маалда, тээ этек тараптагы бир дөңдөн адамдардын караандарын байкашып, кимдигин билмекке үн салышты. Дөңдөгү караандар, бийик чокудагы атчандарды эми гана байкашып, жабыла кол булгалашып, өздөрүнө чакырып жатышты. Тигилген боз уй, же алачык көрүнбөгөн жайдагы караандар көздөрү курч, баамчыл тоолуктарга айкын көрүндү. Жергиликтүүлөргө окшошпойт. Баштарында калпак эмес, кээлери селде оронгондуктан, болду-болбоду соодагерлер экенин туспалдашты. Тик сайыла, кыр жон менен түшүп келишкен атчандар, баягыларга жакындаганда жайытка кое берилген улоолорунан, ар жерде үйүлгөн таңгак-жүктөрүн көрүшүп жоголгон соодагерлер экендигине ынанышты.

Эки тарап тен, бири-бирин таанышпаса да, жылуу учурашып, ал жай сурашышты. Соодагерлер дайыма алыска чыгып жүрүп, көнүп калышкангабы, жүктөрүн бир жерге тыкан үйүшүп дайыма ала жүрүчү идиш-аяктарын букта жайгаштырышыптыр. Караган буталардан баш-баанек кылышып, жамгыр өтпөс, шамал тийбес жайга ак чөптөн алачык жасашканы менен өздөрү аябай жүдөшкөн. Улоолору оттуу жерден алыс кетпей, жайылып жүрөт.

Жолдогу олжолорун эликтин этин беришкенде, шыпылдаган ашпозу заматта казан кебеп кыла ортого койду. Соодагерлер тамак-аштан, түнкү суукtан, ачуу тийген күндөн бир топ эле кыйналыптыр. Тоонун шартын билбей, Өзгөнгө тез жетүүнүн камында, жол кыскартабыз дешип Шилбилүүнүн-Белин аша беришкенде себелеп жааган жамгыр нөшөргө айланып, жолдо сыйгаланып, баш калкаларга жай таппай, ээн-талаада, кокту-

колоттордон араң өтүшүп, Көл четине келе беришкенде, алдыларынан жолборс чыгып кербен токтойт.

Жырткыч аларды тоготуп да койбостон, арчанын кою бутагынын көлөкөсүндө “Кана, менден уруксатсыз өтүп көргүлөчү” -дегенсип комдонуп жатып алат. Кербенчилер кыймыл этсе, кулактарын серпе ”Кур-р” этип коёт. Ары шөмтүрөшүп суу болуп, ары жырткычтан корккон топтон бирөөсү айласы кеткенде артылган таңгак арасынан мылтыгын алып, жырткычты мээлейт. Үшүгөндөн жана корккондон колу калтырап атып жиберсе ок жырткычка тийбейт. Мылтык үнүнөн чочудубу, же ачуусу келдиби баягы мылтык кезеген немеге боюн таштап, көз ачып жумгуча серпип ыргытат да, анан аркасында турган кербен башыны чапчыйт. Аны көргөн шериктеринин жүрөктөрү түшүп, ар кимиси жанталаша өз баштарын калкалап, бет алдыларынча качып жөнөшөт. Жетелеп бараткан улоолору да үркүп, үстүндөгү таңгак жүктөрү көрүнгөн жерге чачылат.

Заматта эки шеригинен, таңгакталган жүктөрүнөн ажырашкан соодагерлердин кээлери арча башына чыга качса, бирөөлөрү камыш аралай бекинип, эптеп ошол түндө өлө-тала таңды араң аттырышат. Эртеси эс-акылдарын жыйнашып, бирин-бири издеп табышышат. Ачка калгандарына кайыл болушуп, ал күнү кечке үркүп качкан улоолорун табышып, түнү-күнү жаккан отторунун жанынан чыгышпайт. Дүнүйө-байлык жандан артыкпы, үч күндөн кийин жырткыч кеткендир дешип, колдоруна чычала алышып, мылтыктарын көтөрө келишип, чачылган таңгактарын эптеп топтошот. Үч-төрт күндөн бери карааны көрүнбөгөн, үнү угулбаган жырткычты кетти дешип, кою туманга аралаша шаша жүктөрүн артынып жолго чыгышат. Кызыл-Суунун дарыясынан араң өтүшүп, эңкүлөй бергенде, ылайланган жер сүрүлүп улам эңиштей берет. Тезирээк өтүп кетүүнүн аракетинде, улоолорунун басыгына карабай чапкылашып жүрүп, ушул жайга жете бергенде, жер көчкүдөн жолдун нугу табылбай калат. Эч кимге

кабар бере албай, айласыз соодагерлер деңде өлбөстүн күнүн көрүп туруп калышат.

Тоонун шартын жакшы билген жергиликтүү топ соодагерлердин калган-каткан буюмдарын бөлүнө жүктөшүп, жолдо эки түнөп Оштогу кербен сарайга келишти. Кырсыкка кабылган соодагерлердин табылышы Анжияндык бийлердин көңүлүн бир аз тындырганы менен "Болгон окуяны териштирип, өзүңөр келгиле" деген Кашкар ханынын эскертүүсү ар бирин бушайманга салды. Хан алдына кимдер барат да, кандай белек тартууланат? Белек коркуп, кошоматтануу эмес, коңшулук урмат. Моңгол ханына Анжиян- Аксы аймагындагы элдин ызаты. Хандын көөнү болбосо да, калктын көөнү демекчи Жаркен, Кашкар тараптагы тууганадарга болгон кандаштардын көңүл алды кадыр - сыйы экендигин бийлер сезип турушту.

- Жаркент андан соңку Кашкар хандыктарынын көп жылдык бийлигин отуз уул, ичкилик урууларынын билермандары тескеп, башкарып келет. Алардын мамлекетти түптөп, саясатын жүргүзүүдө, алыскы-жакынкы алакалар журт арасындагы аброюн көтөрүүдөгү, алысты көрө билген кыргыздын көсөмдүктөрүнө хан өзү тан берчү. Ынтымакты ыдыратпай, биримдикти бүлүндүрбөй, таразадай кармап турууда ордо аларга өзгөчө муктаж эле. Болбосо тегерегиндеги улуу - Кытай өлкөсү баш болгон эчендеген куралы күч, жоокери арбын мамлекеттер менен тен тайлашууда, улам кубаты тайып бараткан сыры билинмек. Ордо- так эгеси жана аны жандаган жан жөөкөрлөрү саябандуу сере. Аны жөлөп таяп турган башкаларга ары сүйкүмдүү, ары пештүү, кайырдуу кылып кармап турган ишеничи ордо кызматкерлери. Дал ошолор менен ордонун жүзү көрүнөт. Бийлик ишин алып баруудагы кыргыз билермандарынан эч убакта хан жүзүн буруп кете алмак эмес.

Ооба, бузукулардын тилинен чыга албай тээ илгери Бүтөмүш, Бактыберди бийлерди, андан кийин кушчу Сокур бийди куугунтаган Жаркент хандыгы, акыры келип эмне болду? Андан

көп өтпөй эле көңүлү сынып, көөнү кирдеген Каракүчүк, Сатимбий баш болгон кыргыз урууларынын чабуулуна Абдылда хан айласы жок моюн сунду го? Андан да сабак албай, дагы да азгырыкка алданып, ордодон оңой элке кууп кетирели деп "ажыдардын куйругун басып алып" такта кырк жыл омоктуу отуруп келген эгадар, өз инилери менен балдарынан ык жеп, айласы куруп, эсин таппай турган чагында да кыргыз уруу бийлери ашык атты го.

Ошол аймактагы кыргыз урууларынын мен-менмин деген азаматтары, алыста болушса да, көңүлдөрү биз тарапта. Караандары калка. Кашкар тараптан келип, чапчуу жоо-колун эчен жолу тороп, багытын башка жака буруууга айласыз кылып турганы бизге маалым. Байлык убактылуу колдун кири акыры келип суу тиет. "Мал басып кирген жоонуку, же жатып алган журттуку". Кыргыз эли нарк-насилдүү, салт-сабаттуу. Бир чети көңүл алды, экинчиси убактылуу шылтоо, үчүнчүсү тартуу деп, ата-бабалардан калган каада боюнча хан алдына тогуздап соога ала баралы!

Бөкөй бийдин бүтүмү эл жакшылары тарабынан жапырт колдоого алынды. Тогуз уруунун бийи ар тогуздан бирден камдамак болушту. Көпчүлүк бүтүмгө келип, бетке бата тартмакка алакандарын жая бергенде, баягы адатынча жөн жүрбөгөн Сабай балп дедире ортого сөз таштады.

- Хандын кербенине тийишип, кол салган жолборсту тирүүлөй кармап: "Мына өзүн жазалап ал" деп алып барса болбойт беле - деп кошумчалап жиберди.

Аңгыча көпчүлүк жая берген алакандарын жүздөрүнө сылай беришти. Сабайдын кычылыгыбы, же шайтан жолдон чыгардыбы азыркы айтылгын сөзгө кошо бата берилгенден соң, ал сөзсүз аткарылуусу тийиш. Муну ойлогон топтогулар арсарсый калышты.

Жырткычтардын эң эле каардуусу да, күчтүүсү да жолборс. Ага бет келип, алдынан чыгып, ким кармай алат?

- Ме, ме деп, эт көрсөтүп өзүнчө чакырып кармап алгыдай ал ит эмес. Чар тарабын тосуп, ортого алчуудай ал мал эмес. Же чыргоо салып, торго чалынтып баса калчуудай, куш эмес эле. Алардын го, айласын тапса болот. Ал эми жолборсту. Оо, бир гана айла пайлап жүрүп, атып албаса, ал оңойлук менен колго түшүп бербейт.

Муну отургандын баары билет. Эл арасында "жолборс чаaптыр" деген сөз чанда бир угулбаса, "Тирүүлөй жолборс кармаптыр" деген айтымды, эч ким уга элек. Топтогулар бири-бирин суроолу тиктешти. Эч биринен сөз чыкпады. Жарга кептелгендей тунжурашты. Капилеттен бирөөсү өкүнгөндөй кеп сала калды.

- Кап, тирүүлөй жолборсту кармап барса, канчалаган олжодон ашып кетпейт беле?

- Анысы чын. "Белекти берген эмес, алган марты" дейт элде. Кара кулак жырткычтардын падышасы, алты шаары бар, дубандан ашкан даңкы бар, ханга ылыйык.

- Туура, "Белек баасы менен эмес, аты менен бааланат" дейт элибизде. Шерди алып барганыбызда, биздин ким экенибиз айкын билинмек.

Сабайдын капилеттен тамашалай айткан сунушу, көпкө жага бербеди. Бирок, ким эле дит багып, азылуу жолборсту тутат. Ал бир серпкенде дөбөдөй болгон өгүз, төөлөр буямага келбей учуп түшөт. Андыктан, ажал менен ким ойношуп, жырткычтын сырттанына ким бет багып баралат? Көптүн ою бир суроого такалып турду. Азылуу жолборсту кантип тутат?

Дале болсо сөздү туз сээп, күчөтүп, тамашага айландырган Сабай, топтогу бийлерди алдыртан тиктеп турган Бакалга тийише кетти.

- Мына, биздин Бакалды баарың эле "Баатыр, баатыр" дейсиңер. Баатырдыгын бир сынап көрбөйлүбү?

- Тамашаны койсоңчу Сабай. Бул жерде жалаң аба – аксакал, бийлер отурат. Боло турган кепти сүйлө!

Тооке бир тууганын тыя кетти Кычылыгын кыла жүргөн Сабай, жөн турабы

- Баатырыбыз, “бир мышыктын” баласына кантип эле алы жетпей калат?

- Мышыктын баласы болсо, сен кармап көрбөйсүңбү? деди, агасы аны тыя.

- Мени баатыр атка кондуруп, “Баатыр, баатыр” десеңер, Бакалга кошулуп кармап эле берем.

Тургандар дуу күлүштү.

- Жалган атакка жамынбай алдын баатырдыгыңды көрсөтпөйсүңбү? Тооке, анын кылыгына териге кетти

- “Баатыр” десеңер мен да намысыма келем. Баатыр жалгыз болбойт. Көптөсөк силердин ишенимиңерди актап эле беребиз. Мына, Бакал баатырыбыз “жолборсту кармап берем” деп, эмнеге айтпай отурат? Баатыр жалтанмак беле. Мага окшоп ачык эле айтып чыкпайбы.

Аны сөзүн көпчүлүгүн жылмайтты. Тамаша айтылган сөз, кийин чын чыгаарына эч ким маани берген жок,

- “Жолборс чааптыр” деген сөздү анча - мынча угуп жүрөбүз. Аны эч ким тирүү кармай албаса керек? - деп Кубаталы бий топтогуларга суроо узатты.

- Жолборстун балдарын кармаптыр деп, биз бала кезде аксакалдар айтып калышчуу эле Тирүүлөй өзүн кармаганын ушул жашка келип уккан жокмун-деди Мамбет бий.

- Тирүү кармаганын Алике абаман уккамын

- Кантип?

- Алтай тарапта жүрөгүндө жалы бар беш–алты эр азамат токойго топтолуп барып, жолборс кармап, моңгол ханына алып барышканын аксакалдар жомок кылып айтып калышчу- деди Калдар бий.

- Кантип кармашты экен?- деп отургандардын араындагы Дыйкан бий кызыга сурады

- Керегени пайдаланышыптыр. Баягы эр азаматтар керегени төрт тарапка жайып, жолборс жаткан жайга жакындап барышыптыр. Адамды көргөндө кандай гана жырткыч болбосун, денеси жыйрылып, итатайы тутулат эмеспи, Жолборс да, керегенин ичинде жакын келгендерди көрүп, күрүлдөп чамынат.

- Адамдардан качпайбы?

- Жолборс дегенин, жырткычтардын падышасы. Ал эч кимди тоготпойт- деди отургандардын бирөөсү сөз кошуп

- Алар жакындап келгенде, шарт секирип барып, керегени чапчыйт. Шамдагай жигиттердин бириси камдуу туруп, канжары менен жолборстун колтугуна саят. Эти ооруган жолборс, аны алып ыргытуунун аракетинде кайра асылат. Даяр турган жигиттердин бириси дагы жүрөк тушка найза саят. Жырткыч канчалык эти ооруса да, жалтаңдап качпайт. Чамынып кайра асылат. Кайра–кайра жарат алат. Жарalангандыктан кансырап жыгылат.

- Илгери бир баатыр сапарда баратып жолунан чыккан жолборсту чокмору менен чаап өлтүргөн экен.

- Андайлар да эл арасында чанда болгон

****

Тилекени ээрчиткен Бакал түн оогондо аттанды. Төбөдөгү коюланган жылдыздар, асман бетин бербейт. Ал бадырактай болуп шооласын чачып, айсыз түндү өздөрү гана ээлеп жымың - жымың этишип, жолочуларды ээрчигенсишет. Көп жылдыздын шооласынан айлана айкын көрүнүп, улоолордун басыгы тың. Тоонун желине көңүлдөрү сергиген жолоочулар кобураша, улам жол арбытышат. Таканын белине чыгышканда таң дык салып, чыгыш тарап эми гана агара баштаган эле. Басыгы тың аттар төмөн карай куюлгуп, мергемдүү жерге заматта жете келишти. Көл айланасынын кокту - колоттору сайын шилби, четин, долоно, жапалак арча, эчки тал, бөрү карагат, табылгы, караган, чие өңдүү деги эле жыш өскөн токойдон жол табуу кыйын. Ээн өрөөндүн энчисине бүтүп, эркиндигине тунган эчен түрлүү

жапайы аңга, илбесиндери аралашып тим эле керемет. Таң алдында ойгонгон бөдөнө, кекилиги сайрап, күкүгү үн салып, элиги бакырып, суурлары аңкыштап, жан-жаныбарды жабыла "силер да ойгонгула" дегендей болушат. Ар–ар жерде сербеңдеп коёндору койдой жайылып, булбулу таңшып, торгой сайрап, канаттуу куштардын үндөрү азан–казан. Топ - топ учкан каркыра-турна менен тоодактын, аңыры менен каз–өрдөктүн мекени - тим эле бейиштин төрү.

Чар тарапта кыналышкан тоолордун этегинде алакандай болгон көл, бой жеткен кыздын жалжылдаган көзүндөй бажыраят. Тегерегинде тулаңга аралашкан өлөң чөп, кыздын чачындай болуп сенселген камыш, тим эле чычкандын мурду батпагандай жыш өскөн. Эрте мененки күндүн нуру чачыла тийгенде, көл бети түтөгөндөй, көгүш булоо асманга көтөрүлгөндө, жашыл кымкап жамынып, көрктөнгөн тоолор эңкейише, өз сулуулугун кашкайган тунук көл бетинен көрүп жаткандай сезилет. Асман көлгө, көл асманга чагылып, аалам көккө айлангандай көрүнүшү көз жоосун алат. Ажайып кооздуктун ажарын ачкан кыз сыяктанган көлгө чыгыш тараптагы күңгөйдөн мөлтүрөгөн туптунук суу келсе, анын күн жүрүшүндөгү Бордуу жылгадан ийиген булактар биригип, бир алышка жетпеген суу келип кошулат. Этекке агыны ташкан селден, сүрүлүп келген көчкүдөн улам тосулуп, баш аягы созулган ушул көл жаралган. Сууга түшкөн этегин жыйып алууга буямасы келбеген карыдай болгон Коңур–Дөбө алысты тиктегенсип жанаша жаткан тоолордон өзгөчөлөнөт. Анын бети жыш, арча, кайың, түрлүү - түмөн жапайы даракка толуп, аны аралаган кайберендерди тооруган ит-куш, азылуу жырткыч эртели–кеч ушул аймактын жалгыз ээси баштанып, көлдөн чаңкоо кандырып, башка жакка кетпей байырлашат.

Көл кылаасынын таң эртеңки коздугуна суктанган кош атчан, улоолорун жаай бастырышып келе жатышты. Таңкы желге баштарын ийип, денелерин сеңселте, бийлеп жаткан топ

кыздарга окшогон, арча-кайыңдардардын, миң түркүн гүлдүн, сан жетпеген саамайларын ыргаган өсүмдүктөрдүн жыпар жыты кошул–ташыл боло аймакты чүмкөйт. Канатын керип, каршы терши сызган канаттуу куштарды капарына албай, тээ асмандын түпкүрүндө бүркүт каалгыйт.

Келбетине керемет көркү жарашкан жайлоонун жагымдуу сөөлөтүнө суктанган Тилекенин делебеси козголуп, көөнүн эргитип, көкүрөгүн тепкенсип кандайдыр бир күч денесине сыйбай, ашып–ташып, көбүрө көккө жетелеп, көзгө чагылган көрүнүштүн көркүн, ажарын чачкан ажайып коозлугун, керемет сулуулугун, таңдайды такылдаткан жаратылыш көрүнүшүн ырга айлантып, мукамдуу–миң кайрыктуу обонго кошуп оболото үн салгысы келет. Жүрөк каны дүрдүгө, башына чыгып, ушунчалык укмуш дүйнөдө жашап жатканына маашарланып өзүнө–өзү батпай келет. Жер бетиндеги бул кооздук балалык дүйнөсүнө тардык кылып, эргиген кыялында тээ бийик–бийик көктү эңсетип, атырыла аба жарып, кең ааламда шумкар болуп, жебедей атырыла учкусу келет.

Шык-шыктап ат тизгинин тарткан абасынын токтой калышы, аны учкан кыялдан алаксытты. Бакал абасы ат үстүндө үзөңгүгө тура кала, мойнун созуп, жан–жака белди аярлай тиктеп жатты. Көл боюндагы өсүмдүктөрдүн жалбырактарындагы мөлтүрөгөн таңкы шүүдүрүм улам тамчылап жалгыз аяк жол бетиндеги борпоң топуракты “ат тери” жааган жамгырдай кылып карартып жибергенин Тилеке эми гана байкады. Абасынын ымдоосу менен ал көрсөткөн алды жакты карай, жаңы эле тебелей өткөн жалгыз изди көрдү. Эмненин изи экени билинбейт. Бирок, жылкы туягындай оё баспай нымдашкан борпоң топуракты таманына илештире кеткен изи даана көрүнүп турду. Экөө тең түшө калып, аттарын каңтарыша алдыга, басышты. Бир жерге келгенде абасы жанаша бараткан Тилекенин каруусунан кармай токтотту.

-Жанагы из, бул жерде да турат? Ана, тиги жерди да баса кетиптир.

Алар келип токтогон жайдан арыраак эки кулач аралыктагы из көрүнүп турду. Төөнүн таманындай болгон из анда- мында көрүнүп, илгери карай кетиптир. Алар бир топко турушкандан соң.

-Шер ушул жерде экен. Таң менен кошо ууга аттаныптыр - деди абасы.

-Эми, эмне кылабыз? деди Тилеке.

-Эми, артка кайтып, тээ этекти, бир азга байырлайлы. Шер кайра келет.

Экөө көл этегине келишип, беттерин чайкашты. Тилеке абасына айттырбай эле, аттардын белин бошотуп, ооздугун чыгара, ээр токумчан, бөгөжөлөп, отко койду да, канжыгага байлай келген азыктарын куржун бетине жайып, абасына устукан коюп, кол чаначы менен кымыз сунду. Экөө аркы–беркини кобурашканча көпкө отурушту. Адатынча Тилеке суроо үстүнө суроо узатат.

-Аба, кыргыз журту эмнеге чачырап кеткен?

-Согуштун кесепети.

-Тынбай согуш боло бергенби?

-Ооба. Мен билгенден моңголдор келип, элди басып алып, малын талап, колго түшкөнүн олжолоп алып кетишкен.

-Кыргыздар аларга каршы тура алган эмеспи?

-Ээ, канча жолу каршы турду. Канчалаган баатырлар өлдү. Аз сандагы кыргызды жоо түмөндөгөн колу менен чапты. Теңдешсиз айкаш эчен жолу болду. Кыргыздар талкаланса да, чачылган уруулар биригип, басып кирген жоо менен тең тайлаша кармаша берди. Жүздөгөн жылдар бою моңголдор менен согушуп жүрүп, акырында аларды Ала- Тоодон сүрүп чыгарышты. Ал аңгыча болбой калың калмак басып кирди. Миңдеген эр азаматтарынан айрылган кыргыздар, айласыз аман калуунун аракетинде алыскы аймактарга кетүүгө аргасыз болушту.

-Адигине бабабыз моңгол хандыгына ак үйлүүгө баргандыгы ыраспы?

-Моңгол хандыгы акыры барып, Кашкарды ордо кылып туруп калды. Жака-белдеги элдерди чаап, баш ийбегенин талкалап, туткунга алып, олжолоду. Бийлигине ыкырап болгондордон алык–салыгын топтоду.

х х х

Күн көтөрүлүп ысыган сайын, канаттуу куштар аңыр, каз - өрдөк баш болуп, какылдап, ызгырык ышкырып, безбелдек безилдеп, бакалардын чардагагына да кошул–ташыл болуп кулак тундурат. Көл ортосунда күмүш боорун жалтылдатып, балыктар секирип ойносо жээктен алыстабай калың камышты калка кылган, эрте жазда басып чыгарылган ак күп балапандар сүзүп, сары гүл сымал көлдүн бетин сары, ак ар кыл түскө бөлөйт. Түнү, таң эрте менен оттогон жан -жаныбарлар чаңкоолорун кандырмакка көлгө карай түшүп келе башташты. Ар биринин өздөрүнө ыңгайлашкан жолдору бар. Бир жайдан сербеңдеген коён көрүнсө, экинчи тараптан томпоңдогон кашкулак, дагы бир жерден коркулдаган доңуз, анын маңдайына туягы жерге тийбегенсип, жеңил кадам таштап элик,эчки- теке. Балапандарын ээрчиткен чил, тоодак, кекилик, жапайы тоок деги төрт туяктуу жаныбар, канаттуу куш, жылаң баш болгон сойлогон жаныбарлардын бардыгы сууга келе башташты.

Аңгыча "күр- р, күр -р" эткен жолборстун сүрдүү добушу чыкты эле жан жаныбарлар чакчелекей түшө, ары-бери чуркап бытырады. Канаттуу куштар пырпырап, жапайы жаныбарлар чочуп, кыйкырып жатышты. Көк майсада оттоп жаткан аттар да селт эте, баштарын көтөрүп, элтеңдей эки тарапты карап калышты.

-Чалды. Эми азыгын көтөрүп, үңкүрдү көздөй кетет деп Бакал кобурады.

Айлана бир топко чейин дымып барып, кайрадан азан- казан болгон чуу көтөрүлдү.

-Жүр эми, аттарды коюп, жөө кыдырып келели деген Бакал сырт кийимдерин чечип, даракка илип, колуна куу союлду кармай жолго чыкты.

Жеңил кийимчен ээрчишкен эки караан көлдү бойлой кеткен эски жолго салышып, өрлөп жөнөштү. Оңор жолду басышып, баягы жолборстун үнү чыккан жайга жетип, жака белди аяр тиктеше, шек билгизбей жыла беришти. Коюуланган көк арчага жете беришкенде сүйрөлгөн из үстүндө, сызылып аккан кан чубалып барып, арчаны аралай кетиптир. Тилекенин көкүрөгү дүкүлдөп, оозу кургай, абасын карады. Ал изди кубалай барып, коюу арчаны аралабай, кайра тартты.

-Билдим. Ушул жайда экен. Буйруса, эмдиги келгенде жолугабыз. Жүр. Дагы илгерилейли деп алдыга түштү.

Шериктер көлдү бир тегеренип келгенче күн батайын деп калыптыр. Бөгөжөлөнгөн аттар көккө тоюп, чымын–көгөндөн коруна, дарактардын көлөкөлөрүн байырлап туруптур. Экөө чаңкоолорун кымызга кандырышып аттарын минишип, андан ары жол улашты.

х х х

Бөкөй бийдин айылындагы тандамал жигиттер камданып, жолго чыга берерде, ар тараптан келаткан караандар улам көбөйө берди. Сабай баягы адатынча, келгендерди тамашалай.

-Келгиле мырзалар! Айттырбай келип калыпсыңар, эмне той бар бекен?

-Бийдин айылында күндө той да -деди келгендердин бирөөсү.

-Ии. Жаман үйрөнүпсүңөр. Өзүңөр да үйүңөрдө түтүн булатып турсаңар. Катын балдарыңар айылчы болуп кетпесин деп, Сабай какшыктады.

-Бийдин тамагын бийдин баласы аяйт имиш.

-Бий абам баарыбызга эле тең. Катын–балага дале жете барат. Сени жолборс чапканы барат деп угуп, жолдош болгону келдик.

-Ап бали. Качкан жолборсту, тосконго адам керек эле. Зап келипсиңер нокто–жибиңер барбы?

-Нокто, жиптин эмне кереги бар?

-Э, жолборсту кармаганда моюнунан кучактап, же кулактап келмек белек ноктолобойсуңары?

-Кара кулак кармалса, минип эле келебиз.

-Тигини, тигини. Кармамак тургай, Кара–Баткакты көздөй качаарсыңар.

-Сиздей эргулдөр бизге эш. Качсак насак, качпасак атак.

-Ап бали качканды сабаймын

-Ооба, сен Сабайсың.

Топтошкондор тамашага батышып, уу- дуу

Аларга жакын келген Бакал үн салды.

-Тандамай, он –он беш жигит мени менен барат. Кана, өз ыктыярыңар менен кимдер барат? Айткыла!

Жоон топ, чуу дей түштү.

-Калганыбызчы?

-Көп адамдын ап жерде кереги жок.

Бакалдын сөзүнө, эч ким каршы боло албады.

-Аба, мен сиз менен барам деди Тилеке.

-Мен. Мен дагы -деген үндөр көбөйдү.

-Туугандар. Кишинин саны көбөйсө, опур–топур болот. Онуң кем, он бештен ашканы ашык.

Тилекеге жанашып, беш алтоо бөлүнө калганда.

-Калганыңарды мен тандайын деди Бакал.

Мурдатан сырдаш болуп, алыскы–жуукта кошо жүргөн жигиттерди кыдырата карап, Сарык, Беки, Айсы...

-Калганың таарынбай, туруп тургула.

-Баатыр көптүн зыяны тийбейт. Биз да кошо баралы? деди Чапкынчы.

-Силерге ылайык иш бар. Аны анан айтам. Он бешиң жолго чыга бергиле. Мен буларга иш тапшырып, артыңардан жете барам деп жөнөтүп, калгандарын да эки топко бөлдү.

-Силер айыл күзөтөсүңөр. Абал оор. Опурталдуу чак. Жамандыктын алдын алып сак бололу.

Баатырдын айтканына эч ким каяша кылбады.

Төрт канат керегени теңдей арттырып, бир топтон соң Бакал жете келди. Ире–ширеде Кызыл -Чаптын этегине жетишип миңгичтерин жайгаштырышты. Заматта жайкы түндүн жылдыздары бажырайып чыга келди. Тим эле күлмүңдөгөн сулуудай жымың-жымың көз кыскансыйт. Үч жигит Бак–Арчага Күңгөй тараптан бара турган болуп бөлүндү Үч жигит Чат тараптан келе турган болду. Жигиттердин бардыгынын колунда кыска саптуу ай балта, узун шамшар. Жеңил кийинишип, кыл аркандарды мүрүлөрүнө илишкен. Шек билгизбей жеңил басышып, тескей тараптан өтүп, көлдү этектей келишти. Толгон ай каалгый көтөрүлүп, төбөдө жылып баратты.

Төрт канат керегени аштап, чарчы кыла бышык кыл аркан менен бекем байлашкан алты жигит көтөрүп алып баягы Бакал көргөн дайындуу жерге келмек. Тилеке Бакалды ээрчиди.

Убадалашкандай, таңкы сары жылдыз чыкканда, баары мерчемдүү жерде туруп калышты.

Кою арча ичи капкара болуп дүңкүйөт. Бир мезгилде жолборс ордунан турду окщойт. Оозун чоң ачып, керилип–чоюла алга басты. Ага тийген бутактар кырс-кырс сынганынан улам ал кай жерде жылып келе жатканы билинип турду. Четтеги суюк арчага жете берип, бир нерседен шекшидиби, же адам жыты келдиби ордунда туруп калды. Айдын нуруна чагылышкан эки көзү оттой жанат. Эшик–төрдөй болгон тулкусун чирене, оозун аңырайта ачып, куйругун көтөрө дыр–дыр эттире табарсыгын бошотту. Жөнөй беринде, желге ыргалган камыш шуудурай түштү. Көлөкөдө жашынып, керегe ичинде тургандардын ашыкча

кыймылы жок. Кулак кескендей жымжырт. Таң таптак атып, айлана жап жарык.

Айбандардын падышасы аталган–жолборс кимден коркуп, сестенмек эле. Мурдуна тийген чөптөн улам, башын чулгуй берип, кадам шилтээр чакта, капылеттен адамдардын кыйкырык–чуусу, калдырттаган ачуу дабыш угулду. Селт этпеген жырткыч заматта таңкы тынчтыкты бузган ызы-чууга ачуусу келип, азылуу тиштерин аркайтып “күр -р, күр р” эте кыйкырып алды.

Таң каракчысындагы чуудан улам, түнөктө бейкам уктап жаткан жан - жаныбар, канаттуу куштар дүрдүгө чочуп ачуу кыйкырык кошул ташыл боло түштү. Ан сайын калдырттаган катуу дабыш кыйкырык күчөдү. Бак-Арча аймагында өзүн эркин сезип, каалаган кайберенди, качырбай кайсаган жырткычтын жаалы чыгып куйругун бултаңдата чапкылап күрүлдөдү.

Таң эрте менен тынчын алып, кыжырын козутуп турган ач-кыйкырык жапайы жаныбарга жаккан жок. Ал эки бутун алдыга суна, боору менен жата берип, эки шамдай болгон көздөрүн, маңдайдагы үн чыгып, өзүнө жакын турган жакка тикирейе карады. Эмне экенин ажырата албай жапайы сезим менен бир сезимге маң боло тиктеди. Тынбай ызы-чуу болгон кыйкырыктар, калдырттаган каттуу добуш итиркейин келтире, жырткычтык сезим менен каршысындагы каралганды алып ыргытмакка тура калып, атырыла алыска секире бергенинде, кимдир бирөө илгертпей келип, жонуна минип, шап кулактан алды. Кара кулак шар чочуп кеткенин, өзү дагы билбей калды. Өмүрүндө мындай болгон эмес, жабышкан эмени сипкип ыргытып, курч азусу менен чайнап салмакка майнун бура берерде, эки кулагын кысып кармаган кол, бошото бербеди. Оор салмакты тоготпой, жерди таканчыктап түзөлүп бараткан алдыңкы эки буту негедир бүгүлө түштү.

Айласы кеткен жырткыч бууркан-шаркан түшө, кыжырданып, тура калаарында арткы эки шыйрактан алган күч артка тарта салды. Жырткычтын эки колу алдыга, эки шыйрагы артка сунала

түшкөндөн улам, боору менен жерге лык жатып калды. Сойлоого дарманы келбеди. Үстүндөгү салмактан улам деми кысылып, бошонууга арга таппай, чамынып, ооналактап, булкунууга аракет кылган жырткычтын мойнуна, шарт сыйыртмак салынып, оозуна жыгач кемечтелип, жаактарын күчтүү колдору капшыра кармады. Улам жүткүнгөн сайын мойнуна оролгон кыл чылбыр бууп, шердин жаны көзүнө көрүндү. Кыймылдоого аракет кылып, курч тырмактары менен жерди чапчыганда борпоң топурак опурулуп, чаңый түштү. Шап- шап денесине жыландай ороло калган кыл аркан чыңала, буту колун кыйып жибергенсиди. Кемечтелген оозу араандай ачылып, салаңдаган тилин жыйа албай "кур-р, кур-р" эте үн чыгарууга, жырткычтын абалы келбей турду.

Айры бутту адамдын амалын, өзүнөн алда канча күчтүү экенин шер ошондо гана айласыз мойнуна алды окшойт. Торпоктой болгон шердин айласы өттү. «Ай чапчыган арыстан өлсө, тумшугуна конуп алып, кур бака сайрайт» демекчи, кечээ эле айлананы бүт чочутуп аркыраган добушунан айбанаттын баары үрккөн үнү, заматта жел үйлөгөн кардын кымкарындай жоголуп кетти. Жанына даап келе албай, караанын көрсө качып, үнүн укса бекинген айры бут адам, анын куйругун былтандата ойноп, кээси келип, табалай тээп өтсө, кээ биреөлөрү үстүнө жамбаштай жатып алып, жумшак жонунан сылап коюп, уйкусурап олтурду.

Шыпылдаган жигиттер заматта кайындан кыркып келип, бириктире байлаган төрт бутунан өткөрүп саландата көтөрө албай коюшту. Жоон бутактарды бири – бирине аштап байлап, жырткычты анын үстүнө жаткыра жети–сегизи араң сүйрөп жөнөштү. Күн жерге тегиз тийип ысык табы шүдүрүмдү кургатып, топуракка өтө түшкөндүктөн, сүйрөлгөн изинен чаң көтөрүлгөнүн аңдышкн топ боолголоп утурлашты. Бирин – биринен өтүп чапкылап келген топ тартайган талдын бутак үстүндө таңылып жаткан жырткычты таңдана карашты.

-Аа ий! Бул кара-кулак шерби?

-Анык эле кабылан го?

-Кантип тутуп алдыңар?

-Ким чапты? Чапчып алган жокпу?

-Мөрөй абамкы. Шап секирип, жырткычты минип алып, оозун көмөчтеди, деди Тилеке

-Сен да минбедиңби-деди Бакал, инисинин жүрөктүүлүгүнө кубана

-Мен сизден кийин миндим.

-Огоо, экөөңү көтөрүп кеткидей эле, көлөмү аттай бар экен.

-Бул экөө болбогондо, көтөрүп эле кетет эле – деди жанында турган шериктерин көрсөтө.

-Баракелде Бакал, чыныгы баатыр экенсин,

- Бир мен эмес. Көптөп чаптык–деди, Бакал.

Окуя заматта эле айланага тарап Сабай, Тооке баш болгон калың топ, жете келишти. Тооке ыраазы боло:

-Мөрөй сеники баатыр. Анык шер экенсин. Башыңан бак кетпесин. Дөөлөтүн артып, элиңи эрдигин менен сактап жүрө бер! деп сыймыктана бата берди.

-Мына, жолборс менен кармашып, абийир алдын. Мен баатырга ишенгем. Болбосо өзүм келет элем. Силердин чапканыңар. Менин чапканым, деди Сабай тамашалай.

Көптүн мактоосун этибар албай, булак суусуна тердеген жүзүн чайкап жаткан Бакалга суктана караган Тилеке жанына басып келди.

-Аба, мен да сиздей баатыр болгум келет.

- Баатыр болгонун ушул. Мындан соң, Тилеке баатырсын.

Копу–буту чатырааба чие байланган жолборстун жытын алган аттар, канчалык аракет кылышса да кошкуруп-үркүп, жакын жолобой койду. Аттардын ой–боюна койбой тизгин кага, томинишип суй жыгылышты. Айласы кеткенде, узун кайыңдын эки башын бири- бирине байлаштырышып ээрлерине артып, чийне кыла үстүнө жырткычины жаткырышып, кечээ түштөнгөн жайга араң алып келишти. Жырткычтын зор денеси чийнеге

батпай чубалып, узун куйругу сүйрөлүп калды. Жанаша жүргөн кош ат менен алыскы аралыкка алып жүрүүгө кыйып эле. Анын үстүнө тар кыя, эниш жолго эки ат катар батпайт болчу. Аны билген уста жигиттер узун арчаларды кесип келишип, аштай коюшуп, баягыдан чон шаты байлашып, чийне жасашты. Анын үстүнө арчанын бутактарын төшөшүп, жырткычты чийнеге аркан менен чырмап салышты. Жолду катар кабарды уккандар дүрбөшө жол тосушса, улоосу барлар чаап келишип жырткычты алып келе жаткандарга, таныркашты. Эртеден-кечке жүрүп, жолдо бир күн түнөп, кеч бешимде олжолуу Мадыга кирип келишти.

Гүлү байбиче утурлап чыгып, суу толтура кесени, Бакал баатырлардын башына тегеретип, ырымдап:

-Түкүр сууга, Адам шеринин жеңишине көз тийбесин. Балакет–баскыттын баары суу менен кетсин, Баатыр башың улук. Жамандан көзү тийбесин. Элиңе эш, Журтуңа огожо бол. Адам ата, Обо эне колдоп жүрсүн–деп тилегин айтып жатты.

Ошондон баштап ал Көл – Кабылан-Көл атыгып кетти.

- «Бөкөй бийдин уулу-Бакал баатыр кабылан кармаптыр» деген кабар Анжиан аймагында айтылып, андан алыс кетти. Бир чети кармалган кабыланды көрмөккө, экинчиси куттук айтып, кабар алмакка, алыскы – жууктагы куда-сөөк, тууган – урук, дос-жоролор биринин артынан бири, арнаганын артып, жетелеп, тартууларын таңып, айдай келип куттук айтышты.

Жырткычтын таңылган буттарын чечишип, убактылуу аркан бойлогон терең аңга ташташып, үстүн жоон арчалар менен жааш салышты. Айласы жок камалып жаткан жырткыч, эркиндикти энсейби, кеч кирип жылдыз чыккандан баштап, « кур-р, кур-р» чамынып, асманды көздөй атырылат. Аябай бышыкталып, торлонгон андын капкагына жетпей, ордун ички бетиндеги жумшак турпакты курч тырмагы менен аймап, сапыра секирип жадаганда таарынгандай жатып алат. Эрксиздиктен туткундалып тордо жатуу азап, айласыздыктын иши. Бир арга

табылып, төбөдөгү ан бетиндеги торго жетсе, курч тырмагы менен серпе ыргытып, аркайган азуусуна сала «чайнап туруп эркиндикке жетем» деген жырткычтын энсөөсү канча күндөн бери иткарылбай келет. Тан агаргандан кечке чейин көзүн сүзүп уктайбы, же өзүн көрүп таныркаган айры буттуу адамдарга ачуусу келеби, анысын билдирбейт. Эки алдынкы буттарын төшөп кыймылдабай жата берет. Атайын арналып, териси сыйрылып, адалданган кой – эчкининин эти аркан менен жанына түшүрүлсө да, ачкалыгына кайыл боло аны карап да койбойт.

Кабыландын көктүгүнөн да, ашкан чыдамдуулугу адамдарды таң калтырды. Башка жырткычтар мынчалыкка бармак эмес. Эки күн ачка калса, этти эңсеп, аркан менен түшүрүлгөн жандыкты сугалактык менен баса калып жемек. «Жолборс жолунан кайтпат» деген шердиги, эркинин күчтүүлүгү анын ким экендигин аныктап турду.

Кашкар ханына атайын арналган тартуунун ана–башы жырткычтардын шери аталган, кара кулак кабылан даяр. Аны атка өнөрүп, же чийнеге сүйрөтүп барууга мүмкүн эмес. Андыктан, асты тактайланган бышык темир тор даярдалып, ага колу – буту байланбаган бош жолборс киргизилет. Ал комдолгон төөнүн үстүнө жайгаштырылып алыскы жолго кете бермек. Мындайдын далайын көргөн кыргыз, туюкта турган иштин аргасын заматта таба коёт. Айылдын айлалуулары, аны да айта коюшту.

Жолго чыгуунун масилатина Анжиан аймагынын бийлери, эл башылары, эр азаматтар ошон үчүн чакырылган болчу.

****

Келберсип жаткан кең аймакты экиге бөлүп, энкейиште энтендеп аккан Ак Буура дарыясына жакын кыдырата тигилген жумурткадай болгон боз үйлөргө карай алыскы - жууктан адамдар, биринен сала бири келип жатты. Эртеден бери эпилдеп ат алып, колго суу куйган жигиттердин жаны тынган жок. Биринен бири өтүп меймандардын улоолорун кантара

байлашып, басмайылын бошотушуп улам жаны келгендерди колтуктап түшүрүшүп, жылмайган жүз менен улуу–кичүүлөрдү ийиле кабыл алып жатышты. Ал эми айыл билармандары келгендерди жашына жана «салмагына» жараша мурдатан белгиленген боз үйлөргө карай ээрчите жөнөшөт. Боз үйлөрдүн эшиктери түрүлүп, ичкериде отургандарга кимдин, кай жактан, келгендиги айкын көрүнүп турду. Көпчүлүгү байлыгынан эмес баатырдыгынан, караанынан эмес акылы менен, кыйла элдин кыйырына төбөсү көрүнгөн таанымал Ош, Анжиан, Аксы аймактарындагы билермандар эле.

Өзгөчөлөнгөн көрүнүштөгү ортодогу жүз баштуу ак өргөдө жашына карай, улуулата отургандар аңгемечилердин сөздөрүнө кулак төшөшүп, алдыларындагы толтура куюлган кеселерден келберсий кымыз жуткан болушат. Нак кымыздын таасириненби, көбүнүн жүзү албырып чыккан. Дасторкон үстү улам толукталып, жаны бышкан боорсок чара толо үйүлүп, сызгырылган майдын күйгөн жыты келет. Бабалардан калган каада боюнча, мындай көп чогулган топто, илгертен келген санжырадан кеп болуп кимдин кайсы уруудан экендиги териштирилип, уруулар ортосундагы мамиле, боло келген жаңылыктар айтылып, кимдин кай жакка барып келгени, кыз алып, уул үйлөөдөгү мамиле, аш–тойдун качан болоорлугу боюнча кабар, алгыр бүркүт, күлүк ат деги эле, кыргыз турмушундагы ары көйгөйлүү, ары даңазалуу, ары сыймыктанчуу окуялар түгөл айтылып, ортого салынды. Жакшынын даңазасы, жамандын мыназасына маани берилип, какшыкты капылеттен аңдап, тууланы туюп, куйма кулактар кулагына илип, аңкоолор аңкайып, эси жоктор таң калып, ары дөөлөттүү, ары сөөлөттүү жыйын билгенге тарбия, билбегенге жарыя болуп өтүп келген.

Бүгүнкү жыйналып олтургандар "качан жоо чаап кетет" деп элеңдебей, эки жакты карап телтеңдебей келберсиген кең аймактын ортосунда, кеп учугун келептеп, уламдан улам токтой калып, узартып айтканды угуп, анда - санда суроолорду бере

коюшуп, эси-дарттары ээктерин экчеп сүйлөп жаткан карыялардын коңур үнү, кобураган сөзү менен болушту. Отургандардын көпчүлүгү Адигине тукумунун урпактары болгону менен кастарлап, күтүп, кадырлап төргө чыгарып, меймандашкандары Паргана аймагындагы жашаган кызыл уул, куу уулдан тараган тең туугандар эле.

Бая эрте менен келгендер санжыраны билгенинче айтып, кээ биринен адаша кетип, ээси жок жерди эптеп айтып, эрмек болгон ээн баштар Кудайберди санжырачы келгенде аны билгендер ооз ачпай, жер карап калышты.

Карыяны төргө чыгарышып, алдына даам жаңырта коюшту. Ал аякты кайтарган соң, жайкалган сакалын жаай сылай, үйдө отургандарга алдыртадан көз сала суроо узатты.

- Ии, сүйлъй отургула? Мен келгенден сөзүңөр өксүп калды окшойт.

- Ооба, ар ким билгенин айтып, эрмектешип отурабыз.

- Билгенин айтканы жакшы. Билбей айткан жаман.

- Ар кимибиз укканыбызды айттык. Көргөнүңүздү айтсаңыз үйрөнүп алалы.

- Ушул күнгө чейин Үйрөнүп албай эмне кылып жүрдүңөр эле? Чамасы тамакты көп ойлойт окшойсуңар?-деп тамашалай кетти карыя.

- Аныңыз чын. Укканды айта келгенде, адашып кетем. Өнөрдөн кем калган экенмин-деди Алдар уста мойнуна ала.

- Андай дебе устам. Сенин колуңдан чыкканды, мен өмүрү бүтүрө албайм. Алла Таала ар бир пендеге артыкча өнөр бериптир. Сенин кадырыңды биз баалай албай жүрөбүз.

Жүйөлүү кепке отургандар баш ийкешти.

- Көбү кепке уста болгону менен керектүү жерге келгенде, ого эле чоркок. Темирди камырдай ийлеген касиетиң бар. Санжыра сага эмес, сен санжырага керексиң.

Алдар уста мактоодон улам, терлеген жүзүн болбоосу менен аарчып отурду.

Карыя айткандай Алдар устанын темир жууруп, буюм жасаганы, алтын-кумуш эритип, зергерлиги бүтүндөй аймакка маалым эле.

- Абаке, Алла Таала адам атаны жаратканга чейин, жер үстүндө кимдер болду экен? Анан дагы уруу, топ атадан таркап келген. Ал эми эл болуп, кантип бөлүнүп калды?-деди Досканбай улакчы.

Карыянын берилегн суроого зерикпей жооп берерин туйган, кыркалектей отургандар умтула, кулак түрүштү.

- Улакчым, суроо бердиң. Билишимче жооп берейин. Ашык-кеми болсо, билгендер толуктаар – деп астындагы кымызы толо кесени кош колдоп алып, акырын кылк-кылк жутуп, муруттарын сылай кепке кирди.

-Ата-бубаларыбыздын таржымалы тээ алмустактан дешет. Алла Тааланын амири менен он сегиз миң аалам жаралып, жер каймактап пайда болуп, кыртышка айланып, андан миңдеген жылдар өтүп тоо-ташка, томсоргон өрөөнгө токой, өсүмдөктөр чыгып, ар түрдүү дарактар өсүп, жан-жаныбар, курт-кумурска пайда болуп, баары өсүп, өнүгүп көбөйө баштады. Андан эсепсиз жылдар өтүп, жан-жаныбар, канаттуу-куштар алдуусу алсызын жеп, аба-ырайы өзгөрүп, табийгый кубулуштан жаратылыш кыйроого учурады. Жер бетиндеги абалды оңдоп, жаратылышты тең салмактуу абалда кармап туруу, төрт буттуулардын колунан келбестигин билген Алла Таала жиберген периштени өзүнө чакырып, эки буттуу, акыл-эстүү адамды, топурактан ылай жууруп, жаса –деп буйруйт.

Жабраил перишге Арафат тоосунун кыртыш-тозоңунан алып, ылай жууруп Адам Атаны жаратат. Аны жалгыз калтырбайын деп, сол ныптасынан эки кабыргасын алып, Обо Эненин денесин жасап, экөөнү жанаша жаткырып, жан киргизет. Жан экөөнүн ооз көңдөйлөрүнө кирип кайра чыгат.

- Ичи караңгы экен, кирбейм-дейт.

Алла –Таала Адам Ата менен Обо Эненени денелерине нур жиберет. Андан соң алардын ооз көңдөйлөрүнө кирген жан, экөөнүн денелериндеги муун-жүүндөрүн кыймылга келтирип, жүрөктөрүн тынымсыз соктурат. Ал эми жан мурундун каңылжарына келгенде экөө тең чүчкүрүп, "Раббим Алла" деп жаткан жерлеринен өйдө турушат. Жабраил периште экөөнү ээрчитип, бейишке алып барат.

- Адам Атага баш ийгин!- деди, Алла Таала Жабраил периштеге

- Мен аалым, периштемин. Топурактан өзүм жасаган адамга баш ийбеймин-деп, Жабраил баш тартты.

- "Ибилис шайтан"-деп атап, Алла Таала каарданып Жабраил периштени бейиштен кууп чыгарды.

-Эч кимди киргизбегиле!-деп тоус кушту көзөмөлдөтүп, ажыдаарды дарбазага эшик агалыкка койду.

Шайтан Адам Ата менен Обо Энени бейиштен азгырып чыгаруунун жолун издеп жүрүп, акырында ажыдаарды алдап уктатып, тоус куштун эки бутунун арасынан өтүп, куйругунан далдаланып бейишке кирди. Ошол кезде буудай нандай чоң болгон экен. Обо Энени азгырып, бейиштеги буудайдан бир тилим кесип, ага жедирип коет.

Буудай жеген Обо Эненин ичи толуп-ташып, тынчы кетет. Ичинен чыккан сасыкты, анжирдин жалбырагына ороп бекитет. Ага да болбой ичи ооруп, кыйнала берет. Сасыкты башына катат, андан ашат, колутуган бекитет, ага болбойт. Эки буттун чурайына бекитет, ага да болбойт. Обо Эненин бейишти булгап койгондугу билинип калат.

Алла Таала күнөөкөр Обо Энеге кошуп, Адам Атаны да бейиштен кубалап чыгат. Ошондон тартып буудай кичине, ал эми тоус куштун эки буту мерез, куйругу кооз, жыландын кулагы дүлөй боулуп калат. Шайтан ушул мезгилге чейин адамды айрыкча аялды тез азгырат.

Адам Ата менен Обо Энени каарына катуу алып, жаан-жаадырып, бороон-чапкын түшүрүп, туманга калтырат. Туман өтө калың болгондуктан, экөө бирин-бири таба алышпай, өтө көп кылымдар бою көрүшпөй калат. Арадан көп убакыт өткөн соң Адам Ата менен Обо Эненин ый-муңу Алла Таалага жетип, Көк карганы элчиликке жиберет. Ал салпактап учуп жүрүп экөөнү зорго табат да, бири-бирине жакындатып алып келет.

Обо Эне Адам Атаны көрүп качат. Адам Ата анын артынан кууп жөнөйт. Ошентип, көп жерди басышып, Түндүк уюлга жетип келишет. Көк карга төбөдө учуп баратып, Обо Энеге "тырай-тырай, тыр-аай" –деп буйрук берет. Обо Эне муздуу карга барганда тырайып жата калат. Адам Ата жетип келип, Обо Эненин үстүнө жыгылат. Обо Эне көк каргага ыраазычылык билдирип, көк жибектен сый чапан жапкан экен., Картайганда эркектин эки тизесинин, аялдын көчүгүнүн муздаганы Адам Ата Обо Энеден калган иш экен.

Адам Ата Обо Энеден тарагандар эл болуп көбөйүп, жерге батпай кетет. Тирүүлүктүн кадырына жетпей, алар адам сыпатын жоготкон абалга жетет. Ошол кезге чейин беш жүз пайгамбар жашап өткөн экен. Нух беш жүз биринчи пайгамбар болот. Ал адамдардын бузулгандарын көрүп, Алла Таалага арызданат. Алла Таала ага "чоң кеме жаса"- деп буйрук берет. Нух пайгамбар кемени жасап бүтүп, анын ичине жандуулардын эркек-ургаачысы менен экиден өсүмдүктөрдү тамыры менен жүктөп Алла-Таалага барат.

-Балдарын менен кемеге чык. Кырк күн бою нөшөр төгөт. Асман бети көрүнбөй, жерден булак чыгып, бөт дүйнөнү суу каптайт. Курук жер калбайт. Суу алты айдан кийин тартылат-деп айтат Алла Таала.

Нух пайгамбардын үч уул, үч келини, кемедеги айбанаттар аман калып, жер үстүндө кайрадан турмуш башталыптыр. Азыркы элдердин баары Нух пайгамбардын үч баласынан Хам, Сам, Яфастан таркагандар эле.

-Яфастан Арийлер, Туранийлер таркайт. Туранийлерге түрк атанын балдары кирет. Түрктүн кийинки муундагы тукуму Огуз атактуу хан болгон. Анын бир уулу Кыргыз хан. Кыргыз хандын балдары ал жагы Алтай аймагын, бул тарабы Ала-Тоо аймагында көчүп- конуп, жашап жүрүшөт. Эчен кылымдар өткөн соң Ала-Тоо аймагында жашап тургандарга Араб баскынчылары келип, ислам динин таркатышат. Ошондон баштап кыргыздар урууларга бөлүнө баштайт. Эки уруу Кызыл-уул, Огуз уул болуп турганда Араб баскынчылары ислам динин таратууга дөрбиштерди жөнөтүшкөн. Кызыл уулдун балдары дөрбиштөрдин үгүт-насааттары менен ислам динин кабыл алышат. "Ислам дининин ичине кирип кетишти" деп Кызыл уул ичкиликтер аталат. Ал эми Ислам динине толук кирбей, аны сырттан кабыл алган Огуз уул балдарын сырткылык деп аташат. Мен көп сүйлөп койдум. Калган сурооңорго Дөрбиш абаңар жооп берээр.

Баятан бери карыянын сөзүн бузбай баш ийкеп отурган Дербиш аксакал макулдугун билгизе ордунан козголуп койду.

- Моголустан деп айтып калышат, ал кандай мамлекет болгон? –деп жаштардан бирөө суроо бере кетти.

- Моголустан хандыгынын доору тээ түпкүрдөн келет. Ал да болсо Чынгыз хандын тукумдарынан уланган эле. Ушул көз биздин бабаларыбыздын өнүккөн доору болду. Толук Темирдин урпактарынын ичинен Жунус хан деген, эчендеген азап-тозок, күрөш менен бийликти алды. Көпчүлүктүн кеңешин угуп, жаштарды өзүнө тартты. Чындыкты моюнга алыш керек. Кыргыздардын кээ бир уруулары ислам динин кабылдаганы ушул мезгилге туш келет.

- Абаке, бир учурда ата-бабалырыбыз Арка менен Анжияндан, дегеле Оштон Теңир-Тоо, Керме-Тоодон, Могол султандарын сүрүп, акыры барып, оо кийин Кашкардан Моңул ханынын урпактарын кулаткан деп айтышат. А хан-кожолор Кашкарга кандайча аралашып калышты?

- Ооба, айтканыңдын жөнү бар. Бийлик дегениңдин тамырынан бери булганыч болот тура. Аны билип турушуп, көбү ага жетүүгө тырмышып келишет. Ошол Жунус хандын балдары өздөрүн Султан. Сейит деп аташып, бири-бирин куугунтукка алышты. Сен кожолордун бийлигине кебүрөөк кызыгып турасың. Ага кайрыла кетейин. Могол хандын тамырын жулууга кожолор куп эле аракет кылышты. Ыйык кожолордун базары жүрүп, бийлик үчүн биринен-бири кызганып, жаки түзүк иш кылышпады. Чоң имамдардын, уламалардын маселинде алардын теги Али пайгамбардын тукумунан имиш. Жараткан алардын амирин өөдө кылганы менен бийликтен нысап бербептир. Бир тууган таркашса да, бирин-бири кызыл кыргынга салышып, карчылдаша кармашып келишүүдө. Ич ара жатка бөлүнүштү, Кудайым өзү кечирсин, ашыкча айтып койдумбу, бул жасаган кылык-жоруктары динсиздердин чырагына май тамызгандай эле болду. Ошол ишенген кожолорубуз калмактардын кара союлуна айланышты.

Карыя өкүнө башын чайкап, пайгамбар тукумуна доо кетирген кожолорго жини келип отурду. Төр ээсинин аңгемеси отургандарды уюттубу, же кожолордун таржымалынан анча-мынча кабарлары барбы, суроо үстүнө суроо узатышты.

- Абаке, бир айтымда кожолордун бабалары өздөрү барышып, калмактарды Кашкарга чакырып келишкен дешет. Ал чынбы?

- Бир тууган кожолор бирине-бири өчөшкөндөн жасалган иш окшойт?

- Бир тууган болушпай өлүшсүн. Ошолордун кесепетинен канчалаган бейкүнөө адамдардын сөөктөрү сөпөт болуп кетти дешет. Пайгамбар тукумдарынын ыйыктыгы “Пир”, “Эшен” деген касиеттери кайда калды? Деги кожолордун талашынын негизи эмне?

- Ай, ай балдар! Улам суроо берип, карыяны чарчатып албайлы деди төрдө отурган карыя.

- Тек койгула. Билбегендер билип алышсын. Кеп аягына чыксын. Сөздү улай бериңиз деди бирөөсү.

- Абамын айткандары уккандарга сабак.

-Чаалыкпадыбы.

- Жок эми чечилди.

- Сураганга айта отуралы деди карыя. "Куйма кулакка кеп айтсам, куюп калат, тешик кулакка айтсаң курук калат" демекчи силер да айта жүрөсүңөр.

- Уламалардан укканга караганда ислам done дининде эки агым илгертен бери жол талашып келет. Алардын өкүлдөрү атайын эл арасына чыгып, өз саясаттарын жүргүзүшөт. Бизге маалым болгон таржымалда Касан шаарынын Дахбид деген жеринде турган Пайгамбардын тукумундагы ыйык кожолордун уруктарынын кожо Махтум Аззам менен кожо Мухамбет Шадип кыргыздарды көп жылдар бою аралап жүрүп Жаркенге келишет.

Махтум Аззамдын кичи уулу кожо Исхак агасы Мухамбет менен келише албай Жаркенге келген соң, өзү тарапка көптөгөн адамдарды топтойт. Кыргыздардын арасында он эки жыл туруп, ислам динин таркатат. Кожо Мухамбет инисинин таасири улам кеңейип баратканын көрө албай, экөөнүн ортосунда чоң карама-каршылык пайда болот. Кожо Исхак тараптагылар кара топу кийишип, "кара топулар" деп аталышкан. Эки эшендин кесепетинен бүтүндөй Жаркен хандыгы жана дагы ар улуттагы букаралар айрыкча кыргыздар жапа чегишет. Кожо Исхак кыргыздарды өзүнө топтоп, "кара тоолуктар деп атаса, Кожо Мухамбет ак тоолуктар" кыргыздарды өзүнө тартып "ак тоолуктар" деп атайт.

Ошентип "кара тоолуктар"-"исхакыя", "ак тоолуктар"-"ишкыя" деген агымга киришип, "кара тоолуктар", "ак тоолуктар" деп аталып калат.

Мындан бир топ убакыт өткөндөн кийин кожо Мухамметеминдин чоң уулу Мухаммед Жусуп Кашкарга келип, "ак тоолуктар" менен "кара тоолуктардын" ортосунда от жагып,

карама- каршылыгын, андан бетер күчөтөт. Жаркен хандыгын бийлеп жаткандарды да эки топко бөлүп, ордонун жүргүзүп жаткан саясатын жана эл арасындагы иштерин бузууга аракеттенет. Жаркен ханы Султан Махмуд кожо Мухаммед Жусуптун бул аракети үчүн Кашкардан кубалап чыгат. Ал Ак - Суу, Кучар, Кара шаар, Турпанды аралап, ислам динин жайылтууда дербиштик кылып, Комулга барып, Идейатулло аттуу (кийинки Аван кожо) уулду болот.

Султан Махмуд хан өлгөндөн соң кожо Мухаммед Жусуп Кашкарга кайрадан келип, "кара тоолуктарга" каршы иштерди жүргүзүү саясатын баштайт. Анын негизги максаты Жаркендеги бийликти колуна алуу эле. Кожо Мухаммед Жусуптун уулу Идейатулло менен биригип ханзада Жолборсту тактыга алып келүүгө, жан үрөйт. Акыры өз максаттарына жетишкен соң "кара тоолуктар" кыргыздарды аёсуз кыргынга алышат.

"Кара тоолук" аталышкан Жаркен, Паскам, Каргалык, Меркит аймагындагылар кожо Искактын урпагы Шадиптин жетекчилиги менен Жолборс хандын таянычы болгон Мухаммед Жусупту өлтүрөт. Абдылда хандын иниси Исмайылды хандык тактыга алып келишет. Кожо Идейатулло атасынын өлүгүн Кашкардагы Жоачуу деген жерге (кашкардагы Абак кожо мазарына) коюп Дахбидди көздөй жашырынып жөнөйт. Ал жерге баргандан кийин Кашмир, Чиңхай, Гансу өлкөлөрүндө ислам динин таркатып, дербиштик кылат. Андан ары жүрүп Иледеги Жунгар ханы Галдан Бошоктуга барып, он эки миң аскери менен Жаркенге баштап келет. Жунгар хандыгынын бийлигиндеги "ак тоолуктар" бийлигин түзүп, өзүн Абак кожо (Ааламдын кожосу) деп атайт да Жунгар хандыгынын өкүлү катары Жаркенге бийлик жүргүзө баштайт.

Идейатулло чоң шаарларда отурушкан кыргыздарды кыргынга алат. Андан аман калгандар тоолорду көздөй качууга аргасыз болушат. Абак кожонун уулу Ахмед атасын ээрчиген "ак тоолук" кожолорду баштап, Кашкарда өз алдынча өкмөт курууга

аракеттенет. Жунгарлардын башчысы кожо Даниялдын жардамы менен Кашкарды каратат. Бийлик анын уулдары Бурханиддин менен кожо Кожожакандарга, тагыраак айтканда Абак кожонун неберелерине тиет. Бүгүнкү учурда Кашкар, Жаркенди бийлеп жаткан кара тоолук кожолордун башчысы Кожожахан менен кожо Жусуптардын ортосунда карчылдашкан кармаш башталып отурат.

- Моголстан өлкөсү деген кандай?- деди отургандардын бирөө.

- Оо инилер, биздин конушту Моңголстан аташчу. Анын аймагы тээ алыска созулуп, түп жагы Көкчө деңизге, батышы Ташкенге, күн жүрүшү Паргана, Кашкар, Ак-Сууга жетип, түрк урууларынын тең ата биримдиги эле. Теңир - Тоо менен Улуу Тоону мекендеген кыргыздар Моңголстан аймагынын тутумунда турду. Кийин Тоголук Темирден кийин бул улус ичинен ирип, Могул-Чагатай болуп экиге бөлүнүп кетти. Бийлик башындагы хандар бирине бири жоо болуп, алдуусу алсызынын башын алды. Ич ара биримдиги ыдыраган аймакты байкап турган калмактар көптөгөн колу менен келип басып кирди.

Могул-түрктөрдүн ханы Жунусту Кара–Дарыяны көздөй сүрүп, Ташкенге чейин барды. Андан көп өтпөй Шейбак хан кысымга алганда, ага туруштук бере албай Жунус хан Кашкар тарапка ооду. Канчалык куугунтук жесе да, бийликти колдон чыгарбаска аракеттенип көпчүлүк учурда кыргыздарды сүйөнүч кылды. Бал жаш кезинде ал эч жерге батпай, көрүнгөн хандын кол алдында жүрүп, акыры келип, Теңир Тоодон баш баанек тапкан эле. Саруулардын алдынан өтүп, саруунун беги Шеркожонун кызы Дөөлөт бегимге үйлөнүп кыргыздарга күйөө бала болуп калат. Бабалар кармаган салт боюнча Жунусту ак кийизге салып, саруулар хан көтөрөт. Дал ошол Дөөлөт бегимден төрөлгөн кыз кадимки Паргананын эгедери Бабур султандын энеси болот эмеспи. Жунус хандын туң уулу Махмуд да, көкүрөк күчүгү Акмат да кыргыз арасында жүрүп чоңойду.

Чагатай хандыгы башта эле кыргыздардын көңүлүнө көк таштай тийген эле. Айрыкча кыргыз уруулары турган Парганaнын чыгыш жагын, Талас тоолорунун айланасын, Ысык - Көлдүн жээктерин Чагатай хандыгы кыйратып алардын мал - мүлкүн талооңго алып турган. Ошол кезде Ак–Сууда турган дуулат тайпасынын башчысы Төлөкбектин иниси Амырбул ажы Эсен буканын Иледе турган уулу Тогулук Темирди Ак - Суугa алдырып келип хан көтөрдү. Андан көп узабай илгерки Чагатай хандыгынын салты боюнча Тогулук Темир хандыктын ордосун Алмалык шаарына көчүрдү. Амырбул ажыга “атабек” ( Баш вазир-аталык) деген мансап берип, чагатай хандыгынын аймагында бийлигин күчөттү. Ордонун ак сөөктөрү “каранас” (аралашма тукум) дешип, өздөрүн накта моңгул уруусунан келип чыккан, “моңгулбуз”дешип чагатай хандыгын “Моңгулстан” атай баштaшты. Ошол кезде дин таркаткан шайыктардын таасири менен ордо ислам динин кабыл алды.

Тогулук Темир бир нече жыл ордону башкарып, акыры өлгөндөн кийин,анын урпактары бийликке келди. Тогулук Темир хандын кийинки балдары менен Чагатай хандыгынын балдарынын ортосунда бийлик үчүн ат салышкан талаш жүрдү. Моңгулстан хандыгынын ээси Увайс хан өлгөндөн соң анын чоң уулу Жунус хан менен экинчи уулу Эсен бука хандыкты талашып бири - бирине согуш жарыялашты. Эсен бука ойроттордун жардамы менен иниси Жунус ханды Алмалык шаарынан кубалап хандыкты тартып алып, Моңгулстандагы аскерин баштап, Талас, Сыр өзөнүнүн бойлорундагы кыргыздарды чаап алып, Темир хандыгына караштуу Анжиандын тегерегиндеги аймактарга катуу чабуул кылып, ал жердеги адамдарды Моңголстан ак сөөктөрүнө бөлүп берип, мал – мүлктөрүн олжолоп кетет.

Темир хандыгынын падышасы Абу Саид султан Эсен букага каршы чыгып, анын иниси Жунус ханды алып келди. Кайын атасы Ажыбек (кийинки аялынын) баштаган көп аскерди кошуп,

Эсен букага каршы жөнөтөт. Кыргыздар коштогон Жунус хан Ташкен шаарынын чыгыш тарабын, Паргана аймагын, Нарын, Сыр, Талас, Ысык - Көл, Алай тоолорунун айланасын агасы Эсен букадан тартып алып, өзүнчө мамлекет курат. Моңгулстан хандыгы экиге бөлүндү. Батыш Моңгулстан хандыгынын негизги букаралары кыргыз уруулары болуп калды.

Моголдордун урпактары Кашкар, Жаркенди ордо кылып калыштын жүнү менен өз бийликтерин бекемдешкени менен кыргыздарды биротоло жеңе алышпады. Алардын дээрлик бардыгы итче талашып, мансап бийлик дешип, тууганын душман, душманын тууган кыла так үчүн биринин башын бири алышты. Алардын кесепетинен кыргыз арасы таптакыр тынбады.

Моголстандагы өз ара чатакташуу күчөгөн мезгилде сандаган (үч жүз миң) калмактардын калың колу (ойрот-моңголдор) басып кирди. Жунус хан калмактарга каршы теңдешсиз кармашуудан соң жеңилип калат. Ошол кезде кыргыздар Жунус хандын экинчи уулу Акматты башчылыкка көрсөтүшөт. Акмат хан калмактарга каршы согушта кыргыздарды баштап, эчөндөгөн эрдиктерди жасады. Калмактар аны Алачи хан (өлтүргүч хан) деп аташты. Ошол кезде күч алган кыргыздар Моңголдордон бир өчүн алган.

Анжиан, Ош, Өзгөн шаарларын атасынан мураска алган Бабыр Акмат алачи хандын жээни эле. Ал таятасы Жунусту тартып өнөрдү өзгөчө баалаган. Кийин өзбектер менен кармашып жүрүп, Кабылга ооп, андан соң Ындыга Могол мамлекетин күтөт. Султан Саид Котонго күчүн топтоп, кыргыздардын жерин тартып алат.

Такка отурган Абдылда хан дале болсо кыргыздардын күчү менен ордо бийлигин колуна алып, өз абалын бышыктагандан соң, "өлкөнү күчтөндүрүп бийлигин кеңейтем" деп жаңылышып алды. Бузукулардын тилине кирдиби, же жанында жүргөн жакындары кеңеш бердиби айтоор Теңир - Тоо, Кызыл - Ой, Ош,

Анжиан аймактарына көз арта баштады. Чамасы тополоңчу кыргыздар учуру келгенде баары бир өз билгендерин кылып бийлигимди тартып алат. Андыктан, алдын ала баш көтөртпөй, чабуулга алып, биротоло көз каранды кылсам дедиби, уламдан - улам түмөндөгөн жоокерлерин баштап келип, кыргыздарды каратамак болду. Ириде Нарынга кол салды. Андан кийин Парганага жүрүш жасап, Ошту басып алды. Ошол учурда калмактар көп колу менен келип, Аркадагы кыргыздарды Парганы көздөй сүрө баштаган болчу.

Ушунда бир Адигине тукуму ынтымакка келип, жоого каршы тикелеринен тик туруштү. Биринчисинде калмактардын чабуулунан улам, көп кол талкаланып алдырып коюшкан. Ага арданышып күч топтоп, баш- аягын жыйышып, жан аянбай душмандарын сүргүнгө алышты. Биримдиктин күчү болоттой өткүр. Майтарылбайт го, чиркин! Абдылда хандын жоокерлери артын карабай качып, чоң чыгым болду. Ага чейин Каракүчүк, Сатинбий баштаган кыргыздын он миңдей колун кырганына менменсингенби, Ошко келип чабуулду катуу баштаганы менен кармашта куугунтукка алынып туруштук бере албады

Кап, аттиң ай! Сатимбийдын баласы Алдаярбек ошондо жыйырмадан ашып, толуп турган чагы экен. Бала - чакасын таштап, тоо таяна качышка аргасыз болот. Бирок, боло турган бала ага өкүнбөптүр. Кашкардан качып Каражүлгө келет. Мурда эч бир жан ашпаган белди ашат. Ал ашуу "Алдаярбектин бели" деп аталып калат.

Алдаярбек Анжианга келип, өзүнүн кушчу туугандары Кошкулак, Эсенбек, Кагазды, Мырзакелди баш болгон билармандарды эл - журту менен Кашкарга көчүрүп кетет да. Абдылда хандын алдына түшүп, мал тартуу берип, мурунку чапкында туткун болгон катын - балдарын бошотуп алат. Хан ордого келип аскерлерин кайрадан толуктап, кыргыздарга чабуул коюп, жүз миңден ашык адамды өлтүрөт. Кыргыздар анда да тынып калбастан, моңголдорго тынымсыз каршы чыгышат.

Абдылда хан Ат–Башы менен Ак--Сайга кайрадан жоортулга чыгат. Ал жерде калмактар менен кагылышып, жеңилип калаарында, кыргыздардан жардам сурап, кызматташууга чакырат.

Жоодон заар тарткан кыргыздар өч алууга шерттешип. Ак - Сай аймагындагы отуз уулдар кошун жыйнап, Тилеке бийдин уулу Кайсары кол башы, туу башы болуп Жолболду бий аттанат. Абдылда хандын колун Кашкардан чыгарбай кырып салышат. Кийинки жылы хан кайрадан кол курап, кыргызды чаап, өчүн алмакка аттанат. Кайсары менен Жолболду бий аны Ак - Сууда аябай кырган дешет.

Жаңы ачынган Абдылада хан ордого кайрылып келгенден соң, жалдаттарын топтоп алып, шаар ичиндеги кыргыз аттууларды кармап, тирүүлөй терисин сыйрып, “шаарды айланта курчаган чептин үстүнө кыдырата илгиле!” деп буйрук берет. Калыстан кыргыздардын кол башчылары колго түшүп калышат. Хандын бир тууганы Ибрагимдин баатырдыгынан улам кутулуп кетишип, кайрадан коркунуч келтиришет.

Ошол учур кербенчилердин эсинен чыккыс болуп калат. Кеч, бешимден өтүп Кашкардын дарбазасына чакан кербен келип токтойт. Алдыда келген кербен башы ыйынып–ычкына темир дарбазаны жаап жаткан аскерлерди көрүп.

- Каап, кечигипшиз да. Мейли, эч нерсе эмес. Буйруса шаарга эртең дале киребиз. Деги бизге эч ким тийишпейби?

Эшикти жаап жаткандардын эч кимиси ага жооп бербейт. Кербен башы дарбазанын үстүндөгү мунараны жана узун созулуп кеткен дубалдарды таңыркап карайт. Анын көзүнө дубал үстүндө кыдырата илинген бирдемелерди көрүп, эмне экенине акылы жетпейт. Алыскы жерден ажырата билгидей эмес. Мындай караганда кургатканы илип койгон калемпирдин тизиминдей. Андай дейин десе көлөмү, көрүнүшү жагынан аябай эле чоң. Улам таңыркай, акылы жетпей турду. Ошол кезде анын жанынан жергиликтүү бирөө өтүп калат.

-Таксыр, токтоңузчу?

Саламга келбей, суроо берген жолоочуну көргөн ал адам токтоп калат.

- Дубалдардын үстүндөгү илингендер эмне? Кызыл калемпирби десем, аябай эле чоң. Же, майрамга карата шаарды жасалгалап жатасыздарбы?

- Эй, көрбөй турасынбы? Ал адамдар.

- Тамашакөй окшойсуз. Эмне, адамдарды асып алып, кургатасыңарбы?

- Ооба. Козголоңчу кыргыздардын денелери кургап турат.

- Кантип? Адамдын денесиби?

- Ооба. Мурда адам эле. Эми, канаттуу куштарга жем деп, басып кетти.

- А булардын айыбы кайсы?

- Ханга каршы чыгып, ордонун тынчын улам ала беришиптир дешет.

- Тоолук кыргыздар, хандын колун талкалаптыр деп, уктук эле.

- Хандын колун эч ким талкалай албайт. Булар козголоң, чыгарган кыргыздар.

- Эмне үчүн аларды кызыл кийиндирип коюшкан?

- Жарыктык, жаңылбаңыз. Өкүмдардын өкүмү менен алардын терисин сыйрышкан.

Кербен башчынын оозуна кеп кирбей калды.

- Кудай сактай көр? Ушундай да мыкаачы болот экен да?

- Шейиттердин жанына кудай огожо болуп, бейиштен орун берсин? деп күбүрөнгөн кербен башы, эртерээк шериктерине жолугууга ашыга жөнөп кетти.

Абдылда ханга алтын так түркүк болуп бербеди. Кырк жылга жакын бийлик калса да, өкүмдүк кумары аны арбап, ордону таштап кетүүгө эрки жетпеди. Дагы да боло берем деген оюна койбой бир тууагандары Ибраим менен Исмайыл так талашып, амалын курутушту. Эч бир арга таппай, мукурады. Айласы

кеткенде, кечээ эле душмандашкан Кайсары бийдин алдынан өтүүгө аргасыз болду. Алдына келип, жардам сурады. Кезинде, көз каранды кылып, кыргыздарды каратам деген Абдылда хан кайра кыргыздарга көз каранды болбоско аргасы калбады. Ордодогу бийлик толук кыргыздардын колуна өттү.

Кайсары бий Кашкарга улук болсо, Опжотай бий Ак - Суунун, Куртка бий Турпандын, Алдаярбек Котондун акими болуп дайындалды. Тактa Абдылда хан отурса да, ордо ишин кыргыздар жүргүзүп, өлкөнүн чоң шаарларын бийлеп, каалагандай тескегени хандын көз каранды болгондугу эле. Алты шаардын бийлиги түгөл кыргыздардын колунда болушу хандык даражадан да ашыкча эле. Кайсары бий Анжиан, Ош тараптан чоң багыш элин Кашкардын жака - белине көчүрүп барып ошол учурда жайгаштырган болчу.

Кашкар менен Ак - Сууда кыргыздар чоң кадыр - баркка ээ болушкан. Кийин хан кыргыздардын кайра тартпастыгына толук ишенди. Өзүнүн катачылыгын мойнуна алып, кыргыз бийлермандарын ордого тарта баштады. Ал тургай кимдир бирөөлөр кыргыздар менен араздаша турган болсо, аны өлтүрүп, мүлкүн алууга кыргыздарга уруксат берген. Колунда бийлиги болбогондон кийин, тактын үстүндө моло таштай куурап отурган Абдылда хандын санаасы сайга, ою онго кетти. Эми, эмне кыла алат? Бир гана айла - мойнундагы парызды аткарууга Меккеге бара алат. Душман көзүнө сыр бербей, башына ак селде салынып, зыярат кылмакка жөнөп кетти.

Бийлик, мансап кимди кана кызыктырбайт. Өздөрүн мураскор сезген Исмаил менен Жолборс ордого тап берип, бийликти талашып турган чагы. Ошол кезде кожолордун таянычы калмактар болуп, "-Эми бийлик биздики" деп турушкан эле.

"-Каалаcак такты алабыз. Болбосо, каалаган мураскорлордун бирин коюп, бийликти биз жүргүзөбүз" деген "ак тоолук" кожолор Жолборсту такка отургузмак болушту. Аны алдын ала туйган Кайсары бий баш болгон кыргыздар Жолборс ханды

колдогон “ак тоолуктардын” оюн таш каптырып, кыргызга жан тарткан Исмайылды такка отургузушту.

Бул оюн ушуну менен эле бүтүп калган жок. Так талашууда кыргыздардын чоң багыш уруусундагылар менен кыпчактардын ортосундагы жик бузулду. Жолборс ханды такка отургузууну самап жүргөн Жолболду кыпчак эми тымызын Койсары бийдин көзүн тазалоонун жолуна түштү. Аны байкаган кожолор, ортого от жагып:

- Чоң багыштан кыпчак кемби? Бийликтин баарын Койсары бий баш болгон чоң багыштар ээледи. Эмне кылып отурасыңар? Кашкар, Жаркен хандыгынын сүйөнчү кыпчактар эмес белеңер? Эми силер, бийликке түк жакындай албайсыңар. Исмаил эмне, силердин казаныңарга аш салып бербейт. Жолборс хандын удулу келип турат. Намысыңар болсо учурду сая кетирбессиңер!

Койсарыны көрө албаган, анын бийлигине, даңкына ичи ачышкан Кашкар төбөлдөрү кыпчактарды тукурушту. Койсары бийдин башы кутумдуктан алынды. Аталыктан айрылган Исмаил жөн турбады. Өкүмдүгүнө салып кыпчак бийлери Жолболду, Абак, Чигил, Кудайназарды чоң багыштардын колуна тапшырды. Кыпчак эли бүлгүнгө түшүп, Турпанга сүрүлүп кетүүгө аргасыз болушту. Кашкарда дагы бир жолу ырк бузулуп, ынтымак кетти. Ошентип бийлик бар жерде коогалаң чыгып, тополоң тынчыбайт тура. “Какаганга муштаган” болуп, калмактар кара таандай каптап кирди. Дале болсо кыргыз - кыпчактардын колунан бийлик кетпеди.

Хандар улам алмашып, бири келип, бири кетти. Кашкар эли алардын азап - тозогун тарта берди. Ордо нары сүр, бери сүр болуп жүрүп бир кезде кыргыз намысын кыпчактар көтөрүп, кыпчак намысын кыргыздар жөлөп, бөтөнгө таба болбой ынтымакчылыкка келишкен эле. Оомат, келме кезек тура. Кийин кыпчак эли кайра күчөп, Арзымухамбет бий бардыгын орду ордуна келтирди. Бир кезде Кашкарга кушчу, чоң багыш бийлери

өкүмдүк кылса, Арзымухамбеттин тушунда Жаркенди Каразеңги Жоробек баш болгон кыпчактар тескеди.

Негизинен келип, Кашкар бизге чоочун жер эмес. Кезинде алты шаарды түгөл бийлеп, Кашкарда Жаркен хандыгын орноткон өзүбүздүн Сокур бий кушчу баш болгон Койсары бий, Алдаирбек, Арзымухамбет, Куртка бий болушкан. Алар Жаркен менен Кашкарды, Ак - Суу менен Котенди бекер бийлешкен жок. Алар барда Кашкар тараптан бизге бир да жоо катылган жок. Ата конуштарына жолотпой коргошту.

- Моголстанды кыргыздар бийлеген дейт. Чынбы?

- Ооба кыргыздар бийлеген. Махмуд хандын бийлиги өз мезгилинде өзгөчө күчтүү эле. Алтын ордо хандары да баш ийип турган. Ал Моңголстандагы кыргыздарды жана башка калктарды кырып, калганын Чалыш менен Турпанга көчүрдү. Анткени кыргыздар Моңголстанда болгон бардык дүрбөлөңдөрдүн баштоочулары болушкан эле. Алтын ордо хандарынын урпактары болгон Шейбани хан Махмуддун жардамы менен Сыр, Амур бойлоруна чабуул жасайт. Ал Бухара Самаркан, Хорезмди басып алып, Темир Барластын урпагы болгон Бабурду кубалап чыгат. Андан соң Ташкен Паргана аймактарын басып алып, өзүнүн таянычы болгон Махмудга каршы уруш жарыялайт. Махмуд иниси Ахматтан жардам суроого аргасыз болот. Ал уулдары Мансур жана Сейит баштаган көп аскер менен Турпандан аттанып, агасы Махмудга жардамга барышат. Махмуд менен Ахмат баштаган кол менен Паргана шаарынын жанындагы Ак–Чий деген жерде Шейбани хандын колу беттешип, ага-инилер жеңилип калышат.

Кийинчээрек ага- ини биригишип Шейбани ханга кайрадан чабуул жасашып, зор соккуга учурап, Чарын - Челектин жанында талкаланат. Шейбани Махмудду кармап алып, алты уулу менен бирге Хожендде өлтүрөт. Акмат Ак - Сууда шал болуп өлөт. Акматтын чоң уулу Мансурга Ак - Суудан Комулга чейинки аймак карачу. Ал өзүн түркчө “Султан” деп жарыялайт да, бир тууган

инисин Сейит менен Халил султандарды өлтүрмөкчү болуп, куугунтукка ала баштайт. Алар "жапайы арстандар" деп аталган кыргыз урууларына келишип Ысык - Көл, Нарынга баш калкалашат Сейит мурдагы Махмудду жактаган кыргыз уруу башчыларынын жардамы менен бир хандык курушат да, кыргыздардан аскер топтоп, агасы Мансурга каршы чабуул жасайт. Сейит султандын колу Алма–Атада талкаланат. Ал Ооганстандагы Кабул шаарын борбор кылган Монголстан хандыгынын алгачкы падышасы Бабурга качып барат. Ал жерде күч топтоп Бабурдун жардамы менен Анжиан шаарын ээлейт да Нарын, Ысык - Көл, Талас, Чүй жана Иледеги кыргыз урууларын кайрадан жыйнап, өз бийлигин күчөтөт.

Ошол жылдары Кашкардагы мырза Абабакирдин бир тууган иниси Сейит Мухамбет жана Махмуд Султан, Бакчек мырза, Пишкек мырза аттуу дуулат бийлери мырза Абабакирге каршы чыгышып, Анжианга келишип Сейит султан менен биригүүгө аттанышат. Абабакир аларды кубалап Анжианга барганда Сейит султан анын колун талкалап, Кашкарга качууга аргасыз кылат. Андан көп өтпөй эле Сейит султан Чүй, Талас, Нарын, Иле өрөөндөрүндөгү, Ысык - Көлдөгү жашаган кыргыздардан аскер топтоп Торугарт ашуусунан өтүп, Артышты ээлейт.

Кашкар, Жаңы шаар, Жаркендеги уйгурлар мырза Абабакирге каршы козголоң чыгарышып, анын аскерлерин талкалашат. Мырза Абабакир ордосундагы алтын - күмүш байлыктарын алып, качууга аргасыз болот. Сейит султан Кашкар хандыгын түзүп, бир топ убакыттын соң, хандын борборун Жаркентке көчүрөт. Ошондон баштап, "Сейит султан хандыгы" "Жаркенд хандыгы" деп аталып калат.

Сейит султанды мурда куугунтукка алган Мансур инисине келип, табышат да, өзүнүн чыгыш тараптагы Комулдан баштап Жайуган жерлерина чейинки бийлигин өткөрүп берет. Ошентип Паргана өрөөнү Памир тоолорундагы Бадахшан, Жети - Өгүз,

Талас, Эмил, Алтай аймактары, түштүктө Кара-Корум тоолорунун аралыгы кыргыздардын ханы Сейит Султанга баш ийип калат.

Сейит Султан Тибет (Шизан) Ларан жерлерине чабуул жасап барып, түтөктөн өлөт. Анын ордун уулу Абдирашит ээлейт. Ал Ысык - Көл, Нарын, Талас, Паргана, Ташкен аймактарындагы кыргыздарды өз бийи, султандары аркылуу башкарып турган. Ошол кезде Жүдөмүш, Бактыберди өңдүү кыргыз бийлери Жаркен хандыгынын бийлик укуктарына ээ болуп турган.

Жаркент ханы Абдурашит да акка моюн сунуп, о дүйнө аттанды. Анын уулдары Жаркент хандыгын өз алдыларынча бөлүп алышып, бириге алышпады. Учурдан пайдаланган Ош, Ысык Көл, Кара-Тегин кыргыздары өз алдынча хандыкка биригишип, Кулубек бийди хан көтөрүштү. Бир топ убакыт өткөндөн кийин Абдурашиттин уулу Абдылда хан. Жаркент хандыгын кайрадан түптөөгө аракетинде. Ошко катуу чабуул жасайт. Отуз уул кыргыздарын баштаган Кайсары бий Абдылда ханга каршы бет алганы менен жеңилүүгө учурайт.

Султан Мухамед хан Жаркентке жортуул кылганда аны жети миң аскери менен кушчу уруусунан Сокур бий колдоого алып, кийин жеңишке жетишип, ал алты шаарга аким болду. Кийин Кылыч хан атыгып кеткен. Мухамед хан өлгөндөн кийин Кашкардагы козголоңдордун убагында Тилеке бий эки миң Байбото кара үч миң адамга баш болушуп, кыргыздар Уч менен Ак-Сууга кол салышат. Жортуул убагында Учту талап–тоноого үлгүрүшкөн. Моңолдор аларга Жаңы–Арт ашуусунун түбүнө жетип келишет.

Темир Султандын аскерлери (Мухаммед хандын небереси) аларды талкалайт. Байбото кара эки миңдей адамынан ажырайт. Калган миңдей адамы жеңилгендиктерин билдиришип, соотторун моюнга илишип Султанга келишет. Андан соң Тилеке бий да тартууларын алып келип, кечирип сурайт. Султан баарына кечирим берген. Монголдор менен кыргыздардын ортосундагы кайра кагылышуу Шахназ айлын кыргыздар талап

тоноодон улам келип чыгат. Хан алардын артынан куугун жиберет. Кыргыздар буктурма уюштуруп моңолдорду кайра кайтууга аргасыз кылышат. Кашкардын акими Жолборс Жаркенге хан болуп турган агасы Абдылдага Кушчу уруу башчылары Каракүчүк бий, Сатим бийлердин он миңдей колуп чаптырган.

Абдылда хан такка отургандан кийин бир нече жолу кыргыздарга чапкын уюштурду. Аскерлерин баштап келип Оштук кыргыздарды басып алып тополоң салат. Кайра кайтканда кыргыздардын колу хандын артынан кууп жетпей калат. Беш Мойнокто Моңолдук акимдерге катуу сокку беришет.

Абдылда хан кайрадан кыргыздарга чабуул жасайт. Койсары бий отуз уулду баштап келип Ак -Сай жайлоосунда хандын кошунун талкалайт. Хан кайрадан күч топтоп Кыргыздардын Уч менен Ак -Сууга кол салуусунун мизи майтарат.

Кийинки жылы хан кайрадан кыргыздарга жортуулга чыгат. Кыргыздардын башында Тилекенин уулу Койсары менен Жолболду турган. Хандын "Ак-Сай" жортуулу (Ак-Сай черик) деп аталган. Ийгиликсиз болот. Кыргыздар кайрадан түп көтөрүлүшүп, душманга коркунуч келтиришип моңголдордун аскерлерин талкалашат. Абдылда хан бир тууганы Ибрагимдин баатырдыгы менен аман калат.

Абдылда хан узакка созулган бийлигинде Анжианга эки жолу удаама-удаа басып кирет. Кийинки келишинде кыргыздардын он миңден ашык аскерлерин кырдырат. "Монголстан токойлорунун арстандары" аталган кыргыздар улам алоолоп, кайра-кайра душмандарынын тынчын алып, каршы чыгып турушкан. Абдылда хан бир туугандары Ибрагим менен Ислам султанды монголстандан кууп чыгып, бийлик жүргүзүүдө кыргыздарга таянган. Өз баласы Жолборс хандын көтөрүлүшүн кыргыздардын жардамы менен баскан. Ал үчүн кыргыздар жогорку бийликтерди ээлешкен. Ага монгол бийлери нааразы болушат. Анын бир туугандары жана уулдары бири-бири менен хандыкты талашышып, өзүн тактан алуу үчүн көп аракет кылышып

согушууга чейин барышты. Хандын уулу Нураддин, иниси Жолборстун ортосундагы карама каршылыктарда Чумак бий дайыма хан тарабында болгон. Хандын кыргыз бийлери колдоп Жаркент хандыгынын бүтүндүгүн коргошкон.

Бийликке кожо Махмуд Аззамдын кенже уулу Ысак кожонун өкүлдөрү "кара такыялуулар" менен улуу баласы негиздеген "ак такыялуулардын" ортосунда атаандаштыктан улам, карама-каршылыктар күчөгөн Койсары бий баштаган кыргыздар "ак тоолук" кожолорду Каргалык деген жерде талкалаган.

Кыпчак Арзумухаммедбек баштаган кыргыздар Хан урпактарынан Мухаммед Момун султанды (Ак баш ханды) хан деп жарыялашат. Арзумухаммед Жаңы Гиссарды, Кашкарды каратып алып, кыргыздар жайгашкан Чыгыш Түркстанга бийлик жүргүзөт. Монгол төрөлөрү Ак баш ханды бузуп, жакындаша баштаганда Арзымухаммед Ак башты өлтүрүп, ордуна Чагатайдын акыркы урпактарынын өкүлү Султан Акматты такка отургузуп, бийликти өзү алган. Арзымухаммедди кыргыздын дөөлөс, кесек, чоң багыш, кыпчак, кушчу, найман уруулары колдогондуктан бийлик кыргыздардын колдорунан чыккан эмес-деп сөзүн аяктады.

- Бөкөй бий маслатка чакырат?-деди сырттан кирген жигит.

- Баары жабыла эшикке чыгышты.

****

Анжиан аймагындагы төбөсү көрүнгөн бийлерден ээрчиткен Бөкөй бий кашкарга жол тартты. Узатууга келген жек-жаат, куда-сөөктөрдөн тандалып билармандардан башка кары-картаңдары айылда калды. Алардын арасында.

- Мен да, кошулуп барсам болмок. Атым аталбай калды деген таарынгандар.

- Жакшы гана болду. Жүр десе, эмне деген шылтоону айтат элем –деген "үй күчүк" аталып үйүнө жашынгандар да көп эле. "Адам аласы ичинде" демекчи, өзүн көптүн катарында сезип,

“экөө болсо бири мен, жалгыз болсо өзүмүн”- деп айдаган малына, үйдөгү акылына дөгүрсүгөнү менин башка бирөөлөргө айта келсе акыл чыкпай, сурай келсе ажат ачпай “баягы караандын” бири катары жүргөндөр көп эмеспи. Ал эми айрым үйүнөн алысты көрө албаган “жашы менен жашташмын”, “аты менен уйкашмын” деп, эл коргогон эрлерге, топ башкарган бийлерге, акылман, өнөрпоздорго өзүн теңеп, дымак байлагандар да “сандын катарында”, “кой аксагы менен миң” демекчи калк караанында, көп ичинде башкалар көчсө көчүп, суудан өтсө өтүп, тиричилик өткөргөндөр “капылеттен сөз жиреп, карааны менен топ жиреп” жүрөт тура. Алардын колунан айыл тагдырын чечмек, журт намысын ойломок кайда. Кур намыс менен курсагы тойгонго каниет кылган көптүн бири.

Айылдан алыстап жол арбыган сайын сапардагылар сапка созулуп, баш аягы билинбейт. Ата-бабалардан калган салт боюнча тартууга тогуздан тогузду тогузу топтоп, кербен тарткан төөлөргө Паргана аймагындагы буюм–тайым жүктөлгөн. Андан соң тандамал аргымактар баш болуп, асмандагы куштан, жердеги төрт түлүккө чейинки байлык аталган мал- мүлктүн тогузунан тогуздалган түрү алынган. Баарынан да көзгө көрүнүктүүсү кара кулак кабылан эле. Ал комдолгон төө үстүндөгү, тумчуланган тордо селкилдеп, хандын кызындай ардакталып бара жатты.

Төө демекчи, ал байкуш төрт түлүк малдын ичиндеги жоошу да, моосу да, ысык, суукка чыдамдуу, баары -жокко нысаптуу, арып-чарчабаган, жүктү көп көтөргөн мал. Топуктуулугун айт. Айлап жүрсө арыбайт, жүк көтөрүп талыбайт. Сөөктөн өткөн суукту, мээ кайнаткан ысыкты тоготпой, суу ичпей жүрө бергендиктен, дүйнө элдеринин баары кербен тарткан киреге пайдаланат. Байкуш төө баарына чыдайт. Ошондой улам элде “Зор болсоң да төөдөй бол, кор болсоң да, төөдөй бол” деген ары ыраазычылык, ары нааразычылык кеп айтылат экен. Мына, азыр да азуусун айга жанган, күчүн тоого сынаган кара кулак шер

кабыланды үстүнө артып койсо, жетелеген жакка басып, "чөк"десе жатып, келе жатат. Анда-санда кемечтелген оозунан күрүлдөгөн доош чыкса, бүткөн бою дүркүрөп, жытынан итиркейи келип лөк–лөк желип-жортуп коюп, ээсинин оюу-талабынан чыкпайт.

Заман тейинен заарканып, карышкырдай каардуу, түлкүдөй жойпу учурда жашоо опурталдуу. Күнү кайгуулда, түнү кылыч жазданып, найза кучактап жатып сак болбосо, малды талап, катын- баланы олжолоп кетчү жоо сагалап турган чак. Эр жигиттердин бешенесине мүшкүл иш түшүп, баш канжыгада, кан көөкөргө ченелип, күндүн бети күнгүрт, айдын бети бозомук тарткан мезгил. Жымыңдаган жылдыздын, күлгөн элдин жүзү көрүнбөйт. Жоо тыныгып, ажал арсарсып турган шартта баш аякты жыйып "Эртеңкинин камын жебеген, эли ыйлаган зарын жейт" деп айтылгандай, элдин камында, алдыдан өтүп, көңүл алмакка бараткан топтун мойнунда, опол тоодой милдет тагылган эле.

Болбосо, алты шаар Кашкар хандыгынын түбү тээ ата-бабасынан бери уланып, ордодо хан болуп төрөлүп, сасык саясатын, каардуу өкүмүн кан тамчылаган куралы менен коргоп, бийлигин жүргүзүп келди дегени менен каргыш тийген ордо, талашка түшүп, ошол хандардын кандаштыгынан улам, бир ийиндеги чөөлөр биринин башын бири жеп, кесепети элге тийип, өлүк тоодой үйүлүп, кан суудай агып, жылдан –жылга өтүп эч бир тынбай келди. Ушул чакта да атасынан алган хандыгын балдары талашып, ата-бала, бир туугандар жоо болуп, жырткычка айланып отурат. Муну жакшы билген бийлерди санаага батырган көйгөйдүн дагы да, чети оюла да элек эле.

Бир элден экинчи элге, айрыкча хан алдына баруу өтө опурталдуу "Жол азабы көр азабынан да", алыскы жолдо ар кыл кырсыкка кабылышы да мүмкүн. Айрыкча кооптуу мезгилде капылестен каракчылар каптап, «кайдан чыга калат» деген кооптонуудан улам жолдо баратканда эки тарапты карап

элеңдеп, түнкүсүн түнөгөн жерде да, сактана таң аткыча кирпик какпай чыккан күндөр да болот. "Жаман айтпай жакшы жок". Эмне балекет болорун ким билет? Заман тейи башка, бир көзүң, экинчи көзүңө жоо чакта–бирөө эч кимге кепил боло албайт. Айрыкча Кашкар хандыгында калмактар капсалаң салып, кожолор коога кылып, ордонун ичинде бузукулук каптап, адам баласынын баасы бир чегим наска арзыбай турган чакта, ким кимге кепил болот? Жөн жүргөндү жөөлөп, жолоочуну тоноп, алсызды алдап, бечараны кулдаган шойкомдуу мезгилде, кылдан кыйкым, тукумдан кыр издеп, хан каарына алып, зынданга салдырбайт деп, ким айта алат. Жоо чалбайт, каракчы тонобойт, хан каарына албайт дегендерге кепилдик барбы?

Кашкар бийлигин кырсык чалып, онтоткон оорусу шишикке айланып, ириңдеп баратканын баары эле билет эле. Дегинкиси келип кыргыздардын жарымы Кашкар хандыгынын алты шаарынын аймагын жердесе, жарымы Фергана аймагы, Теңир Тоо тегерегинде жашашкан. Аларды бириктирип бийлик жүргүзөм деген монгол хандары эчендеген катуу кармаш, кан төгүлгөн согуш жүргүзсө да, кыргыздар ага моюн сунбай каршы турду. Ал тургай ордого коркунуч келтирип, эчен жолу так талашкандарды баш кийим алмаштыргандай алмаштырышып, өз билемдиктердин өкүмүн жокко чыгарышты. Айласы кеткенде хан бийликти бербесе да, ордо ишин жүргүзүүдө кыргыз урууларынын бийлерин тартып, өз бейпилдигин кармап калууга аргасыз болду.

Анжиандык кыргыздардын келээрин билген Абдылда хан чоң даярдык, өзгөчө салтанат менен тосту. Атайлап оюн уюштуруп, дар ойнотуп, улак тарттырып, соорун таштатты. Жоокерлерин эки сапка тизип, меймандарды аралата өткөздү. Шаарга жакындап киришкенде, замбирек аттырып, аземделген Кашкардын калың килемдерин оңор эмес жолго төшөттү. Мындай салтанатты такыр көрө элек шаардын эли, жарданышып, көчөлөргө батпай турду. Ушул күнү Кашкар, улам-

улам атылган замбиректин дүңкүлдөгөн үндөрүнө тунуп, шаардын эски дубалдарыны бети түшүп–упрады. Абасы дары жыттанып, төбөдө көк түтүнү уюп, көпкө кетпей койду. Кашкар ичи ийри–буйру көчөлөрдөгү үйлөргө жыш. Тим эле, жай мезгилинде суу боюндагы сан чымчыктар уя салган жардын эле өзү. Миңдеген ат туяктарынан сапырылган топурак, чаңга айланып, шаардын төбөсүн бозомук булут басып турду.

Анжияндык кыргыздар Кашкардын үп болгон табын жерип, шаардын сыртындагы, шапаталуу дөбөнүн айланасына жайгашышты. Тартуу-соогалар тапшырылган соң, меймандар бир жаңсып колдору бошоп, эс алмак болушту.

Жакып баатыр жүз башчыларды чогултуп, катуу тапшырма берди. Сап-сап болуп тизилген чатырларды тегерете күзөт койдурду.

- Бөтөн эл, бөтөн жерде – бейкам жүрүүгө, жай жатууга болбойт эле. Балакет кайдан чыгат. Баарына азыр бол. Кошун кечке тынып түнү менен уктабасын. Эгер күзөтчүлөр турган жеринде уктап калса, чаап салгыла! деп катуу буйрук берди.

Ар бир чатыр алдында от алоолоп, ары -бери басып жүргөн күзөтчүлөрдүн караанı таң аткыча тынган жок. Эрте менен хандын вазири чабаганчысы менен жетип келди.

- Хан меймандарды эрте мененки сыйга чакырат? Түгөлүңөр менен келгиле? деди.

Анжияндык бийлерди Абдылда хан ак сарайында кабыл алды. Хан сарай дөмөкчи ичи тим эле мизилдейт. Таманына дубал беттерине сыйдаланган таш төшөлүп аземделинген. Атайылап согулган кыргыз килемдери жерге төшөлүп, жайлоонун гүлүндөй кулпурат.

Ордонун айланасы абдан коозделуп, түркүн түстүү гүлдөр эгилиптир. Суу ар-ар жерде шаркырап, атылып турат. Сыртта ысылагандар, бул жерге келгенде салкындана, сырт кийимдерин чечинишип жеңилденишти. Гүл бакты аралашып, чет тараптардагы тосулган тор ичин ар бөлүккө бөлүп, ар түрдүү

кайберендерди камап коюшуптур. Илбесин - канаттуу куштар бир бөлөк. Бөдөнөсү сайрап, тоту кушу сүйлөп тим эле азан- казан. Бул жай «хандын ажайып канасы» деп аталып, аны кароого атайын адамдар бөлүнүптүр. Ар бирине азык – оокат берип тойгузганга оңор эмес жем- чөп, азык -оокат керек болоору дайын эле.

Ак сарайдагы учурашууга хан мурдатан биреөлөрдү жиберип, маалыматтарды алдырганбы, же сурамжылап билип алганбы, меймандардын ар биринин атын атап, сурап отурду. Бийлик эгесинин чылк жибекке оролгон денеси, назик көрүнүп, эч кандай жоокердик белги билинбейт эле.

Таанышуу Бакал баатырга келгенде ал атайлап табырка кыла тиктеп, улам улам суроо узатты.

-Чындап эле жырткычты, өз колуң менен кармадыңбы? Өлтүрүп коёт деп корккон жоксуңбу?

-Азирети, таксыр? Алла Таала пендесине бир эле өлүм берген. Ал өрттөнбү, сууданбы, тоодонбу насибине жараша экен. Коркуш эсиме да келген жок.

-Кызык. Мен биреөлөр «жолборс чааптыр» дегенин уккамын. Бирок, кабылан менен кармашып, анын тутканын силерден көрүп угуп жатам. Жырткыч эмне, колго үйрөтүлгөн беле?

- Өкүмдар, бизде жырткычтарды, кайберендерди колго кармабайбыз. Талаада, ээн-экин жүрүшөт.

-Алардын тамактанышы кандай болот?

-Жолборско, кабылан сан кайберен жолукса да, биреөсүн жейт. Ал ынсаптуу, таза жаныбар.

-Менин жолборсторум эмне тамакты жакшы көрөрүн билбейт экемин.

Хандын айткандары да ырас эле. Көбүн эсе ордодогу жырткычтарды кароого атайын кызматкерлер бекитилген. Алар күн сайын карап, тамак берет. Кээде, өтө эле жазасы оор кылмышкер аталган айыпкерлер жырткычтарга тирүүлөй жөм болушат. Аны хан жакшы билээр эле.

Кербендин кырсыкка кабылышында силер тараптан күнөөнүн жоктугун мага айтышты. Бирок, кайсыл мамлекет, андагы кандай гана милдет болбосун кербендерген кам көрүү, аларга жардам берүү вазийпасын аткарууга карыздар. Сабап, кербен дүйнө кыдырып, кудайдын–пенделерин бири- бири менен байланыштырып турат. Мындан кийин да кербендин коопсуздугун ар дайым астейдил кам көрүшүңөр керек. Биздин кербенчилер Терек дабанынын этегине "кербенкана куруу керек" дешти.

Экинчи маселе мусулман мамлекетибизге каапырлар: чиндер менен калмактар коркунуч келтирүүдө. Аларга каршы турууга чараларды көбөйткүлө дедик. Мусулманчылыкта каапырлар менен жүз тиктешүү да күнөө экендиги белгилүү. Аларга каршы турууда аскер топтойсуңар. Газаватта баарыбыздын жолубуз бир. Эгер буга макул болбосоңор, чиндер менен калмактардын колун силер тарапка өткөрүп жиберем. Анда, эмне болоруңарды өзүңөр ойлогула!

Дагы бир маселе, ордого жыл сайын алым төлөйсүңөр. Буга да макул болбосоңор, ак үйлүүгө адам жөнөтөсүңөр.

Өкүмдар, кербен кананы курууга болот. Бирок, аскер топтоп, алым төлөө, ак үйлүү маселесин кийинкиге калтыра туралы. Анжиан эли менен кеңешпей туруп, макулдук берүү, алабармандык болоор?–дешти Бөкөй баш болгон бийлер.

Хан саамга ойлоно кетти. Ырас, булар макулдук бербесе эмне кыла алат? Баягы мезгил болгондо, бир жөн. Анда каруу-күчү жетиштүү эле. Айтканы айткандай аткарылчу. Эми кыйын, ордо ичинен жик чыгып, хандын бир тууғандарын, балдарын бөтке туткан ичти ириткен бузуктар, улам күч алып барат. Акырын колтукка суу бүркүп, бийликте жетүүнү көздөгөндөр ар тараптан аракет кылышууда. Муну так эгеси жакшы билет. Андыктан кыргыздарды колдон чыгарбоо керек. Кыргыздар канткен менен бийликке таза, булганч ишке барышпайт. Эки жүздүүлүк кылбайт. Көбүн эсе адилеттик үчүн күч үрөшөт.

Ордодогу биларман кыргыздар булар менен байланыш. Эмне иш кылышса да, масилаттары бир. Анжиан кыргыздарын колго алууда, ойлонуп иш тутпаса, кийинкилиги кандай болот? Аны эч ким билбейт. Катураак талап коюп, буларды өзүмдөн алыстатып албайын деген -ойдо, так ээси сөздү башка жакка бура кетти. Аны кызыктырган, ары таң калтырган жырткычтардын падышасы- кабылан менен кармашкан баатыр эле.

- Сенин жырткыч менен кармашкан даңазаңды уктук. Баатырдыгыңды бизге көрсөт, Кашкар эли да, атыңы аңыз кыла жүрсүн? – деп хан Бакалды сынай карады.

Баатыр хандын ичи уйгу-туйгу болуп, ою бөлүндү экенин туйду. Шылтоо таап, келген меймандарды кечирим суратууга аргасыз кылаар айла издээрин түшүнүп, ар бир кыймылына дит коё угуп отурган.

-Өкүмдар, макул. Сиздин талапты аткаралы. Биздин ойлогон максат, суроо-сопкутубуз эсиңизге аларыңызга биз ишенели.

-Ага келишебиз баатыр. Мен үч талап коём. Аны аткара алсаң, сенин соболдоруңду чечелик–деп ичинен ойлоно кетти. Кыргыз мүнөзү эзелтеден эле ушундайбы. Ордо тартибин ойлоруна алып да коюшпайт. Хан менен тең ата сүйлөшүп, ар бир сөздү, жөн кетиришпейт. Бакал баатыры да кайра тартпастардын бири экен. Эч жалтайлаганы билинбейт. “Ордого кал десем, калаар беле?”

Теңир–Тоолуктар илгертен эле “жапайы арстандар” аталышы бекеринен эмес го? Ата – бабалары тээ илгертен бери эле, мына ушул кыргыздардын ата – бубаларын бетке тутуп, душмандар менен кармашып жүрүп, бийлигин сактап келбеди беле?

- Булардын көңүлүн алып, имерип туруу керек! “Коркутуп, зордуктап баш ийдире албайсың” – деген Абдурашит хан чоң атасынын насааты эсине түшө калды.

Өкүмдарлик эчен жылдар өзүнүн урпактарынан башка ыйгарылбады. Анткени менен бийлик талашка түшүп, хан деген

так алыш үчүн бир тууганлар: агасы инисин, иниси агасын, ал турган ата баласын, бала атасын аяшкан жок. Так талашка түшүп биринин башын бири алышты. Кызганычтан, улуу монгол каганаты тыркырады. Анын кесепетинен кан суудай акты. Адам башы оюнчукка айланып нечен жолу “калда мунара” тургузулду. Көп жайда адам денелери көмүлбөй калды. Аны хандын урпактары ойлоп да коюшпады. Өздөрүн бийлик үчүн гана төрөлгөндөй сезип келишти.

Моңголдордун жер бетин таптаган кандуу изи, Кашкарга да жетип, эчен кылымдар ичи доор сүрүп, атадан балага мурас калып турду. Чынгыз хандын уулдарынан тараган-бир туугандар өзүнчө болуп, башка элдерди өздөрүнө сиңирип, жергиликтүү элдин эрежесин, туткан динин кабыл алуудан баш тартышкан жок.

Мусулман дининдеги Абдылда хан кырк жылга жакын Жаркент, Кашкар хандыгын башкарып келсе да, өлкөдөгү саясатты кыргыздар жүргүздү. Кутумдардын сөзүнө кирип, кыргыздарды бийликке жакындатпайм деген ойлору эчен курдай ишке ашпады. Бийликтин күчү, куралдын пеши менен аларды чөгөлөтүп алым алып, аларсыз эле ордону күчөтөм деди. Ага жөндөн- жөн кыргыздар баш ийбеди. Бир нече жолу Ак –Чий, Ак-Суу, Турпан кыргыздары козголуп, ошол аймактагы хан өкүлдөрүн айдап чыгышты. Аларды жазаламакка бир нече курдай көптөгөн черүүлөрдү өзү баштап барып, мал-мүлкүн талоонго алдырды. Колго түшкөндөрдү кул кылып жумшап, жаштарын ордо жакшыларына бөлүп да берди.

Бирок, тоо–ташка качкан аз кол, кайрадан биригип келип, хандын колун камоого алды. Кайрадан, хан эчендеген черүүлөрүн курал менен жөнөттү. Теңдешсиз кармаш эчен жылдарга созулду. Алар менен алек болуп турганда кожолор элди бөлүп-жарышып, ордого андан бетер тынчтык беришпеди.

Хан айласыз ордого кайрадан кыргыздарды тартып, баш көтөргөндөргө чин, бийлик берип эптеп ордону сактап калуу

амалын ала жүрдү. Кыргыздар так үчүн оңой жоо эмес эле. Каалаган күнү чогулуп келип чаап, талкалап кете беришчү. Таланган- олжолонгон мүлк кетип, таланган калаа кала берчү. Аларды тынчытыш үчүн бирине бирин күш-күштөп, отуз уул менен ичкиликтер ортосун көөлатты. Ошонун кесепетинен бир эл, эки топко бөлүнүп, ырктары кетти. Бирок, кыргыздардан да, кожолордун козголоңу күч эле. Алар бийликке жетүүнүн аракетинде атайлап, калмактарды баштап келишти. Бир чети ордону сактап калууга, экинчиси кожолорду колдогон калмактарды сүрүп чыгарууга Анжиандык кыргыздарды тартууну ойлогонун өзүнөн башкалар биле элек эле .

Хандын талабы менен Бакал баатыр жолборс тутуп келүүгө аттанды. Жергиликтүү элден, бийлик ээлеринен алыскы жагдайды, тоо шартын сураштырып жүрүп, «Жолборстуу» жылгасына барууга камынды. Алдын из чалып, жолборс кай жерге келип, кай жерге түнөөрүн билмекке, алыскы жайдагы адырлуу тоолорду, чытырман токойлорду аралап жүрдү. Ээрчиткен жигиттери куралчан. Ар биринин колунда соройгон найзалары бар. ”Жолборстуу” аталган ортодогу чоң жылгага жете келишип, акылдашкандан соң, топ-топко бири-экиндеп бөлүнө жөнөштү. Алар барган жайдагы камыш аралашкан чытырман токой, ным жыттанган, адам изи чанда баскан жай эле, Көпкө издеп жүрүп Бакал саздын жумшак ылайына баткан изди көрдү. Адаттагыдай эле шериктерин талаа өрдөгүнүн эркегиндей болуп үн чыгара белги берди. Аны уктук деген белги угулуп, шериктеринен баары кайра чогулушту.

-Туугандар, көктөн издегенибиз жерден табылды. Мен из кууп барып, жаткан жайын байкайын. Силер кыл аркандарды чогулткула.

-Бөтөн жердин ой-чуңкуру көп. Бөлүнбөй чогуу баралы! –деди Кубат.

Жок. Жалгыздап жүрөлү. Кобурубузду укканда, ал жаткан жайынан чыкпай да коюшу мүмкүн.

-Анын ырас. Биз сенен көз айрыбай жүрөлү. Камыштуу колотто, алар эки үчтөн жүрөт эмеспи. Бөлүнбөйлү деди. Абак балбан.

Мейли колоттобой, кыр жон менен өйдөлөгүлө деп Бакал жапырылган камышты аралай жөнөдү.

Карагай бутактуу калың чер менен акырын дабыш чыгарбай, басып баратты. Анда -санда куу бутак тебелендиде калып, «кырс» этип сынганы угула калат. Бир топ жайга жеткенде майда камыштар уйпаланып калганын байкады. Андан ары жыла басып, чөп–чардын үстүнөн сүйрөлө жапырылган изди көрдү.

-Аа, болду- болбоду жакын жайда экенсиң -деди ичинен.

-Кр-ряк, кр-ряк, кр-ряк деген эркек өрдөк кыйкырды. Аны улай, эки тараптан добуштар үн алышты. Бул "Жакын келгиле" деген белги эле.

Баатыр аяр басып, алдыга жыла берди. Капилеттен сагызган шакылыктап, чымчык чочуп учкан тарапты үңүлө пайлай жатып, аркан бою жерде дөңкөйүп жаткан айбандын караанын байкады. Жапырылган көк чөптү дааналай, дит коюп караса да, кандай айбандын денеси экени билинбейт. Көкүрөк туштагы өңүрүү сөгүлүп, кызарган дененин өпкө жүрөгү суурулуп алгандай. Жырткыч кайберенди жаңы эле алып, жалгыз жеп, тойгондон соң, чыга берген окшойт. Сагызган, кузгундар көбөйө элек экен.

Тойгон жырткыч алыс кетпейт. Ушул ортодо эле, болсо керек. Бир болсо, карды тоюп, бейкам уйкуга кеткен. Эгер, жолборс анык болсо, ал эч нерсени тоготпой уктайт. Жакындап жылып, бара берсе болчудай. Улам эңкейип боюн жашыра акырын жыла басты. Аны көргөн сагызган тынбай шакылыктай баштады.

-«Тумшугуң сынсын. Ууру»!- деди сагызганга жини келе.

Сагызган менен кузгун өлүмтүккө өтө жакын. Кайдан болбосун жетип келишет. Айрыкча сагызган шектүү, бир нерсе көрсө, шакылыктап безилдей берет. Аны байкаган аңчылар сагызганды чочутуп, учуруп, анан кайберен, илбесин атууга

аракеттенет. Болбосо, сагызган кайберендерге шек берип коёт. Жапайы айбандардан түлкү куу. Канаттуудан сагызган сак. Экөө тең оңойлук менен колго түшпөйт.

Аны жакшы билген баатыр, абайлап көз салып жатып, дүпүйгөн кара комок долоно, шилбинин үстүндө сагызган учуп конуп, шакылдаганын байкады. Шамдагайлык менен алыстан көргөн кайберендин денесине жакын келди. Көрсө ал элик экен. Ичеге карыны аңтарылып жерде жатат. Жалаң сулп этин сугунуп, сөөктөрүн калтырыптыр. Аябай тойгон окшойт. Көкүрөк мойну, башы бүтүн болгонуна караганда, жалгыз өзү жегендей. Аны, али чөө бөрүлөр да байкай электигине караганда, жырткыч түнөгү бул жерде эместей. Ал чабыттап келе жатып, эликке туш келип, билгизбей басып калгандай. Эликтин жаңы, кандуу этин жеп, көңүлү тынгандан улам, көлөкөдө катуу уктаган. Жырткыч-кайберендердин сырын жакшы билген баатыр, чогулуп келген шериктерине шыбырай эскертти.

-Баарың, жеңил кийингиле. Тиги чарды көздөй жылып барып, орой басып келгиле. Шек билинбесин. Эгер, бизди туюп калса, кур жалак калабыз.

-Баатыр сиз кай тарабынан барасыз? - деди Акбото.

-Мен, тике маңдайдан чыгам. Силер аны ойготуп, черден бир аз чыгарып берсеңер эле болду. Өзүм калганын бүтүрөм деди.

Шериктеринин анча-мынчасынын ооздоруна кеп кирбей, жаактары шакылдап, өздөрүн жогото титирей башташты.

-Баатыр ушул кейпиңиз менен кармашасызбы? - деп суроо салды Үмөт.

Баатырдын билектери көрүнүп, жука жеңдүү кыска көйнөкчөн эле. Башын келе жатканда куру менен таңып алган болчу.

-Соот киймек белем. Боло берет.

-Кокустан, ал эки колу менен чапчып, азуусу менен чайнап коюшу да мүмкүн. Этият боло көрүң, баатыр? деди Тойчу.

-Кой баатыр, сактыкка кордук жок деген. Эмнеси болсо да, бой- башты калыңдай көрүңүз? деди Мөнө.

-Мен силерди аркан алгыла деп эскерткем. Кана, мага жардам берем дегениң келип, аркан оронгула деди Бакал.

Өзү узун кыл арканды сол колуңун билегинен баштап заматта карысына чейин орой салды. Экинчи аркан оң колуна чырмалды. Денеси бетинен ылдый белине чейин кыл аркан менен тыгыз оролду. Ага шерик болуп барчу Абак менен Белекке кыл аркан оролуп, курч бычак берилди.

-Эми, силер орой басып келгиле. Улам жакындаган сайын чоң таштарды чарга ыргытып, уйкусун бузуп, чардан чыгууга аргасыз кылгыла. Мен билинбей барып, маңдайына жетүүгө аракеттенейин,–деди баатыр.

Шериктери болжошкон жайга заматта жетишип, чарди орой улам жакындап келишти. Бир-экөө анделектей болгон таштарды, баягы зүңкүйгөн чарди көздөй ыргытты. Капилеттен жолборстун "күр- р" эткен ачылуу үнү угула калды. Жакын барган Бакал жумшак үн менен

-Ассалоом алейкум баатыр. Барсыңбы? деди үнүн бийик чыгарып, Адам үнүн уккан шер дагы "күр-р" этти. Мунусу алик алгандай туюлду.

- Учурашканы келдик. Кабыл ал бизди?

Жырткычтын добушу, дагы катуурак угулду.

-Кана, чыга кел? Ачууланба?

Чардын ичине, улам эки жактан топ-топ эте таштар түштү. Кээ бир таш барып, ташка тийсе, кээ бири бутакка тийип, шатыр этип чочутуп жатты.

Бейкам жатканда, тынчын алгандарга ачууланган шердин үнү "күр-р, күр-р" этип даана угулду.

-Шер, тынчыңды алып койдукпу? Ачууланба? Кана көрүшөлү? Же беттешелиби? Кел, келе гой?

Топ-топ этип, түшкөн таштардын үнү да көбөйдү. Баятан бери, башын көтөрүп жаткан шер, ордунан туруп, буту-колун

жаза чиренип, оозун чооң ачып, басуудан зеригип, сыртты тыңшай туруп калды.

-Шер, уйкуң кана элек беле? Чыгасыңбы? Күтүп калдык, бол эми? Чыксаң карааныңды көрөлү?

Чардын үстүнөн ыргытылган таш келип жырткычтын жонуна тийген окшойт.

Ачуу менен "күр-р" эте, күрүлдөп чыга берди.

Улам-улам адамдардын кыйкырыгы тоону жаңыртты. Ачууланган жырткыч, азууларын арсайтып, чубалган куйругун булгалай, алдыга жүткүндү. Баятан бери тынчын алып, ачуусуна тийген немени, чап серпип, ыргытмакка даярданып, бүгүлө калып, секиреринде баатыр шамдагайлык менен шап эттирип, кекиртектен алды. Күү менен секирген жырткыч, солк этпеген адам күчүнө кабылып, кекиртеги катуу колго урунуп, кычкачтай болгон манжалардан кысылып баратты. Эки алптын карааны тирешип калды. Жырткыч, аны курч тырмагына илештирсе, чапчымак болду. Алдыңкы эки колу менен чапчыды. Тыкыс, чың оролгон кыл арканга курч тырмактары илине калып жатты. Баатыр аны өз денесинен алыс кармап, таканчыктаган арткы эки бутун тогонек чалып, жамбашка салмакка аракет кылса, жырткыч ага моюн бербей, улам чапчылап жатты. Ансайын, кычкачтай бекем кармаган манжалардан улам кекиртеги кысылып, деми чыкпай баратты.

Эки сырттандын айкашы көпкө созулбады. Арике менен Мөнө жетип барышып, тиреше таканчыктап турган жолборстун эки арканкы бутун экөө тең кармап, шарт тарта келишти. Жырткыч деми чыкпай, тумчуккан үнү менен «күр-р» эте шалак жыгылды. Баатыр анын үстүнө түшө, кекиртегин коё берип, эки кулакты бурай кармап, шап минип башын ныгыра басты. Кыры менен түшкөн жырткыч оонай калып, улам төрт буттай чапчып, бошонуунун аракетинде ачуулана күрүлдөдү. Арике менен Мөнө шап, баатырдын аркасына учкаша жабышышты. Баятан бери мөңкүп, туруунун аракетиндеги шер, кыймылдоого аракети

көлбей, сулк жатып калды. Азууларын арсайтып, оозун чоң ача, күрүлдөп жаткан жырткычка, заматта жетип келген Абак куу кайыңды кемөөч сала, кайышты орой байлады.

Аңдып турган жигиттер жырткычтын колу-бутун чытырата таңып, чие байлаганга үлгүрүштү. Өпкөсү өпкөсүнө батпай, демиккен Бакал колун кабыландын эки кулагынан бошото, тура келди. Жырткычтын курч тырмактары тийген карысы, көкүрөгү канга боёлуп, тилингени айкын көрүнүп турду. Катуу, чытырата, тыкыс оролгон кыл аркан этине батып, кан жүрбөгөн колдору көгөрө түшүптүр. Кабыландын тырмагы бетине да тийгенби, из түшүп, кан катып калганын шериктери байкашты. Айры бутту адамдын сырттаны менен төрт бутту жырткычтын сырттаны бири-биринен айбыкпай, кол салышышы чанда гана кезигери белгилүү. Бүгүнкү кармашты көргөндөрдүн бардыгы экөөнө таң беришти. Эгер Бакал чыныгы эр жүрөк болбосо келмек эмес. Ал эми жолборс да анык сырттан, таш жүрөк болбосо, адамдардын жыты келип, караандары көрүнөөрү менен качып кетмек. Экөө тең коркунучтуу эстен чыгарыша, өлүм менен тең тайла кармашышты. Экөөнүн бүгүнкү айкашы чыныгы эрдик эле. Бакал баш болгон топ, токойдон кайың кыйышып, атка сүйрөтө, жырткычтын зор денесин ага жүктөп, Кашкарга кирип келишти.

Күрүлдөгөн жырткычты кемечтеп, алып келе жаткан топту көргөндөр таңыркамак тургай, жабыла качып жатышты. Кашкардын кыйма-чийме эл батпаган көчөсү алар өтүп баратканда бош калып, караандары бир топ узагандан соң, артынан моюндарын созо, таңыркай тиктегендер көбөйүп, көргөн окуяны талашып жатышты.

-Оо, жырткыч тирүү экен.

-Кантип, кармап алышты?

-Ким кармаса да, таш жүрөк экен.

-Жырткычтын сүрүнөн эч ким бара алгыдай эмес.

-Эмнеге, оозуна жыгач салып, байлап койгон?

-Кадимки эле жомоктогудай.

-Уктап жатканда кармашса керек?

-Пай-пай, сүрү башкача экен.

-Муну эмне кылышат?

-Ханга тартууга алып барышат го сыягы?

-Хан аны эмне кылат?

-Ошону да билбейсиңби? Ордого баш ийбегендерди тирүүлөй салып берет имиш.

-О, кудай сактай көр! Чынбы?

-Эл ошентип айтышат.

-Бул эмне деген жаныбар?

-Жолборс дешти.

-Жо–ок кабылан деп айтышты

-Кимдер тутуптур?

-Кийимдерине караганда, кыргыздар го.

-Мындайды мен, өмүрүмдө көргөн эмесмин.

-Ооба. Мындай иш кыргыздардын гана колунан келет .

-Жырткыч, кокустан бошонсо, эч кимди аябаса керек?

-Жок, бошобой калсын.

Карт Кашкардын тарыхында мындай окуя такыр болбогондугун көпчүлүк кеп кылып, уу–дуу болуп жатышты.

Өмүрүндө, мынчалык көп айры буттарды көрбөгөн, жылаңач жарчаларга окшогон үйлөрдү аралай өткөн жолдорду баспаган жырткыч, чаң аралаш коңурсуп жыттардан айласыз дем ала, чийне үстүндө оозу кемечтелип, буту-колу чытырата таңылган денесин силкилдете өтүп баратты. Хан баш болгон ордодогулар Анжиандык кыргыздардын тапшырманы аткара коюшуна күмөнсүп турушкан.

-Шаарды аралап, келе жатат-деген кабарды уккан хан, сейил багынын ортосундагы аянтка бир нече жолу чыгууга аракеттенди Бирок, падышалык менменсинүү, бой көтөрүүчүлүк, теңсинбөө аны кармап турду.

Кармаса, кармагандыр-деген кыялы, бирөөлөрдүн жасаган ишине, ордого алып келген тартууларына, көп дале маани

берчей, аны бергендердин милдети катары санаган бийлик өгесине сырттан келген кыргыздардын- жолборсту куралы жок тирүүлөй кармап келе жатышы, өтө эле кызыктай көрүндү. Абайлай келип, бөлмөсүнүн терезесинен мойнун созуп караса, сойил бактын ичине келип токтошуптур. Ордодогулар түрүлө чыгышып аларды таңыркашып улам топтошуп жатышты. Сырттан эшик ачыла, сыпайы гана

-Келишти-деген үн менен кызматкер таазим эте туруп калды.

Хан баягы жасалма сыпайыгерчилигин көрсөтө, башын ийкей-ийкемексен болду. Өкүмдарынын кирпик ирмеминен сезген эшик ага ийиле кетенчиктеди. Хан шашпай, өзүн-өзү маалката, ары-бери басып, акырын босогого бут койду. Ордо ээсинин келишин күткөн топ, чуулдаша салам беришти.

-Ассалоом алейкум, таксыр.

-Амансызбы өкүмдар?

Хан баш ийкей келип, ортодо таңылып жаткан кабыланга көз салды да, тургандарды кыдырата тиктеди. Өңү-башы, кыялы, ал тургай кийген кийимдери менен өзгөчөлөнгөн кызыл ыраңдуу ак калпакчан кыргыздар, жылуу жүздөрү менен сыймыктанган сезимде жайдары турушуптур. Ортодо бетине жолборстун тырмагы тийгөн Бакал баатыр өзгөчөлөнө көрүндү.

-Өкүмдар! Алдагы сизге, соого-деди Бакал баатыр.

-Бул эмне?-Хан билип турса да, билмексен суроо берди.

-Мышыктын баласы –деди баатыр какшыктай.

-Мышыктын баласы? -деп кайталай, хан уурутун кыймылдата жылмайган болду Аны коштогондор дуу күлүштү.

-Баатырдын соогасы жерде калбайт-деп башын ийкей, сарайды көздөй басты.

Өз милдетин өтөгөн топ, Бакал баатырды ээрчий жаткан жолборско кылчактай тиктешип чыга жөнөштү.

Эртеси хан меймандарды ак сарайга кайрадан чакыртып, кабыл алды. Ар бирине Кашкардын ала чепкенин жаптырды.

Ортодогу дүйүм тамак толгон дастаркон жыйылган соң, меймандарды кыдырата тиктеп кайрыла кетти.

-Баатыр, эрдигиңе ынандык. Башкалар чаап алчу экен. Сен алышып, тирүүлөй кармап келдиң. Биз күбө болдук. Соогаңа соога Кашкардын бир чүрөгүн колуңа кондура кет.

Бакал башын ийкеди.

-Биздин абалды, туура баамдап, бактыңар окшойт. Тегерегибиздеги коркунуч чиндер менен калмактар болуп турганын силерден жашырбайбыз. Биз менен тез-тез кабарлашып тургула. Башка өлкөгө өтүүчү кербендердин коопсуздугу сиздердин колуңуздарда. Аймагыңарда соодагерлерди талап-тоноо болбостугуна ишенели. Эң негизгиси, каапырлардын биздин жерге басып киришине жол бербеске бирге туралы? Ордодон сиздерге белек болсун. Тогуз төөнү жүгү менен алып кеткиле-деп ыраазычылыгын билдирди.

Ортодогу молдо алаканын жая берип, так эгесине арнап, бир нече узак сөздөрдү айтып, жүзүн сылаганда аны коштоп отургандар жабыла бата кылышты.

Анжиандык кыргыздардын сапары аяктап, эртеси таң агарганда туулуп - өскөн жерлерин көздөй жол тартышты.

****

Кашкардан чыккан топ алым–сабак, тамаша айтышып, жол арбытып келе жатышты. Мырза жорго үстүндө термелип, жан жигиттеринин бака-шака түшкөн тамашасына көңүл бөлбөй алдыда. Улоолору тыңдары куйрук улай артынан ээрчийт. Айрым аттары чабалдары салпактап мингичтерин жорттуруп, ичеги-боорлору эзиле, тамашаны угуп-укпай, эл күлсө кошо күлүмүш болуп, келе жатышты.

Кер жорго чарчамак тургай жол арбыган сайын арышын керип, «дүпө–дүп, дүпө–дүпө» бир ыргактуу үн чыгып алдына ат өткөрбөй куйрук-жалын төгүлтө чыйыр жолдо ээлеп келет. Кашкар ээрде омокту отурган мырза, күмүш үзөңгүнү чирене

тээп, тизгин тартканына болбой, алдындагы кер жорго башын көйкөйтип, ооздуругун чайнай, таноосунан буу чыга, атырыла алга жүткүнөт. Артында келе жаткан аттардын дүбүртү канын кызытып, төрт туягы жерге тийип-тийбей, куш сыяктуу сызып баратты. Үстүндөгү ээсинин көөнүн шат кыла, көңүлүндө кир болсо шамал менен кетсин дегенсип, жолдун өңгүл-дөңгүлүнө карабай, аң-дөңдү этибар албай кайкып учат.

Жер бетиндеги жашыл тулаң жогортон соккон тоонун желине сеңселе жоргонун өнөрүнө таазим кылгансып, ат туягына оролошо, артта калып жаты. Жал-куйругун сапырылта, аба жарган күлүк, ээсинин жүзүн салкын желге аймалатып, көөнүн сергитип, жашоонун ырахаты, жаратылыштын кооздугу түбөлүктүү экендигин сезип-туюшуна себепкер болоюн дегенсип, эргип-эргип, шаркыраган суудай, аркыраган шамалдай болуп күүгө айланып барат. Күү ыргагы улам көтөрүлүп, кулактын кычуусун кандырып, көкүрөккө от жандырып сүйүү болуп толкуп, коргошундай ээритип, бешиктей болуп термелип тээ бийиктеги ак булутту аралата көйгөйү жок сырдуу дүйнөгө алып бара жаткансыйт.

- Капырай дүйнө мынча таза, мынча кооз. Кыпындай кир жок. Жаз жамгыры азыр эле себелеп, тып басылган жайлоонун бөлөсиндөй, туп-тунук. Сан гүлдөр башын ыргап, жаратылыштын көркү көөнүнө батпай ашып-ташып, көбүрө-жайыла төгүлүп турат. Кор пенде бул байлыкты, бул кооздукту неге аңдап-туйбайбыз, неге барктап-ардактабайбыз. Пендечилик деп, тиричилик менен алек болуп, жаратылыштын мээримин, көрк келбетин неге этибар албайбыз. Жараткандын пендеге арнаган байлыгын, көз чагылткан көркөмүн, туулган жердин асылдыгын дегеле баардыгын кадырласак кана?

-Тарс! Чуу-эткен жапайы үн, баарын селт эттирди. Тоо ичи кагышкандай жаңырды. Ат тизгини тартылып, атылган жебедей сызып бараткан жорго ыргагынан бузулду. Ташыган дайрадай, агылып жаткан күү токтоду. Ат тизгиндерин тартышкан топ

караан, комоктошо түшүп, бирин-бири суроолуу караштьы. Эмне болгонун түшүнүшпөй элеңдешти. Каны кызыган аттар ээлеринин тизгин тарткандарына карабай, ооздуктарын кемиришип, бышкыра демигишип, бир орунда тура алышпай ойдолот.

Аңгыча болбой, туура тараптагы капчыгайдын оозуна жете бербей, аска үстүнөн көк түтүн "бур" дей түшүп, ордунан турган караан көзгө илешти. Ким-кимди атты? Көпчүлүктүн башы маң. Бирок, ок зуу эте жакын жерден өткөнү баарына малым.

- Кой, ай- дегиче болбой, мырзанын жигиттеринен беш—алтоо түтүн чыккан тарапты көздөй аттарын салып-уруп жөнөштү. Калганы жолдон чыга барышып, ат аяктарын тыныктырыша, аларды күтүп калышты. Шыпылдаган жигиттер ат алышып, улоолордун белин бошотуп, үзөңгүнү ээр кашка иле каңтарып ары жетелешти. Бириси муздак булактан коп чаначка сүзүп келип, мырзасы баш болгон топтогулардын колдоруна суу куйса, бириси ат үстүндөгү кашкары куржундун калитин сөгүп, бышылуу эт, өпкө-куйруктан дасмал бетине, боорсок аралаштыра коюп, тургандарды даамга чакырды.

- Келиңиздер? Даам тата туралы!

- Мырза отуруңуз?

- Келгиле, чогу отуралы?

-Шералы, чаначтын оозуна салганга тиги ышкындын боткогунан түтүк жасай кой– деп, Назаркул айткычакты болбой, Шералы дайыма куржунуна сала жүрчү жан аякты көтөрүп келе калды.

- Кыркалекей кымыз куй. Даамга карагыла? – дешип топтошкондор дасмал четине отура бергенде, жогортон жалгыз кишинин карааны көрүндү.

- Ким болсо да, ырыскылуу адам экен. Ниети түз адам даам үстүнөн чыгат

- Алыстан келаткан жолоочу окшойт?

- Түз өтүп кетпесин, даамга чакыргыла! Узак жол басып, чаңкагандыр?

- Сөлдөсине караганда дубана окшойт.

- Жан болсо да келип, биз менен чогуу болсун.

Көпчүлүк аны–муну айткыча жолоочу, жолун улай шашыла өтө берди.

- Ассалому алейкум жолоочу.

- Валикима ат салоом байбатчалар

- Айрлап бурула кетиңиз?

Алла, Алла ак урам,
Алланын атын чакырам,
Куда, Куда ак урам,
Кудайдын атын чакырам.
Кудай деген пендени.
Кур койбоймун дечү эле,
Алла, Алла дегенди,
Ач кайбоймун дечү эле.
Куп пендем, солкулдайсың тирүүдө,
Кул пендем, солдоёрсуң өлгөндө.
Кул пендем, шаңкылдайсың тирүүдө,
Кул пендем, шалдаярсың өлгөндө.
Алла - Ак, Алла – Ак,
Этеги жок жеңи жок,
Эндей тонду киерсиң
Кул пендем, анда күнүң не болот?
Эшиги жок, төрү жок,
Караңгы көргө кирерсиң,
Анда күнүң не болот?

Алла - Ак, Алла – Ак,-деп жолоочу ак уруп, бир топко чейин, аларды тегерене, таягы менен жерди такылдата басып жүрдү.

- Келиңиз таксыр, бул жерге өтүңүз? – деп мырза турганда, баары ордуларынан козголушту.

- А мейли, мейли. Чакырбасаңар болот эле. Чакырып калдыңар өтөйүн.

- Келиңиз төргө өтүңүз?

- Отургула, отура бергиле, байбатчалар. Талаада да ар кимдин отурган, жайы өзүнө насип.

- Кана, колуңузга суу куялы?

- Адалдык мусулман пендесине насип эткен. Кол чайкайлы. Дубана басып келген жерине көчүк басты.

- Биссимилда–деп, бир боорсокту алып, ооз тийди. Сунулган кесени колуна ала, бир жутуп, кайра берди.

- Таксыр алыскы жолдо чарчап-чаалыккандырсыз? Кардыңыз да ачка болсо керек? Кымыздан жутуңуз. Нандан алыңыз?

- Ырахмат мырзалар. Насиптан ооз тийдим. Насип кайып, мунусуна да кудайга шүгүр. Жол улайын.

- Даамдан түйүп берели.

- Ыраазымын. Элим бар ач калбаймын, аягым бар кеч калбаймын – деп таягына ала жөнөй беринде Тилеке кошо турду. Аны көрүп отургандардын баары козголушту.

- Шералы

- Угуп жатам мырзам

- Кер жоргону алып кел!

Отургандар кепти түшүнбөй, аңкайышты. Аңгыча шыпылдаган Шералы каңтарылып турган кер жоргону жетелеп келе калды.

- Тарт! Таксыр, кер жорго сиздики болсун! Шериктери мырзанын сөзүн “каңырыш уктукбу” дегенсишип, жабыла суроолу тиктешти.

Кер жорго. О, Кер жорго! Көбү кер жоргого жете албай таңдайлары так катып, кардарлар канча жерден келишпеди.

- Сатсын, же малга алмаштырсын? Каалаган караны айтсын. Айтканын берели? – деп көбү, алдыртан ар кимден суроо салышты. Мырзанын өзүнө келип, эч ким батынып айта

алышпады. Ары жагы Ак-Чий, Какшаал, Турпанга, бери жагы Фаргана, Бухара чөлкөмүнө дайын жорго эле.

- Кер жоргону бир минсем кана? – деп көбү ак эткенден так өтип арман кылышчу.

Ары-бери өткөн кербендер аркылуу кер жоргонун даңкы дайлайга кеткен эле. Канчалаган мен-менмин деген бийлер торбосу менен дилде, куржуну менен тай туяк, жамбы беребиз дешти. Мырзадан эч кандай жооп болгон жок. Ал тургай өчөндеген уурулар келип айылын тоорушуп, атты акмалашты. Бирок, алып кете алышпады. Анын бир себеби жорго дабанга дайын, экинчиси жамы кыргыз эмес коңшу тажик, казак, уйгур, сарттар арасында да аброй таап, башы таанымал Тилекеге ким эле келип, тийишип, короосуна кол салып, кер жоргону алып кете алат?

Дубана сымбаты келишип, куйрук-жалы төгүлө, көздөрү ойноп, ооздугун кемирип турган кер жоргону бир карап туруп, мырзага кылчайды

-. Мырзам, тулпарыңыз мага жарашпайт. Өзүңүзгө кут кылсын. Тартууңузга кулдук!

- Жок, таксыр! Сиздин илимиңиз улук. Аттан артык сөзүңүз бар экен.

- Ооба, ооба. Сөздү кадырлаганыңыз, өзүңүздү кадырлаганыңыз. Мени түшүнгөнүңүз, аттан артык болду.

- Таксыр, "Ат кадырын жөө жүргөн билет"- дейт элибиз. Көп жол басып чалыктыңыз. Тартынбай алыңыз. Барар жериңизге заматта жеткирет.

- Мырза, мен кайда шашам? Мени ажал кубалап келе жаткан жок. "Көрүнгөн тоонун ыраагы жок" – дейт экен сиздин элиңиз. Жолду аярлап жүрбөсө, жол кадыры билинбейт. Бышкан аштын куйүтү күчтүү демекчи, атты тартып, ичиңиз тызылдаары бышык. Дубанага эмес, ханга тартар атыңыз бар экен.

- Таксыр, хан ким? Дубанадан эмнеси артык?

- Ап-бали, хан деген аты артык.

- Жок, дубанам. Сиз эл кадырын, жер кадырын көрүп, ар кимден ырыскыны терип, жеп келесиз. Эл сизге бергенге ыраазы. Биз берген март эмес, алган март – дейбиз. Алыңыз? Ыраазычылык менен берип жатам. Көңүл алган, көңүл салган башка болот.

- Мырза, сөзүңдү жерге калтырбайын. Алдым деп, тизгинге кол сунду.

- Таксыр аттантайын?

- Эми, коё туруңуз, бекзаадам? Ат меники. Сиздин адамгерчиликке бир мен эмес, менин бутум жеткен жердин эли да ыраазы! Сиздей жигит бар экенин баары угушат. Адамгерчилик, ырайым, сый өлбөптүр дешет. Көрсө дубананы да, хандай көргөндөр бар экендигин угушат. Ушунча болду атыңыз ким? Затыңыз ким?

- Таксыр, айып этпеңиз. Мен сиздин атыңызды сурабадым.

- Мен сурагым келип турат?

- Атым Тилеке, Бөкөй бийдин небересимин. Байбөөчөндүн уулу болом.

- Болсун, болсун! Болорман жердин уулу экенсиң. Бөкөй бий да адамгерчилик-калыстыгы, адилет-марттыгы менен элге дайын. Эчен жолу соодагерлерден эшитип, катка чийилгенин окуганым бар. Анын балдары Бакал баатыр, Байбөөчөндүн даректерине да кезинде алкоолор арбын болгон. Жер кезгендин баары эле дубана эмес. Кат билип, кагаз чийген окумалы да көп. Алар көргөн-баккандарын хан сарайларында жазып, баян кылат. Аны окугандар алыстан келишип, мага окшоп көрүп–билип, алардын жазганын толуктайбыз. Сенин ата-бабаларың да, алыска барып окуп, кат-сабаттары бар деп уккам. Кана, муну окуп көрчү? – деп койнунан чаар китеп алып, Тилекеге сунду.

- Үйүм-үйүм дебегин,
Үйүң калаар күн болоор.
Малым-малым дебегин,
Малың калар күн болоор.

Үйүм-үйүм дебегин,
Үйүң талаа чырпыгы.
Малым-малым дебегин,
Малың тала чымчыгы.

- Таксыр, бул Сопу Алдаярдын ырлары го?
- Ооба, Ахмад Ясавини силер ушинтип атайсыңар.
- Санаинин чыгармалары барбы сизде?
- Кайсы чыгармасын айтасың?
- "Хадикат аль-Хакаик! ("Чындык багы")
- Санаинин толук аты – Ахмад ибн Махмуд Югнаки деп аталат. Кызыксаң каттаган кербендерден китепти берип жиберем.
- Макул, таксыр! Ахмад Ясавинин "Диван-и Хикмат" ("Даанышмандык жыйнагы") жыйнагын окуп жүрөм. Мухаммед пайгамбарыбыздын өмүрүнө арналган окуялар мени абдан кызыктырды.
- Кош, мырзам! Мен жол алайын. "Ашууда ат алмашпайт". Элиңден жер кезген дубананын өтүнүчүн аткар. Күлүк өзүңө кут болсун! Эл эгесине берген сыйым болсун Мен ыраазымын. Билимдарлигиң үчүн атымды тартуу кылдым – деп таягын таяна дубана жөнөй берди.

Э, Алла-Ак
Жакшылыкка жакшылык,
Ар кишинин ишидир.
Жамандыкка жамандык,
Кем кишинин ишидир.
Жакшылыкка жамандык көр кишинин ишидир,
Жамандыкка жакшылык эр кишинин ишидир.
Алла-Ак, Алла-Ак.

- Таксыр –деп артынан үн салгандарга көңүл да буруп койбоду. Ак урган боюнча дубана артын карабай кете берди.

Тилекени дубананын топуктуулугу таң калтырып, суктандырды.

- Мынаке, окумал десең окумал. Өзүн өтө жупуну кармап, баарын билет. Сөөк какшаткан суук, мээ кайнаткан ысыкка, ач калганга кайыл. Өзүн азапка салып эмне кылып жүрөт?

Мырза баягы чаап кеткендерди күтпөстөн жоргого шап минип, бастыра берди.

- Дубананын максаты эмне?–деп ичинен ойлонуп бартты. Айылга эчендеген молдо-кожолор келет. – Эшенбиз, пайгамбардын тукумубуз –деп элден кайыр-садага сурайт.

- Бергениң сооп, күнөөң кечирилет. Сен үчүн кудайдан суранып, намаз окуйм. Ата-бабаңа арнап куран түшүрөм –деп, жандыктан баштап бодого чейин алат. Топтогонун "жеткирип бер" деп жарды-жалчы жумшайт.

Буларды кантип бири-бирине салыштырууга болот?

x x x

Минип алган адамдын анча-мынчасынын аягы жерге тийбегидей болгон, ала баш серке баштаган бир короо жандык, жаай сүрүлө, от уулап, эңиштеп келет. Тегиз жердеги, агымы билинбеген суу сымалданган көп жандыктын алдыдагыларынын гана оозу чөпкө тийбесе, көпчүлүгү топтун сүрү менен ыкшоо аяк шилтешет. "Жандыктын оозу эмес, туягы чөп жейт" демекчи, көп туяктын тебелендисиндеги тулаң майдаланып, жердин топурагы көрүнүп, арткы тарап чаңып калып жатты. Жандыктын жоошу да, маңыроосу да кой жаныбар. Өйдөлүш болсо жер таканчыктап, эңкейиш болсо жорголой калып, айдаган жакка сүрүлө, бирин бири ээрчип кете берет.

Мына, бир жумадан бери эртели-кеч салкында жол арбытып, күн ысыгында, түн киргенде жеткен жерлерди байырлаган беш-алты караан, ак карлуу тоону артка таштап, улам өрөөндү көздөй, кылка койлорду сүрө айдап келе жатты. Алардын алдыларынан чыгып, эч ким тоскоол болбоду. Анча-мынча ийинден шап чыга кала, аңкыштаган суурлар гана болбосо, жырткыч, ит-куш капилеттен чыга кала, кол сала элек. Салкын тоонун тулаңын кеңири оттоп, нык семирген койлор, өңүрдүн эчак

ватып, каксо болгон чөптөрүн жыттап да коюшпай жаай сүрүлө илгерилеп келе жатышты.

Жол жүргөнгөбү, же ысык күндүн табы өткөнгөбү тер менен чубаштын коңурсук жыты төбөдө буруксуйт. Барган жерде чачыла жатып алышып, ыкшоо кепшешип, анча-мынча кулгуй жеткүрүнө, тумшуктарын серпишкен койлор-май баскан төштөрүн как жерге төшөп, кай тараптан жел жүрсө, баштарын ошол тарапка бура тынч гана уйкуга киришет. Мындай көрүнүш күндө кайталанат. Бүгүн да, кечки ире-ширеде келип жеткен жайдагы, чакан өзөндүн жээгиндеги дөбөгө койлорду имерип токтоп калышты. Улоолорундагы азык-оокаттарын эми гана түшүрүшүп, жеңилдене отуруп, муздак суудан сүзүп келген идишке сүзмөлөрүн чалып, "шам-шум" этишке камданып жатышканда, тегиз жаткан кой үркүп, "дүр" дей чачылды. Койчулар жапырт шашыла ошол тарапка жүгүрүштү. Алар жетип-жете электе, арт тараптагы койлор дагы үркүп, сүрдүгө түштү.

- Айт-айт! Кош, кош! Кетти, кетти! – деп кыйкырышкан чакан топ, эмне балекет болгонун түшүнүшпөй, койлор жаткан жерди тегерене, ары-бери чуркашып, эстерин жыйалбай калышты. Аңгыча болбой, этек–жеңдерин чапкылаша, койлорду үркүтүп жаткан эки -үч караан көзгө илине түштү. Баары чогула, ошол тарапты көздөй чуркаганда, аларды байкаган уурулар сестенише үрккөн койлорду өзөндү көздөй сүрүп жөнөштү. Караңгыда кай тарапка бараарын билбей, алдыларын көрбөгөн койлор жалт берише үркүп, топ койду көздөй качып жатты. Капылеттен үрккөн койлорго чалынган караан көмкөрөсүнөн жыгылып баратканда, арткылар келип аны басып калышты. Бошонуунун аракетинде жан талпас кыла, булкунду "Колго түшкөн коёнду, коё берген оңобу" демекчи, кой кайтаргандар экөө-үчөөлөп басып, колу буттарын кайрып, байлоого үлгүрүштү.

- Эй, жардамга-а! Жардамга-а, кармалып калдым – деп, "туткун" шериктерине үн сала, улам кыйкырып жатты. Анын кармалып калганын туйган беркилер, качкан койлорун ташташып,

койчуларга союлдары менен тап беришти. “Кимди ким көрдү. Быржыбайды там басты” демекчи караңгы түндө карсылдашкан кармашуу бир топко созулду. Түнкү уурулардын шилтеген союлун койчулардын бирөөсү жулуп алып, өзүн башка чапты. Онтогон үн, айрылып-сыйрылган денеден кандын жыты келип, кимиси, кимисин сабаганы белгисиз эле, Үркүп, чачылган койлор менен эч кимисинин иши жок, бирин-бири сабашкан эки тарап, бир топко чейин алышышты.

Кыңкыстап онтогон үн, сөгүнүп-жулунган караандар бир топко чейин алышышып, акырында өпкөсүн кага, күшүлдөп-бышылдагандар күйүгө отуруп калышты. Жан алекетке түшкөн койчулар көптүк кылганбы, же “уруунун аркасы кууш” демекчи, алар жалтайлаганбы бирөөсү качып, экөөнү туткундашты. Чачылып-тозгон койлор эми гана эстерине түштүбү койчулар кармап алган эки уурунун колу-буттарын байлап, жаткырып коюшуп, койлорду чогултуунун аракетинде болушту.

- Кыр-оой, кыроой?

- Түшө,түшө?

- Тарт серке! дешип зоңкулдашып, ар тарапка үн салып кыйкырып жатышты.

Кечки жылдыздар улам көбөйүп, алардын бүлбүл шоолаларынан түнкү караңгылык суюла түшкөнгөбү, бири-бирин мекрене издеп чачылган койлор топтошо баштады. Жакынкы жерден башын чулгуп, алдыңкы буту менен жер таптаган серкенин караанı үлбүл көрүнөт. Серкенин айланасы улам коюланып, койлор имериле келе баштады. Аңгыча түн бышып, асман бетиндеги топ жылдыздардын шооласы айланага тегиз чачылды. Адам түсү, айкын таанылбаса да, карааны боолголоно билингидей болуп калды. Сыйрылган жерлери карарып, көздөрү томпойгон койчулар серкенин айланасына койлорду имере чогултушту. Канчоосу бар-жогу белгисиз. Бирин сериндеп үркүп калган койлор, караңгыда элтең-элтең караша, алдыңкы буттары менен жерди таптап коюшуп, кулактарын тикчийте келип,

кошулушту. Баары чочуп калгангабы, бейкам жатып жуушагандары жок. Элеңдеше карашат. Баягыдай бирин-бириндебей жакын келишип, бирин бири жыттап, жатышты.

- Кыр-оой, кыроой?

- Түшө, түшө-деген карт койчунун тааныш коңур үнү, аларды жоошутуп, көңүлдөрүн алагды кылдыбы, түн оогон чакта койлор тегиз тынчып, моюндарын созуп, баштарын имере уйкуга киришти.

Ач калгандарына кайыл болгон койчулар, жаткан койлорду алыстан имере басып жүрүштү. Алардын бириси да, колго түшкөн ууруулардын абалын эске алышкан жок. Ал эми “түнкү каракчылардын” чымырата таңылган колу-буттары уюду. Сай-сөөктөрү сыздаганына кайыл болуша эртеңки тагдырлары эмне болоорун ойлошуп, санаага батыша, эттери ооруганына чыдабай онтоп жатышты. Алдыларына сыз өтүп, түнкү шамалдын суугунан ээктери шакылдап, айласы куруган байкуштар бошотуп алуучуларды зарыга күтө, жакшылыктан күдөрлөрүн үзбөй, уйкусуз таң аттырышты.

“Ач калсак дале мейличи Койлор түгөл болсо жүзүбүз жарык. Ууруларды кармадык, калганын көрө жатарбыз” - дешип койчулар келтек жешкенине кайыл эле. Таң дык салганын байкашкан таңуудагылар, жалына башташты.

- Айланайын акелер, коё бергилечи?

- Үй-бүлөлүбүз. Элге шерменде болбойлу?

- Шеригиңер келсин. Койлорду түгөлдөйлү, канчоосу бар, канчоосу жок. Аны билели-деди койчулардын аксакалы Момун.

- Таң агарып баратат. Элге-журтка билинбей кетели?

- Эмне деп кой беребиз. Койлорду түгөлдөйлү, жоголгонун төлөйсүңөр – деди күпүлдөгөн Таштан койчу

- Төлөй турган арга болсо, караңгы түндө каракчылык кылмак белек, акелер? Бизден кетти. Кечиргиле? – деди колу байлануулардын жашыраагы.

- “Ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат.” Ууруну эч ким аяган эмес.

- Айланайындар бала-чакаңардын күнүн көргүлө. Бизди бошото көргүлө? Айып тарталы?

- Бошото албайбыз. Эрте менен силерге кепил болуп, бирөө келээр?

- Балээге келеби. Айласыздан ууруга кошулуп калбадыкпы.

- Элге салабыз. Доо тартасыңар.

- Айланайындар, элге шерменде кыла көрбөгүлө?Алдырарда жаздырар болуп. Биз шерменде болуп отурабыз. Күйдүрдү бизди, Тезек ууру, күйдүрдү. Жамандын кесепети деген ушул тура. Биз тутулуп, ал качып. Шүмшүк! Жанын жеп, бизди алдабадыбы.

- Ий, эмне деп алдайт?

Силердин карааныңарды ал алыстан көрүптүр. Бизге келип,

-Жүргүлө, тиги кой айдап келе жаткандарда менин аласам бар. Бүгүн силерди бир куйрукка малгытып, жаңы шорпо ичирейин дей калбаспы. Ишенчээк жаныбыз, аны ээрчий, жакын келгенде бизди “көрүнбөй жашынгыла” дейт.

- Сенин аласаң болсо, биз эмнеге жашынабыз? дедик.

- Булар уурулар. Уурунун малын алсаң cооп деди. Биз ага ишенбей, кайтмак болгонубузда бычагын кекиртекке такады.

- Барасыңар, эгер барбасаңар койдой кылып мууздап салам деди.

-Айлабыз куруп, анын запкысы менен келип, силердин колуңарга түшүп отурабыз.

- Жаныңарды жебегиле, каркачылар! Көзү жок бирөөнү жамандап отуруп, бошонуп кеткиңер барбы?

- Жок, айланайын акелер. Экинчи ага кошулсам иттин этин жейин. Бизди силерге кабылтып, өзү чыга бербедиби, каракчы

- Ох, жаным чыгып баратат, өлтүрсөңөр да, кыйнабаи өлтүргүлө акелер?

- Өлгөнүң ушул. Уурунун колго түшкөнү өлүм.

- Аның чын, аке. Эч нерсеңерди алган жокпуз, колго түшкөн койндой, колубуз чырмалып, колуңарда турабыз.

- Алдап жатканын туз урган каракчы.

- Кой айланайын! Каракчы деген жаман атка айласыз көнүп отурабыз. «Туз урган» жаман болот дейт. Жашоого үмүтүбүз бар. Туз урбасын, дегениңерди аткаралы. Колу-бутубузду бошотуп коигулачы, өлүп калбайлы?

- Ууру өлсө доосу, каракчы өлсө куну жок.

- Биздин доо, кунубузду сурар эч ким жок. Тоголок жетим, итке минген кедейбиз. Жанагы желмогуздун оозун карап жүрбөйлүбү.

- Бошотчу ары - деп Момундун кыжыры келди.

- Качсачы?

- Кача турган болсо толорсугун кыркып коёбуз.

- Качпайбыз акелер, кызматыбыз менен күнөөбүздү жууйлу?

Таңуудан бошоп колу-буттарын жыя албай, эки шерик саамга шалдайып отурушту. Кан барбаган денелери шишип, колу-буттары уктап калган эле. Аңгыча болбой жер жарып, чыгыштан күндүн нуру көтөрүлдү. Узак жол басып келип, чарчагандыгынанбы койлор жаткан жерлеринен турушкан жок.

- Кана, балдар. Койлорду санактан өткөрүп, түгөл-кемин билип алалы. Бирин тосуп, бирин сана! деди, Момун шериктерине.

Өзөн жээгиндеги жашыл, өскүлөң чөпкө жайылган койлор алыстап кетпеди. Койчулар колго түшкөндөрдүн ал жайын сурай башташты. Көрсө, эптеп оокат таап, жан баккан эки жетимди Тезек ууру арбап, өтүп бараткан келгиндердин койлорунан бөлө качып алмакка, баштап келиптир. Изин жашырган Тезек ууру түнү менен качып, кайда кеткени белгисиз. Айыптуу эки жетим, алардын айтканына көнүп, айдаган жагына басышып, андан ары жол арбытышты. Экөө жергиликтүү болгондуктан жайыттын, кокту-колоттун, аки-чүкүсүн жакшы билери маалым болду. Салкын - Төр артта калып, эми как элес өрөөндүн аптабы

тоолуктарды кыйнады. Улам тердеп, жүдөшүп, бети-баштарын аарчыганга болбой ныксырап, кой тосууга дармандары келбегендиктен «баягы эки жетим» биротоло көнүп бүткөнбү, аптаптын ысыгына карабай койлорду имерип шаарга жете келишти.

Тарыхый маалыматтарга караганда, тээ баштагы мезгилдерде Иле өзөнүнүн батыш тарабында казак аймактарынан баштап Сыр, Талас суулары, Фергана аймагы, Памир, Куэн-Лун урууларынын карамагында болгон. Кыргыздар башка элдер менен соода байланыш жүргүзүп Иле, Күрө, Ак-Суу, Кашкар, Жаркен, Үч-Турпан өңдүү жерлерге жүз миңдеген малды айдап келишип, сатып кетип турушкан. Чин империясы доорунда атактуу кытай акыны Хуц Лийанжы мал айдап келген кыргыздардын Күрө шаарындагы соодасын:

-Көк асмандын боорунан,
Келсе бирөө ат минип,
Бири-бирине кабардап,
Келди «буйрук» деп энтигип.
Келгенде алар шаарга,
Жүз миңдеген мал айдап.
Калар эле батыш жол,
Үч күнгө чен бекилип - деп, белгилеген экен.

Кыргыздар баккан малдары семиргенде, базарга түгөл айдап келишип, сатышып, тиричилик өткөрүшкөнү кытай тарых булактарында жазылып калган.

Паргана аймагынын кыргыздары айлана–тегеректеги жайлоолорго жакын Кашкар Анжиан Ташкен шаарларына мал айдап келип, тиричиликке зарыл буюмдарды алып кетишчү.

Шаардын четине келгенде көптөн бери, ысыктын күнүндө кенен суу ичпеген койлор, өзөндөн алыс кеткилери келбей, баштарын салаңдатышып жатып алышты. Жаңы шериктеринин биринин аты Меңдике, экинчиси Карачоро. Алар жарык дүйнөгө келери менен түс-ыраңына карай ат коюлган окшойт. Меңдүү

жигит Меңдике, дүңкүрөйгөнү Карачоро. Алардын аптисине карай чыкырса эле ысымдары  белгилүү болчудай. Топту башкарып келген Закир, шериктерине дайындап айылдан келген мырзасына жоолугуп, ал-абалдарын билдирмекке жөнөп кетти.

- Базарда эттүү малдар дайым пул. Баасын келтирип саткыла – деди Меңдике.

- Күүжүм сатсаңар пулуңар берекелүү болот- деди Канчоро шеригинин оюн коштоп.

- Мал биреөнүкү. Канчага сатат, ээси өзү билет. Биз койлорун айдап, базарга жеткирүү милдетин гана алганбыз дешти койчулар.

- Мырзаңар келгенде айткыла. Базарда, ар кыл адамдар бар. Айрыкча соодагерлер жаны жок келишет. Малды паска чаап, баaларын кемите беришет – дешти эки жетим.

- Базар шартын билебиз. Койлорду бир-экиден чачылтпай күүжүм сатып берели дешип, бул экөө  кетпей турушат деди, Закир  баштап келген мырзасына.

Аңгыча болбой жети-сегиз соодагер ээрчише келишти . Алар да “күүжүм алабыз” деп соодалаша келгенде баягылардын тилдери чыкты.

- Кана, баасын айткыла? дегенче, жаткан койлорду сынай тиктеп, айлана баскан төшү түктүү соодагер тоолуктарга кайрылды.

Закир Тилекеге

- Бул эки жигит шаарга жакын айылдардан экен. Соода менен аралашып жүрүшүптүр. Баалашканга жардамдашалы дешет, уруксат бериңиз?

Тилеке макул болду. Тоолуктардын жайын жакшы билген Карачоро шериктердин атынан сүйлөдү.

- Кайсы койдун баасын сурайсыз?

- Айта бергиле, күүжүм да алып коёбуз – деди баягы соодагер.

Аны ээрчий келгендер ысылап жаткан койлорго жакын барышып, жондорун сыйпалоого эңкейишкенде, эээли кармалбаган койлор так секире үркүп, карматышпады. Салкын жайлоонун тулаңына нык семирген козу кочкорлордун жондору тептегиз болуп, куйруктары даңкыят.

- Алдын биреөнү баа кылалы. Калганын ошого жараша айталы деди Меңдике.

- Канча дейсиз ?

- Сиз сураңызчы?

- Айткандай, малдын ээси ким?

Меңдике соодалашкан экөөнү кызыга тиктеп турган Тилекеге жүгүнө коюп, кашын серпе көрсөттү.

- Алдагы мырза

- А сиз?

- Биз базарчысы болобуз.

- Кана, колду бериң?. Мынча дедик- эки манжасын бөлө учунан кармады.

- Жок. Мына бу – деп Меңдике үч манжасын карматты.

Карап турган тоолуктар, жең ичинен, манжа кармап соодалашууну билишпейт эле. Кимиси канча сурап, кимиси канча кошкону, алар үчүн табышмак болчу.

- Мейли мына муну эне- бала кылалы- деп эки манжага үчүнчү манжанын жарымын кошо кармады.

- Жок. Толугу менен болот -деп, учунан кармаган колун муундарга жеткире сунду.

- Бериң? Бериң?

- Жок болбойт.

- Бар баракка. Баракка деңиз? Мен да, дап таап, пайда көрөйүн? Мырзам, айтың? Берсин? Сиздин малдан мага кичине эле калат.

- Жок. Уурдап келген жокбуз. Ак мээнет. Короодогу мал Чыдасаңыз алыңыз.

- Бериң, мээнетиңиз кайтат?

- Мынча кочкорду багыш да кыйын. Паска чаппай, ойлонуп сүйлөң.

- А билебиз. Пул табыш да кыйын. Ким эле пулду чачылып жаткан жайдан чогултуп ала койсун. Силердин соодаңар деп келдик.

- Жок. Болбойт. Кем. Дагы сураң!

- Мырзам деп, Меңдикеден өтүп, мал ээсине келип, кулагына шыбырады.

- Мен, мынча дедим. Шериктерим муну билсе көтөрбөйт. Куп деңиз? Бериңиз?

- Биздин базарчы билет- дейт Тилеке.

- Соодагер кайра Меңдикеге келип колун силкилдете.

- Бериң? Койдун басы, азали мынчага чыккан эмес.

- Чыкпаса эми чыгат. Биз дитибизге али жете элекбиз.

- Коюңа! Деги, сатканы алып келдиңерби?

- Базарга келген киши, көргөзмөгө алып келбейт.

- Бериң мал көп. Өтүшүн да, ойлоңуздар?

- Болбойт. Бүгүн болбосо эртең сатылаар.

- Анда, мен чыгам.

- Сизди зордуктабайбыз. Атайлап базарга келгенден кийин, баасына келсе сатабыз.

- Коюң? Болуптур, ушунча коштум – деп, манжаларын толук кармап силкө берди.

Меңдике Тилекеге карай, берсемби, бербесемби дегенчелик кыла тиктеди. Булардын соодасынан жададыбы Тилеке баш ийкеди Меңдике башын чайкады.

- Менин сураганыма бербей жатат. Силер да сурагылачы- деди ал соодагер шериктерине.

- Кана, канча сурадыңыз? - деди шериктеринин бири.

- Мына, мынча кылдым деп, баягы жашырыкча кармаган алаканындагы манжаларын көрсөттү.

- Оо, балант кетипсиз. Бериң тууган? Баа келип калыптыр. Бербестигин билген соодагердин шериги ортого түшө:

- Мен калыстыгымды айтайын. Мынча болсун деп, базарчынын бир манжасын кошуп, колдорун силке баштады.

-Оо, көп кетип калдыңыз. Мынча болсо, бизге эч нерсе калбайт.

- Ээ, калбаса, калбасын. Тоолук туугандар ыраазы болсун. Булардын мээнети ак. Тоолуктар мал айдап келбесе, сооданы кимдер менен кылмак элек. Бериң тууган, бериң? Куп эле, жеткирип койду. Күлүп-жайнап «бар» дeңиз?

-Тоолуктардын көңүлүн алмакка, жалган мактап, жабыла бир ооздон сүрөп киришти.

- Бар дең? Бар дең? Улам кармаган колун силкилдете суранып жатышты.

- Бар ээ!

- Баракелде, ата баласы! Ырахмат сизге! Бала – бакыраңыздын күнүн көрүңүз! деп пайда десе, бирөөнүн таманын жалаган соодагерлердин ар бири жүз-жүздөн жаңы бышкан өрүктөй болгон кочкорлорду бөлүп кетишти.

Сүрүп келген кочкорлорун пулдашып, куржундарына жамбы, тай-туяк, алтын, күмүштөрүн салышып, тоолуктар базарды көздөй келишти. Алдын мал базарга киришип, Тилекенин айтуусу боюнча Карачоро бир жашка жетпеген козу кочкорлорду, тиштерине карап бөлүп алды да баалашып пулун бергизди. Чөлдүктөрдөн алынган жүз кочкор баягы баштаак серкенин жанына кыдырата тизилди. Тоолуктардын базарга келип, чөлдүктөрдөн кочкор алышынын да жөнү бар. Илгертен Тилекенин ата-бабалары малдын уругу бузулат деп, короодогу койлорго башка жактан алып келип кочкор коёт. Себеби «кортук кочкор кой бузат» деген накыл элден бекер айтылбаган. Үйүрдөгү жылкынын айгыры, короодогу койлордун кочкору жаңыланбаса убал, “эне-бала” дешип ата-бабалар эртеңки уруктун таза болушу үчүн этият мамиле кылышкан.

Бул маселеге деги эле кыргыздар өзгөчө мамиле жасашып, урук куушуп, жети ата өткөнгө чейин, бир туугандар кыз алып,

кыз беришпеген. Бир кандан жаралган уруктун кемтиги болуп, төрт саны аман, акыл -эси толук, жан төрөлбөстүгүн жакшы билишкен. Алыскы жуукка кыз берип, келин алуу келечек муунга кам көрүү болсо, экинчи жагы "кайырлашкан тууган урук, жакшылыкта сыйлашаар, жамандыкта жөлөшөөр", деген тилек болгон. "Катын албай, кайын ал" көп туугандуу болосун деп, аталар балдарына насаат айткан. Куда-сөөк, дос-жоролор ат алмашып үйүргө коюшкан. Бул ата-бабалардын көп мезгилден бери топтогон тажрыйбасы, атайлап, көңүл койгон иши эле.

Шаардын ортосу. Кан базар. Соода-сатык, зарыл буюм издеп келгендер кымылдашып, бири-бирин жөөлөп өтүшөт. Секиче үстүнө жая салган буюм-тайымдарын жарыя кылып, соодагарлар бак-бак кыйкырышат.

- Келгиле, келип калгыла!

- Сатамын, сатамын.

- Мындай сапаттуу буюмдарды эч жерден таппайсыңар. Бир менде бар. Алып калгыла!

- Кытайдын жибеги!

- Стамбулдун шайысы!

- Арабдардан келген асем буюмдар!

- Кашкарда жасалган бычак!

- Бухарада согулган чепкен!

- Жаркенддин өрүгү!

- Хиевадан келген өтүк! – деп, соодагерлер өз буюмдарын мактап өткөн-кеткендерге, алар - албасына карабай, кыйкырганы кыйкырган. Түртүшкөн көпчүлүктү аралай, булоосун чыгара төбөсүнө көтөргөн оокаттарын жарыя айтышкандар андан да көп.

- Ысык нан, ысык нан!

- Гөштүү, майлуу токоч.

- Халба, халба.

- Катык, катык.

- Чай, чай, шербет!

Кыйкырык ызы-чууга, айкырган эшек, мөөрөгөн уй, маараган кой-эчкинин үндөрү кошул-ташыл.

Бешим маал болоюн деп, күн кыңкайып баратса да, ысыктын табы кайта элек. Базарчылардын тынбаган кыймылынан улам, чоң коргондун төбөсүндө бозомук чаң көтөрүлүп, таза аба жетишпей, айлана дам. Чыгыш базары соода-сатыгы менен кайнап, ар түрдүү улуттун өкүлдөрү экенин аныктаган бирин - бирине окшобогон адамдар. Бири-келип, бири кетип, бири чыгып, бири кирип котолошуп, түртүшкөндөн улам, базар ичи азан-казан. Аптаптагы көпчүлүктүн тери, тебелендидеги топурактын чаңы уюлгуп, ар кыл коңурсук жыт келет. Базардын бир четинен, экинчи четине аралап өтүүгө жол жок. Жака-белдеги чай кайнаткан чайкананын, шишкебек, самса бышырган ашпоздордун жаккан отунан, түтүн бургуйлап, чаңга аралашып, базардагы соода тынбай жүрүп турганын айгинелегенсийт.

Алчуларды алышып, чайканадан тамактанышкандан соң, тоолуктар топтолгон буюмдарын куржундарга салып, таңгактарын улоолоруна артып көпчүлүктөн кысыла, базардан чыгып баратышты. Алар кийген кийимдеринен, минген аттарынан өзгөчөлөнүп, тоолуктар экендиги айкын билинет. Көпчүлүк арасында аярлай, тизгиндерин тартып, ээрчише бастыргандарды чайкана алдындагы көлөкөлөрдү байырлап, чөлдөгөн көкүрөктөрүн ысык чай менен кандырып отургандар таңыркай тиктешет. Ысыктын күнүндө-тердеп жүдөшкөн тоолуктар, салкын тоону самашып, тезирээк эле чыгып кетүүгө ашыгышат.

Демди кыскан коңурсук жыт, түтүн аралашкан бозумтул чаң, бирине-бири шыкалыша түртүшкөн, көпчүлүк, эркин жүргөн тоолуктардын көңүлдөрүнө көк таштай тийген эле. Аарынын уюгундай комоктошкон көпчүлүктү аралап, чыга жөнөгөндө, чет тараптагы чайканадагы сөөрүдө, топ караан, жарданыша ортону жабыла тиктеп турушуптур. Алардан өйдөрөөк секиде, саймалуу

топу кийип, боз көйнөгүнүн жакасын жагжайа кур курчанган как эмес, күржүйгөн бирөө ар тарапты карап, үн салып жатты.

- Бууроодарлар, жамагат! Байбатча, мырзалар! Уккула! Укпадым дебегиле! Кимде-ким жакшылык кылам, соопчулук табам десе, мына бул адамдын акысын берип, алып кеткиле!

Тилеке топтошкондордун жанына келгенде, аярлай калды. Аны байкаган баягы коржогой дагы да, кыйкырып кирди.

- Эй, жама-а-гат! Буроо-дарлар, Байбатчалар! Уккула! Укпадым дебегиле! Эй, адамдар! Жакшылык кылам, соопчулук табам дегендер, мында келгиле!

Жарчынын үнүн угуп, таңыркай бирин-сериндеп адамдар улам келип жатышты.

- Эй, эмне деп эле, кыйкырып жатат? – деп жаңы келгендердин бирөөсү суроо узатты.

Кыйкырып жаткандын маанисине түшүнбөгөн дагы бири башын кыйшайта, мүрүсүн куушурду. Тургандардын бирөөсү, сураган адамга илбериңки жооп берди.

- Тиги адамдын, карызы бар окшойт. Ким төлөп, алып кете алат - деп кыйкырып жатат.

- Эмнеге төлөйт?-деди жаңы келген түшүнбөй.

- Акча, карызды төлөйт.

Тилеке да эл катары кызыга, атын бастырып баратып, топтошкондорго көңүл бурду. Ортолукта, өңү купкуу болгон, жылаң баш бирөө. Элди жалтаң-жалтаң карап коюп, жарчы кыйкырган сайын башын шылкыйтып, эки колу аркасына кайрыла таңылып ортодо.

Кийген кийими жупуну болсо да, чымырынан келген карылуу денеси сересеп салган адамга дайын байкалат. Көзү оттуу келип, өзүнө тың экенин айгинелеп турат. Колунан жамандык келгидей эмес. Ууру, же адамдарды тоногон каракчы болсо, өзүнүн айыбын мойнуна алып, "Ооба, күнөөм бар" дегенсип кытмар, жер тиктемек. Айыбы жок, абийри таза кишидей жылдызы бар. Көп алдында колу таңылып, алтын башы акчага бааланып, сатылып

жатканына корунгандай. Адамдык абийри, жокчулуктан тебеленгенин ызаасы келе, өңүнөн сүрү качып жүзү кубарып кеткен. Ал атчандар тарапты кусалуу карап, улутунуп койду. Кабагын чытый, ээрдин тиштеп, куу турмушка наараз болгону менен көптүн көзү таңыркай тигилгенге корунуп турду. Кадимки торго түшкөн шумкардай. Колундагы байлоосун жерип, бир булкунуш менен жипти үзүп, тээ көгөргөн мейкиндикти көздөй бой уруп, карматпай кетүүнү самаганы туюлуп турат. Туткундун иши, туткун. Чие байланган жип бошоткудай эмес.

Көкүрөгүнө муңу батпай, кек кайнап, кечээки эркиндигин эңсей, бүгүнкү абалына кейип, эртеңки тагдырына бушайман болгон туткундун тагдыры эмне болуп чечилер экен? Топтогулардын бириси аяп, бириси кызыгып, жардана тиктешет. Сол тараптагы сөөрүдө маңдай-тескей отурган эки адам тең, көйнөктөрүн чыканагына чейин түрүп алышып, түк баскан көкүрөктөрүн ача, ысылап тердегенден белдеги курлары менен беттерин, мойну-баштарын улам аарчып коюшуп, желпинише, ортодогу таш кесеге коюу чыккан чайдан куюп, анда-санда ууртап, менменсине чалкалашат. Кыйкырганынын акысын, алдын ала алган жарчынын бир эле максаты,- элге элан кылып, кардар табыш эле. Улам топко келип кошулгандардын көңүлүн бура, коржойгон боюн созуп, кыйкыра берди.

- Мына бул адамды, пайдаланам дечүлөр. Алып кетем дечүлөр, келгиле, келип калгыла! Өзү жаш. Кандай кызмат болсун аткара алат!

Таңыркап тургандардын бирөөсү да, баасын сурабады. Мен алам дечү, кардар чыкпады.

- Эй, адамдар, Бай, бекзаадалар! Сурагыла, кызмат кылдырам десеңер, алып кеткиле! деп ортого жалгыз чайнекти коюп алып, алмак салмак чай уурттаган эки семиз адамга, кылчак-кылчак карап коюп, элаан кыла берди. Беркилер аны кубаттагандай, баштарын ийкеп, терге чыланган курлары менен желпинишет.

Тилеке ортодогу колу таңылуу, туткун жигитке ичи кыйыла карап турду.

- Кайран гана жигит. Кордук тартып калыптыр. Эмне болуп башына иш түштү экен? Кантип булардын колуна түшүп калды? Уурулук, каракчылык кылбаса керек? Эмне балекет болду экен? Көзүндө оту, көкүрөгүндө жалы бар экен. Көңүлүн тапкандын, шилтеген жагынан кайра тарткыдай эмес. Жоо чапкыдай кубат, кайра качпас кайрат бар. Мелдешке түшсө алчуудай. Колуна тийгенди жанчуудай. Денеси жумушка бышып, мээнеткеч көрүнөт. Уруусу ким? Теги кайдан экен? Кайдан келип, бул жуксурларга кор болуп калды? Каап, аттиң! Тагдыры ташка тийгир. Ата-энеси жок, томолой жетим окшойт. Же тууган-уругу, сүйөнөөр тиреги жок, кулбу? Антейин десе көзү тик. Намыстуу көрүнөт. Болду, болбоду алыстан келип, капылеттен кырсыкка чалынып колго түшкөн окшойт? Кокустан, буларга карыз болуп, тууган -уругуна кабар жетпеген мусапырбы?

Аңгыча, туткундун эгеси көрүнгөн эки семиздин бирөөсү, жарчыга карай үн салды.

- Эй жарчы! Туткундун баасын айт. Эл билсин.

- Эй жам-аат! Жарданып турган адамдар. Мунун акысы бир жамбы миң дилда Мартың келип алып кет!

Туткун жигит, сыртынан баасын бычып, буюм катары сатып жаткандарга итиркейи келе, жалт карап алып, көзүн жума тиштенди. Жаак булчуңдары түйүлө, өңү ызалуу, башы чайкалды. Тургандар дуулдай, дүрдүгүштү.

- Бир жамбы, миң дилде дейби?

- Муну, колго түшүрүп келишкенби?

- Бирөөлөргө карыз болуп, барымтага ташталса керек?

- Жамбыны, дилдени төлөп, бошотуп алуучулар жок окшойт?

- Уурулук кылып, туткунга түшкөн пенде көрүнөт?

Топтогулардын сөздөрү, туткунга оор тийгенин сезген Тилеке шеригине кыйкырды.

- Шералы!

- Мырзам- ал миңгичин темине, жакын келе жатты.

- Алып кел баягы жамбынын!

- Куржундун түбүндө эле

- Куржундун оозун сөк.

Азыр – дегенче ал атынан ыргып түштү да, оор куржунду ээрден ыйына алып, оозун чече баштады.

- Тез кыймылда!

- Мынакей.

- Алып барып, жарчынын алдына ыргыт да, жигиттин колун чечип кел! Адам кадырын билбеген акмактар! Ушуну менен тешик жерлерин бүтөп алышсын – деп, ачуусун жашыра албай, ызырынды.

Шерали мырзасы айткандай жамбы дилдени жарчынын алдына ыргытып, эч кимден уруксат сурабай, туткун жигиттин байлануу колун, курундагы бычагы менен кыйып жиберди.

Жигит Шералыны жалт карап алып, талыган колун ушалай, суроо салды.

- Тууган, ким болосуңар?

- Тиги мырзанын аты Тилеке- деп атчан туугандар тарапка башын серпий.

- Кайсыл уруудансыңар?

- Адигине. Баргы болобуз.

- Адигине? – деп, жигит кайталап, жүзү албырып кетти.

Тилеке Шералынын келишин күтпөй атын теминди. Шаардан узаганга чейин ага, баягы жигиттин жалжылдаган оттуу көзү, элестеп турду.

Тоолуктардын базары болуп, көңүлдөрү жай, жолго чыгышты. Баягы Карачоро менен Меңдике алардан бөлүнүп, кетишти. Тоолук туугандардын биреөлөргө кара санабаган, кечиримдүү мүнөздөрүн, пулдун артынан кубалабаган ак көңулдүүлүктөрүнө күбө болушуп, каттоону калыңдоо максатында үйлөрүнө түшүрмөк болушту.

- Мырзам, ат арытып, жол басып келдиңиздер. Биздин колдон даам татып, коно кетиңиздер - деп өтүнүштү.

Ыраазычылык билдирген топтогуларга көнүшпөй, аркаларынан жете барышарын билдиришти. Кочкорлорду алдыга салып, жүк арткан улоолорун минишкен Закир баш болгон топ, акырын жол арбытып баратышты. Ылаалаган кочкорлордун артынан ээрчип жүрбөй Тилеке жан жигити Шералы экөө анан барышарын билдиришип артта калышкан эле.

Салт атчандар тез эле Кургак-Сайдын башатына жете келишип, үстү-баштарындагы чаңдарды күүшүп, муздак булактан жүз чайкашты. Кайрыла, келген жактарын карашса, боз туман баскан, бозомук өрөөн артта калыптыр. Ат чалдырып бир топ отурушуп, анан жолго чыгышты.

-Тиги, капчыгай оозундагы караандарга жете баралы. Шериктер бизди күтүп отурушат окшойт деген Тилеке менен Шералы аттарын ылдамдата бастырышты.

Шералы алдыдагы мырзасынын мүнөзү белгилүү болсо да, бүгүнкү кылыгы аны таң калтырды. Кайдагы таанybaган биреөнүн акысын төлөп, анын ким экендигин көңүлүнө албай, ат бастырып чыга беришин, эмне десе болот? Анан да, бая топтун жетекчиси Закир айтып бергендей, жолдо тоноого аракет кылган ууруларга койлорду саттырып, алар да, өздөрүнүкү баштаныp, баа талашып, жең ичинен соода кылышса, ага мырзасы көңүл да буруп койбой, кайра аларга ширинкана бериши кандай жорук? Эмне, атасынын дүйнөсүн чачкысы келгениби? Бул ойлорун айткысы келет. Бир сырдуу мырзасынан айбыгат. «Ишиң болбосун» десе, осолу чыгат.

- Кой, “Байдын малын, байкуш аяйт” – болбоюн деп, ойлонуп келе жатып, көрүнгөн караандарга жакындап келип калышканын туйбай да калды. Баягы шериктери токтобой жол арбытышкан окшойт караандары көрүнбөйт. Жол тосуп, биреөлөрдү утурлашабы, же болжолдошкондору барбы, капчыгайдын оозунда үч адам ойдологон аттарынан түшпөй турушуптур.

Сурданган көрүнүштөрү менен алардын улоолоруна арта салынган куржундарына сук арта тиктешти. Жол тоскондорго көп деле маани бербей, Тилеке жакындаганда салам берди.

- Ассалоом алейкум!

- Ва, алеки – деп бурк этти ортодогу чүйлүсү чыккан семизи.

Шериктери үн катышкан жок.

- Кой айдап, кетип бараткандарды көрө алдыңыздарбы?

- Ийе, кайдан -деди бейтааныш семизи, суроого суроо менен.

- Базарлап келе жатабыз.

- Базар болдубу? Канча пул бар? деп, демите сүйлөдү.

- Алынча.

- Алынча болгондо, канча?

- Сизге, анын зарылдыгы болбосо керек – деди Тилеке сыпайы.

- Эй, мырза. Сенин койлоруңду айдап бараткандар, бизди кызыктырбайт. Бизге, пул керек! Пул?

Жол тоскондордун ниети жамандыгын туйган Тилеке дале болсо жумшак сүйлөдү.

- Пул бизге окшогон тоолуктарды көп эле кызыктырбайт. Тиричиликке керектүү буюмдарды алып келе жатабыз.

- Кана, бабырабай аттан түшкүлө! А силер куржундарын алгыла! -деп шериктерине буйрук берди.

Баятан бери Шералы алардын орой сүйлөгөнүнө ачуусу келип, мырзасынан мурда жооп берүүдөн айбыгып турган. Ортодогу семиздин буйругунан улам, аларга жакындап келе жаткандардын жолун тосо атын теминди.

- Мырзага тийбегиле

- О, мунусу кантет? Жаныңдан үмүт этсең, кыймылдаба Өлүп каласың!

- Келжиребе акмак. Шералы ага кыжырлана тиктеди.

- Көп сүйлөтпөй кармагыла!

Ортодогу семиз шериктерине ачуулана кыйкырды.

Мырзасын тосо, алдыга умтулган Шералыны бирөөсү келип, колундагы камчы менен башка тартып жиберди. Шералы башын кармаган боюнча аттан кулап түштү. Муну көргөн Тилекенин ичуусу келип, атын теминди.

- Биз силерди адам десек, каракчы окшойсуңар. Арам тамак уурулар! - деп камчысын көтөрө бергенде, алардын башчысы кыйкырды.

- Мунусун дагы алгыла! Жөн беришпейт. Атасын таанытып койгула!

Тилекенин курч аты бирөөсүн оморолой калганда, колундагы камчысы менен ат үстүндөгүнү бет талаштыра шилтей салды. Камчысынын көгү ороло тийгенден улам, ал көзүн басып өмөктөдү. Аңгыча болбой, экинчиси чаап келип, Тилекеге камчысын көтөрө бергенде, ал шамдагайлык менен кайрыла камчы шилтеди. Ал камчысын чапканга буямасы келбей, оозун баса жалтанып чалкасынан түштү. Шериктерин көргөн ортодогу семиз башчысы аты менен жапырып келип камчы шилтеди эле, тийбей калды. Камчысын кайра көтөрө бергенде салаңдаган көгүнө Тилекенин сол колу жете түштү. Экөө камчыны тартыша түшүштү. Сол колун кое бербей Тилеке оң колу менен камчысын шилтей бергенде, анын жоон моюнуна камчынын көгү чабыла тийди. Ал жазгана, көтөнчиктегенде Тилеке кайра камчы шилтегенге үлгүрдү. Тигинин баш кийими ыргып кетип, чыкыйынан кан жая берди.

- Эненди. Жеди. Кайда жүрөсүңөр! деп шериктерине опурулду

Алар жазгана, даабай кан болгон беттерин кармалап, аттарын теминимиш болду.

-Атаңдын оозун урайын, аш кебилер! Экөөң биригип бир адамга алыңар жетпейт. Алгыла! Улак кылып кетпейсиңерби.

Башчысынан коркуп, эки каракчы камчыларын көтөрүп, аттарын теминишти. Тилеке, жан аяшпас чабыш эми болоорун билип, атын дембе-дем теминди. Курч аты тигилерге жете,

оморолой берди. Жандары ачып, эттери ооругандан жазганып калышканбы, эки каракчы алдастап, туш келди камчы шилтешип, жакындабай жалтакташты. Келтек жегенине арданган башчысы аларды коштоп, үчөөлөп жалгыз мырзаны ортого алмак болушуп, аттарын теминише кулачтарын жаза үстөккө-босток камчы шилтешти. Бир топко чейин чабылган камчынын үнү чыгып, бир мезгилде каракчылар биринин артынан бири, аттарынан оонай жыгылышты. Ачууланган Шералы канжалаган башын кармалай, эт-бетинен жыгылган үчөөнү барып, көчүккө тепкилеп, ызырына сөгүндү.

- Ии, алыңар ушул экен го. Эненди урайын каракчылар! Бей-бечараларды тоноп жүрүп, жаман үйрөнгөн экенсиңер. Эшек куртуңар, мурдуңардан минтип эле түшөт.

- Шеке, байла колдорун. Экинчи адам тоногус кылалы -деп Тилеке атынан түшүп, жакындай басты.

Үчөөнүн тең колдорун кошоктой байлап, камчысынын сабы менен беттерине түртө.

- Эй каракчылар, жолдон өткөндөргө силердин азабыңар куп эле өткөн. Канчасын кан какшатып тоноп, тапкандарын талап алып, ага тойбой келгенсинер! Чала силерге кутурган иттер!

Үч каракчы тең, баш көтөрө албай, дулдуйушту.

-Шаке, буларды коюп, баягы шериктерди карачы! Караандары көрүнбөйт. Соо кетиришпесе керек, бу каракчылар?

Шералы атына шап мине, чаап жөнөдү. Тилеке баштарын жерге сала, колдору байлануу үңкүйүп олтурган үчөөнө суроо салды.

- Кана, ким деген болосуңар? Атыңар ким?

Эч кимиси унчуккан жок.

- Мейли, атыңарды айтпагыла. Кимдигиңерди эл билет, Силер каракчысынар. Жазаңарды ала турган мезгил келди

- Бизди, табалаба, мырза!- деди, баятан чамынып, шериктерин улам шилтеп жаткан башчысы.

- Сени аяп, ушул абалга туш келдик.

- Мени кантип аядыңар?

- Өзуңө тийбей, бир аз опузалап, буюмуңарды алып калмакбыз.

- Себеп? Ачык айтканда?

- Ачык айтканда, сен бизди каё берсен, өмүрүңө кепилдик берилет.

- Болбосо?

- Болбосо, ажалыңдын жеткени.

- Мени ажалга багыштаган ким?

- Биздин шериктер.

- Кана, ошол шериктериңер?

- Көп шашыла бербе! Табылат.

- Жо-ок. Андан көрө, кылмышыңарды моюнга алгыла?

- Мойнубузга албасакчы? деди, колу байлануу болсо да мурдагы күрөздүгүн көрсөтө

- Анда, жазалайбыз

- Кантип жазалайсыңар?

- Кантип жазалашыбызды көрүп турасыңар.

Аңгыча аттын дүбүртү чыгап чапкылаган, Шералы жете келди.

- Мырзам, бул каракчылар, тигилерди да соо коюшбаптыр.

- Эмне, койлорун тартып алышыптырбы?

- Буюмдарын талап, өздөрүн аябай тепкилешип, ийлешиптир.

-Алар сообу?

-Ана, өздөрү да келип калышты

Закир баш болгон топтун көзү–баштары көк-ала, кан болуп, токмок жегендери айкын байкалат. Алар келишери менен колдору байлануу турган каракчыларга ызырынышты.

- Ии каракчылар! Кайтарымын алдыңарбы? Жан соога-десек шылдыңдап күлдүңөр эле. Эми сопу баштанып сүкүт тартып калыпсыңар го?- деди Закир.

- Каңкор, мыкачылар! Жөн өтүп баратсак тийишип, качканыбызга карабай, кармап алып, тепкиге алдыңар. Колу-

бутубузду таңып, тезектей тепкилединер, жүн сабагандай сабадыңар. Келме –кезек. Эми, биз силерди тепкилейличи дешип Закирдин тобундагылар ур-токмокко алышты. Жандары ачып, туш келди тээп, уруп жатышты. Каракчылар жалына кетишти.

- Айланайындар, кечиргиле? Жаңылдык, жаздык, ит болдук?

- Ии, келтек жеген кандай болот экен? Каракчылык кыласыңарбы? Бей-бечараларды тонойсунарбы?

- Каракчылык кылбайбыз. Тонобой калалы

- Ант бересиңерби?

- Ант берели.

- Кечире көргүлө? Экинчи мындай жолду баспайбыз.

Ызаларын чыгара, каракчыларды ур-токмокко алган шериктерин тыя.

-Болду эми. Буларды элдин колуна өткөрүп берели. Эл өзү жазаласын –деди Тилеке.

Ангыча бирин-серин базардан кайткандар келе башташты. Алардын катарында Карачоро менен Меңдике да келип калышты. Алар бой жашырышып, коркуп эмне балакет болуп кетээр экен- дешип, санаалары санга бөлүнүп каракчылардан сестенишкендер эле.

-Баягы адатынча каракчылар өткөн-кеткенди тоноп жатышкан экен деп ойлошуп, топтошкондорду көрүшүп, кайра артына кайрылып кете алышпай, зааркана жер карашкан жергиликтүүлөр, жакындап келишип, Тилеке баш болгон топту жана баягы угуп-көрүп жүргөн, үч каракчынын колдору байланганын, бети-баштары кан экенин көрүшүп, таң, калышты.

Келме-кезек деген ушул. Кечээ эле дөгүрсүнүп өткөн-кеткенди теңине албай, орой сүйлөп, коркутуп, тил кайрыганын опузалап, ур-токмоктоп, колундагысын жулуп ала, ызаалаганын көрүшкөн. Өткөн-кеткендерден угушуп:

-Оо кудай, каракчы ууруларды теске салып, тыя тургандар бар бекен?

- Эл арасынан эр-азаматтар чыгып, булардын жазасын берер бекен? дешип эчен зарлашкан.

Көпчүлүктүн зары кудайга жетип, каракчылар мусапырдай момоюп, байланып отурат. Муну көргөн базарчылар колдору таңылып, жерде отурган каракчыларга таңыркашты. Кээлери келип, каракчыларга ызырына.

-Тфу! Бети жок, каракчылар. Чала силерге. Эчен бей-бечараларды тоноп, убалына калдыңар эле. Акыры келип колго түштүңөр го. Илайым эле денеңер көмүлбөй, карга-кузгунга талансын дешип, каргап, кетип жатышты.

Элдин көңүлүнө көк таштай тийип, көбүнүн көз жашын көлдөтүп, жек көрүндү болгондуктарын каракчылар эми кана түшүнүштү. Жан ширин экен. Өлбөй калуунун айласында ар бир пенде издейт тура. Каракчылардын бүгүн жылдыздары жерге түшүп, кандай жазага кабылар экенбиз деген ой, баштарын тумандатып турду. Эптеп аман калышса, бул жолго, экинчи баспаска шерт кылышты. Кечээ эле жасаган кылыктарын ойлонуп, кылмыштарын моюндарына ала.

- Айланайындар, жан соога? Жаныбызды аман калтыргыла? Өмүр бою кызматыңызды кылалы? Жок, көзгө көрүнбө десеңер, бул жерден биротоло кетип тыналы? - дешип үчөө тең Тилекеге жалбарышты

- Эсиңерге келдиңерби?

- Келдик келдик

- Өткөн-кеткенди тонойсуңарбы?

- Жок, тонобой калалы.

- Көпчүлүктөн тартып алган буюмдарды төлөйсүңөбү?

- Куп, төлөйбүз.

- Уурулук кылбай, ак жашай аласыңарбы?

- Уурулук кылбай калалы

- Өлтүрбөсөңөр, ак жашайлы?

- Мейли. Силердин тагдырыңарды эл чечсин. Эл эмне десе, мен макулмун. Бирок, үчөөң тең минген атыңарды, менин

көзүмчө, өз колуңар менен жөө жүргөн жетим, томаяктарга бересиңер!

-Макул. Берли.

Кимде-ким, силерге буюмун алдырып тонолсо, айткандарын аткарасыңар.

- Куп, аткарабыз.

-Эгер аткарбасаңар?

-Аткарбасак, ата-энебиздин арбагы урсун. Ак дасторкондогу даам урсун. Адалдыктын баары урсун.

- Колдоруң чечкиле!- деди Тилеке шериктерине.

Колдору чечилген каракчылар жардана тиктеп турушкан топтогулардын көз алдында, Карачоро менен Мендикеге, андан ар жактагы жалгыз таякчан жолоочуга, каракчылардын аттарынын тизгиндерин карматышты.

- Буюмдарын бей бечараларга бөлүп бергиле – деп. Тилеке аттанып жуп жөнөй бергенде баягы каракчылардын башчысы өтүнүп калды.

- Мырза, бир демге аярлай турасызбы?

- Ко-ош.

- Аты-жөнүңүздү айта кетесизби?

- Атым Тилеке. Баргылардан болом.

- Анык эр экенсиз. Ушул жашка келгенге чейин эч кимден келтек жеген эмес элем. Ошонума дегүрсүп, өзүмдү элден кыйын сезип жүргөнмүн. Көрсө көпкөн экенмин. Акылымдын аздыгы. Сизге там бердим. Мени менен кошо шериктеримдин да жинин күүп койдуңуз. Биз шайтандын тилине кирип, уурулук-каракчылык менен тиричилик кылып келдик эле. Бүгүнкү окуя мага сабак болду. Алибетте уурулук-каракчылык жаман иш. Ага кечиримдүүлүк болбойт. Ага бир эле жаза- өлүм! Бизди өлтүрбөй, жакшы жашоого антыбызды алып, адамдардын катарына кошуп олтурасыз. Биз, булганыч жолго баспай ак жашайлы дедик. Бул үчүн сизге, карыздар болуп олтурабыз, Сиздин кызматыңызды кылалы?

- Силердин каныңарды төгүп, колумду булгагым келбейт. Ак мээнет менен жашаганыңар карызыңардан кутулганыңар.

Аманат өмүрдү, кор кылбай жашагыла.

- Сизге ыраазыбыз Тилеке мырза.-Бирок....

- Ушунча болду, айта бер.

- Элдин карызынан кутулганыбызды сиз кантип билесиз?

- Мен билбесем аны эл билет.

- Заматта эле, өзгөрүлүп кетти деп, мага дагы деле, ишенбей турат окшойсуз. Жашоо кумары, ар бир пендени, ойлонууга мажбур кылаарын азыр сездим. Болгондо да, менден запкы жеп, жандары ачышкандардын тепкисинен дейсизби? Жок. Ал кимдер бирөөлөрдүн муштап-тепкилөөсүн "Өзүм кылган иш, өз башыма тийген муш" катары кабыл алдым. Менин көзүмү ачкан, көкүрөктөгү акыл-сезимди ойготкон, этимди оорутуп, жанымы көзгө көрсөткөн камчыдан алда канча жумшак, карапайым адамдардын «Түү» деген түкүрүгү болду. Көрсө, мен ушул күнгө чейин, өтө палит, сасык, адам көөнүн айланта турган, жиркеничтүү күндөрдө жашап келиптирмин. Муну ойлоп, жети өмүрүм жерге кирип турат.

Тазалыкка бут коёр алдында, менин жырткычтык пейилимди, ыплас жоругумду кечирип, адамдык асыл касиетти өтөөгө ишеним берген сизге, баш ургум келди. Аман болсом, бул тирүүлүктө кадырыңызга жетерим анык. Ысмым Така. Сизге бир учурда жолугармын.

Тилеке үн катпады. Өзүн күтүп турган шериктерин көздөй, аттын башын аяр бурду.

****

Эл кайра тартты мезгили эчак эле өтүп, кыш камын көрүү башталган кеч күз. Айлана куусаң тартып, жайкы өңүн өзгөрткөн. Өзөн –сайдагы дарактардын анча мынчасынын гана сербейген сары, күрөң түстөгү жалбырактары калбаса, дээрлик бардык жерде күз өкүмүн жүргүзүп, маңызын кетире кагайтып салган.

Салкын жердин тулаңына нык семирген төрт түлүк каксоодо от куубай, токсумак баскан чак.

Аттардын ыңгайына коюп, камчы салбай келе жаткан топтун дүбүртү алыстан угулат. Күндүн табына какталган жердин топурагы чаңып, жемире баскан ат туягынан улам анча-мынча катыган данкан оморулот. Ат туягына илешкен бышкан чөптөрдүн шоодураган уруктары себилгендей, чачыла калып жаты. Асмандагы кара булуттар удургуп, ана-мына кар жаайт деген сайын, өзөн ылдый соккон шамалдын эпкининенби булуттар сээлдеп, күндүн мурду көрүнө калат. Көптөн бери күн кактаган жерден тап чыгып, айлана жылуу тарткандан улам, көпчүлүк шартка жараша жеңил кийимчен болуп, баштарынан калпактарын алыша элек.

Өзөндү бойлой кеткен жолдон бурула, белести аша бергенде күздөөгө убактылуу тигилген боз үйлөр көрүндү. Жакынкы жерде желе тургай, ирик мал көрүнбөйт. Чамасы жатакчылардын конушу окшойт. Тээ этекте жайылган жандыктардын карааны суюк.

Ат дүбүртү алыстан угулдубу, же бир демеден шектенген иттердин авалаганынан уламбы, ортодогу боз үйдүн эшиги шөлп ачылып, жылаңбаш адам чыга келди. Ал туура жакты утурлай үрүп, кетип бараткан иттердин караанын улай тиктегенче туруп калды. Аңгыча, топ атчандар кашка жолдун нугу менен боз үйлөрдү жандай өтүп баратып, утурлай тиктеген адамга баш ийкеше салам беришти. Алик алган адам алардын, кайрыла келээрин күткөнбү, утурлай басты. Келе жаткан топ атчан түшпөстүгүн, эми гана туюп, шашкалактай кол булгады.

- Туугандар, келе кеткиле?

Беркилер, ызат кыла баш ийкегендей болушту.

- Түшүп, ак ооз тийгиле?

Үй ээсинин кайталап чакырганынан улам, алар бирин-бири суроолу тиктешти. Салт боюнча "ак ооз тий" десе, удаама-уда чакырса, барбай коюга болбойт. Топ алдында бараткан мырза,

тизгин бурганда, калгандары жабыла ээрчишти. Алар келгиче үй ээси, чуркап барып, боз үйдүн эшигин түрө, үйдөгүлөргө меймандарынын келгендигин билдирди. Өзү ат алмака шашылдай, басканда, эшик алдына келгендер жабыла салам айтышты.

- Асалом алейкум.
- Уалейкима асалом
- Мал-жан аманбы?
- Аттан түшкүлө?
- Жок. Ырахмат. Ушул жерден кайталы.
- Коюңуздар. Үйгө кирип, даам татыңыздар?
- Даамды ат жалында, ооз тиели.
- Эмнеге мынча шашып, союшубуз даяр?
- Союшту буйруган күнү жээрбиз. Андан көрө ак алып чыгыңыз? Ооз тиели.

- А, мейли деген боюнча, чуркап кирип, кол чаначтагы кымыз мөнөн кесени көтөрө чыкты. Анын аркасынан чарадагы майына кашык салып, дасторконго ороолгон нанын көтөрүп сулуча келген жубайы басып келди,

- Амансыздарбы?
- Шүгүр. Тынчсыздарбы -деп атчандар алик алышты
- Кап, жайланышып отуруп, даамдашсак болбойт беле? – дегенче, үй ээси кесеге кымыз толтуруп алдыда турган мырзага, кош колдоп сунду.
- Жигиттин оттуу көзү, жыдыздуу ыраңы тааныштай көрүндү Тилекеге
- Биссимилла - деп кымызды ооз тийип баратып, кайдан көрдүм эле деп, эстей албай жаты.
- Мырзам, мен сизди атайлап күтүп жаткам.

Эмне, зарык ишиң барбы? дегиче, бошогон кесени суна берди. Ат үстүндө жүрүп чаңкаган эле. Даамдуу, күзгү кымызды ооз тийгенде, көңүлүнө жакканынан, толук тартып жиберди.

- Зарык болгонумдан күттүм. Экинчи кесени толтуруп мырзанын жанындагы шеригине кесе узатты.

- Булардын сөзүн бузбайын дедиби, арыда турган Шералы артынан шап түшүп, үй ээсинин колунан чанач, кесени алып, өзү куя баштады. Үй ээсин бир карап алып, баягында базарда таңылган колун өзү чечкен жигит экенин тааный койду.

- Жашыруун эмеспи? Өз кишилер.

- Жашырып эмне. Баягында, базарда куткарып алган жигит эсиңиздеби?

Дал өзү деди Тилеке. Көзү, өңү эсимден чыга элек экен деди ичинен

- Унутуп калыптырмын - деди тамашалай.

- Ошондон бери сизди жолуктура албай...

- Жоолктурбай эмне, ишиң болсо түз эле келе бер!

- Карызымды берейин дедим эле.

- Кайсыл карыз?

- Мени куткаргандагычы

- Аны унутуп койгом.

- Жок, мырзам. Ошондо мен сиздин жакшылыгыңызды өлөр өлгөнчө унутпайм деп өзүмө өзүм шерт бергем.

- Анда, дос бололу.

- Мен, кызматыңызга даярмын

- Макул. Келе колду.

- Бирок, бир шарт менен.

- Анысы кандай болуп кетти?

- Алдын, карызыңыздан кутулайын

- Жок,

- Албасаңыз таарынамын- деген боюнча үйүнө шашып кирип, тез чыга келди. Колунда, гүл салынып аземделип тигилген булгары торбо салмагы оңор эмес окшойт. Кош колдоп мырзага узатты.

- Бул эмне?

- Дилде. Сиздин акыңыз -деп жабылуу боосун чече койгондо торбого толо алтын тыйындар күн нуруна чагыла түштү. Топ атчандардын баары жабыла тиктешти.

- Жок. Мен мынчалык акы берген эмесмин

- Мейли. Каалашыңызча алыңыз, калганы дагы, бир керекке жарар.

- Мынчаны эмне, уурдап таптыңбы?

- Уурулукту ата-бабам кылган эмес. Акты сатып, тогузду үчкө бердим.

- Бир жолубу?

- Жок. Үчтү, үч кайталадым

- Базарың ак.

- Шералы!

Угуп тургандар, алардын кептерине түшүнө алышбай баштары катты.

- Угуп жатам, мырзам.

- Қолуң менен бердиң эле, колуң менен ал !

- Шераалы торбо толгон алтынды көрүп, көзүн пардап, пардап алды да:

- Мырзам, канчасын алайын?

- Канча бердиң эле?

- Бир жамбы, тай туяк дилде бергем.

-Бир кочуш ал.

Шералынын эки колу титиреп, эмне кылаарын билбей калды. Алса да эмнеге салаарын ойлобой колун сунуп баратып, кайра башындагы тебетейи эсине түшө калдыбы анысын жерге коё, кош колдоп ченгелдеп алып, тумагына салып көкүрөгүнө бекем кысты. Жүзү албырып, чекесинен тер чыга түшүптүр.

Тилеке сунган даамга ыразычылык билдире:

-Тапканың баракасын берсин. Оомийин! –деп, бата кылып, атынын башын бура жолго түштү.

- Каап, аттан түшүп, атаган козунун этинен жеп кетишсе болмок –деп үй ээси, өзүнчө кыжаалаттанды.

Мырзаны ээрчиген шериктери, азыр көргөн окуяга ишенип, ишенишпей, бири-бирин жалт-жалт караршты. Бир-эки белес ашып, жол арбытышкан соң шериктери бий менен үй ээсинин сөздөрүн чечмелей алышпай баштары катты. Акырында, жандырмагын таба алышпай бийден сурооого аргасыз болушту. Шериктердин жашамалы бийге келип, өтүндү.

- Бийим, үй ээси менен сүйлөшкөн сөздөрүңүздү чечмелей албай койдук. Мынча байлыкты уурулуктан таап тырбы?

- Силер кандай ойлойсуңар? Ушул жигитти ууру десек болобу? -деп суроого суроо узатты.

- Ууру болбосо, мынча дүйнөнү кайдан алмак?

- Короосунда малы деле саналуу окшойт?

- Бир жерден кенч, тапканбы?

-"Акты саттым" дейт. Элде, эзели акты саткан эмес. Ак деп айран, кымызды айтат. Аны миң жолу сатса да, мынчалык дилдени таба албайт.

- Чамасы сизден кутулуунун айласын кылып, алдап жатат окшойт.

Ар кимиси ар кыл жоопторду таап, чамалашканга бийдин күлкүсү келди. Ичинен "Аа байкуштар а", "Аңдабаган төө көрбөйт" деп, ар бир сөзгө маани берип, чечмелей албаган түркөйлүгүңөрдөн улам, ушул жоопту таптыңар да деп, башын чайкады. Үй ээсинин акылмандыгына, мээнеткеч экенине ынанып, баягында базарда туура иш жасаганына кубанды. Көрсө адамкерчиликтин кайтарымы болот экен. Ошондо акчаны аяп, ажыратып албаганда, ак ниет акылман жигиттин алтын башы кор болмок. Жигит аман болсо, көпкө сыймык, кийинкилерге үлгү. "Эл ичи кенч" деген ырас тура. Элге көп пайда келтирет. Ылайым бар болсун деп, ойго чөмүлдү. Экөөнүн ангемесин буларга чечмелеп бербесе, байкуштардын ичтери көөп, тарс жарылгыдай.

- Угуп алгыла. Мындан соң, айтылган, уккан ар бир сөздү аңдап, түшүнүшкө аракет кылып жүргүлө.

- Мынчалык байлыкты уурдап, таптыңбы? деп суроо бердим.

- Уурулукту ата-бабам кылбаган. Ак саттым. Тогузду үчкө бердим деди. Анын мааниси ак мээнет. “Мандай терим. Тогуз ай тынып, үч ай иштедим” деди. Мен “бир эле жолубу?” дедим, ал “үчтү үч жолу кайталадым” деди, анысы үч жылды үч жылга көбөйтүп иштедим дегени. Мен “базарың ак” дедим. Ал мээнетиң, кайтыптыр дегенди түшүндү.

Шериктери экөөнүн сөзүнө маани беришпегенин билишип, баштарын шылкыйтышты.

***

Тоопуктар күздө бир эле кышка кам көрүшпөстөн илгертен калган каада-салтака айланган шаан шөкөттү башташат. Эл жайлоодон түшүп “күздөө” деп аталган тоо этегиндеги тегиз өрөөнгө көчүп келишип, кыркалата суу бойлоп отурушат. Алыскы-жакынкы тууган-урук, дос-жар, куда-сөөктөр жоктолуп, жайын жеп, эркин оттогон төрт түлүк, куйругу кучак, жондору тегиз ириктер, соорусу толуп, жалы кармалбаган кулун -тайлар жетеленип, бирин бири ызатташкан өрлүктөшмөй башталат. Келин алып, кыз чыгарган, бала отургузуп, чач өрдүргөн той-тамашалар, арбак сыйлап аш берген, ар кандай ата-бабалардан калган расмилер өткөрүлүп, нускалуу үрп-адаттын, улуу дөөлөттөрдүн көрөңгөсү көбүрүп, уюткусу уланып, айыл-апа шаңга бөлөнөт.

Эрежеси менен элдик оюндар уюштурулуп жаат-жаатка бөлүнө- атаандаша-алышышып, кадимкидей кармашышып, балбандар күч сынашышат. Эл арасында эзелтеден өткөрүлүп келген эңиш, күрөш, улак тартыш, ат чабыш баш болгон көптөгөн оюндарга байгелер коюлуп, намыс алдырбашка аркеттенген мелдеш кызыйт. Элдин баары оюн-тамашага, дүргүшөт. Чоң–кичинеге карабай оюн башталганга чейин акындар ыр ырдап, комузчулар күү чертишип, ортолук шаңга бөлөнөт. Бири-бирине атаандашкан өнөрпоздордун өнөрлөрүнө баа берилет.

Чыгаандары даңазаланат. Андан соң, балбандар алышышып, кезеги менен ат оюнары өткөрүлөт.

Боз кыроо түшүп, эртели кеч суунун бети каймактай баштаганда айыл аксакалдары чогулушуп, кыш камылгасына кам көрүшүп, кеңеш өткөрүлөт. Эл эңкүүлөп, кыштоого көчүп, үй жайды жылуулап, отун суу камдалат, "кыш айлары сый айлары" дешип, дасторкон толо даам толтурушуп, түмөн түйшүк тартыша бири бирин чакырышып, даам татышып, узун түндө байыркыдан берки бабалардын баштарынан кечирген баатырдыктарын, мүшкүлдүү азап-тозокторун, жоо менен алышкан катаал күндөрүн эске салышып эл-жерди сактоодогу эрлердин эрдиктери эскерилет. Аны уккан жаштардын дилдери курчуп, элди аяган, туулган жерди коргогон, сезимдери өөрчүйт. Акын-жомокчулар жаактарын жанышып уккандын кулагын кандырып, көкүрөктөрүн ыр-күүгө толтурушуп, өнөргө карк кылышат.

Күмүш сакал күн жүздүү, алтын саамай ай жүздүү ата-апалар жомок айтып жобурап, табышмак-аңгеме айтып жебиреп, уламыштарды улаштырып, санжыраларды саймердилеп, таңды аттырыша, жаштарга насаат, тарбия болгон. Элдик айтымдар аркылуу жыл эсебин так билген эсепчи, илим-билимдүү, баамчылдар ачык асмандагы түн жылдыздардын ордун байкоого алышып сaресеп жүргүзүшүп, табигый кубулуштарды, жан жаныбар-жаратылышты табырка кылыша жылдын кургак, жаанчыл болоорун, кар көп, аз жаарын малды аман сактап калууну айтышып, бири бирине кеңеш беришкен.

Эркектери эртели–кеч аң уулап, бүркүт куш салып, тайган агытып кайберен, илбесин алдырышса, аял заты кийиз басып аны оюп, шырдак шырып, тери ашатып, тон тигип, кереге таңуу, уук тизгич, аземи буюм согуп, күн кечиришкен. Жаз келээри менен айыл аксакалдарынын айтуусу боюнча талаа жумуштарын башташып арык чабышып, жер айдап, эгин себишкен. Анысы жерден кылтая баш бакканда жаздоого

жабыла көчүп келишип, мал төлдөтүшүп, желе байлап кызуу кыркымдан соң жайытка жайлоого бет алышкан. Ушул бейпил тиричилик, берекелүү турмуш, өз нугу менен өтүп, дайым эле май көл, сүт көл болуп келдиби? Балээгеби. Адам самаган ою, күсөгөн үмүтү, бардыгы болсо кана? -деген кыялы барчылыкка тойбогон бийликке, байлыкка болгон умтулуусу күнүмдүк жашоосуна канаатанбаган суктугунан улам бири биринен тартып алган, алдуусу алсызын басмырлаган.

Кылымдар кыйырын кыдырган кыргыз элинин башынан теңдеши жок таймаш, кандуу кагылыш, эбегейсиз согуштар болгону санжыранын саптарында тизилип турат. Алмустактан бери коңшулаш, кубаттуу элдер менен тең тайлаша күрөшүп, көбүнөн жеңилип, көбүнө таанылып, тар жол, тайгак тагдыры ташка чегилип, чабылып чачылса да, кызыл канга жуулуп кыргын табышса да, кыйла жерге сүрүлүп, кыяматка барышса да, бабалар тилин бапестеп, байыркы дилин аздектеп, ата мурасы асыл сапаттарын жоготпой, чачылганды чогултуп, куюлганды курап, тукум улап урпактарын ушул күнгө жеткирди. Кара мүртөз каардуу жоолорго башын ийбеди. Бешиктеги баланы бекем сүйөп, душман колуна калтырбады. Айкелдүк асыл сапаттарын, акыйкат адил дөөлөттөрүн ардактап, кастарлады.

Деги эле кыргыз мүнөзүндөй мүнөз дүйнөдө сейрек кездешээри анык. Конок келсе кимдигине карабай, аты жөнүн сурабай ак дасторконун жайып, суусундугун сунуп, коюн союп, белин чечтирип эс алдырып, жай алган соң, ал -абалын териштирет эмеспи. Көч келе жатса алдын тосуп утурлап, даам таттырып, унаа белин бекемдетип, жолго узатуу кайсы элде бар? Жолоочу болсо салам айтып, ал абалын сурап, кем катыгы болсо жардамдашып, көөнүн алуу кимдердин колунан келет? Дал ушул улуу касиеттерди, адамгерчилик ызат-сыйды, салтты сактап, кийинкилерге мурастаган эл туткалары, акылман ата-бабалар

болду. Алардын арбактарын аздектеп, ыйык баалоо, ар бир кыргыз баласынын милдети эмей эмне?

****

Тилекеге Сагыр атайлап келип жолукту.

-Жаңы журтка келипсиз, өрлүгүм болсун деп, тай жетелеп келиптир.

Ага аталып союш союлуп, боз үйдүн ичи меймандарга толду.

- Бийим, сиз сурабадыңыз, таржымалымы өзүм айтып берейин деп, кебин баштады.

-Ата-энем эрте өтүп тууганлардын колунда чоңойдум. Турмуштан запкы жеп, көрүнгөндөн какты жеп, эрте торолдум. Биреөлөр жумшаса кылчактабадым. Шарт тура жөнөп барып, айтканын аткарып, алкышын алдым. "Жакшы сөз жыланды ийинден чыгарыптыр" демекчи, күндө эрте менен ойгонгонумда "Бүгүн курсагымды кантип тойгузаар экенмин", "Кимден жакшы сөз угар экенмин" деген ой кетчү. Көрүнгөндөн кагуу жеп, запкы тарткан жетимге, жакшы сөз угуу курсагы тойгонго барабар эле. Көпчүлүгү убактылуу кызматыма кызыгып жакшы сөзүн айтса, кээлери аяп, "Жетим жетилет. Эртең эле бир азамат болуп чыга келесиң" деп боор ачый кетишчү. Жети жашка чыгып-чыкпай байга койчу болдум. Кийин ойлонсом Бечелбай кийим сурабаган, акы доолабаган жан күйөөрү жок мага коюн кайтартыптыр. Кой жайгандан башка, эрмектешээр эч нерсем жоктугунан, койлорду эркинче коюп, алыскы жайытка жетип, кайра кайрычуумун. Мен келгичекти кеч кирет. Эптеп-ашкан-ташкан тамактардан шам шум этип, короо четинде болом.

Мал жетпеген жайыттын тулаңына тойгон койлор кечинде короого келээри менен жуушап, алыс кетпейт. Саан койлорду көгөнгө байлагандан тартып, козуларын жамыратып, кайрадан бөлүш менин мойнумда. Койлорду заматта саап алууну, башкалар аткарышат. Чата койлорду кармап берем деп, көп гана азап тарчуумун. Кургакчыл кезде жарылып, кан чыккан буттарымды кой тебелеп, жанымды көзүмө көрсөтөөр эле. Ал

ыми жамгыр жааган мезгилде, баткак -чыла кечип, улам чата койлор туткурбай качып, буттарды жанчып куп эле азап тарткам. Семиз койлор дыргаяктата сүйрөп, суукта жаным көзүмө көрүнчү. Жарылган буттардан да үстүмдөгү кийимим чылага булганып, чылгый териге айланып, таң аткыча кургачуу эмес. Өртөси шүүдүрүмдө малма-малма суу болчу.

Жайытка жетээрим менен күнгө жайып коюп, күндүн табына какталып жатчуумун. Ошондой күндөрдүн биринде кумурсканын ийинине жакын жатканымды да билбейм. Бир карасам тери шымыман булоо чыгып, кургай баштаптыр. Кургай элек жагын аңтарып коёюн деп карасам кумурска тим эле кыйма–чийме.

Балакет бас. Кумурска баскан шымды кантип кийемин деп чочудум. Аларды күүп салмакка кол сунуп баратып, кызык нерселерди көрдүм. Кумурсканын баары бит, сирке тиштеп кайдадыр кетип баратыптыр. Заматта түшүнө калдым. Көрсө, кумурска бит менен сиркеге өч болот экен. Ошондон баштап котур адамдай кылып тырматкан, биттен арылдым. Экинчи дагы бир табылгам. Кардымы тойгузуштун аракетинде болом. Талаада эмне көп, отун көп чакмак таштан чагып тутантам. Аны чоң таштын жанына алып барып, отту улуулата жагам да, жаңы тууган жоош койлорду кармап алып, бака жалбыракка, же ат кулактын жалбырагынын бетине саап келип, баягы ысык таштын бетине жай төгөм. Заматта сүт быштактай, же эжигейдей болуп килкилдеп бышат. Андан каалашымча жеп, кечке эрмек кылам.

Бечел бай күндө кечинде короого барганда коюн санап, түгөлдүгүн билген соң, мактап кирет.

- Азамат койлоруң түгөл. Куп тойгузупсуң, кай жерге кайтардың?

- Тар-Жайлактан кайттым.

- Оуу оңор аралык эмес. Койлорду канчалык жакшы баксаң, ошончолук сооп, табасың. Жерде калбайсың дечү.

Кышын-жайын кой артында болом. Ээн талаада эриккенимден оюма келген оюнду ойноймм. Жалгыздыктан тажап, аны таштайм. Көбүнчө эрмегим чоор болду. Куурайдан, куу жыгачтан чоор жасап алып, өз билишимче обондорду ойнойм. Бир курдай чоор үнүн уккан Журтчубек, атайлап, аркы белден ашып келиптир. Учурашкандан соң:

- Сагыр, чоор тарткан сенсиңби?

- Зериккенимден, өзүмдү алаксыттым эле.

- Алып келчи чооруңду?

Эптеп куурайдан жасаган чоорумду бердим.

- Ээ мунуң болбойт. Тээтиги бөрү карагатты түбүнөн кесип кел! -деп бычагын берди.

Мен заматта жаныбызда турган бөрү карагатты кайрып, алып келе калдым. Ал ортосунан жара бөлдү да өзөгүн кырып, көңдөйлөтө алды. Колуна ченеп туруп эки, үч жерин чебердик менен оюп, тилди. Көңдөй жыгачты беттештире баш аягынан аттын кылы менен бууп, колума берди.

- Кана үйлөп көрчү.

Мен үйлөсөм, добуш чыкпай койду.

- Антип үйлөбө, минтип кармап, кашка тиштин бул жак тарабына такап үйлө, мына минтип, бул жерди бассаң, үн өзгөрөт.

Ал үйлөгөндө кооз доош чыкты. Мына бул күү "Ат кетти". Мына бул "Койчулардын коңур күү". Мына бул, "Жоо басты", "Абышканын арманы", "Кыз кыялы", "Байбиченин кошогу", "Жылкычынын күүсү" деп, оңор эмес күүлөрдү кайра-кайра ойноп берди.

Мен да "чоорду" оозума такап, аны туураган болдум. Улам-улам окшошуп баратты. Менин дит коё, үйрөнүүгө болгон далалатымды көрүп, Журтчубек тамашалай кетти.

-Өнөрүмдү үйрөтүп жатам. Эмне бересиң -деди

Бул суроону күткөн эмесмин. Аны тиктедим.

-Өнөр өзгөчө кымбат дешет эл. Үйрөткөн кишиге өмүр бою карыз болот экен.

-Берө турган эч нерсем жок. Бир кызматыңызга жараармын.

-Андай болсо коюңду мен тарапка айдап бар. Экөөбүз жанаша бетке кой жайып, кезүү кылабыз. Мен сени өнөргө да үйрөтөм. Курсагыңды да тойгозом деди. Экөөбүз макулдашкан күндөн баштап, ал ары тараптан келет. Мен берки жактан барам.

Бири-бирибизге эрмектешип зерикпей калдык. Журтчубекти өнөрү ого эле көп экен. Койлорду жайып коюп, алдын тосуп, чоорду үйрөтөт. Түштө койлорду суу боюна жуушатканда, ат куйругунан кылтак жасап, тор түйөт. Аны мерчемдүү жерлерге койсок суусап келген кекилик, чил, көгүчкөн түшөт. Аларды отко кактап, бышырып жейбиз. Кардыбыз кадимкидей тойчу болду.

Байкуш арманын айтып, бугун чыгарчу.

-Эр жигит жылкы багат. Койчулук карыган кишинин иши. Ойлосоң, шамалдай сапырылган күлүктү минсең, ал канаттуудай сени ʼалып–учуп жөнөйт. Эңсеген жериңе заматта жеткирет. Темселеп кой артында жүрбөйсүң. Сасыган короо четинде жатпайсың. Кышта, жаан-чачында чокойду сүйрөп, малма-малма суу болуп, кор болбойсуң.

-Эх! Жылкы баксам кана? Белестен белес ашып, жондон жонго чыгып, ат ойнотуп, шамал менен тең жарышып, түнү менен жылкы кайтарып, аңдып келген ит- кушту укурук менен сырайта чаап, терисин сыйрыйт элем - деп кыялдана кетчү.

Анын аңгемесин угуп жүрүп, мен дагы жылкычы болгум келчү. Жылкы, күлүк ат жөнүндө уккандарын мага айтып берчү. Жылкы баласы өтө акылдуу келет дешет. Элдин баары улак тартышка кызыгат эмеспи. Жүздөгөн аттар топтошуп, ортодогу торпокту талашып, кимдир бирөөнүн шап илип кетишине мүмкүнчүлүк бербей, биринин артынан комок болуп ат салышат. Кимдир бирөөлөрү кокус жыгылып калса, аттар тебелебей аяп, бутун көтөрүп тура берет дешет.

Мен болсо байгеге катышып, күлүк чабышты дайым эңсейм. Билесиңби, жүздөгөн аттар арыш керип чуркап баратса, учкан куштай эле көрүнөт. Жер чаңытып, шамал шуулдап тим эле аткан октой кетет. Кый- куйлап сүрөгөн үндөр, биринен бири калбаган күлүктөрдү ойлосом эле, жүрөгүм опкоолжуп, ордумда тура албай кетем. Чоңойсом барбы, күлүк таптайм. Муну, өтө чоң өнөр дешет элдер. Кел, экөөбүз ат болуп, жарышалы дейт да, менин ой-боюма койбой, жетелеп чуркап жөнөйт.

-Кетти эле, кетти! Чамда! Ча-ап! К- ку! деп өзүн өзү сүрөйт. Күлүк болуп элирип, "көкүлүн көккө серпип", байгедеги күлүктү туурайт. Жата калып оонап, ат болуп, кишинейт.

Айткандай эле, анын самаган кыялы ишке ашып, күлүк чаптырганы алып кетишти. Журтчубек кеткени мен аябай зерикчү болдум. Болгон эрмегим чоор болуп калды. Күндө кырга чыгып алып, чоор тартам. Өзүмө өзүм маашырланып, чоор үнүнө балкып, ширин кыялдарга батам. Бир курдай кыялап кетип бараткан жолоочу, жаныма келип, ат чалдырды. Буту-колун кенен сунуп, талыкшыган денесин жаза кеп баштады.

- Сен чоорду жадабай эле тарта бересиңби?

- Ээ аке, жалгыз тоодо кой артында жүрөм. Эрмегим ушул чоор. Болбосо, күн өтпөйт деп сырымды жашырганым жок.

- Андан көрө, комуз чертпейсиңби?

- Комузду колума ала элекмин кой кайтарып талаада болом. Күү черткен жерге барууга чолоом жок, чоорго үйрөнүп алыптырмын.

- Комуз деген башка иним. Анын таржымалы көп. Буйруса дагы бир жоолукканда айтып беремин. Экөөбүз чоор жөнүндө сөз кылып калдык. Таржымалын айтып берейин.

Мени эл–Эркеч комузчу дешет. Кээде ары-бери өткөндө чоор үнүн угуп каламын. Көрсө сен экенсиң. Чоор койчулардын эрмеги. Илгери бир чоорчу, койлорун чоору менен чогултуп алчуу экен. Ал тургай түштө чоорун тартса койлору жанына келип угуп, магдырап, жуушап жатчу экен. Илгерки койчулар

чоор үнүн уккан койлор ылаңы жок семиз болот деп, кеп кылып калышар эле. Чоор үнү желден жаралат. Адам деми аркылуу күүгө келип, миң түркүн добуш чыгара алат. Демек, адам кыялы эмнени кааласа баарын аткарат. Адам баласы төрөлгөндө, ал тургай о дүйнө, чын жашоого сапар аларда, чоор үнү угулуп, мукам кайрыгы эс-акылды өзүнө тартат. Чоор бу дүйнөгө да, тиги дүйнөгө да, таандык. Бейиште болсо, ар дайым сыбызгып, үнү угулуп турат дешет.

Сырдуу үнү менен адам дүйнөсүн башкарып, тез эле имерип алчу касиетке ээ болгондуктан, чоордун жаны бар дешет. Аны адамдар билбейбиз. Билгенге да маани бербейбиз. Анын тарыхы тээ алыста. Качандыр бир кездерде, кудайым жер, сууну, от, жан-жаныбарларды баарын жасап жатканда, алар менен бирге жаралыптыр. Тирүүлүктүн белгиси бул шамал. Ал жөн жеринен жүрбөйт. Ысык-суукткан пайда болот. Шамал эпкини менен баары кыймылга келет. Кууш нерселерден, аска-зоодон үн чыгат. Дарактардын жалбырактары бийлегендей болот. Мунун баары жөн жеринен болбойт. Шамалдан үн чыгат. Үндүн ыргагына жараша дарактардын жалбырактары да кошо бийлейт. Анын жөнү мындай.

Теңирим жаратылыш, жан-жаныбарлардын баарын жасап бүткөндөн соң, ойлонот. Буларды жасадым. Алардын күнү күчүн, пайдасын ким көрөт? Буларга ээ боло турган, тескей турган ким болот? деп ойлонуп отуруп Адам ата, Обо эненин тулкусун жаратат дейт. Аларга жан киргизер алдын, сезим берейин дейт. Ары ойлонот, бери ойлонот. Сезимди кантип берсе болот? Айланага кулак түрсө суу шылдырап агып жатат. Шамал куулдап, жүрүп жатат. От менен нурда үн жок. Баарынан бир үзүмдөн алып, Адам Атанын, Обо Эненин жанына кошот.

Адам Ата менен Обо Энеге жан киргизгенден соң, орундарынан турушуп, чар тарапты карап, таң калышат. Жаратылыш, жан-жаныбар баары эле өз өзүнчө. Тил болгону менен сөз жарала элек. Экөө тең бирин-бири тиктешип,

сезимдери ойгонуп, бирине-бири жылуу ырай менен көз салышат. Күн нуру жылуу илебин берип, жаратылыштын баары ойгонгон. Суу шаркырап, шамал жүрүп, жалбырактар дирилдеп, канаттуу куштар миң түркүн кубулжута сайрап, дүйнө шаңга толгон. Экөө бири-бирин карап, сүйлөй албай, ымдаша суроо салышат. Эч нерсени түшүнүшпөй, маң болуша, бири бирине үнсүз тиктешет. Ошондо Обо Эне чыдай албай суу менен шамалдын үнүн кайталайт. Адам Ата куштардын үнүн айткысы келет. Тилдери күрмөөгө, жаак булчуңдары сүйлөөгө көнүгө элек экөө, аябай кыйналышат. Аларды карап турган шайтан уурдана келип, Адам атанын колуна чоорду кармата коёт. Ал аны, ары-бери аңтара кармайт. Ошол кезде жел жүрүп, чоордон үн чыккандай болот.

Муну байкаган Адам Ата чоорду оозуна алып үйлөйт. Кадимкидей үн чыгат. Ал улам алек болуп, үйлөй баштайт. Ар үйлөгөн сайын түрдүү үн чыгып, бирде шамалдын жүрүшү, бирде суунун шаркырагы, бирде канаттуу -куштардын үндөрүнө окшогон дабыш көтөрүлөт. Укмуштуу үн бара-бара теребелди мемиретип, өзүнүн кооз үнүнө суктандыра, тартып алат. Обо Эне үнгө балкып, жүзү тамылжый, термеле берет. Улам теребел да кооз үнгө көөшүп мемирейт. Жан-жаныбар кулак түрүп, шамал жүрбөй, суу акпай, дарактар да кыймылсыз. Куштар, айбанаттын баары чоордун сыйкыр үнүнө багынат. Адам Ата кай тарапка багыт албасын бардыгы ээрчип, эрксиз, моюн сунушат. Басса басышат, токтосо токтошот. Чоордун сыйкырдуу үнү бардыгын өзүнө баш ийдирип алган эле.

Теңир Адам Ата, Обо Энени жөн жеринен эле жасап койбогонун туят. Мына, жан-жаныбар, жаратылыш ээси. Буйруса ушулар баарын башкарып, өздөрү тескейт. Жаратылыштын кереметин, жашоонун сулуулугун балоочулар ушулар дейт.

Бул оюн жебирейилге айтат.

- Коюңуз, кудурети күчтүү жаратkan. Буларыңыз сиздин ишенимди аткарар, аткарбасы алдыда. Көрө жатарбыз дейт.

Билип ал. Бул экөөнү кудуретим менен жуп кылып жараттым. Бардык жаратkандарымдын ичинен эң баалуусу жана сүйкүмдүүсү, эң аруу, тазасы ушулар. Буга чейин мынчалык татына, суктанууга арзырлык эч нерсе жасай элек элем.

Жебирейил буга таң калат.

- Кызык, булар кимдер?

- Адам Ата, Обо Эне.

- Аныңызды билем теңирим. Булардын суктанаарлык кандай касиеттери бар? Баалуу, сүйкүмдүү, таза деп өзгөчө баалап жатасыз?

- Жакшылап байкачы?

- Байкап турам, көңүлгө толоорлук, жүрөктү элжиретерлик жактарын көрө албадым.

- Өзүңүн көз карашың менен эмес, менин көз карашым менен тиктечи.

- Айтып көрбөңүз жараткан. Буту айры, жумуру, денелеринде түктөрү жок. Бети-баштары сүйрү, колу-буту кыска. Ал тургай тиштеринин майдалыгы, эптеп бүткөн. Деги, булар кантип күн көрөт? Ысык-суукта кантишет?

- Сен байкабаган, көрө албаган, жактары көп. Азыр эле булардын кыймылына жан-жаныбар, жаратылыш, канаттуу куштар, деги эле жер үстүндөгү макулуктардын баары сукtаныша, ээрчип калышбады.

- Анын жөнү кандай болду экен!

- Буларда түгөнбөс акыл бар. Аң сезими күчтүү. Жашоо үчүн күрөшүшүп ысык-суукту өздөрүнө багындырышат. Канчалык кыйналышкан сайын алардын күчүнө күч, акылына акыл кошулат. Мына бул көзгө көрүнүп турган бардык нерселерге ушулар гана бийлик жүргүзүшөт. Булардан өткөн алдуу, күчтүү эч нерсе болбойт.

- Деги буларыңыздын аты ким, азирети?

- Адам. Мындан ары өздөрүнө окшогон айры буттар ого эле көбөйөт. Ошондо бир көрөсүң. Дүйнөнү башкарып, бардык

нерсени өздөрүнө кызмат кылдырышат. Отту, сууну, желди өздөрү каалагандай ишке пайдалана алышат.

- Азирети, таксыр. Бир тарабынан жакшы экен. Бирок, ошого ылайык, айыптары да арбын болчудай. Неге дебейсизби? Көздөрү оттуу экен. Бардык жакты көрчүдөй. Оздору тиштүү экен. Бардык нерсени жечүүдөй. Колу-буттары кыска экен. Бардык жүктү көтөрчүүдөй. Көтөндөрү боктуу экен. Бардык нерсени булгачуудай. Көкүрөктөрү чоктуу экен. Бардык нерсени өрттөчүүдөй. Кыялдары учкул экен. Ойлогон ойлорунан кайра кайтпоочуудай. Жакшылык-жамандык, бийиктик-терең̧дик, улуулук жана касчылык, эрендик жана кенендик бардыгын жасоочудай.

-Жок. Булар жамандыктан алыс, эрегишкендерге калыс. Бүйрө болушат. Сен байкабаган мээримдүүлүк, айкөл-берешендик да бар.

- Азирети, таксыр? Айып этпең̧из, сөз кезеги келгенде, айтпасам болбойт. Мени кечиргейсиз?

- Айт. Айтканың̧ жакшы. Сени укканы турам.

- Жакшы болбой жаман жок. Сиз айткан жакшылыктардын ичинде, карањызчы! Көрө албастык, пастык, бузукулук, куулук, мыкаачылык, өзүмчүлдүк...

- Болду, болду. Айтылып кетти. Адамзат жашоосунда ушундайлар болбосун дедим эле. Ушул нерселерди, сезимдерине билгизбей, кулактарына угузбай койсоң̧ болмок. Эми болоору болуп калды. Эми булар сезгенин кылбай, туйганын жасабай, укканын аткарбай койбойт.

- Бул айткандарыңызга кошулам, таксыр!

- Бирок, булардын көң̧үлүн жибите турган бир буюмум бар.

- Чоорду айтасың̧бы? Бая сенин бере койгонуң̧ду көрүп, сезгем. Аны бербе -деп тыймак элем.

- Таксыр, айып кылсам кечириң̧из? Буларың̧ыз бири бирин түшүнө албай, тил бүтүп сүйлөшө албаганынан чоорду бере койдум эле. Мунуң̧ кандай тескери жагы болду экен?

- Мында жан жок. Жел менен гана үн чыгат. Ал үндө шамалдын боздогону, сыздаганы, улуганы, не бир сезимге жеткен муң-кайгылардын бар экендигин сен жакшы билесиң. Билип туруп, булар сүйлөй элегинде колдоруна бере салдың. Жана айтпадымбы, булардын урпактары боздогонду да, сыздаганды да, улуган муңдуу-кайгыларды жасабай койбойт.

- Таксыр, сиздин башкаларга караганда буларга жан тартканыңызды байкап турам. Жаратылган соң бардыгын көрүшсүн, түшүнүшсүн. Кайгы-муң эмне эненин байкашсын. Ошондо гана жашоонун баркын билишет. Бая, сиз айткандай бирин бири барктабаса, сүйбөсө, суктанышпаса, тазалыкты кастарлабаса, айбандан айырмасы болбой калбайбы?

- Бөлөөрү болуп калды. Айбанаттан артык-кылык жоруктарды жасашары анык. Менин айтайын дегеним, коркунучтун бары чоордо. Ал адамдын колуна турганда жан-жаныбардын баарында күн жок. Баары ага кул болот. Карачы, жана үйлөгөндө жан-жаныбар, жаратылыш, баары ага берилип, адамдын артынан ээрчип алышты. Чоор колдорунда турганда ааламдын баарын бийлешет. Эмгектенгенди унутуп, жалкоолукка айланышат. Жан кыйнабай жашап, адамдын акылы мокойт. Ал күчү азайып, бечелдикке айланат. Алга жылуу, өсүш токтойт.

- Таксыр, анда жашоонун кадыр -баркы кандай болот? Ааламдагы не бир укмуш кереметтерди кантип багынта алышат?

- Мен чанда жок акыл, ченемсиз күч бердим. Ойлонушсун, эмгектенишсин дедим. Бардык кереметтерди багындыруу колдорунан келет. Эмгек бар жерде булардын турмушу ырааттуу болуп, гүлдөйт. Өздөрү кыйналышса башкалардын баркын билет. Жанын кыйнашып мээнеттенмейин, адам тукуму жакшырбайт. Ошол себептен да чоорду мээнеттенип, ойлонуп, изденип жүрүп табышаары керек эле.

- Кыжаалат болбой эле койсоңуз да болот Жараткан. Чоорду колдорунан алып, талкалап койсом боло берет. Сиздин буйругуңуз, аны аткарууга мен даярмын.

- Эми болбостур. Чоордун бир касиетин алып кой. Жалаң гана муң-кайгыны эмес, көңүл көтөргөн көңүл жубаткан чоорго айланат.

Жабраил Адам Атага билдирбей, чоордогу касиетти алып коёт да Адам атага кайра берет. Адам ата чоорду үйлөп көрөт. Андан баягыдай кооз үн чыкканы менен жан-жаныбарды, жаратылышты өзүнө тарткан, касиети жоголот да, үнүн уккандардын көбү кереметтүү касиеттерин туйбай өз бет алдынча тиричилигин өткөрүүгө басып кетишет. Чоордун үнү кадимки эле жаратылышта болуп келген, боло бере турган үнгө айланат-деп, жолоочу аңгемесин аяктайт.

- Мен чоордун мындай касиетин билбейт экенмин -деди Сагыр.

- Билип жүргөн жакшы. Чоорго көп асылба. Жалаң кайгылуу күүлөрдү тартат экенсиң, арман-муңдуу болуп калба!

- Коюңузчу?

- Чын айтам. Чоордун түзүлүшү өтө эле жөнөкөй. Башка аспаптарга окшоп татаалдыгы жок. Болгону эки-үч үндү өзгөртө турган тешиги бар. Чоор ошондо Жебирейилге нааразылыгын айткан экен.

- Менин касиеттеримди алып койдуңар. Мен керексиз буюмдай эле болуп калдым го?

- Жок. Сен адамдын эмгегине айланасың

- Менин керегим бирөөлөргө кызмат кылуу эле. Арманын күүмө салайын дегем.

- Сени кармаган адам менен бирге болосуң.

- Жалгыз элеби? Ойногон адам менен жуп болосуң -дептир Жебирейил.

Жер каймактагандан тартып Жебирейилдин колунан жаралган чоор армандуу менен муңдаш болуп калган экен.

Мындан соң шаңдуу күүлөрдү тартып жүр деп, "Той башталды", "Эрке теке", "Тарт серке", "Ат чабыш" деген күүлөрдү ойноп берди.

Убакыт өтүп, торолуп Бечелбайдын жылкысын бактым. Жаныбар Камбар-Атанын тукуму төрт-түлүктүн ичинен өзгөчө го. Кышын жайын субайларды карап, сыртта Алайдагы Муз Төрдө болом. Жалган курандан баштап, жылкыларды бооз, кысырына карап, субайларды жолдо бөлөм да, тууган бооз бээлерди чогултуп, этектеги айылга жакын айдап келем. Жылкы жаныбар, касиети башка мал. Чидерлеп калганы жайытына качат. Көздөп, акмалабасаң заматта көздөн кайым болот. Тик беттерге, жар–быткылдарга барып туушу мүмкүн. Жаш кулун жерге түшөөрү менен туруштун аракетинде болуп, сойлоп барып жар–аңга, же суурдун ийиндерине түшүп, жан боордон түзгө сойлоп кетиши мүмкүн. Жаш жаңы үйрөнчүк байтал бээлер, сойлоп кеткен кулунун жоготуп, түңүлүп басып кетиши да мүмкүн. Анысы менен жаш бээлер жылкычыларды да түйшүккө салып, азгырылууга себеп болот.

Анткени жылкы жаныбарды карап турбасаң, тууган туубаганы билинбей калат. Ал үй, жандыктарга окшоп, куйругу булганбайт. Муну карт жылкычылар гана билбесе, мага окшогондор байкабай калышы мүмкүн. Анан да, ушул учурда ит куш алыстап, кетпейт. Айыл четин акмалайт. Себеби, алыскы тоолордо кар кетелек мезгил болуп, суур, кашкулак чээндеринен чыга элек. Арыкчылык. Ушундай чакта кара канаттуулардан карга, кузгун, жору сагызган, жырткычтардан карышкыр, түлкү, чөө, бөрү, сүлөөсүн аңдып, жаш кулундарга кол салып, талап кетүүнүн аракетинде пайлап турушат. Жылкычылар өзгөчө ушул чакта астейдил болушуп, түн уйкусунан, күн тынымынан, кечип, үй бетин көрбөйт. Качан гана бооз бээлер тууп бүтүп, кулундар жолого байпангандан соң жылкычынын көңүлү бир жаңсыл болот. Анан барып, кышкы тонун чечип, жеңилдеп, көңүлү сергийт.

Бечел байдын бээлерин быйыл өлгөн жылкычысынын аялы Айтбү деген аял саайт. Күндө таңга жуук, бээлерди желеге айдап келип, кулундарды байлайм. Кечке бээ саадырып, кеч караңгы киргенде агытылган кулундары менен кошо бээлерди жайытка айдайм. Эртели -кеч барып субайларды түгөлдөйм. Жесир аялдын тиричилигине каралашып, отун-суусун мойнума алганмын. Күндө жылкыга барганда как бутак, кууратан отундарды көтөрүп келип, эшигинин алдына таштайм. Анын менден үч-төрт жаш кичүү Зулчач аттуу кызы бар. Акыл-эстүү ийменчээк, өңдүү–түстүү. Мен отун көтөрүп келген сайын, жылуу ырайы менен кабыл алып, суусундукка кымыз сунуп калат. Кээде бээ саадырып жатканда кулун агытып, кайра туруп, кубалашып калабыз. Көздөрүн моймолжута, аппак тиштерин кашкайтып, мага көнө баштады.

-Чоор тартып бер? деп өтүнө да калат. Анын суроосу менен чоорду тартып жатып, аяр тиктейм. Тим эле жан–дили менен кулагын төшөп угуп, жүздөрү тамылжый, жайлоонун көркүнө суктана карап, отура берет. Экөөбүздүн жылдызыбыз төп келдиби, күн өткөн сайын бири бирибизге жакын боло бердик.

Биз турган жерди эл Ак-Ой дешчү. Ошол кездеги жайдын толуп турган кезинде, көз кумарын арбаган кооздугу тим эле укмуш. Ак-Ойду айланта ак баш тоолор курчап, алардын этек ченинде көк жашыл болгон бөксө тоолор. Алардын кокту-колоттору четин, долоно, табылгы, шилби, жапалак арча, эчки тал деген жапайы дарактар жыш. Шар аккан суу, мөлтүр булак, жаркыган көл бир эле Ак-Ойдун энчисине бүткөндөй. Мындай кооз жерде нечен түрлүү жапайы аңы, түрдүү канаттуулардын миңдеген саны толтура. Аркар, кулжа, кийиги койчо жайылып, кыраан бүркүтү баш болгон куштар, улар, кекилиги быкпырдай жайнайт.

Жылга сайын таштан-ташка секирип аккан мөлтүр булактарды бойлой учуп-конгон сарала чымчык тынбай, “эжеке бээ саа” деп сайрай берет. Ак-Ойдун төбөсүндө кыздын

алкымындагы кал сыяктуу Күмүш-Көл аттуу көл бар. Анын күн чыгыш жагындагы  Кулжа-Башы аркылуу гана адам буту басып өтпесе, калган жагынан  такыр келип-кетчүү жол тургай, из жок. Күмүш-Көлгө атайлап гана мергенчилер келбесе, башка жан каттабастыгы белгилүү. Аны дагы бир себеби: “Күмүш көлдүн ээси бар", "алты кулач ажыдаар”-  деген сөздөн улам, келүүгө эч ким  даабайт.  Күмүш-Көлгө бир мен  гана  барчуумун. Четтериндеги бой керген карагайлар кадимки эле каректин четиндеги кирпиктер сымал тик өскөнүн көргөнүмдө таң калганымды айтпа. Бул ажайып кооздукту Зулчачка  арнап, ага бир көрсөтүүнү самап  жүрдүм. Анын үстүнө  көл айланасы бөрү карагат, чыныгы карагатка  толтура. Мөлтүрөгөн  бүлдүркөнүн айтпа.  Алар  бышкан  кезде,  аны  аралап  эле  кеткен кайберендердин өңү-башы өзгөрүп, кыпкызыл  боло чыга  келет. Булбулу таңшып, күкүк-сайнеги сайрап,  аска-зоо жаңыра, миң түркүн үн, бирине бири кошул-ташыл болуп көңүл эргитет.

- Зулчач, мен сага ажайып бир кооздукту көрсөтөйүн, барсыңбы? -дедим күндөрдүн бир күнүндө.

- Ошончолук  эле коозбу?

- Укмуш кооз. Кумарың канбайт

- Ай-ий! Ал кайда?

Күмүш-Көлдү билесиңби?

- Жок

- Мына бул жакта. Ак-Ойдун төбөсүндө, жалгыз көл бар. Эл аны Күмүш-Көл дешет.

- Неге Күмүш-Көл аталган?

- Тим эле күмүштөй, көзгө чагылып турат.

- Сиз баргансызбы?

- Барганым үчүн айттым да.

- Качан көрсөтөсүз?

- Макул десең, азыр деле барабыз

- Алысбы?

- Көп алыс эмес.

- Бээ сааганга чейин келе алабызбы?

- Айтбү жеңеге айталы. Бээлерди жандыра саап турса, кийинки саанга чейин келип калабыз.

- Анда, кымызды быша кетели?

Экөөбүз эки сабаны, зерикпей алмак-салмак быша, качан гана саамал көбүрүп, сабаанын алкымына жеткенде токтоттук.

Айтбү жеңеден уруксат сурап ээрчише жөнөдүк. Ал бизди телмере тиктеп, узатып кала берди. Заматта, экөөбүз бирибизди бирибиз өргө тартып, жете келдик.

Күмүш-Көл бейиш сымал келберсип, кооздугун батыра албай, тосуп алды. Күн жыш карагайды аралай шыкаалай тийип, көл анын нурларынан уяла, жүзүн ала качкансып, жылт-жылт эте жымыңдап турду. Тим эле Күмүш-Көлдүн ичи түтөгөндөй, көгүш булоо көккө көтөрүлүп, чалкалаган көк асман көлгө көмкөрүлгөндөй. Ага кошулган тоо чокулары майда толкундардан улам кыймылга келе, көл бетинен өзүн көрүп, жасанып жаткандай туюлат.

Зулчач Күмүш-Көлдүн көркүнө суктанганын жашыра албады.

- Ап-па-ай! Укмуш. Ушундай да керемет жер болот экен ээ! Биринчи көрүшүм –деди, бир топко телмире тиктеп.

- Жактыбы?

- Эң сонун. Муну көрбөгөн адам арманда кеткидей.

Экөөбүз тең үн катпай, ажайып кооздуктун кучагынан чыга албай туруп калдык. Кыздын жүрөгүн эргитип, улам тамшандырган ушул сулуулукту ага арнаганыма мен сыймыктандым. Өзүмө-өзүм батпай турдум.

- Зулчач, сага арнаган белегим ушул.

- Ырахмат, өтө кымбат экен.

- А сен, мындан да ашкан сулуулукту менден аяп жүрөсүң

- Ал кандай сулуулук?

- Өзүңчү.

- Коюңузчу, Сагыр аке. Күмүш-Көлүңүзгө тең келээр дүйнөдө эч нерсе жок болсо керек?

- Күмүш-Көл бир эле меники эмес, эми сеники да болуп калды.

- Ох оо! Экөөбүздүн энчибиз болуп калдыбы?

- Экөөбүздүкү.

Күмүш-Көлдүн төрүнө барып, бир топко чейин үнчүкпай, кыяга бата отурдук. Алдыртан кызга карасам. Азыркы көлдүн сулуулугу суктандырып, көңүлүн эргиткенби, же ажайып кооздук өзүнө тартып алып, кыялын көкөлөтүп, сезимине канат байлатып, жүрөгүн толкундаткандыктанбы каштары кагылып, кирпиктери төгүлүп, жүзү ажарданып, тез-тез дем алган сайын, эми гана билинип келе жаткан көкүрөгү кыймылдап, мойнун бийик созо, чачтарын денесине төгүлтө, учууга камданган чүрөк баштанып өрөпкүп туруптур. Кыз сезимине кыянаттык кылбайын деп, эргиген жүрөгүнө, көк сермеген кыялына тоскоол болбоого аракеттенип, тээ алыстагы мунарыктаган ак тоолорго көз чаптырдым.

Аалам мен үчүн аябай эле кең эле. Биринчи жолу, бала болуп башыма жүн чыккандан берки бактылуу күнүм бүгүн болду. Көрсө, дүйнө ушундай кооз тура. Аалам чексиз экен. Жашоонун ырахаты бардыгы сезилип жатты. Аңгыча болбой, аскадан ылдый кулаган туп-тунук мөлтүрөгөн шаркыратманын боюндагы самын таштардын биринен бирине секирип ойногон, кичинекей сарала чымчык "Эжеке бээ саа!", "Эже бээ саа!" деп сайрай кетти.

Аны угуп, кылчая караган Зулчач.

- Макул. Азыр бээ сааганы жөнөйм деп жооп берди.

Экөөбүз тең жарыша каткырып, бирибизди бирибиз тиктедик.

Сарала чымчык чочугандай "пыр р" эте ары учуп кетти. Экөөбүз, жылуу ырай, оттуу сезим менен кол кармаша үйгө кайтып келдик.

Ак-Ойдун кылаасынын түнү сүйкүм. Абдан кооз. Асманда жылдыздар батпайт. Кол созсоң жетчүүдөй. Тунук көлгө чумуп, азыр чыккан баладай, туптунук, таза жүзүн жаркыткан

жылдыздар биринен өтө бири жымыңдап, көз ирмегенсийт. Жайлоонун тулаңына тойгон бээлер ыңырана, жогортон соккон тоонун шамалына көкүрөгүн тосо, оозун чооң ача, күрсүнө жайылып жүрөт. Энесинин сүтүнө кенен тойгон кулундар тентектене биринен бири өтүп, кубалашып, чуркай жанынан алыстап кеткен кулунун эркелеткенсип, бээлер анда-санда окуранып коёт.

Үйүрүн чачылтпай имере, кулагын жапырып, башын жерге сала кулундардын тентектенгенине ачуусу келген айгыр дөбөгө чыга кара түндү жара кишинесе, аска-зоо жаңырып, улап кетет.

Сагыр ат үстүндө жонго чыгып, чоорун созолонто тартып кирет. Чоор үнү теребелди бийлеп, аркыраган тоонун шамалын, шаркырап аккан суунун үнүн бирде ачык, бирде күңгүрт угуза, төмөн карай агып кетет. Түрлөнгөн чөптүн бүрү, сансыз гүлдөрдүн атыр жыты кошул-ташыл болуп, каңылжарды жара буркурайт. Анда-санда, Айт, айт! деген, ит куш, уруугa сес кылган Сагырдын үнү угулган сайын жүрөгү эргиген Зулчач уйку соонун ортосунда, ууртунан күлкү чача сыртка кулак төшөйт.

Алоологон сезимдер акыры барып отко айланды. Оттун табы көкүрөккө батпай, ашыктык деген, жалын чачкан махабаттын кучагына сүңгүп баратты.

Бир күнү адам боюна барабар келген серке чаначтарга кымыз толтуруп, атайын Бечел байдын айылына келдим. Аттан түшүп, үйгө кирсем бай эки-үч адам менен бирге отуруптур. Чаначтарды керегеге жакын орнотулган бакандарга байлап жатсам.

- Меймандарга, жаңы кымыздан сун! -деди бай.

Кымызды кол чаначка бөксөлөтө куюп келип, кара кеселерге толтура, меймандарга сунуп, аяк жакта отуруп калдым.

- Бай аке, оюңузду биз да, колдойбуз. Ар бир пенденин мураскору болуусу тийиш. Али да кеч эмес. Балалуу болгонуңуз жакшы деди ортодогу селдечен Чекир молдо.

- Эр ортолу элүү дейт элде. Күүлүү-күчтүүсүз, алтымышка жакындап барсаңыз да, жаш көрүнөсүз. Төшөк жаңырткандан соң, бала көрсөңүз, сиз сексенге барганыңызда балаңыз жыйырмага чыгып жетилип калат экен.

- Көрүнгөн тоонун ырагы жок дейт.Токолду эртерээк киргизиңиз -деди шеригин кубаттаган Куртка калпа.

- Айтканыңар ырас. Никеге өзүңүздөр күбө болуңуздар деди, Бечел бай көзүң кыбыңдата.

- Бай аке, ала турган токолдун дареги кайдан?

- Өзүбүздөн эле. Күйөөсү өлгөн жесир катындын кызы.

- Жашы кандай?

- Он бешке карады дешти.

- Ап-бали. Болот, ылайык.

- Ээ бай аке, жаш немеге тизеңизди жылытып, бейишке чыккандай болот экенсиз.

-Хи-хи-хи-хи деп үчөө өздөрүнчө кубанып жатышты.

- Сагыр, субайлардын ичиндеги чоокар тайды, көр акбаш дедиң беле?

Мен баш ийкедим.

- Ошону таап кел.

- Кайсы күнгө,

- Пайшамба күнгө үлгүрт,

- Куп болот бай ата.

Алардын сөзү, менин заманамды заң кылып, жер көчкөндөй эле болду. Колум бошоору менен атымды минип, жайлоого жөнөдүм жолдуката санаага баттым. Укканымды Зулчачка айтууга даабадым. Анын үстүнө оюм да эки анжы болду.

Бечел бай башка бирөөнү айтып жатабы? Кантип эле Зулчачка кызыгып калсын. Анын кызынын кызындай болуп турбайбы? Зулчачты ага ыраа көрсө болбу?

Муз-Төрдөгү субайлардын ичиндеги чөөкарды алдын ала эле тутуп келмекке, ошол күнү жөнөп кеттим. Жол алыстыгынан, субайлар жүргөн жерге жетип түнөп калдым. Эртеси таң

эртеден, кечке издеп субайларды таппай койдум. Белден-бел ашып, колотмо-колот издеп, сайда субайлардын изи да жок. Ээн жайлоодо, аларды көргөн–билгендер жок. Жер жутканбы, же ууру алганбы такыр билинбейт. Үч-төрт күн улоомду чапкылап жүрүп, арытып кур кол кайтууга туура келди.

Жолдо келе жатып, кандайдыр бир жамандыкты сезгендей жүрөгүм опколжуй берди. Туура-Жонду аша берип, биз отурган журтту карадым. Теребел тыптынч. Айтбү жеңемин үйүнө келсем, ал көзү-башы шишип-көөп, ыйлап отуруптур. Мени көрүп өзүн жерге таштап, боздоп кирди.

- Пешенең ташка бүткүр. Зулчачтан айрылдык. Зордоп алып кетишти. Ылайым эли тозокко түшүп, өрттөнүп өлгүрлөгүр. Кызымы чыңыртып, ой-боюна койбой, качканына карабай, буту-колдорун бууп, алып кетишти. Он гүлүнөн бири ачыла элек байкушум. Эми эмне болот? Өлүгүңдү көрөйүн, тойдум ушул тиричиликтен. Кайдан дагы, пешенеси тайкы кызды төрөдүм экен?!

- Кимдер алып кетти? дедим түшүнбөй.

- Кимдер болсун? Баягы сакалы күйгөн Бечел бай, өлүгүңдү көрөйүн көрү өрттөнгүр. Бети жок!

- Зулчачтын убалы кимге? Кызымын ыйлаганын көрбөйүн дечүмүн. Менин бактым тайкы болуп калды. О кудай кызыма бакыт бер! Теңин тапсын дечүмүн. Кудай мени неге албайт, кызымын ыйлаганын көрүп, жашаштын мага кереги жок. Мен жашабайм. Кудай мени неге албайт?

- Сени чоттоп жүрчү элем. Сен алсаң болбойт беле? Айланайын Сагыр, менин күнүм не болот? -деп чачтарын жула, жер кучактап өксүп жатты.

- Менин башым маң болуп эшикке чыктым. Көзүмө эч нерсе көрүнбөдү. Атымы минип алып, башым оогон жакка кете бердим. Бир кезде карасам атым сууга барып токтоптур. Ооздугу менен суу ичип жатыптыр "Эр башына иш түшсө өтүгү менен суу кечет, Ат башына иш түшсө ооздугу менен суу ичет" деген макал эсиме

түштү. Атымын ооздугун чыгарып, жүзүмү суута чайдым. Башым ооруганы басылгандай болду.

- Эмне кылуу керек? Кайда барам? Ойлонуп, ойлонуп, бир эле максат Зулчачты куткаруу керек!

- Кантип?

- Уурдап, же ала качып!

- Ал канткенде сыртка чыгат? Же пешенеге жазылганы ушул экен деп, жүк бурчунда отуруп калабы?

- Жок. Ал калбайт. Качып болсун чыгат.

- Ала качканга күлүктү кайдан табам?

- Үйүрдөгү күлүк турбайбы?

- Аялынан, токолунан айрылып, Бечел бай кантет? Убал эмеспи?

- Зулчачтын убалычы? Сүйгөнүңө жетпеген сенин убалыңчы?

- Бар тобокел! Алтын башта бир өлүм. Зулчачты бошотуу керек.

Артыма кайрылып келдим. Үйүрдөгү күлүктү тутуп, басмайылды бек тартып жөнөй бердим. Эңкүүлөп түшүп келип, Бечел байдын конушуна жакын, дөбөгө чыгып алып, чоорду тарттым.

- Зулчач чык. Сага келдим,  
Сага келдим Зулчач, мага келгин.  
Айланчыктап кете албай, акмалаймын,  
Кор болушун каалабайм, сендей теңдин.  
Зулчач-ой, Зулчач.  
Сүйгөнүм менин  
Артыңдан издеп келдим!

Улам-улам Бечел байдын үйүн акмалап, чоорду боздотуп тарта бердим. Бир маалда Зулчачтын карааны көрүнүп, кашаат жакка эңкүүлөй басты, каңтарылган күлүккө чап жетип, камчы бастым. Мени көргөн Зулчач кол уузатты. Күлүктүн оозун тарта, айылдан узап кеттик.

Жүрүп отуруп Күмүш-Көлдүн күн чыгыш тарабына өтүп, баягы жол менен көлгө жеттик. Экөөбүздү көтөрүп, алып-учуп келген күлүк аябай тердептир. Жыш карагайдын арасында аса байладым. Махабаттын кучагына бой таштап, Зулчачым экөөбүз Күмүш-Көлдүн тунук толкунунда эркин сүзүп жүрдүк.

Ат куйругунан кылтак кылып, улар, кекилик кармадык. Аңчылык менен күн өткөрдүк. Экөөбүзгө күндүн узундугу, түндүн кыскалыгы билинбеди. Күн суугуна тартып, эртели-кеч көл жээгин кыроо баса баштады. Экөөбүздөн кабар алаган эч ким жок. Эптеп тирчилигибизди өткөрүп жаттык. Менин максатым, бул жерден бой жашырып, башка тарапка өтүп кетүү. Зулчач күн сайын апасынан кабатыр болот. Аны жалгыз таштап, барып келүүгө көңүлүм чыдабайт.

Акыры Ак-Ойго барып-келүүгө жолго чыктым. Аркар, кийик чубаган, кыя жол менен эптеп, ашып келип, желе байлаган тектирди карасам, эч бир караан көзгө чалдыкпады. Жыпжылас. Көчүп кетишиптир. Кайрадан шашыла артка тарттым. Жүрөгүм дүкүлдөп, жамандыкты сезип, аттын оюна койбой катуу келдим. Күмүш-Көлдүн баягы күн чыгыш тарабындагы өтмөктөн өтө берիште, аңдыган куугунчуларга туш келдим. Алар үчөө-төртөө мен жалгыз. Канчалык каршылык көрсөтүп, кармашсам да, алар көптүк кылып, байлап ур-токмокко алышты.

- Кана, күлүк кайда? Кыз кайда?

- Билбейм деп баш чайкап туруп бердим.

Алар мени атка сүйрөп Бечел байга алып келишти.

- Эй, туз урган каапыр. Жетим да болсо жетилсин деп малымды бактырып, адал тамагымды берип, алып жүрдүм эле. Сенин кылаарың ушубу? Үйүмдөгү катынымды, короодогу күлүгүмдү уурдап-качып, күлүк кайда? Катынымды кайда жашырдың? деп бычагын жалаңдаткан Бечел бай буту-колум таңылуу жаткан мага келип, оозу-мурдуму буту менен былчылдата басты.

- Бул туз урган каракчыны, адам кылып койсо, кутурганын көр. Жакшылыкты билбеген арсыз кул. Атты тап! Кана, менин катыным?

- Билбейм.

- Билесиң айт!

Бай жан-жөөкөрү менен бир чай кайнамга чейин мени суракка алышты. Эч бир жооп ала албайагандан соң, шериктерине буйра сүйлөдү.

- Тезек, аттын куну үчүн, муну базарга сат.

-Муну ким алат дейсиз бай! Өлтүрүп эле салалы?

- Өлтүрсөң өлүп кете берет. Атты ким төлөйт? Аттын кунуна арзыбайт. Алып барып сатып жибер!.

Бечелбайдын буйругу менен колу-бутума кишен салып, базарга алып барышканда, бактыма сиз жоолугуп калбадыңызбы.

- Зулчачыңдан, кулуктөн кабар болдубу?

- Көз көрбөгөн, кулак укпаган жерлерге чейин барып, сураштырдым.

- Дайынын билген, эч ким болбоду? Зулчачым жүрөгү таза, көңүлүндө кири жок бир зат. Бир айыбы үйдөн алыс чыкпаган, момундугу бар эле. Барган жеринде кор болбойт. "Ичимде күмөнүм бар" деген. Өлбөсө, ага менин дарегимди сөссүз айтат.

Барган жерде өзүмдүн кабарымды билдирмекке, чоор тартам. Чоордун үнүн укса мени эсине алабы, же биреөлөрдөн "чоорчу келип кетти"- деген кабарды угабы, деген үмүт менен жашап жүрөм.

x x x

Ак төөнүн карды жарылып, Анжиан аймагынын адыры алма, коктусу коон жыттанып, күз берекеси чачылып турган чак. «Эл кайра тартты» мезгили келип, элеттиктер эңкүүлөп, салкын төрдүн тулаңына, көйкөлгөн гөдөөсүнө малдарын нык семиртип, биринин артынан бири күздөөгө келе башташкан. Жайды жайлата жойлоодо кыдырыша кымыз ичишип, былкылдаган

козулардын жагына тамагын жешип, шерине деп чогулушуп, кезектешип үлүш беришип, жүздөрү тамылжыган тоолуктар өрөөндүн ысыгын жеришип желектерин желбегей жамына жеңил кийинишет. Ак карлуу тоолорду, салкын жайды эңсешип, эрине басышат. Эрте-кеч гана эшикке чыгышпаса, күндүзү көбүн эсе бак-дарак көлөкөсүн пааналаша, шапаталуу суу бойлорунда .

Жакага түшкөндөн бери, күн кур эмес, өрлүккө деп кыркыла элек кара козу, байлана элек тайдын эти келип, казан-табак босогого чейин май. Бири-бирин жоктоп, ал жай сурашканы шылтоолоп келген куда-сөөк эгиндин орулушу, кызыл кырмандын түшүмү, күз берекесин, айтышып, анан барып, күздө болчу аш-тойду кеп кылышат.

Уруу ичиндеги топтордун жыл сайын келип конуучу өздөрүнө тиешелүү күздөөсү бар. Жайыттын ыңгайына, малдын от алышына карай өрөөндүн чет жакаларындагы суусу мол жылга-жыбыттырына келип отурушкан. Эски журтка үйрөнгөн малдары да алыстабайт. Бөтөн малга аралашып кетмек тургай, алигичең табы кете элек аптаптан корунушуп акакташа соолуп, ар-ар жердеги көлөкөнү пааналашат. Алайдын кең жайлоосундагы салкын төрдүн жайытын жеген жылкылар да, этектин ысыгына чыдабай эртели-кеч салкында гана бир аз чөп искегени болбосо, күн чыккандан, батканга чейин дүпүйгөн токойдун жака-белинде, аккан суунун бойлорунда баштарын жерге сала, чымын-чиркейден корунуша куйруктарын шилтеп, илелешет.

****

Баарынан да жок издеген жаман демекчи,үйдөн чыккандан бери алты күн ар жерде түнөдү. Оозу менен сураштырып, көзү менен карап, үмүтү үзүлбөй издеп келет. Бүгүн болбосо, эртең табармын деген ой менен айыл аралап, сурамжылоо менен оңор эмес жерге келип отурат. Адырма –адыр, сайма –сай кыдырата тиктеп жүрүп, азык албаса да, өзү да, аты да ач калбады. Айыл кезиксе “кел дегендер”, андан узай түшкөндө, мал барбаган туландуу жылга жыбыттардан экөөнүн тең курсактары кампаят.

Өзү менен миңгичинин көөнү ток болгону менен издөөсү табылбай көңүлү бушайман. Анысы да, киши колдуу болгонбу, атайлап ууру алганбы, эч бир жандын көзүнө чалдыкбаптыр. Бир-экиде айылдан алыстап, четке чыкпаганданбы көп жердин атын да сырын да билбейт эле. Көрбөгөн жердин ой-чуңкуру көп дөмөкчи, капчыгайлап жүрүп жарга такалды, бөксөлөп жүрүп тоого такалды. Аба-аксакалдардын айтымы боюнча "баргыларга чейин барып, сурамчылап кел" деген сөз менен барган жерден, жолуккан элден издегенинен кийин эле, уруулардын атын сурамай. Кечээ күнү токтогон жайда "баргылар тукуму жайлаган жайлоого бир күндөн өтүп жетесиң" деп айтышкан эле. Кеч болсо да жетип барар.

Улоосун сылай камчыланган жолоочу канчалык теминсе да, миңгичи улам сөкүрөңдөп, аксап келет. Темине берип өзү да, аксай берип аты да чалыгып бүтүштү. Тээ маңдайда көрүнгөн топ айылга эртерээк эле жетүүнү эңсеген жолоочу, атынан мурда өзү жүткүнөт. Айылдын четине жакындай бергенде, абалаган иттер тосуп алды. Сөкүрөңдөгөн ат, сөлпөңдөгөн жолоочу, алардын көзүнө өөн көрүндүбү, ар үйдүн алдында күнөстөп жаткан иттер биринин үнүн бири угуп, чуркап келип, ороп алышты. Жолоочу абалаган иттерди жазгай, камчысын шилтей койсо ага ачуусу келген иттер ажылдап, алды–аркадан торой, кээлери аттын куйругунан бучкактай, ызы-чуу түштү. Абалаган көп иттин үнүн уккан биреөлөр чыгып, жолоочуну көрүп, короонунун иттерин тыя кыйкырды

- Кет! Чык. Мэ, күчү-күчү -деп кээлерине тап бере, кээлерин өзүнө чакыра утурлай басты. Тааныш үндү уккан иттер андан жазгана, алысташты.

- Ассалому алейкум

- Валейкума ассалом

- Жол болсун?

- Жолоочумун

- Аттан түш?

- Рахмат

Жолоочунун атын алып үйгө киришкенден соң, колго суу куйулуп дасторкон жайылды. Даамдар коюлуп, кымыз сунулду. Жолоочу да кирген үйүнө көз батыра тиктеп, саресеп салып олтурду. Эки-үч курдай кесе жаңыланып кемегеге казан асылып, тамакка кам көрүлө баштады. Үй ээси мейманга суроо узатты.

- Коош мейман?

- Жок издеп, ат жоготтум

- Үйүрдөгү ат беле?

- Жок, "куу казык" үйдө байланган.

- Ууруга алдырдыңарбы?

- Мойнундагы жиби үзүлүп, өзү жок.

- Атыңдын өңү-түсү, эн тамгасы?

- Чабдар. Оң кулагы тилинген.

- Андан башка дагы, кандай белгилери бар?

- Маңдайында алакандай кашкасы, эки арткы туягы ак.

- Аягы кандай?

- Улакка чабыла калчу.

- А белгилүү ат экен. Аныңы ууру албаптыр

- Ким билет, издеп жүрүп чарчадык.

- Кай жерди издедиңер?

- Бутубуз жеткен жерге барып жатабыз

- Кайсы уруудан болосуң?

- Тейит.

- Кайсы тейит?

- Чал тейит.

- А оңор эмес жерден келипсиң. Үйдөн чыкканыңа канча болду?

- Алты күндөн бери айылдарга түнөп жүрөм.

- Көргөн билгендер бар бекен?

- Жок. Билинбейт.

- Бекер убаракерчилик тартыпсың. Алыскы жолдо өзүң да, атыңда кыйналыптыр.

- Мал ачыгы, жан ачыгы экен.

- Анын туура. Башта жок жоготуп, мал издедиң беле?

- Жок. Малга көп эле күнүбүз түшө бербейт.

- Дыйкан окшойсуң?

- Ооба, туулгандан жер тырмап эгин менен тиричилик кылабыз.

- Атың эмне болуп, аксап калды?

- Билбейм, кечээ күнү азыраак сылтып жүргөн. Бүгүн аксагы күчөйүп, жол арбыта албадым.

- Кечээ күнү кай жерде түнөдүң? Атыңды аркандадың беле?

- Наймандарда түнөгөм. Тааныш эмес жерде атты аркандоодон чочуп, жем илип, таң аткычакты кайтарып жаткам.

- Кана мейман, кесени жаңылайлы. Тартынбай кымыздан ич. Көңири, жайланып олтур. Эт заматта бышат.

- Аттанайын дедим эле

- Кайда бармаксың. Бүгүн ушул жерде каласың. Өзүң да, атың да тыныккыла.

- Эрте менен эл чогулганда, жогуңду элден сурайбыз.

Мейман менен үй ээси эшикке чыгып, буту -колдорун жазып келгиче, казандагы эт бышып, дасторкон кайрадан жаңыланды.Устукан тартылып, шорбо ичилген соң, кол чайкалып, мейманга орун камдалды.

- Мейман чарчап келипсиң, беймарал жатып эс ал. Атыңдан камтама болбо -деп үй ээси ат камын көрүп сыртка басты.

Жолоочу кынтаяры менен уйкуга кирди. Кечке, аксак ат үстүндө жанчылып калгангабы, таң дык салганда ойгонсо, колу-буттары уюп калыптыр. Айыл ичи, эбак ойгонуп, ар кими өз түйшүгү менен алек. Эки тарабын элеңдей карап атын издеди. Караанын көрүнбөйт. Жүзүң жуумакка жакынкы агып жаткан өзөндү көздөй басты. Атынын караанын суу боюнан көргөндөй болуп, шашыла ошол тарапка жөнөдү.

Жайдакталган салт атты, шар аккан суунун ортосуна аса байлап коюптур. Таң аткычакты мөңгүнүн сөөк какшаткан муздак

суусун кечип турган аттын, жаны көзүнө көрүнгөн окшойт. Улам буттарын алмак-салмак солбуй, туяктарын көтөрүп коет. Аттын тыбырчылаганын, же окуранганын тоготпой жээктен алысыраакта ээр-токумду жаздана, чапанын ай карасынан жамынган бирөө жатат. Жанынан артык көргөн күлүгүнүн сөөк какшаткан мөңгү суусуна байланып турушуна, ал чыдабай кетти. Тиги жаткан кимиси болуп кетти экен? Кетпеген кеги, өнбөгөн өчү барсынып, мыйманды уктатып коюп, атын сурабай–этпей жетелеп келип, кардын суусуна байлап койгондору эмнеси? Булардын ою бузук го? Күлүгүн майып кылгылары бар –деги, ой менен тарп-турп эте, чуркап жөнөдү. Анын дабышын сезген уйкудагы неме көзүн ушалай тура калды. Суу ортосундагы ат ээсинин караанын көрдүбү окуранып жиберди. Жолоочу ачуусун жашыра албай, баякы жаткан адамга буркулдай кетти.

-Бул эмне кылганынар! Атта эмне айып? Жамандык издесеңер менден алгыла.

Ордунан тура берген адам, анын эмне деп жатканын эми гана туйдубу, уурутунан жылмайып койду. Аны байкаган жолоочунун ого бетер ачуусу ашып-ташып, булкуна барып, талга аса байлаган ат чылбырын шашыла чечип, суу жээгине жетеледи. Түнү менен муздак сууда турган ат, чыйрыга, төрт туягы менен бүжүрөп мөңкөңдөй араң басты. Жолоочунун ачуусу эми чындап келип, өзүн-өзү токтото албай ызырынды.

-Эл эмес экенсиңер. Кудайы конокко да, ушундай мамиле кыласынарбы. Бу, байкуш атта эмне айып? Көрсө котур ташыңар койнунарда тура - деп сөгүнө, кагына ээр-токумду күүп сүйлөнө берди.

- Ачууланбаңыз мейман?

- Кантип, ачууланбайм. Атым керден чыгып, басалбай калган тура. Кайдан балээ, силерге туш келдим экен. Андан көрө ээн талаада эле жатып калсам, бөрү жемек беле. Эл-журт бар. Нарк-насилди билет. Кобурашып, конок болуп, боор батырыша, таанышып кетейин дебедим беле -деп сүйлөнө берди.

- Коюң мейман. Атыңызды мен токуюн- деп колундагы тердигин ала беренинде, колун силке

- Токубай эле кой. Адам сыйлаганды, ат кадырлашты билсоңор, ушуну кылмак белеңер?

- Мейман? Мынча ачууңуз келди?

- Ачуу келбей турган ишпи?

Мейман күбүрөнө тескери карады.

- Ачка калдыныэбы, же жамбашыңызга сыз өттүбү?

Түнү менен ачка, аса байланган ат үзүгө жердеги отту, ыпгабай аймап кирди. Улам от кууп, ордунан жыла берип, жонуна токум салдырбаганга кошул-ташыл боло, ат ээси, күлүгүн типдей баштады.

- Үзүлбөй кал. Токум салгыча жылып дегенче, ээрдин басмайылын тартты.

- Өчүңөр барсынып, атымы муздак сууга байлап!

- Аа, эмне эле, болуп кетти десе. Атыңызды атайлап байлаттырды

- Ким?

- Ким болмок, эле бий да

- Жүрчү ошол бийиңе баралы

Экөө ээрчише атты жетелей тиги дөбөдөгү үйлөрдү көздөй жөнөштү.

Тилеке туурдагы бүркүтү менен алектинип, тоюндуруп жатыптыр. Ак жем болгон этти бүркүтүнө аз-аздан чокутуп, артына келген дүбүрттөн улам кылчая берди.

- А мейман жакшы-жатып жай турдуңузбу?

Ачуусу чукул, териси тар мейман таарынган кишидей, учурашып, ал жай суроону унуткандай турду.

Тилеке сөз чыкпаган мейманды карап, заматта түшүнө койду.

- А атым ачка калды деп, капа болуп калдынбы? Ач тоюнат, үйгө кирип кымыз ичкиле?

- Атым ачка калгандан да, түнү менен сууда тура берип, баса албай калыптыр. Анда эмне күнөө? Биздин урууда өчүңөр болсо, ачык эле айтпайсыңарбы?

Тилеке мейманга дит кое тиктеп:

- Кана, атты ары бери бастырып көрчү-деди жанындагы жигитке:

Ал шап үзөңгүгө бут койбой, ээрге минип, атты темине, бир топко барып келди. Ат басыгында эч өөн жок. Чыйралып, кадамы женил. Кечээки кейпи билинбейт.

- Качкы эмеси билинип турат. Атты тиги этеке алып барып, тушай кой. Короо мал экен, кымыз ичкиче заматта тоет. Мейманга эшик ачкыла- -деп бүркүттүн жанындагы серееге кол каптарын иле кетти.

Бирин- экин мындайды, көрүп билбеген коноктун башы маң. Атты эмнеге ээсинен сурабай, түнү менен сууга байлады? Качкы эместигин кайдан билет? Кантип эле заматта тоюп калсын?- деп, камчысын көгүн бүктөй кончуна сала, эшиги түрүлгөн үйдү көздөй басты. Аңгыча болбой, салам айтышкан коңшулардын карааны улам көбөйө берди. Ар бир келген адамга тура калып учурашкан меймандын, ал-жайын сурашкандардын аксакалдары баш боло төрдөн түшүрүшкөн жок.

- Мейман улук. Төр сеники. Кыймылдабай отур дешти.

Түндүгү тартылган боз үйдүн ичине күндүн нуру куюлуп түшүп турду. Оң жактагы капшыттын төр тарабындагы ашкананын оозунда баканда илинген, адам бою келгин серке чаначтагы кымыз бышылып, кыдырата сунулду. Алдын, жаш болсо да мейманга кесе сунулуп, андан сон аксакалдар алды. Жалпысына кесе жеткен соң, отургандар

- Биссимилда - дешип кымыздан ооз тийишип, тамшанышып, анан кере жутушту.

Бир маалда Абдырахман карыя ирегеде отурган Сабырга көзү түшүп, кепке тарта кетти.

- Дыйкан, эгин-тегиндин абалы кандай?

- Алыча абаке.
- Дүмбүл болуп калгандыр?
- Быйыл, мезгил кагына айланып, бышыкчылык эртерээк баштапчуудай го
- Конок-таруунду эрте баштаарсың?
- Арпага дале уламалай түшчүүдөйбүз.
- Баш алышы кандай?
- Дандары толо, эми эле баштарын ийе баштады
- А буйурса, кыш жеңил болот экен.
- Абаке, кыштын кандай болоорун арпадан билсе болобу?- деди Серек улакчы
- Арпа дандын төрөсү касиети улук. Ал билгенге, жылдын кандай болоорунан бери кабар берет.
- Кантип кабар берет?
- Аны жер менен сырдаш дыйкан жакшы билет
- Дыйкандын баары эле, биле бербесе керек?
- Ооба. Аны да баамчылы, эккен эгини менен сырдана болгон дыйкандын дыйканы билет.
- Сиз кантип билип алдыныз, аба?- деди Коңур балбан.
- Ээ балдар, ар бир иштин ыгын таап жасаган пенде билет. Эл арасындагы айрым адамдар айдын чыгышын, күндүн батышын, жылдыздын жылышын, канаттуунун келишин, өсүмдүктүн өсүшүн байкап мезгилди табырка кылат. Билген-туйганын элге айта жүрөт. Анын сыңарындай баба дыйкан жерге бороз салардын алдын, күндү санап айдалучу аянтка келип, топуракты көрөт. Кургак- нымдуулугун байкап, суунун келишин, арыктын чыгарылышын болжолдойт . Эсебине туура келген чакта, жер айдап, эгин себет. Анан, дандын өнүшүн, көктөп чыгышын, майсанын бой көтөрүп, баш алышына саресеп салат. Айдын кургакчыл-жанчылдыгына карай, маалында суу берүүгө шашат. Кандыра суугарып баш алышын күтөт. Даны сүтөмөк болгондо, баягы эгин эмнеден кем болгонун өзү айтып берет.
- Өзү айтканы кандай, абаке? – деди Серек

- Жер маалында айдалганы, топурактын тереңдиги, катык-жумшактыгы, сугаттын маалында жүргүзүлүшү, сууну кана ичиши кунт койгон адамга билинип калат. Туура айттымбы Сабыр?

Жашынан дыйканчылык менен жашап, жер сырын жакшы билген адам абасынын сөзүн кубаттап башын ийкеди.

- Арпа дандын төрөсү. Касиети улук деп айттыңыз. Анын сыры кандай?

- Аны мына бул, Тилекеден сурагыла. Мен эгин бышырганга чейинкисин гана билем - деп тамашалай кетти.

- Абдырахман аке туура айтат- деди Тилеке анын сөзүн коштой

- Арпа дандын төрөсү. Өзүнчө касиеттери көп. Адам заты байлыктын баалуусу да, барктуусу да -алтын деп билет. Ошондой эле, дан аттуунун баарынан баалуусу жана эң эле жагымдуусу бул - арпа. Айта келгенде арпанын касеити көп. Эң алдын арпанын пайдасын жөнүн айталы. Элде "ат баксаң арпа бер" дешет. Арпа жеген аргымак азали арыбайт. Жылкы баласынын илдетин арпа сүрөт. Арпаны үзгүлтүксүз жеген аргымак кубаттуу болуп, алдан-күчтөн тайыбайт. Дегеле, арпа жеген мал, такыр кеселдебейт.

Адам затына тийгизген касиетин айтайын. Арпаны падышадан тартып кайырчыга чейин жеген. Бей-бечара менен кайырчынын сүйгөн тамагы. Такай арпаны жеген даанышмандын акыл-эси артат. Арпа нанын жеген балбан кубаттуу болуп, көңүлү сергек жүрөт. Уйкусу тынч болуп мээ менен жүрөгү жакшы иштейт. Адамбы, жылкыбы арпа жегенде ашыкча май алып, эт байлабайт. Ошол себептен табыптар, дарыгерлер оорулууга «арпанын маңызын ич, нанын же» деп кеңеш беришет. Арпадан жасалган дары отуздан ашык ооруга даба болот. Айрыкча тукуму тазаланат. Талма, шал болгон ооруларга арпаны ачытып, суусун ичиришкен. Жел, делбе, шишиген, ички аш казан, ичеги ооруларга атала, умач аш, ботко кылып берип айыктырышкан. Гүл азыкка арпанын уну кошулган. Арпа нанын жеген ыймандуу

болуп, азали ачуруга алдырбайт. Арпа данынан тамак ичкендердин бетине бырыш түшпөйт, көзү, кулагы оорубайт, унутчаак болбойт.

- Жана жылдын кандай болоорун да арпа аркылуу билсе болот деп, Абдырахман аксакал кошумчалай өттү.

- Токчулук болоорун, же ачарчылык келээрин дыйкандар, же жыл санагандар арпанын чыгышы менен анын түшүмүнө карай аныктай алышкан. Арпанын бою кыска келип, итирейип, анда-санда жерден сейрек чыгып турса, анда ал жутчулуктун белгисин билдирет. Эгер кою чыгып, бою шыңга тартса, дандары толо бышып, башын көтөрө албай турса, ал барчылыктын белгиси. Муну ата-бабаларыбыз илгертен эле билген. Арпа нанын жеген адам топукту болгон. Ал тургай ачка калып, кырк күн тамак таппай, турууга дарман келбей калган, ач арыктардын өзөгүнө тамак түшүп кетпесин деп, арпанын унунан чаңыт атала кылып ууртатып жүрүп, адам катарына кошушкан. Как кургаган арпанын даны, ным тийбесе жүз жылга дейре бузулбай тура берерине күбө болгондорду угуп жүрөбүз.

- Деги анысы чындык бекен? Жүздөн ашык жашагандар аз эле болот го?–деди босого тарапта отурган бирөөсү.

- Айтылган чындык. Мен силерге болгон окуяны айтып берейин - деди Абдырахман карыя, алдындагы кеседеги кымызды акырын жутуп сөзүн баштады.

- Тээ илгери, Баргы бабабыз «ата конушумдан кетпейм» деп, Ош аймагын турак жай кылат. Анын көзү өтүп, мээнеткеч уулу Сатыке чарба күтүп, жер иштет. Алган түшүмүн, идиш таппай, ал кезде орого катчу экен. Канчалык оро-сүкөнүн шыбап бекиткенине карабай курт-кумурска, чычкан, келер келип, кышында, же кар кеткен мезгилде уратып кете бергенинен тажап, жайында ак турпакты ачытып-жууруп, ийлеп, көзө кумура жасайт. Аны бышырып кактайт. Анан суу тийбес, жамгыр, кар өтпөс жерге алып барып, жайгаштырат. Аңгыча болбой күз келип, эгин бышып, орок салынат. Орулуп, жыйылгандан соң кырманда

темин бастырылып, дан жанчылат. Кызыл сапырылып, топон, саманынан арылгандан соң, ачуу тийген күндүн коктоосуна жайылып, кургатылат. Ал кезде, идиш таңкыс, элдин көбүндө ала кап иштетилген. Ага салынып, ташып кеткенге чейин да, бир топ күн өтсө керек. Аябай как болгон дан, ала капка артылып, төөгө жүктөлүп барып, баягы көзөгө толтурулат.

- Көзөнүн чоңдугу да, оңор болбосо керек- деди сөзүн кошкон Серек.

- Ооба. Адам бою ала каптардагы дан төөгө жүктөлгөн. Канча чакса, чейрек болоору бизге белгисиз. Дыйкан бабабыз, көзөнүн оозун капкактап, ит-куш тийгис, калар-чычкан киргис, курт-кумурска алгыс кылып, астейдил бекитет. Аны бир сыйра камышка ороп, сел саман кыла шыбап салат.

Күндөр өтө берет. Бир күнү капылеттен: "Жоо тийди" деген, чулгандуу кабар угулат. Эркек тана курал алып, аргымактарын алкынта жол тосуп чыгат. Сансыз жоо каптап кирип, кол кайры кылганды найзага сайып, кылычтап, өлгөндөн калганды байлап, мал -мүлкүн талап, олжолойт, Кара шаар Кашкардан ары сүрүп айдап кетет. Кары-картан, жаш бала жолдо калып, ит – куш жырткычтарга жем болот. Анан калганы эптеп, канчалаган жолду басып, душмандардын турагына жетет.

Бөтөн эл-бөтөн жер кимге болбосун мекен болуп бербейт эмеспи. Ачкалыктан азап тартып, каржалган ата баласына баягы бекиткен жерин айтып, арман кыла кыялданган экен.

- Кап, аттиң! Өз жериме жетип өлсөм арманым болбос эле. Менин жашым өттү. Сен Ата Журтка жетип, биздин тукумду ула. Башка ишке алектенбей жер тырма. Жер сени эрезеге, каалаган максатыңа жеткирет. Түгөнгүс байлыгын берет. Ал сага түбөлүк мүлк. Ата конушта ачка калсаң, отурган жериңди каз. Ал сага катылган ырыскыны берет.

- Болбогон кепти айтпаныз чы. Ал жайга качан жетмек элек.

- Ээ балам "Көрүнгөн тоонун ыраагы жок". Бассаң жетесиң. Бешенеңе жазса көрөсүң, жакшы ниет да, ишке ашаар. Алдын

ниеттен. Кудай бизге жол ачаар. Жакшылыктан үмүт үзбө. Ырыскы, насип-кайып дейт. Ата конушта ач калбайсың. Уулу атасынын айтканына көп эле ынана бербейт

- Ак мээнетим, маңдай терим менен тапкан түшүмдү балдарымдын ырыскысы деп көмдүм элем. Ырыскы түгөнбөйт. Кайра бир ооз тийип калаарга ниет кылалы. Жаратkандан суранамын? Ырыскыбыз көтөрүлүп, насип буйруп барып калсак, көзөнү ачып, тогузду үчкө сатып, аңыз башына уктайт элем - дейт дыйкан.

- Ата, кайдагыны айпаңызчы? Эч- аак эле, сынып, дан чачылып, жок болсо керек. Өзүңүз көрдүңүз го. Жоонун аттарынын туяктары тийбеген жер калбады. Айылды сапырып, бүт айланага от койбодубу. Анан калса "тогузду үчкө сатып, аңыз башында уктайт элем" деп, кайдагы кепти айтасыз.

Ангыча, заман өзгөрүп, ал жайды башка жактан келген жоо чаап, баягы олжолонуп баргандар, эркиндик алышып, туулган жерин көздөйт жол тартышат. Күн кубалап, ай жылып, эчен жылдарда жетелеп, баягы байкуштардын көбү калып, азы ата-энеси кетип, балдары Ата Журттарына кайтып келишет. Эптеп өлбөстүн күнүн көрүшүп туулган жерлеринде башпанек издешет. Колунунан келгени алачык куруп, кээлери убактылуу токойго калкаланышып кыш чыгарышат.

Дыйкандын баласы да, эл катары эртеңки күнгө кам көрүүгө жер иштетейин десе себүүгө үрөн таппайт. Жатып алып атасын эстейт.

-Адам өлбөйт. Тукум уланат дечү эле. Мен ата-конушка – атамын ордуна келип турам. Эми ата-бабанын тукумун улайм. Жер да тукумсуз калбайт дечү эле. Атам айткан жайды издеп көрбөйүнбү?- деп айланасын аңтара тинтет.

"Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы"- демекчи боз адырлар чанга, кокту-колот сайга алмашып, жер бир топ өзгөргөн эле. Туспалдап жүрүп, акыры көмүлгөн көзөнүн бирин таап караса, баягы атасы көмгөн арпанын тукуму бузулбай сакталуу

экен. Атасынын жөн адам эмес экенин ошондо туят. Көрсө дыйкандын колунан ак эмгектен жаралган мээнет эч качан жоголбойт экен. Эгинди алып, элге үлөштүрөт. Атасынын маңдай теринен жаралган түшүм бир уруу журтту, аман сактап, жер иштетүүгө тукум да болот.

Дыйкандын баласы, эккен эгинин жаздан күзгө чейин карап, түшүм жыйналган соң тогуз ай дем алат. "Тогузду үчкө сат" деген атасынын айтканына баласы ошондо гана ынанат. Курсагы ток адам эч нерседен капары жок, аңыз четинде уктаарын башынан өткөрөт. Ошентип жүрүп, дыйкандын баласы мал-жанга жетишет. Үй куруп, балалуу- чакалуу болот. Үй бүлөөсү менен жерди иштетишип, дыйканчылык сырына сырдана, кадыр-баркка жетет. Ошол жылы эгин эгилип, арыктар чабылып, тазалангандан баштап, тып этип күн жаабай коёт. Шамал жүрүп, топурак кургап, себилген үрөндөн анча-мынчасы гана сербейип чыкса да, кубатсыз, сабактары ичке болуп куурай баштайт. Эл кабатыр боло, кара аңызды сугарууга алышка келишсе, суу тартылып сайлар кургайт. Жайы менен эл аштыгын жеп, күздө куураган эгин орокко илешпейт.

Жакшылыктан үмүт үзүшкөн көпчүлүк, жанбагыш үчүн ар тарапка көчүп кетишет. Көпчүлүк катары аштыгы түгөнүп, катын - баласы менен ачка калган баягы дыйкандын баласынын да айласы куруйт. Эптеп, жан багыш үчүн башка жака кетейин десе да, атасынын айткандары эсинен кетпейт. Акыры айласы кетсе да, атанын айтканын бир аткарайын деп "отурган орун-очогума белги салып кетейин" деп, үйүнүн алдына топурак үймөктү кетмендеп кирет. Нымы жок, борпоң топурак тез эле шилене түшөт. Бир мезгилде кетмени барып ташка тийет. Кетмени менен ташты омкоруп алмакка, анын тегерегин кеңейтип кирет. Таш, кадимки таш болгону менен ошол жердин ташынан бөлөк, бөтөн жайдан алынып келингендей. Ага кызыгып, ташты аярлап алса, таш алдынан көзөнүн капкагы көрүнөт. Алка-шалка терге түшкөн дыйкандын баласы капкакты ачса аппак, бадырайган арпанын

даны көзүнө чагыла түшөт. "Өңүмбү же түшүмбү"- деп, көздөрү алла чакмак болгон дыйкан:

- Астапр алла, астапр алла-деп, жакасын кармап, бир топко чейин шалдайып отуруп калганын өзү да билбейт.

Акырын колун данга тийгизсе, кадим эле арпа, куп-курук. Шоодурап, не бир сүйкүм көрүнөт. Кубанычка карк боло, денеси жибийт. Катын- баласын чакырып, заматта сүзүп алышып идиштерге тикелешет. Кеткенден калган, коңшу-колоңдорду, тууган-урукту чакырып, тегиз бөлүп алышат. Эл ошол жылы ачкачылыктан аман калып, кийинки жылы, жамгыр маалында жапа ирденип кетишкен экен.

Эккен эгинин сугарып, аңыздын башында жаткан баягы дыйкандын баласы, тогузду үчкө сатам деген сөзүн ата акылы менен чечмелейт. Көрсө тогуз ай жер тырмалабай эс ал. Үч айлык мээнетиң баарын актайт дегенине улам, өзүнүн акылга чабалдыгына теригип, "Сакалымын агы бар, балалыгым дагы бар"деп мойнуна алыптыр. Бир дыйкандын ак мээнети, маңдай теринен табылган аштыктан жүз жылдын ичинде эл үч жолу ачарчылыктан аман калганынын урпактары биз экенбиз деп, сөзүн бүтүрдү.

Тоо ичи толгон дары-дармектерге бай. Көбүнчө тоонун күңгөй беттеринин чөбүнүн дарылык касиети күчтүү келет. Эзелтеден эле сыныкка мумияны пайдаланышкан. Сарык, боор ооруга бөрү карагат. Бөйрөккө кан басымы көтөрүлгөндөргө аркар от, кийик от, бозунач, эшен чай. Ичи ооруганга, аш казанга, ичи өткөндөргө эрмен, ачуу куурай, бака жалбырак, миң тамыр, суук алса, газактап кетсе, сөөктөрү ооругандарга ат кулакты тартышкан.

Кан чыккан, же шишиген жерлерге ат кулак, кашка беде, чырмоок чөп, миң тамыр өңдүү тоонун чөптөрүн пайдаланышып, эки үч күндө айыктырышкан. Ал эми дарт чалган адамдарга, кекилик, кирпи, жылан, чочко (доңуз), кашкулак, сагызган ж.б. жан

жаныбарлардын этин тартып, кайнаттырып ичирип, ысык-суук дешип, өлчөм менен беришкен. Көбүнчө кара суу менен айыктырышкан.

Элеттиктердин жашоосу көбүн эсе, аба ырайына байланыштуу. Ошол себептен, жылдын төрт мезгилинде айдын жаңырышына, күндүн айдын, чыгышына, жылдыздардын турушуна өзгөчө маани беришкен. Маселен ай жаңырганда "Ай көрдүм аман көрдүм, айдын мунарынан жердин кучагынан жегилик дан, бир кыштык саман көрдүм. Жесирге жемиш, жетимге жеңиш, жөөгө улоо, жалгызга эрмек, жалкоого мээнет, иштерманга кут, сараңга жут, ушакчыга ун, ак ниетке туз баарысы кайыл заман көрдүм. Айдан аман, жылдан эсен бололу, Келерки ушул күнгө чейин, өсүп-өнүп тололу.Бакырга тар, барчылыкка бар ай бол! Ооми-йин! деп тилек айтылган.

"Ай кыроолосо айгыр минип тойго чап, күн кылоолосо күрөк алып койго чап" дешкен. Ай сары болсо, чалкасынан жатса жаанчыл, ак болсо кыры менен турса кургакчыл. Күн кызарып батса, күн ачык, ысык болот. Кызарып чыкса жаан жаайт, нымдуу болот. Келгин куштар бийиктеп учса, эрте кыш келип, суук болот деп, табырка кылышкан. Жаңы чыккан айдын өңүнөн, сары жылдыздын чыгышынан, үркөр саманчынын жолунун жайгашуусунан, айдын, жылдын кандай болорлугун айтышкан.

Курт-кумрскалардын, жан-жаныбарлардын тамактанышы от алышы, чээнге кирүүсү, кайберендердин качып, үйүгүшү, түстөрү, тоют алышы, ал тургай короодогу малдын жатып-турганы, жайытта жүргөнүнөн бери байкашып кыштын келээрин, кардын аз, көп жаарын, кыштын кетээрин, жаз айынын кандай болоорун туюшкан.

Жер-сууга, мезгилдин алмашышына өзгөчө маани берилген.

-"Жыл ажырагандагы көз ирмемде бүт аалам, жер бетиндеги бардык нерселер балкып ээрийт. Ал тургай таш да, жуп-жумшак болуп калат. Ошол учурда ташка бычагымды сайса кирет да,

кармалып катып калат. Кийинки жылы ошол мезгилде кайра суурул алам", -деп айткан экен биларман.

Байыркы мезгилде адамзаты жаратылыш менен сырдаш болуп, жапай жаныбарлары колго үйрөтө баштаган. Уй–бугудан, кой–аркар, кулжадан, эчки–текеден, жылкы–куландан таралаган. Ошол кезде жыл ичиндеги айлар жаныбарлардын аты менен аталып калган делет. Кыргыз байыртадан эле жылды он экиге бөлүүнү, аңчылык доордон баштаган дешет. Куран деп, эликтин текеси айтылат. Элик (тогуздун айында жүгүрүп, токтолот жалган куранда жаңыдан бала түйөт. Бооз-кысыры билине элек чагы. Ошол себептен жалган куран аталат.

Чын куранда бала көтөрүп калган чагы болгондуктан, чын куран делет. Бугу баш оонанын аягында ышкырат (ызгырык) анын үнү өтө уккулуктуу болуп, кезген чагы "Бугунун ызгырыгындай" деп, эл суктанган. Бугу айында туулгандыктан бугу айы деп аталат. Кулжа жетинин айында жүгүрүп, бештин айында токтолуп, кулжада туулгандыктан -кулжа делет. Теке бештин айынын жыйырмасында, абдан озгону отузуна жете кезет. Үчтүн айынын башында жүгүрөт. Жут болоорун алдын ала билгендер он беш күн кеч жүгүрөт. Үркөр тууган мезгил болгондуктан кулжа аталат Бугу баш оонанын аягында, баш оонанын башында башы ооган жакка кетип, кезип жүгүрөт. Ошондон улам баш оона аталган. Аяк оонада бугунун аягы тынбайт Маралга кыйгач жүгүргөн чагы болот. Ай ошол үчүн аяк оона аталган.

Тогуздун айы, кыргыз байыртадан эле бирөөгө мал, же башка буюм берсе, кудалыкка барганда, тартууга тогуздап барган. (Хан тартуусу тогуз аялдардын элечеги тогуз кабат) тогуз саны ыйык дешип, тогуздун айы аталат. Жетинин айы жети атасын билүү. "Жети кылым өткөнчө да, ата бабасынан бери турган" деп жетини белги кылган. Бештин айы. Бешенең бештен деп, беш санды артык көргөн. Үчтү айы "Үчтөн кийин чүч", "үч чапканга жооп кылуу" ,"Үч чапканга чейин сабыр кыл андан соңу жооп

кыл”. Бирдин айы “Туулмак бир, өлмөк да бир, сөз бир”. Так эсеп айга кошулмагы, бардык иш так болсун деген ниет.

Тогоол: Үркөрдүн ай менен тоголушу айдын анык, кайсыл ай экенин, билмекке тогоолду көбүнчө кыштын күнү табырка кылат. Бештин айында, безилдеген суук деп тогоолду ушул айдан көңүл бөлүнөт. Бул ай үч үчтө тогошот. Үчтүн айы Үркөр менен он биринде тогойт. Бирдин айы тогузунда тогойт. Жалган куран жетисинде тогойт, кулжа биринде тогоп,үркөр жерге түшүп, кайрадан кырк күндөн соң чыга келет.

Жыл саноо чөл кыргыздарында, же ичкилик кыргыздарда кийин арабдардын келишинен улам арабча жүргүзүлүп калган. Биринчи ай амал. Жыйырма бири амалдын акыркы күнү. Жерге амал кирет. Жаныбарлар, өсүмдүктөр жер бетине чыгып жашоо-тиричилигин баштайт. Келгин куштар келе баштайт. Ар бир келгин куштун келиши менен кар аралаш жамгыр жаайт. Экинчи ай Соор. Айлана жаңырып, бак-дарак бүр байлап, гүл ачылып жайлоого жан кирет. Соор түштү, доор түштү дешет, күн ушул айда күркүрөйт. Эгер күн тоо тараптан күркүрөсө “Тоонун жылы мал тоюнуп, токчулук болот дешсе, чөл тараптан күркүрөсө дыйканчылык мол мөмө-жемиш жылы болот дешкен.

Үчтүн айы –Жооза: Дандын алды арпа бышат мындан ары токчулукка баш койдук деген сөз. Төртүнчү ай саратан арабча ысыктын башы, “Саратан сайрайт, күн кайнайт”. Асат-Асат-жолборс-ысыктын жолборсу-Асат-расат-өзүнө толу, ысыктын күчү менен мөмө-жемиш бышат. Бешинчи ай-Сумбула. Сумбулада суу муздайт. Бөдөнөнүн келиши менен салкын болот. Алтынчы мыйзам айы-кыргый куштун келиши. Бул айдын этегинде эл жамгыр күтөт. Эгер күн бүркөлүп, тамчыласа кубаныч. Себеби, эмки жыл түшүмдүү болот дешкен. Сегизинчи-акырап, андан кийин кабыс. Кабыс, баарысына жабыз. Күзгө да, кышка да тең ай. Онунчу ай токсон. Токсондун түшүшү. Чилде айы -кыштын эң суук мезгили. Акыркы ай үт. “Жалган калса үт, жалгабаса жут,”Жалгабаса үттү көр, казан толо сүттү көр,

нарына алса жутту көр. Сай-сайда жаткан бутту көр"дешет. Себеби, кыштын акыры суугуна алса, мал арыктап жут болушу мүмкүн. Үт айы он жети күндөн турат. Андан кийин сегиз-тогуз күн азиз деп аталат. Ажиза-фарс сөзүндө кыш кетти дегенди билдирет. Ушул күндөрү суук абдан катуу болот. Тогуз күндүн ичинде -Чап делет (азиз кемпир) деген чымчык келет. Ал суукту алып келгендиктен "Токсон-бир күнүмчө жоксун" деп айтылат имиш. Бирок, тез эле амал айга мөөнөт өтүп кетет.

****

Мейман кабарын баары укканбы- ал жөнүндө эч бири сөз кылган жок. Дастороконго бата кылынгандан соң, көпчүлүк айыл четиндеги дөңгө келишип, көк майсанын үстүндө отурушту. Шыпылдаган жигиттердин бириси кымыз куюлган чаначты көтөрүп келсе, экинчиси кесе узатып, бак-бак сүйлөгөндөрдүн добушу алыска угулуп жатты.

Меймандын атын орун котормокко балдардын бири минип келип, айыл четиндеги көк чөпкө байлай баштады.

- Меймандын атынын бутуна жем түшүп, кечээ күнү аябай кыйналган экен. Бүгүн таптакыр айыгып калыптыр- деди Серек бак-бак сүйлөп.

- Табын билген кишиге, бир пастык эле иш. Буту айыгып, курсагы кампайып, ат чыйралып калыптыр – деди аны коштогон Сабыр.

- Мейман, бекер убаракерчилик тартыптыр. Аты кокустан бул жактан өтсө, эчаак эле кабары билинмек. Дагы эле, кулактар бололу. Өзүңөр жактан карагыла. Табылып калаар. Жат адам менен мал көзгө тез чалдыгат. Ушунча жолду басып барып, жалгыз атты ууру албайт. Аңги ат жылкы издеп, жайлооңорго да чыгып кетиши мүмкүн. Сени жылкы сырын билбегендер жөнөтүптүр. Мейли, эл көрүп, жер көрүп, мейманчылап кетээрсиң- деди көптүн ортосунда бакыя отурган Тилеке.

Эртеден бери, өз кылыгына бушайман тартып, кепке аралаша албай отурган меймандын жүзү тамылжып, уялганы билинип турду.

- Кап, жер сырын, эл сыйын билбеген аңкоо башым. Өзүмдү сыйлап атымды куштап отургандарды түшүнбөй, көңүлдөрүн ооруткан кең-келестигим. Акылымдын жоктугу. Ушул күнгө чейин аттын табын, жылкынын сырын неге аңдабай жүрдүм экен. Ат кадырын билбеген айры буттуу макулук экенмин. Насакка калдым. Уят болдум. Кантип чыдап отурам.- деп ичинен ойлоно жети өмүрү жерге кире, башын жерге салды.

- Мейман, урууңду го билдик. Бийиңер ким?

Мейман, дагы мукактананды. Ким деп айта алат. Кимисинин атын айтат! Айылда, тиги бий, бул бий-дешип, деги эле көбүн айтат. Кимисин таанышар экен? деген ойду ойлогуча. Тилеке өзү атап кетти.

- Эшкожобу? Менден салам айт. Жайдын жакшы кези келип турганда тоонун кымызын ичип, жагана жеп, көңүл ачып кетсин!- деди.

- Меймандьы бир түнөтүп эле кетире беребизби? Эки-үч күнгө калтыралы, тамаша көрсөтөлү- деди Коңур.

- Уруксат бергиле балдар. Алыска кеткен баладан тиякта, туугандары кабатыр. Жоготконун тапса болот эле. Изи билинбегенге бул да көңүлү тынбай кыжаалат боло, тамагынан аш өтпөй отурат- деди Абдырахман карыя.

- Балдар мейман бала тоого келип, жөн кетпесин, союш өңөртүп берсек туура болоор эле. Алыскы жолдо кыйналгыдай. Андан көрө, эки чаначка теңдеп кымыз артып берели. Чөлдүк туугандар ооз тийишсин- деди Тилеке.

- Булар, неге менин ысымымды сурабайт? Уруумду, бийимди сурайт. Менин аңкоо, кеңкелес экенимди билип, адам катарына көрбөй жатышабы? Аттин ай, атам болгондо эл таанытып, каада-салтты үйрөтмөк экен. Жетим кем деген ушул тура. Үйдөн чыкпай, жүрүп көп нерселерди билбей калган экенмин- деп

ичинен оксугөнүн тоолуктарга билдирбеди. Намысы бетине чыга, бир кумсарып, бир кызарып, акыры чыдай албай ордунан туруп

- Рахмат акелер, сыйыңарды көрдүм. Менин атым Эрболот. Эңкүүлөп биздин элге барганыңарда, атымды атап, түшө көткилө?

- Азамат. Атыңы атайлап, ырымдап коюптур. Илайым эле элге, эш бол - деди Абдырахман карыя.

Ошол күндөн баштап Эрболоттун тагдыры тоолуктар менен эриш-аркак болоорун эч кимдин оюна да албады.

***

Анжиан Арка аймагы аз убакыт болсо да тынч, Калайык-калк баш аягын жыйынып, мал жандын саны да арбып барат. Көптөн бери мынчалык бейкут турмуш болбогон эле. Бул күндөр да, оңой эле келе койгон жок. Көрсө, тынчтык муң-зарсыз, кан төгүүсүз келбейт тура. Далай эрлер башын сайып, өмүрүн арнап, эли- жерин коргоп келди. Жоо элди жоокер кылды. Болбосо эчен кылымдар бою басынып, тозунуп, жоодон куугунтук жеп, чайпалып, бөлүнүп, колго түшкөнү кул-күң болуп корунуп көпбедиби. Бөрүдөй өжөр, иттей чыдамкай экен кыргыз. Аңдап–таңдап келгенде, баштагы кылымдарды белгилебегенде да, кийинки моңгол жапырыгынан Эне-Сайдан-Эмил, Илеге, Саян-Алтайдан-Бухара, Хива, Самарканга, андай улай Кашкарга, Памир-Алай-Теңир-Тоого бириндеп, жылдыздай чачылып тыркырады кыргыз.

Баш бириктире албай, аман калуунун аракети менен ар жылгага сиңип уруу-топторго бөлүнүп, аткан таңды көрүп, өткөн күнгө сүйүнүп, каниет кылып келишти. Чапкынчы моңголдор куулөнгөн селдин түрмөгүндөй болуп, уламдан-улам өмөктөп, көп кайры кылууга мүмкүндүк бербей, басынтып турду. Эл болгон соң данеги болбой коёбу. Жеке баатырлар чыгып, ит урушун салып, качса кармашып, кууса жол тосуп жүрүп, эркиндигин алдырбады. Кылымдардан кылымга уланган таймаштан улам "Үйрөнгөн жоо алышарга жакшы"деген макал айтылып,

капсаландуу кагылыш боло жүргөн адатка айланып, кылыч белге, найза колго кармалып, жашоо сел эпкининде, өрт ичинде өтө берди. Элин коргогон, эчен эрлердин баштары алмадай ыргыды. Далайлардын көкүрөгүнө найза кагылды. Алардын эрктери, кайра кайтпаган эрдиктери даңкталып, кийинкилерге сыймык болуп, даңазаланып, айтымга айланды. Айтымдар ыр болуп кийинки муундарды эрдикке шыктандырып, дилдерин куурчутту. Атанын жолун жолдоо, элди коргоо, жерди сүйүү, кадырлоо ариети бийик көтөрүлүп, туудай желбиреди. Ыр менен туу уккандын кулагын кандырып, көргөндүн көөнүн жандырып, сезимдерин курчутту. Эркиндик кымбаттыгын туюнтту.

Сезимди сергитип, жүрөктү эргиткен ыр – Ала-Тоону жаңыртып, обого көтөрүлдү. Албууттанган бороон, аркыраган шамал, ыр ыргагын толуктап, обон болду. Ал күүгө айланып, күрпүлдөгөн дайрадай ташып, өткөндү баян кыла айтылып келет.

Ала-Тоо аймагы, согуштун болду майданы. Кара таандай самсып, ажыдардай басып, ойрот калмактар кирди ташып, кыргыз жери Моңолстан деп айтылса, эми жунгар хандыгы аталып, кыргыздар кандуу душман менен кармашып, кан көөкөрдө, жан канжыгада болду. Жеңгендердин алдында, жеңилгени мүңкүрөдү. Көр тиричиликтин айынан алсызы корсунду. Бийлик алдында басынып, жүгүнүүгө мажбур болду. Бирок, кыргыз байыртан берки эрктүүлүгүн эстен чыгарбады. Канчалык азап чексе да, душманына дилин бербеди, тилин жоготпой элдигин сактады. Моңголдук баскынчыларга күлө сүйлөп күлүгүн тартты, кызыкканына кызын берди. Бербеске айласы да жок эле. Себеби, миң моңгол ичинде бир кыргыз калган. Жоо анын мал-мүлкүн олжолоп талап, жакындарын кылыч менен сабаган. Кыябы келээр күндү самаган. Болбосо, кол кайры кылган кыргыздын териси сыйрылып, жүрөгү канаган. Не деген гана кыйноолорду тартпады, кайран эл.

Теңсиздиктен тентиди кыргыз,
Кызыл кыргында кемиди кыргыз.

Күзгү суудай тайыздап
Күкүм дандай карыздап,
Жараткандан жан сурады.
Жалгыздыктан жан кулады,
Жалбыркоодон как куурады,
Жакшылыктан үмүт өчпөй,
Үмүт деген кубат болду,
Кубат барып күчкө толду.

Ата-Журтка арка, Ала-Тоо калка-ынтымагы ширелишип, биримдикке илешишип, акыры келип душманды сүрүп чыгышты. Эл сынбады, кетилди. Жетим торолуп жетилди. Бабалардын эрдигин бала укту. Баралына келип баатыр чыкты.

Бөтөн жер,бөтөн элге мекен болбоду. Басып кирген жоо, шашып чегинди. Ошентип моңголдор алты жүз жылдан ашык, ойрот- калмактар эки жүз жылдан ашкан бийлигинен ажырап, кыргыз жерине экинчи келгис болду.

****

Касиеттүү Ош жергесинин жайы ысык болгону менен жаз эрте келип, кеч күздөн жылдын этегине чейин жери кара, оту көнен болот. Айлана тегерегин тоо курчап Ак-Буурадан башка да агын суу арбын. Жери кыртыштуу, оту кубаттуу келет. Дыйканчылыкка ыңгайлуу, чарбакердин мээнетин кайтара турган аймак. Чилде чыгып, тоң кетээри менен жери айдалып, эгин себилсе, жай ортолой жетилип, бышыкчылык эрте болот. Дыйкандын көбү арпа, буудай, таруу эгишип, сугаттан кыйналышпайт.

Эрте, эгин себер алдында, көпчүлүк чакырылып, ашар менен арыктар чабылып, тазаланат. Ар бир уруунун өздөрүнө ылайык, эгин айдалчу сугат жерлери бар. Ага "Баргы арык", «Бокой арык» "Тооке арык", "Сабай арык", "Бакал арык", "Жоош арык" ж. б. аталган арыктардан суу кемибейт. Жерлерди иштетүүгө "жатакчы", "мандикер" аталган, жер айдап, үрөн себүү,

аны отоп сугаруу, эгинин оруп түшүмүн жыйноого көбүн эсе анжиандык сарттар келип жан багышат.

Элдин тиричилиги мал менен болуп, көбүн эсе кой-эчки, төө, уй, жылкы кармалат. Күлүктөр менен мингичтер үчүн гана тоют даярдалат. Көпчүлүгү “жаздоо”, “жайлоо”,”күздөө”дешип сыртта көчүп-конуп тиричилик өткөрүшөт. Ошого жараша боз үйлөрдү да ”кышкы”, “жайкы” дешип мезгилге ылайык камдашат. Кышкы үйлөрдүн уук-керегелери бакубат келип, туурдуктары калың жасалып, чий -кышалары да майда согулат. Ал эми жайкы боз үйлөрдүн сөөктөрү жеңил, туурдуктары жука, ак кийизден жабылат.

Тоолордун жылгасы сайын булак. Алар, эңкүүлөп келген сайын, бири-бирине кошулуп отуруп чоң сууга айланат. Кенен аймака узун туурасынын суулар келип, ортодогу Ак-Буура аталган дарыяга кошулат. Өзөндүн жээктери калың чытырман токой. Кырчын, тал-терек, кайың, чычырканактын түрлөрү ого эле көп. Ар-ар жердеги кара суулардын тегереги камыштуу келип, калың саз каптап, жакынкы жээкте карагат, бүлдүркөн, ит мурун, долонолорду пааналаган каз-өрдөк, каркыра-турна, кыргоол, коён, кекилик тим эле кым-куут.

Жаз, күз, же кар жааган мезгилде сөлпөөр менен уруп, же аңдып барып, уча беринде билдирбей басып алып, чаап алган учур ого эле көп болгон. Көбүнчө илбесиндерди жергиликтүүлөр тузак коюп, кылтактап кармап алышчу. Тоонун чаптуу кокту-колотунда жолборс, кабылан, илбирс, каман, аюу, карышкыр, түлкү, сүлөөсүн, суусар, суур, кашкулак, чөө бөрүлөр жайылса, бийик зоолорунда аркар, кулжа, марал, теке, эчки, элик, кулан көп болуп мергендер капкан салып, же түзгө түшкөндөрүн ат менен кууп чаап алышар эле. Тайган агытып, бүркүт, куш салууга ышкыбоздор ого эле көп.

Тилекенин ата-бабалары бүркүт, куш салып, тайган агытууга ышкыбоз эле. Көбүн эсе куштарды жаз -күз Оштун үстүндөгү Сары-Белден кармашчу. Ал эми бүркүттү Алайдын ак карлуу,

мөңгүсү кетпей, муз тоңгон, бийик төрлөрдөгү, аска-зоолордон балапан кезден кармап, колго үйрөтүшчү. Келгин куштар жалган курандын аягында алыскы ысык жактан салкын тарапка, баягы үйрөнгөн жерине келишип тукумдачу. Жайга ушул бел аркылуу учуп өтүшөт. Алар түрүнө жараша аша турган ашуу -белдерде жирлап, эс алуучу, конуп-түнөп кетчүү мерчемдүү жайлары бар. Көпчүлүк жырткыч куштар бүркүт, ителги, ылаачын, кыйгырлар бийик ашуулардан өтсө, момун канаттуулар алардан төмөнкү белестер аркылуу өтөт. Аны, мүнүшкөрлөр жакшы билишкен. Ал тургай куштардын келишинен жаз, жайдын салкын - ысык болоорун, келгин куштардын кетишинен күз, кыштын катаал, жеңил болоорун болголошкон.

Мүнүшкөрлөр атайын кыраандарды кармоочу алачык жасары белгилүү. Тилекенин алачыгынын айланасы далдааланып, ичине туур орнотулган. Туур кыраандар отурар орун. Туурдун түбүнө казык кагылып, анын башына чыгырык жасалган. Андан узун боону өткөрүп, экинчи кагылган темир казыкка байлаган. Кыраан талпынганда чолок боо эки жакка жибербейт. Куштун канат куйругу сынбайт. Тилеке эчен куштарды, ителги, кыргый, ылаачын ж. б. таптап салып, алардын алгырлыгына карк болуп, кайтып жүрдү. Кечинде үйгө кайтканда канжыгада, же торбодо толо кекилик, чил, коён байлануу келет.

Асмандагы жапайы кыраандар мүнүшкөрдүн айлакерлиги менен “өз болуп” эгерим ээсин таштап кетпейт. Кайдан болсун үндөккө келип колуна конот. Кээде таптаган кушун талаага таштап келе берсе, өзүнөн мурун үйгө келип, тосуп алчу. Ээсине имерилген мындай куштар “ак көңүл” келип, ымга тез көнүгөт. Шилтеген жагыңды шыпырып, ак дили менен кызмат кылат.

Күндөгүдөй эле бүгүн да, айылдагылар ортоңку дөбөгө чогулуп, кымыз чайкатып ичип отурушту. Аңгыча болбой кляк-кляк эткен бүркүттүн добушу чыгып калды. Көпчүлүк түрүлө асманды карай бергенде шукшурулган бүркүт, шашыла канат сермеп баратыптыр.

-Бул каякка шашып баратат?- деди бириси

-Бир жерден тарпты көргөндүр да

-Бүркүт, азали тарпты жебейт

-Анан эмнеге шашып баратат?

-Бир нерседен качкан

-Койсоңчу? Бүркүт эч нерседен качпайт.

-Карап турасың го

Экөө талашып жатканда тээ бийикте муштумдай болгон бир неме таштай болуп, зуулдап келип, баягы бүркүткө тиерде, бүркүт чалкалай калып, буттарын тосту.

-Ой- эй! Бүркүт жазганып, бутун тосту.

-Тиги, таштай болгон эмне экен?

-Карасаңар. Кайра көтөрүлдү!

-Баягы караан кайрадан төбөгө чабыттап барып, бир чекитке айлана, кайрадан шукшурула, аткан октой келип, канат сермеген бүркүттү тээп өттү.

-Эй, карасаңар! Карасаңар! Бүркүттү тээп өттү.

-Бул эмне деген? Бүркүт оңойлук менен алдырбайт эле

-Ой, эй! Мындайды уккан да эмесмин

-Бүркүттүн да, коркогу болот экен ээ?

-Балдар баргылачы! Бүркүттү оңдурбады.Алып келгилечи көрөлү?

Отургандар аң -таң боло, жабыла дүрдүгүштү. Алардан төмөн этекте ойноп жаткан эки-үч бала чуркаган бойдон, баягы бүркүт түшкөн жерди көздөй чуркап кетишти.

-Байкуш бүркүт. Ителгинин ачуусуна кабылган экен, деди Тилеке.

-Ителги бүркүткө караганда кичине го?

-Бүркүткө кантип кол сала алат?

-Ителги куштардын кыраны. Анча-мынча бүркүт тең келе албайт-деген Тилекеге отургандар жабыла суроо бере башташты.

-Ителги, ага эмнеге ачуусу келди экен?

-Бүркүт дале, бийиктеп учса болбойт беле?

-Ителги өтө шамдагай келип, тез учат. Бүркүт аны билет. Бирок ителгинин алган жемин талашып, ачуусуна тийип алган-деп Тилеке көрүп тургандай айтып берди.

Аңгыча, баягы чуркап кеткен балдар, канаттары кулач келген бүркүттүн денесин далдайта көтөрүп келишти. Отургандар жабыла барып, тиктеп жатышты. Ителги кыр жонго тепкенби, бүркүттүн оозунан кан чыгып калыптыр.

- Байкуш сугалак. Напсиңин жамандыгынан өлүм таапсың. Бирөөнүн тапканын талап, сугалактык кылгандар ушинтип ажалынан мурда өлөт. деди да Тилеке. Балдарга кайрылды.

- Балдар, бүркүттүн денесин талаага таштабагыла. Күрөктү алып, тиги, адам баспас, таза жерди көөлөп, денесин көөмп койгула. Байкуш кыраандын денеси кор болбосун. Канаттуунун падышасы да, тазасы да бүркүт болот–деп, көктү тиктеди.

-Ителги менен бүркүт бири бирине өч болот экен да? деп Серке таңданды.

-Кызыл кекиртек, кимдер гана өч кылбайт деди, Жакыпбай.

-Бүркүт кууган ителгини, биринчи көрүшүм.

-Мындай иш боло келген-деп, Тилеке сөз баштады. Отургандар умтула кулак түрүштү.

-Баягыда Кашкарга барып кайтканда, жакын жол деп Терек дабанына салдык. Кулжа айынан өтүп теке айына жакын калган мезгил болсо керек. Бүлөлүнүн башындагы Муз-Төргө келип, ат чалдырганы түшүп калдык. Бир маалда маңдайдагы асканы карасак бүркүт туруптур. Бүркүт мындай жайга тукумдабайт эле деп, бушүркөп турсам, бир ителги келип, бүркүткө сес көрсөтө, төбөсүнө жакын келе, учуп өттү. Аны бүркүт тоготкон жок. Улам бир нерселерди чокулап, жеп жаткандай. Баягы ителги кайра кайрылып келип, тээп өттү. Бүркүт учуп барып жакынкы жердеги ташка конду. Ителги аны кубалап барып, дагы тебүүгө аракет кылды эле, бүркүт аны тоготуп да койбоду.

Ителги барк-барк эте учуп, кайдадыр бир жакка кетти. Биз кызыга тиктеп турабыз. Бир маалда ителгинин баркылдаган үнү чыкты эле, баягы бүркүт шашыла ордунан козголду. Баягы ителги кеткен тараптан, чаканыраак кара ителги келип, бүркүттү тээп өткөндө жүнү бурай түштү. Ителги көкөлөй атып чыга, кайра бүркүттү качырды. Ал канатын жая, талпына бергенде, дал төбөдөн тээп өттү. Бүркүт, далдая барып, жерге түшүп, канаттарын чапкылай жатып калды. Ээрчишкен эки ителги, келген жактарын көздөй, ээрчише учуп кетишти. Биз барып, жерде жаткан бүркүттү карасак башы талкаланып кетиптир.

Көрсө, уясындагы балапандарга жем алып келүү үчүн чабыттап кеткен ителгилердин жоктугунан пайдаланып, баягы бүркүт уяга келип балапандарын жеп жатканын эне ителги көрүп калып, каршылык көрсөтүп, тепкилемек болгон экен. Аны бүркүт тоготпой койгонуна ызаланып, кара ителгини ээрчитип келиптир. Ал чыныгы шумкар өңдөнөт. Ошол кара ителги кай жайда жумурткалап, балапандарын чыгараарын билип, кармасам деп жүрөм. Буйруса, быйыл барайын деген оюм бар деген. Тилекенин аңгемеси көбүн кызыктырды.

- Бүркүт кайсы мезгилде жумурткалап, балапан чыгарат болду экен?

- Атасы жем бербейт дешер чынбы?

- Карылардын айтымында бүркүт чын куран айында үйүгүшүп, бугунун аягына жакын зоого тууйт. Жумурткасы бир-экиден ашпайт. Кулжада жарат. Текеде балапандарынын канат куйругу чыгат. Балапандарына атасы жем алып келип энесине берип, өзү уяга жакындабай обочо жайда отурат. Балапандары жаңыдан учаарында, энеси да, атасы да жакынкы жерге-ары бери ээрчите учушуп, телчиктиришет.

-Бүркүт канча жыл жашай алат?

-Бүркүттү бир жашка чейин бала балапан, экинчи жылы бозум, үчүнчү жылы таш түлөк, төртүнчү жылы кум түлөк,

бешинчи жылы барчын делет. Кырк-элүү жылга чейин жашайт дешет.

-Кыраанын, кантип билүүгө болот?

-Кыраандын белгилери көп. Айрыкча Алайдын ак көз бүркүттөрү кыраан келет.

-Мүнүшкөрдүн кебине кызыккандар байкабай кылыштыбы.

-Ассалому алейкум-деген бийик добуштан улам, отургандар кыпчая тиктешди.

Бейтааныш адам тээ арытан салам айткан соң, аттан түшсөмбү, түшпөсөмбү деген кыялдар ээр кашты кармап өбөктөй туруптур. Кийген кийими тоолуктарга көп эле окшошо бербейт. Башындагы калпагы кызыл кыжым менен курбуланып, төбөсүндөгү пөпүгүнө ар кыл түстөгү назик, шурулар тизилип, күн нуруна улам чагылыша түшүп жатты. Үстүндөгү желеги узун жака көкүрөгү ачык тигилип, белиндеги куру да ала булалыгынан улам, отурганда ичкилик туугандар экенин боолголошту. Анын үстүнө, аттан түшпөй салам айтышынан да, бул жердик эместиги билинип турду. Эгер жергиликтүүлөр болсо, топко жетер жетпес, жайга келгенде, аттан түшө калып, улоосун ошол жерге каңтара байлап, же жетелеп келмек

-Кел мейман, аттан түш?

-Кана, балдар ат алгылачы- дешип, отургандар козголуп калды.

Бейтааныш адам ат чылбырын балдарга карматып, отургандарды көздөй басты.

-Амансыздарбы деп, ийиле, баары менен учурашып чыкты.

-Кана, мейман төргө чык.

-Кел, мына бул жер, сенин ордуң дешип, ортолуктан орун бошотушту.

-Кесе сунгула мейманга .

-Колдо болсун. Ала келгиле .

-Ардактуу коноксун ала кел. Ат үстүндө чаңкагандырсың.

Мелт-калт толо кымыз куюлган кесе сунулду. Мейман кесени эңшере жуткан соң, кайра кайтарылып толтурулду.

-Кош мейман, сүйлөй отур? Кай жактан ?

-Жайынча эле

-Өзүң торгойдой, атың неге ыргайдай? - деди тамашалай Тилеке.

-Өзүмдүн болгонум ушундай. Бирок атымдын айыбы барбы, такыр ирденбей койду.

-Атыңа, тап өткөн тура -деди Тилеке,

-Тап өткөнү кандай? Бейтааныш суроолуу тиктеди.

- Өткөн жылы атың ачка, кактоодо калган. Зерикчел, ыкшоо жигит окшойсун. Атыңы аркандаган бойдон, жылдырбайт экенсиң:

-Арыктыгынан айтып жатасызбы?

-Атың бизге арызданды.

Отургандар дуу күлүп жиберишти. Боз ала боло түшкөн жигит актана кетти.

- Канчалык бапестеп отко коём. Түзүк эле жегенсийт, чайнаган чөбүн жута албай, оозунан түшүрүп салат.

-Аны айыктырыш жеңил эле.

-Айыктырып бериңизчи? Акысын дале берейин.

-Акысына эмне бересиң? Тилеке дагы тамашалай кетти.

-Ырас айыктырсаңыз бир тай берем .

-Бу көрүнүшүндө атың тайдан баасынан кем болуп калыптыр.

-Байкуш, от ала албай аябай кыйналды. Бир аз эттенин, баасына чыкса, сатып дале жиберет элем.

-Атың эмне, өзүңө аябай эле жагабы?

-Ээ, айтпаңыз, жүрүшү аябай жакшы. Галага салганда, түк кайтпайт. Ала качканда да, аяктуу.

-Аты менен итин мактабаган кыргыз болбойт.

-Чын айтам, аке. Былтыртан бери арыктап, чөп жей албаганына аябай эле кыжаалатмын.

-Кыжалаттыктан алаксыйын деп, жолго чыктың беле?

-Ушунча сурап калдыңыз. Ичкиликтерден болом, уруум тейит. Бул тарапка келгенимдин себеби, айылдаш досум атты көрүп, "тоого алпар" - деп кеңеш берди.

-Эмне себептен тоого алпар деди экен?

-Хан Баргыларга барсаң. Тилеке деген табыпчы бар. Ошого атыңы көрсөт. Бир билсе ошол билет деди.

-Издеген кишиңди таптыңбы?

-Сураштырып жүрөм. Билсеңер, айтып койгула? Алардын айылы кай тарапта?

-Ал Тилеке тапчы бекен? Же бакшы бекен?

-Билбейм. "Алып бар. Калганын өзү билет" - деди.

-Оо, катуу дайындаган экен. Издебей эле кой.

-Жок. Атайы атымы көрсөткөнү келдим. Ал кишини табышым керек.

-Убара болбо. Ал кишини ушул жерге, чакырта коёбуз – деди, ал шериктерине көзүн кыса.

-Кана, меймандын кесесине кымыз толтургула. А сен барып, атты ушул жерге жетелеп келе кой! деп Чойду жумшады.

-Бейтааныш жигит таң кала отургандарды тиктеди. Тилеке белиндеги наштар бычагын алып.

-Атыңдын оозун, өзүң ач

Бейтааныш жигит каржайган арык атынын тумшугу менен ээгин ачканда. Тилеке аттын таңдайын ыклас кыла ары-бери карап, бычак учу менен акырын бир эки жерин сайып койду. Аттын оозу канап, ооздугун шалдырата башын экчеп тилин чыгара жеткүрдү.

-Болду. Атыңы отко кой. Эми оозунан түшпөйт. Бул дартты элде таңдай деп коёт. Аны көбү биле бербейт.

Отургандар Тилекени аңкая тиктешти. Ат оозунан каны куюла, турган жерден жылбай көктү апсыга, оттоп кирди. Айткандай эле көптөн бери от албай ачка калганданбы, тиштери үзгөн отту, күрмөбөй апсыгып жутуп жатты.

-Тилеке сиз болуп жүрбөңүз? деди сүйүнө бейтаныш. Тилеке жылмая башын ийкеди.

-Ичиндеги тапты кантип кетирсе болот?

-Аны өзүң кетиресин.

-Кантип? Кетириштти билбейм. Ошон үчүн келбедимби?

-Атың ачка көп туруп, күнгөй табы өтүптүр.

-Атымды такыр ач койгон эмесмин.

- Сен оттосун деп, күн как тийген жайга аркандап жүрө бергенсиң. Атың ысыкта көгөн-чымындан ылоолоп, шыйпаныып коюп, тура берген. Саратандын аптабы жылкыга жага бербейт.

-Ал канткенде айыгат?

-Тээ, мөңгүнү көрдүңбү?

Айылдын төбөсүндөгү жылганы көрсөттү.

-Ошол жерге барып, атыңа он күн бою кар жедиресин.

- Абалы бул болсо, жалаң кар жеп, ачкалыктан өлүп калбайбы?

-Кардын жака белинде тулаң бар. Ат ач калса аны кайсайт. Суусаса кар жейт. Оңолуп, эт байлай баштайт.

-Ырахмат аке.

-Ырахматыңды коё тур. Ошону менен эле, оңолуп кетпейт. Жайкы чилденин өткөн табына, кышкы чилденин кары дары муну билип ал.

-Карды эмне, отко-чөпкө кошуп береби?

-Кыштын чилдесинде, түнү менен как чөп жесе атың аябай суусайт. Күндүн мурду жерге тегиз тийгенде атыңы алып чыгып, кар үстүнө эркин кой. Ал муздак карды сугунуп жей берет. Күндүн мурду кайтканда күүгүмгө чейин аса байлап, анан кайрадан отко кой. Чилденин кары он беш, жыйырма күндө тапты кайтарат.

-Жем берсем, боло береби?

-Эмне жем?

-Буудайбы, макаби?

-Буудай жылкыга жакпайт. Аны берсең атыңды бакпай эле, бок жеген тоок канаттууларды багасын. Буудай атка аш болушу кыйын, бүкүлү түшүп калат.

-Мака берсечи?

-Мака атыңды семиртет, кубатына да киргизет. Бирок, тез суутка кирбейт. Сууту келбеген атты улакка, же байгеге чапсаң бузулат.

-Арпа жагат экен да?

-Ап - бали. Өзүң деле билет турбайсыңбы?

-Атка берсең арпа бер.

Көп төгүлтпөй, тарта бе.

Шыкабагын көп эле

Эрте-кечи тарта бер-дейт, элде. Атың табында болсун десең, бир өлчөмдө жем берип жүр.

-Ушунча болду, атым сыныңызга толобу?

-Сен бала, куу көрүнөсүң. Чыныңды айт. Кандай максат менен келдиң? Бейтааныш жигит менен Тилекени көздөрү тиктеше түштү.

Айтпаса да ички оюн-түгөл сезген баамчылдыгына суктана, сырын жашырбады.

-Чынымды айтсам, мен да ат таптаганды жакшы көрөм. Анча-мынча күлүктү ажырата билем. Бирок, сиздин таза көңүл менен айткан кептериңиз мага аябай жакты. Көп саяпкерлер билгенин айтышпайт. Менин күлүгүмдөн анын күлүгү чыкпасын дешип, ичи тардык кылышат окшойт. Сизге келээр алдын эки-үч жерге барып, ат таптагандарга жоолуктум. Көбү эле атка тап өткөнүн айтышты. Аны мен дале билчүмүн. Бирок, аттын таңдай болгонун, жылкынын ичине күн өткөндө, чилдеде кар берерин, эч ким билип айткан жок. Мындай даба болорун мен ойлогон эмесмин.

-Туура. Көп тапчылар билгенин айтышпайт. Ал күнөө. Маселен мен сенин аш казаның көптөн бери ооруп жүрөрүн билип турам. Мунун дабасын айтпай койсом, адамгерчиликке

жатпайт. Пенде бири бирбизге пайдабыз тийсин. Жакшылык кылайлы деген ниетте болушубуз керек. Адамдынбы, малдынбы кемчилигин айтсак, ал оңолот. Буга пастык кылууга болбойт.

-Ашказаным оорурун да билип алдыңыз. Эмне шыпаа болот?

-Сенин шашмалык жайың бар. Ачууң тез келет экен. Ага көп деле маани бербейт экенсиң. Этият бол! Бирөөлөрдөн дап жеп каларыңды ойлон. Ушул кезге чейин мен жөнүңдө билдиң. Биз сен жөнүңдө биле элекпиз!

-Аныңыз чын "Ата-энем да, көп шашма болбо. Бир ишти, аягына чыкмайын экинчи ишти кармаба" дешип көп эскертчү. Уруум кыпчак. Ысымым Жамгырчы.

-Ап-бали! Бая учурашып, сурашканда өзүң жөнүңдө айтууң керек эле. Илгертен элибизде мейман өз жөнүн айтмайын, сураш өөн болот. Уруу- кескилер гана өз жөнүн жашырат. Бейтааныш үйүнө келсе конок. Аны сыйлап, кадырлаш үй ээсиинин милдети. Сурашуу адеп. Ата-энең, үй бүлөң барбы?

Ата-энем өтүп кеткен. Эки балам бар.

-Ата -эне өлмөк мурас. Эч кимдин маңдайына жазып берген эмес. Жубайың менен эки балаң байлыгың.

-Шашмалыгым бар. Сиздерден кечирим сурайм? Үйрөнгөн адат калбайт экен. Оюма сөз келеби, суроо келеби айта салбасам, ичим көөп кетет- деп кемчилигин мойнуна ала күлө сүйлөдү.

-Жамгырчынын дагы бир касиети, сырката албайт тура.

-Ал мени ак көңүлдүүлүгүм болсо керек- деп жайдаңдады.

Ага олтургандар күлө кетишти.

-Жигит бир сырдуу, көп кырдуу болот: Сенин ооруларың көп экен. Бир бирден айыктырабыз деди Тилеке тамашалай.

-Ачык мүнөз адамдын колунан жамандык келбейт.

-Менин ашказаным ооруганын кантип билип алдыңыз? Жашырбай айтып бере аласызбы?

-Эмнесин жашырам. Бая келгенден бери кымызды жакшы иче албадың. Денең атыңа окшоп, ого эле как элес экенсиң. Оозуң кургап, уламдан улам жаланып отурасың.

-Билдиңиз аке. Деги ооруга эмне шыпаа болот?

- Атың экөөңө арпа жагат.

-Атыма окшоп, мен да арпа жейинби.

-Алдын суусун ич. Арпаны тазалап, жууп, бир идишке кочуш арпа салып, үстүнө суу куясын. Он күндөн соң бир чөйчөктөй маңызын ичесин. Арпаны кууруп, жаргылчакка тартып жарма атала кылып ич. Нанын үзбөй жесең, такыр айыгып кетесиң.

-Ушунча болду, атымы сындап бериңиз?

-Атыңын дагы бир, айыбы бар. Коош - деп тур.

-Коош

-Атың кырчаңгы

-Арыктыгынанбы?

-Жок. Катуу тердетип, чаап келгенден соң, денеси муздай элегинде сугарып, ээрин алып, отко койгон.

-Аны кантип кетирсе болот?

-Мака бер.

Мака берсең, көп семирип кетет дебедиңизби?

-Как мака семиртет. Өл, сотосу менен дүмбүл бересин. Сен атыңы байгегеге кошкону жүрөт окшойсуң?

-Ооба. Билдиңиз?

-Байгенин мөөнөтү качан?

-Күнү болжоно элек. Күздө жыйын терин бүтөөрү менен биздин кыпчактардын ичиндеги Жаманак уруусунун бийи атасынан ашын бергени даярдык көрүп жатат.Атымы даяр кыла аламбы?

-Анда мындай, силердин жериңер чөл катары. Аптаптын табы ачуу келет. Мака да, эрте бала түйөт. Бул жерде он күн болсоң, барарың менен сүрөт болгон маканы сотосу менен кыркып бер. Мака дүмбүлдөн ашып, как боло баштаганда токтот. Андан соң, чени менен арпа бер. Бирок, атыңы салкын там ичинде карма.

-Суутушун качан баштасам болот?

- Суутту баштасаң сулу бер.

-Атты байгеге койсом боло береби?

-Болот. Жакынкы аралыкка аралашып келет. Түнөтүп чапканга жарабайт.

-Эми ушунча болду, ачык эле айтыңызчы? Баш байгеге күлүгүм экөөбүз жарай алабызбы?

-Жамгырчы. Жамгырчы десе эле, жобурай бересиңби. Мен олуя белем. Ал байгеге кандай күлүктөр келип кошулат. Аларды билбей, көрбөй туруп, сенин атың баш келет деп, кантип айта алам?

-Болду аке. Ой күлүк деген ушул тура. Атым чыкса деген кыял да – деп, өз кемчилигин мойнуна ала барпаңдады.

Бала мүнөз Жамгырчы Тилекеге ачыктыгы менен жакты. Аты тап өтүп, арыктыгы болбосо кубаттуу эле. Тишинен улам жашын билген, төрт асый болуптур. Теги тоо жылкысынан экен. Суутун кандырып тер калтырбаса чуркоочудай. Кептин баары табын билиште. Күлүктүн бактысына саяпкер туш келсе, баш байгени талашчу түрү бар.

-Ат сенин колуңа кандай тийип калды, чыныңды айтчы?

-Уксаңыз ал бир жомок. Сизден эмнени жашырайын. Ата - энеден эрте калдым. Карманаар бир карындашым бар. Жокчулуктун айынан байдын жерин айдап, эгинин сээп, оруп эр жеттим. Жер иштетип жүрүп, анча-мынча ойдуң жерлерге эгин эгип, байдын ишинин оро-парасында өзүмдүн ишими да бүтүрө койчумун. Бала кезимден эле ат тандап мингенди аябай жактырчуумун. Аттуу болсом кана? деген кыял менен дыйканчылыктын сырын үйрөндүм.

Эмгекти жер жебейт экен. Маңдай терим менен иштеп, байдын эгинин оруп-жанчып, калганын жыйыштырып бергенден соң, баягы өзүмүн эгиними оруп-жанчтым. Өзүм менен кошо иштешип жүргөн дыйкандын сыңар бээсинин кулунуна данды алмаштым. Ошол күндөн баштап, көргөн- бакканым тайым болуп

калды. Кай жерге барып иштебейин, жетелеп алам. Ал да эркинче оттоп, бош жүрөт. Мага аябай эле үйүр алды. Уктаганда гана бөлөк жатпасак, калган күндөрү дайыма эле биргебиз.Көргөн элдин баары шылдыңга алышат.

Тайымы аяп, кетмен-күрөгүмү мойнума көтөрүп алам. Тай мени ээрчип токтосом токтойт. Бассам басат. Дем алсам ал да жатат.

-Эки акмак бирин – бири издешпей табышканын кара дешип.

Көргөндөр шылдыңга алышат. Тайым кунан болду. Жайдак минип алам. Ноктологонго жип да жок. Кайда барбайын кунанымды моюнга чапсам, бурулуп кете берет. Кечке чарчаганым, кунанды миңген соң жазылып кетет. Акырын ырдамыш болуп, жаткан жайыма келем. Жер иштетип, дан жыйнап жүрүп, малга алмашып, бирин-экин каралуу да болдум. Жыйын-терин бүткөн соң, эрмегим кунаным. Өз билгенимче таптамыш болом. Бир күнү айылдан бирөө той берип, «кунан чабышка байге коюп жатыптыр» деп уктум. «Кунанымды бир кошуп көрбөйүнбү» дедим оюмда. Болжогон күн келип, эл чогулуп, ар ким кунан чабышка кошулуп калышты. Капылеттен мен да келип кошулсам, көпчүлүк кыраан- каткы.

- Эки акмакка эмне жок – деп күлүп жатышты.

- Күлмөктөн күлгүлө - дедим ичимден. Бир тобубузду айдап барышып, оңой эмес жерде кайра коё беришти. Бирин-экин байгеге барып, катышпаган жаным, даяр турушту да билбей, аңкайып жүрө бериппмин. «Оомийин!»- деди бирөөсү, колун бетке тарта. Берээри менен мен теңдүү балдар, элтеңдеше, чү коюшту. Анаан барып, мен эсиме келип, ээрчий салдым.

Жолду ката чаң басып, эч нерсе көрүнбөйт. Топураган топтун артынан келе бердим. Кунаным «быр-быр-р» эте арыш керет. Бир маалда карасам, менин алдымда келе жаткандарга куйрук улай жете келипмин. Дагы илгерилей келип, анча-мынчасын тайым экөөбүз артка таштадык. Тим эле учуп баратабыз. Жолду көрүнгөн тал-терек, боз адырлар биз менен кошо жарышып

барып, калып жатты. Алдыда үч караан бири-бирине жол бербей, атаандаша бара жатышыптыр. Бир топ жерге келгенде, үч караан бириндеп, биринчисине, андан экинчисине теңелип, алдыңкы менен тең чамалап калдык. Кунанымдын чуркашы тың, жанын сабап баратат. Атаандаштан да оозуп, кунаным жалгыз чуркап баратыптыр. Алдыда эч ким көрүнбөйт. Аркамды кылчактап карай салсам, бири бирине жанашып, кээде бири оозуп, таймаш катуу жүрүп жатыптыр. Аңгыча болбой маарага жете келдик. Эл жабыла кыйкырып жатышты.

- Баракелде азамат.

- Жетимдин оомадысы бар экен

- Кунаны даңкын чыгарды.

- Кунанды таптаган ээси.

- Эй, мөөрөй алган жигит. Соорунуңду ал! деп эл арасындагы той башы үн катты.

Эмне кыларымды билбей, аңкайып турсам. Айылдагы бийлер, кайдан жайдан келе калган, менен сурабай, этбей эле, соорунду бөлө башташты эле, айылдагы Бөжөй аксакал кыйкырды.

- Эй, жакшылар! Томаяктын акына тийбегиле. Байкуш жетим мээнети менен мөөрөй алды. Үй-жайы жок. Муну калыңга берип, катын алат. Эч кимге жок-деп заңкылдады.

Ак сакалдан айбыгыштыбы, же мени аяштыбы, эч кимиси келген жок. Эртеси эле Бөжөй аксакал баягы соорунду айдап барып, биреөгө берип, кызын алмакка кудалашып келиптир.Келинчегим экөөбүз ошол байгеде мөөрөй алган кунан аркылуу табыштык.

Кунанга кызыккандар көбөйүштү. Ар ким суратып, сатып алабыз дешип ортого киши сала башташты. Бөжөй аксакал биреөнө да ынаган жок.

- Кунанды ушул жетим минсе жарашпайт бекен? Сатылбайт деп, кесе жооп берди.

Айылдагы бай, жылкыны багып берсин деп айттырып жибериптир.

- Өзүңүз билесиз, жылкы багуу сыймык болсо, экинчи тарабы менин көксөгөн оюм эле. Эч ойлонбой макул болуп, көчүп бардым. Эптөп, болгон буюм-тайымымды атка жүктөп, келинчегими кунанга мингизип, өзүм жөө тоого жеттик. Жалаң шыргыйдан кыйып келип, алачык жасап, жашап жүрдүк. Чынын айтсам, аябай эле кыйналдык. Келинчегим жатакчынын кызы болгондуктан бээ саашты үйрөндү. Мен кулун байлап, агытып жөлө четинде болом. Ичкенибиз кымыз, таза абада, каалаган атымды минем. Кээде жылкычылар чогулуп алып, эңишип, улак тартышабыз. Кунанды болсо субайлар менен кошо агытып, тез-тез кабар алып турам. Көксөгөн оюм төп келип, жайы-кышы жылкы четиндемин. Күн алыс, субайлардан кабар алып, түгөлдөп, көздөн өткөрүп келем. Кунаным асыйына айланып, Алайдын тулаңын кенен оттоп, сүмбөдөй сынына чыгыптыр. Кадимки эле аргымак, тим карап отургудай. Соорулары толуп, көздөрү ойноп турат. Шык-шыктап барып, мойнуна куруму салып, кулак - башын кашыган сайын жоошуп, артымдан бир топко чейин ээрчиди. Байгеге кошсомбу деп, ичимде оюмду бышырдым.

-Желе башына келсем.

- Бай тез келип кетсин! -деп айттырып жибериптир. Кымыз толгон серке чаначтарды артынып түшүп келдим. Бай базарга мал айдатып жатыптыр.

-Жеткиришип келесиң деп -аларга кошуп койду. Мал ысыкта ылаалап, баспагандыктан, күндүзү көлөкөдө эс алдырып, эртели-кеч жол арбытып, араң дегенде базарга он күндө жетип кайта салдым.

Шашыла жайлоого келип субайлардан кабар алганы барып, кунанымды таппай калдым. Аны менен кошо жылкылардан алтоо кем чыкты. Адырма-адыр аралап, колотмо-колот, тинтип суй

жыгылдым. Айлам кеткенде, байга кабар айтканы өзүм келдим. Кабарды уккан бай аябай чамынды.

- Табасың. Кайдан болбосун таап келесин.

- Бай аке, таппай суй жыгылдым. Жок, ит-куш жесе изи чыгат эле.

- Изи чыкпаса, өзүң уурдаган болосуң.

- Кудай акы, мен кантип уурдаган болуп калам?

- Уурдабасаң ким алды?

- Өзүмдүн кунаным кошо жоголуп жатпайбы.

- Кунан-пунаныңды билбейм, таап келесиң.

- Макул, дагы издеп, эл-журтка суроо салып көрөйүн.

- Суроо саласыңбы, издейсиңби, тез арада таап келгин!

- Ма-акул, аракет кылайын.

- Аракет кылба, тап!

- Ошол күндөн менде уйку качты. Жакын санаалаш, ага тууган, кайын-журт мен үчүн бүлүнүп, кошо издеп жүрөт.

- Канча убакыт болуп калды?

- Бир жылга айланып баратат

- А, тиги ат кандайча колуңа тийип калды?

- Бай мага берди.

- Жамгырчы, байдын бир үйүр жылкысын, кунанымды кошо жоготтум. Док тартып, уйкум качты – деп жатпайсынбы.

Издөө салып ар тарапка чуркап жүрүп, суй жыгыла, мукурадым. Айлам куруп, башым маң боло, кыжаалаттанып жүрсөм бай чакырыптыр. Эмне балекет болоор экен деп, сестене өөнгө келдим. Байдын эшигинде териси сөөгүнө жабышкан бир ат байлануу турганын баамдадым. Кунаныма окшоштурсам ал эмес. Сарсанаага бата, байга кире албай жүрүп, тобокелге салдым.

«Өлтүрбесө керек. Пешенеге жазганын көрдүм» -деп саламды чоң айтып, кирип бардым. Ал кепке сөзгө келбей туруп.

- Жетим, тиги сырттагы атты көрдүңбү?- деди.

- Көрдүм, бай аке.

- Эгер байгеге чыгара алсаң алты бээ, өзүңдүн кунаныңдын кунун кечем. Эгер өлүп кала турган болсо, өмүр бою акы албай жылкымды багасың деди.

Мен, эмне дээримди билбей, делдейдим. Эшикке чыгып байланбай эле бош турган ушул атты көрүп, баары бир тирүү калбайт окшойм деп ойлодум. Жетимдин пешенеси тайкы болот деп, бирөөлөр айта калганы эсиме түштү.

-Шорум куруган экен. Өлөсөлүү атын атайлап беришинин максаты,мени кул кылып, биротоло менчиктегиси келген экен - деп, үшкүрүндүм. .

Мына, үч-төрт айдан бери, кылбаган айлам калган жок. «Аттын табын билет» - дегендердин баарына алып барып, көрсөттүм. Билгени күндүн табы өтүптүр дешти. Билбегени башын чайкашты. Айлам таптакыр кеткенде элдин кеби менен сизге келип отурам.

- Бекер убара-керчилик тартыпсың.

- Жок, бай аке, Сиз баарын төп айттыңыз. Эгер ушул ат табына келип, мөөрөй алып берсе, менин башым ачык. Анда сизге, мен өмүр бою бала-чакамдан бери карызмын. Мөөрөй алганга жарата албасам, өмүр бою байга мүңкүрмүн, бала-чакама дейре кулдуктан бошоно албастыгымды туюп турам.

- Менин кабарымды, кайдан, кантип уктуң?

- Эл болгондон кийин, угулат экен. Атыңыз эбак элге элан болгон. Көнчүлүгү сизди көрүүгө зар. Күлүк таптагандар чыгынып, сизге жете албай да жүрүшөт.Баягыда ат издеп, сиздин айылга бир кыпчакмын деп жигит келгени эсиңизде барбы?

- Качан?

- Бир жыл болуп калды. Үйүңүзгө келип, сыйыңызды көрүп кеткен.

- Кыргыздын үйүнө келген, сый көрүп кетет иним. Алардын кайсынысы экенин, кайдан билдим.

- Жок издеп жүрүп, аты аксаган жигит эсиңиздеби?

- Атынын бутуна жем түшкөнбү?

- Ооба. Ошол менин бир тууган кайнагам болчу.

- Ал алты, жети жылкы дебей, бир атты короодон жоготтук дебеди беле?

- Ооба, алган киши менин кунаныма барган. Калган жылкынын карааны ага айгак. Аларды сойгузуп, пулдайт да, атты минип, же жетелеп кетет. Жалгыз атчанды «баягы жолочулардын бири» деп, эч ким көңүлгө да албайт. Алган учурда да, ал жок издеген болуп, чет-четтеп түнөп, бирөө жолукса сурамыш болуп, кете берет эмеспи.

- Ошол кайнага сөрөйүң, өзү ууру эмеспи?

- Жок. Ал ишин таштап, мени деп чапкылап жүрбөйбү.

- Ооба. Аның бирин-экин малга аралашып жүрбөгөн, жалаң кетмен менен алек болгон пенде көрүнгөн.

- Анысын мойнуна алат. Бирин-экин айылдан алыс да чыкпаган. Сиздердин алдыңыздарда аябай уят болгонун айтып берди. Мени сизге жөнөткөн да, ошол кайнагам болду. Адамды да, жылкыны да, бир көрүп эле, ичи-сыртынан бери билет экен деп, таң калганын жашырган жок.

- А мен сага, таң калып турам.

- Ий, эмнеге?

- Божурап отуруп эле, адамдын сырын бүт тартып алат турбайсыңбы.

Экөө тең каткырышты.

- Көңүлүмө жаккан кишиден сырымды жашыргым келбейт.

- А сиз өтө эле жөнөкөй экенсиз.

- Огоо.

- Көптү билет экенсиз.

- Экөөбүз бири-бирибизди мактаганда коёлу. Деги, бир жылдан бери атыңан кабар барбы?

- Акырын билингенсийт. Неси болсо да, изи бардай сезилет мага.

- Бул кебиң, болжолбу?

- Болжол. Мен, анығына жете албайм го?

- Эмнеге?

- Ал үчүн менин сөзүмдү сөздөп, арка боло турган, көпчүлүккө төбөсү таанылган бирөө болсо, аныгына жетсе болот. Мен жылкысын багып жүргөн Чекир бай, ат оюндарына аябай ышкыбоз. Айрыкча күлүк таптатып, байгеге коштурганга курсант. Күлүгү кокустан баш байгени алып калса, бир айга чейин үйүнө кирбей, келген адамга мактанып жүрө берет. Күлүгү чыкпай калса, үйүндө үңкүйүп, бала-чакасын, жарды-жалчыларын кууруп, тилдейт. Анын сырын жакшы билген кошоматчылары.

- Чеки акенин эшигинен, малы кышы-жайын семиз, аты күлүк, ал тургай ити да акылдуу. Уй, койлору аябай эле сүттүү – дешсе, байдын чери жазылып, барпаңдап калат. Ат таптаган саяпкерлерге ишенбей, өз билгенин кыла берет. Ошондонбу короосундагы күлүктөр көпкө турбайт. Жылкысы көптүгүнөн гана түтөт. Бирок, жыл сайын жакшы аттын кабарын укса, баасына карабай сатып алып, үйүргө коёт. Анын желесинен көп күлүктөрдүн чыгышы да ошондонбу дейм. Алыскы жакта бир досу Чекир байга дубандан ашкан күлүгүн тартуулаган имиш. Жакында ат таптаган саяпкери менен атайын алты күндүк жолго барышып, ат көрүп келишиптир.

- Кандай күлүк болду экен? дешип, элдин баары эмитен эле кулак түрө күтүшүүдө.

- Ооба. Күлүктөн ашкан күлүк бар. Тулпарды бээ туйт. Аны да, көрө жатарбаз.

- Эң кызыгын айтайынбы? –деп Жамгарчы Тилекеге умсуна карап.

- Ий, айта бер.

- Күлүктүн өңү-түсү, кандай экен? деп сурабайсызбы.

- Сенин кунан чыкмаңа окшош бекен?

- Жок тескерисинче. Чаар-ала –дейт.

- Болот, болот. Андайды чөөкөр дейбиз.

- Чөөкардин кирпиктери ак, көздөрү да башкача болот го? Бул кирпиктери кара , көздөрү тунук - деп байдын саяпкери айтты.

-Эч кимге айтпа. Сенин кунаныңдын эле өзү. Баскан - турганы куюп койгондой. Бирок, мойнунун жарымы, жону, кабыргасы, төшү менен ала- була чөөкар. Атайлап кол менен жасагандай куйрукка чейин –деди. Жамгырчы өкүнгөндөй үшкүрүнгөнүн өзү да билбей калды.

- Үмүтүң чоң экен. Сеники экенин, кантип далилдей алмаксың?

- Миң далилдеген учурда да, менин сөзүмдү ким сүйлөйт. Кайра "Жалган жалаа жаап жатат" деп, мени айып төлөтөрү бышык.

- Белгиң барбы?

- Эгер, чындап эле ортого салынса, өчпөй турган эки белги бар.

- Аныңы эч кимге угузбай, ичиңеката аласыңбы?

- Бий аке, мен бала эмесмин го.

- Ошол белгилерди билген адамдардан барбы?

- Бөжөй аксакал, баягында тайды саткан адам тирүү турбайбы?

Экөөнүн аңгемесинин бүтүшүн күтүп, акмалап турганбы бир жигит келип

- Жүрүңүздөр эт бышып калды – деп үйгө чакырды.

- Аке, айып көрбөсөңүз, бир нерсе айтайын?

- Айт, айт.

- Мен сизди бир тууган агамдай көрүп жүрөйүн. Бир боорум бар деп, мени катарга ала жүрүңүз.

- Мунуңа макулмун. Тартынбай келип тур. Катташалы.

- Ыракмат. Ушинтип айтарыңызды билгем. Уурум башка болсо да, өз агамдай көрөйүн.

- Жамгырчы иним, «Катташпаса бир тууган да, жат болот» - дейт сыйлашканга не жетсин.

- Мен ыраазымын!

Эл күздөөгө келгенине бир топ болуп калган. Аш-той көбөйүп, ар ким алына жараша мейман чакырышат. Элде, баягы салт боюнча, той тамашасыз өтпөйт. Бардык оюндар болбосо да эңиш, күрөш, улак тартыш, тай, кунан жарыш болуп, соорун да алына жараша коюлат. Айылдагы боло турган балбандар ушундайда сыналып, жеңгендери анан барып, чоң маарекелерге түшөт. Көпчүлүк чакан тамашага алаксышканы менен ким, кай жерде, той-аш берип, кимдер чакырыларына кулак түрүшөт. Аш-той элдики демекчи, малы четтеп жайылган байлар, атагы алыска кеткен бийлер, аш-той берсе алыскы жууктагыларга ат түнөтө чаптырып, чабаганчы жөнөтүп, же бир-эки ай калганда кат чийдирип, кабар берет. Анын жөнү таптаган күлүктөрдү суутуп, балабандарын алып, камдуу келсин дегени. Даңазалуу «айтып кетсин» дешип, байгени кенен сайышат. Элде айтыла жүргөн «Бардын малын чачам, жоктун абийрин ачам» деген сөз, кийинкилерге насак болбосун деген аракеттен улам. Уруулар ортосундагы атаандашуусу элдин намыс-ариети делет.

Аш-той берүүчү адам көптөн бери камданып, кем-карчын түгөлдөйт. Коюлуучу сорундун эсебин-алып, тууган-урук, эл билармандарына масилат салат. Даярдыгы бүткөн соң, палан айдын, палан күнүндө деп, туш тарапка кабар бергизет. Болжогон күндүн алдын, жакынкы урук- тууган, аймактагы эл башы, бийлерди чакырып, «кемеге аш», масалатка деп, чакырып чакан улак тартыш, эңиш-күрөш, өткөрүп, жакынкы жерге ат чабышат, соорун берет. Ал күнү келгендер кийинки күндөрдө өткөрүлүүчү маарекеде тикесинен тик туруп, кызмат кылууга жана алыскы туугандарды тосуп алып, кызмат көрсөтүп узатуулары милдет.

Кыпчактардын Чекир бийи аш берерин кабарлап, бир ай мурда кабар жибериптир. Болжогон күн жакындаганда, Тилеке бий аймактагы уруу башчыларын түгөл өзүнө чакыртты.

-Кыпчак туугандардын ашына кана кимиңер барасыңар? – деген собол таштады.

Мурунтан барыш-келиш катташтыктан сырткары, тамашаны көрүүгө көбү бара тургандагын билдиришти.

-Бабалардан калган салт. Аш-тойго кур барыш уят. Кана, кандай кошумча кошобуз? – деди отургандарга.

-Чекир бийдин атын укканыбыз менен өзүн көрө да элекбиз. Ал биздин жаман-жакшылыгыбызга келген да эмес. – деди отургандардын арасындагы Чырак бий.

-Биз ашына барбайбыз. Тамашасына барабыз. Кошумча дегенди коёлу – деп ага кошула кетти Кадыр бий.

-Чыдаса аш берсин. Жөн барып, сыйын көрүп келебиз –деп сөздү жыра сүйлөгөн Өтөр бий.

-Баарың нарк билген, салт сыйлаган элдин адамысыңар. Мейли, анда бара бергиле. Бирок, уруулу-журттун намысы бар. Биз алып баргандан ал ашып, кемип кетпейт. Биздин барганыбызды угуп, көргөнгө сабак. Элибиз илгертен наркты барктаганы менен белгилүү. Кошумчаны чоң алалы. Адигине балдары илгертен эл сыйлап, журт кадырлаган. Байлык менен бийликтин артынан ээрчиген эмес. Тилекенин сөзүн баары туура көрүштү.

- Кошумчаны айткыла, кеми болсо түгөлдөйлү – деп Мансур бий

- Менден комдолуу төө.
- Менден жабдыктуу ат.
- Менден куш.
- Менден бир үйүр жылкы.
- Менден эмереги менен боз үй.

Бара тургандардын кошумчасы баарынын көңүлүнө туура келди.

-Ай жаңырган күнү эрте менен жолго –деди Тилеке бүтүм чыгара.

Кыргыздар дээрлик көчмөн турмушта жашап, турак кылып, үй куруп, шаар салышкан эмес. Ар качан көчүп – конуп жүргөндүктөн төө, жылкы негизги унаа эсептелген. Тийген жоого ат менен урушуп, тагдырлары жылкы менен эгиз болушкан. Ошол себептен күлүк аттын кадыры өтө чоң болгон. Байыртан эле «Эрдин куну, эришти айыбы болбосо, чаң тийбес» деп атап, өзүнөн да атын кымбат сезген. "Ээсин сыйласаң, атын ал" деген макал төркүнү ошондон. Бир ат үчүн эки эл бузулуп, канчалаган кан төгүлгөн. Кооптуу учурларда атын үйүнө киргизип кишен салып багышкан. "Ат керүүдө, найза босогодо болгон заманда" ат тагдырды чечкен. Кыргында жалгыз жанын атына тапшырган. Ошол себептен атты өзгөчө сыйлап, ардактап, жакшы жаманына баа берип, жашы кандайлыгын, кары бээден туулгандыгына чейин билген. Күлүк атын сынга алынып, жашоодогу эң кооз, нерселерге салыштырылган.

Кыргыздар табигатка жакын болуп, жапайы жан-жаныбарларды колго үйрөтүшүп, жашоого пайдаланышкан. Айрыкча куш салып, тайган таптап, жаратылыштын кубулуштарын билип, анын сырларын терең өздөштүрө алышкандыктан эл арасында саяпкер, сынчы, мүнүшкөр, санаткер, тамырчы, ырчы, жамакчы–деп көп арасындагы өнөр сырын терең өздөштүргөн адамдарды аташкан.

Кыпчактар ашка шайма-шай экендиги барганда эле билинди. Айылга жакындай беришкенде атайлап улак чаап тосуп алышты. Чабандес жигит Тилекеге келип улак ашырды. Ал жигитке ыраазычылыган билдире баш ийкей караса.

- Ассалоом алейкум аке. Келиңиз – деп жылмая Жамгырчы кучак жайды.

-Ырахмат. Өркүнүң өссүн, Жамгырчы! Бала-чакаң менен амансыңбы?

- Шүгүр аке. Беймарал конок болуңуз. Келип, кабар алып турам – деп ат үстүндө ийилди.

Жалаң коноктор үчүн келишкен окшош жасалгалуу үйлөр тигилиптир. Ар бир үйгө меймандарды тейлей турган шыпылдаган жигиттер колдорун көкүрөгүнө алышып, жүгүрө кызмат кылып жүрүштү.

Эртеси жарчылар элдин көңүлүн ала ырдаганча, кандай тамаша болорун алдын ала айтып жүрүштү. Ал күнү эр эңиш, балбан күрөш, бука тартмай, өпкө чапмай оюндары өткөрүлүп, жеңгендерге байгелер берилип жатты.

-Оо, калайык калың журт!
Балбаныңды чыгаргын,
Азыр болот эр алыш,
Жарыяны тыңдагын,
Берээндер турса чалышып,
Беш манжа белде карышып,
Күчүңдү бүгүн көрсөткүн,
Көпчүлүк калсын таанышып.
Коюн -колдун алышат,
Жыккандар мөөрөй алышат,
Жыгылганы чаң болуп,
Кабыргасы кайышат.

Бир маалда бел курчоосунан өйдө жылаңач дөөдөй болгон балбан ортого келип сыңар тизелеп отурду. Бука моюн, буура сан, булчуңдары тараган, эмчектери салаңдап, эки жагын караган балбан башын жерге салып, көзүнүн төбөсү менен көпчүлүктү карап, «Мага тең келчү барбы?» дегенсип, далыларын ары-бери чайкап коюп лөкүйөт.

- Буга кандай адам даап чыга алат? Колуна тийгенди оңдурбаса керек?

- Булчуңдарын карасаң, бөлөк-бөлөк боло, буртуюп турат.

- Күрөшмөк турсун, жанына эч ким бара албаса керек.

- Бул күрөшкөн адамын, майып кылып коёт дешчү эле?

- Кайсыл элдин балбаны болду экен?

- Тажиктерден го сыягы.

- Жомоктогу Жолой балбандын өзү го?

- Көп күттүрбөгүлө, мөөрөйүн бергиле! деп көпчүлүк уу-дуу.

-Ошол учурда бой келбети шыңга, далысы кең, жигит ортого чыга, элден бата сурады.

- Кой, айланайын, чыкпа. Тигил дөө, сени жеп коет.

- Майып кылып койбогой эле. Түшпөй эле койбойбу.

- Чыгып алыптыр, өзүнө ишенет экен. Алла ал-кулум десе, колдоор?

- Ылайым ата-бабаңын арбагы колдосун. Оомийин! Көпчүлүк чурулдап бата кылышты.

- Бул бала, кайсыл элден экен?

- Каңды дейби?

- Жо-ок. Чапкынчылардан дешет?

- Ошондой да уруу барбы?

- Таң, мындайды укпаптырмын.

- Балбандын аты ким деген экен?

- Мамакул.

- А Мамакул как моюнбу?

- Как моюн дегени эмнеси?

- Мойнун карасаң, бир да ашыкча эти жок

Мамакул балбан жаңыдан эр жетип, көпчүлүккө таанылa элек эле. Мындай көп элдин алдында алгачкы жолу чыгышы. Күдүрлөп ийлеген тоо текенин сары жаргак каңдагайын кийип, белинен жогору жылаңач болгон төө балбандын жанына басып келди. Эки алп тиктеше, бирин-бири сынап турду. Мамакулдун ашыкча эти жок, тигинин жарымындай эле көрүндү. Бир топко чейин тоорушушту. Карт балбан эч бир ыңгайын келтире албай турду.

Жаш балбан билегин суна бергенде карт балбан шап кармады. Ошол замат Мамакул билегин булкуп сууруп алды. Далай балбандар менен күрөшүп, кынык алган балбан, беркинин оңой жоо эмес экенин байкады. Көбү эле билегинен карматкан соң, кайра сууруп ала алышчу эмес. Колду капшыра кармап,

өзүнө тартып, ичке кире көтөрүп алып, жерге бир уруп басып кетчү. Жаш балбанды антүүгө шарт келбеди. Эми эскиден калган эреже билегин ал сунду. Мамакул чап билектен кармап, өзүнө тарта, белден алмак болсо да, тиги балбандын билегине манжалары толук жетпеди. Толук тутамдай албады.Жаш балбандын манжалары кычкачтай болуп, билектин эки ача сөөгүнө бата түшүп, тигинин жанын көзүнө көрсөтү. Канчалык билегин сууруп алууга аракет кылса да, тиги бошотподу. Улам кысып кармап өзүнө тартты. Билегинин эки ача сөөгү кычырап муундан чыгып кетти окшойт, сол колунун каруусу кетип, такыр керден чыкты.

Мамакул шамдагайлык менен ичке кирип, ычкыр кашатынан өйдө силке, алачыктай болгон немени өйдө көтөрүүгө аракеттенди. Карт балбан ага моюн бербеди. Бирок, катуу согулган колдон ык дей түшүп, шаштысы кетип калды. Жаш балбан тигинин сол колун кое берип, экинчи колу менен шымынын чандырынан кармай, оңго булка берип, тиги талтая түшкөндө, капылеттен, кайра солго булкуп жибергенде, карт балбан тең салмагын жогото, теңселе түштү, Ошондо тигинин аягын жерге тийгизбей тизесине ала, шап көтөрүп башынан айлантып туруп, жерге урду. Карт балбан чалкасынан түшкөндө, башынан аттап, басып кетти. Эл чуу эте, кыйкырышып мактап жатышты.

-Аза-амат!

-Анык балбан экен.

-Жайлады ата-уулу.

Мамакул как моюн ошол күнү, чоң жыйынга алгачкы жолу түшүшү экен. Шериктери келип, кучакташа, үстүнө чепкен жаап, жетелеп жөнөштү. Эл улам кыйкырыша алкап жатышты. Аштын ирээти эр алыштан соң "эр эңиш". Мында, катагандардан чыккан балбан, кыпчактардын Тажы балбанын аттан оодара тартып, мөрөй алды. Улам тамаша кызып, балбандар биринен артынан

бири алышып, убакыттын өткөнү билинбей, заматта түш оой, күн төбөдөн өтө, кыңкайып баратыптыр.

Бир кезде эл дуу-дуу болуп дүрбөп калды. Баятан бери даярданып жатканбы, же атайлап эле кеч чыктыбы, наймандардын боткочу тобунан Өтөк балбан эңишке чыкты. Бул балбандын атагы алыска кеткен эле. Ак-Суу, Үч- Турпандан баштап, Паргана аймагындагылар бүт билише турган. Эчендеген балбандарды эңип, баш соорунду эч кимге бербей келген. Өзүнүн күчүнө ишенгенби, же ичкиликтер аны колдойбу, чоң муштум зөөкүрлүгү менен өкүмсүнүп, коюлган соорунга канааттанбай коштуруп алчу. Аш-той ээлери да тамаша тынч өтсүн дешеби, айтканын берип кутулушчу.

Ага эңишке түшкөндөр аман калышчу эмес. Кур эле дегенде бир ай ашыра суу ичип, адам катарына кошулчу. Анын жөнү эңишкен балбандарды таасындап туруп, шилиге, коюп, бооруна, же суйөсүнө алаканынын кыры менен чапчып же аткып мертинип,эсине келе албаган неменин колун ээр кашка басып, сүйрөп кетчү. Көбүнүн боору жарылып, акыреги ажырап, билеги сынып, ажалынан мурун көз жумчу. Муну билгендер ага даап түшчү эмес.

Өтөк балбан аюудай күркүрөп, алачыктай атын минип дооранды айланта бастырып жүрдү. Анын түрүн көргөн балбандардын эч кимисинин чыккысы жок. Тирелишкен көпчүлүктүн арасы тым-тырс.Жарчылар тил безеп кыйкырып жатышты

-Кана, кайсыл топ, балбанын чыгарат?

-Тамаша көрөсүңөрбү, же соорунду бергизелиби?

-Тирү эле, желмогуздай көрүнөт

-Эл арасында бардыр, буга тең келүүчүлөр?

Тажиктер турган тарап, дүрдүгө түштү. Бир маалда тургандардын ортосу тең жарыла берип, тоодой болгон атты минип, локуйган балбан чыга келди.

-Кайсыл топтон экен?

-Тажиктерден го сыягы

-Ысмы ким болду экен?

-Кулам-деп айтып жатышат

-Кулам палбан, Кулам палбан деп, тааныгандар биринен-бири өтүп, кыйкырып жатышты.

Эки алп, эки тараптан аттарын темине келип, ортодо бири-бирине ызырына туруп калышты. Улам тооруша шап билектен алууга камданышып, эңкейе аңдып, аттарын теминишти. Жакындаша барышып, колдорун алдырбастан, чалкалай, бойлорун алысташып манжаларын ача шап илип кетүүнүн пайитин пайлашты.

Өтөк балбанга оң келе калдыбы Куламдын оң мүрүсүнө токмоктой болгон колу менен согуп калды. Куламдын көзүнөн от чыга, заматта шалдая түштү.

-Ой, итиң ой. Зөөкүрдүгү чын экен.

- Оюн эрежесин бузду.

- Күч атасын тааныбайт

-Өтөккө ким даап бара алат. Ачуусу келип калыптыр, жакын баргандын жанын көзүнө көрсөткүдөй.

- Кулам кантээр экен?

- Ал да эр жүрөк көрүнөт. Колу ооруксунуп калды окшойт.

- Ооруксунмак тургай мүрүсү талкалангандыр?

- Ошон үчүн шалдайып калбадыбы.

- Эми кантишээр экен?

- Кулам эми кулады

- Ээй карачы, карачы деди баятан бери талашып жаткандар.

Шалдайган оң колун ала качып, сол колу менен бир кармамакка аракеттенген Кулам аттын шарт теминип барып Өтөктү шилиге согуп өттү. Анын башы шылк дей түштү.

Экөө тең ачуусу келип эңишпей эле чапчыша, койгулашканга өтүштү.

Той башы алыстан кыйкырды.

-Экөөнү тең ортодон чыгарыла. Эрежени бузушту.

Эл да, жаалап кыйкырышты

-Эңиштин эрежесин бузушту

-Чыксын! Чыксын! дешти.

Эки тараптан атчандар келишип, экөөнүн тең аттарынан жөтөлөшө алып кетишти. Оток шериктерине моюн бербеди.

-Эңип, же эңилип кетмей сайын, чыкпайм деп, ортого кайра чыгып туруп алды.

Баятан бери тамашан кызыга тиктеп турган Тилекенин алдына шыпылдаган жигит келип, колун көкүрөгүнө ала

-Мырза, өзүңүздүн тукумдан бирөө бар эле.Уруксат бересизби?

-Кайсы топтон

-Исакенин тукумунан

-Ким деген?

-Апалтайдын балдарынан экен

-Бизди уят кылып койбойбу?

-Өзүнө ишенген көрүнөт. Сабалап, суранып жатат.

-Чакырчы бери?

-Шыпылдаган жигит чуркап барып, чоң тебетейчен бирөөнү эрчите келди.

Бир күрпөңдүн териси, тебетейне араң жеткенби, ого эле чоң көрүнгөн жигитти ээрчите Тилекенин алдына келди.

Жаш балбан мырзага ийиле салам берип, оттуу көздөрү ойноп, жүзүнөн жылдыз жанып турду.

-Ии, балбан, атыңы уга калчумун. Өтөккө чыгайын дейсиңби? Улоонун жайы кандай болот?

-Ат таптым, Бөрү тууганда сынакы ат бар экен. Уруксат берсеңиз, күч сынашып көрөйүн?

-Бизди уят кылбайсыңбы?

-Кудай колдосо, алдырбаймын

-Тигини көрдүңбү?

-Көрдүм. Балбандыгы болбосо да, зөөкүрлүгү бар экен.

-Тең келе аласыңбы?

-Өзүмө ишенбесем, чыкпайт элем.

-Бул жерде Адигине уруусунун да, кыргыздын да намысы турат.

- Ошону үчүн чыгайын дедим.

-Кудай колдосун

-Айтканыңыз келсин, мырзам.

Жабыла таңыркагандар мырзага кошула бата кылышты.Жолон баатыр чабдарды булкунта ортого чыга келди. Бел курчоосунан жогору жылаңач. Тоо текенин ийленген терисинен тигилген сары жаргак каңдагай чак келип, багелеги өтүгүнүн кончуна кыстарылган. Бөктөрүнчөк байланган жылаңач ээр, жука токулгага кош басмайыл менен тартылган. Үзөңгү боо да бутуна ылайык келип, аттын көмөлдүрүк, куюшканы, чылбыр менен кошо алынып коюлгандыктан аттын үстү жеңил көрүнөт.

-Огоо, ким экен?

-Кайсы элден экен?

-Адигиненин балдарынан дейт

-Аты ким экен?

-Аты Жолон

-Ободой шуулдаган жигит экен.

- Өтөк балбанга тең келе алат бекен?

-Эми көрөбүз

Ортодогу Өтөк балбан үңүрөйгөн, көзү менен жаш балбанды тоготпой, чыйт түкүрө, тиктеп турду.

-Жаш балбан экен. Бекер майып болуп калбагай эле?

-Өтөктүн колуна тийсе, колу-бутун жулуп салат.

- Өтөккө тең келем дегендин, өпкөсү жок окшойт?

-Ар ким, күчүнө ишенет да.

-Эки балбан бет келишери менен чарпыша түшүштү. Жолон тигини чап билектен алды эле, манжаларына тигинин билеги чак келбей, суюла түштү. Баш бармагына жетип барып, алаканына таканчык боло түштү.

Өтөк жалтанбай чаап келип, беттешкенге дап койгон жаш немени, экинчи эңишке түшкүс кылайын деп, кай жерге уруштун пайытын пайлап турган. Кычкачтай капшыра кармаган колдон билегин чыгарууга аракеттенип, артка тартыла бергенде, шап кош колу менен алып билегин чымырата бекем кармап, үзөңгүгө чиренө, жалга басуунун аракетинде болду.

Эл чуу түшө, кыйкырып сүрөп жатты.

-Та-арт! Карма, Чү-де,темин атты!

-Азамат.Эр экен. Чап жабышканын айт.

Көпчүлүктүн чуусу дем бердиби, же көп жолу эңишке минилип,сырдана болгонбу чабдар күчөнө, алдыга умтулду. Аттын күчүнө кошул-ташыл Жолон тигил балбандын билегин шарт силкө тартты. Баятан бери кейкейип, чалкалап тартып жаткан Өтөктүн башы шылк дей түшүп, тилин тиштеп алды окшойт. Уруту кызара түштү. Оң колун бошотпогон немени сол колу менен карууга салууга эңкейе бергенде жалаң чабардарды дембе-дем катуу теминди.

-Чү жаныбар дегенче үн салды. Балбан менен ат күчүнө туруштук бере албаган Өтөктүн көчүгү көтөрүлүп, тууралана түштү.

Миңдеген үн обого көтөрүлүп, аба жаңыргандай болду.

Өтөктүн көзү тумандап, чаар чымын уча башы айланды. Кычкачтай капшыра кармаган кол, аны ээрден козголтуп, эки балбандын аттары чиренип турушту. Бир маалда чабдар ээсинин темингенин туюп, тизелей кала, сүрдүгүп, алдыга умтулду. Адам күчүнө ат күчү кошул –ташыл болуп Өтөктүн атынын басмайылы чарт үзүлүп кетти. Бош ээрдин үзөнгүсүнөн буту чыкпаган Өтөк шыпырыла, ат үстүнөн кулап, сүйрөлүп баратты.

-Адигине, Адигине! дешип бубасынын атын атап, жаш балбанды сүрөгөн топ, жабыла барышып, ат үстүнөн көтөрүп кетишти.

-Айланайын азаматым. Намыскы төрөлгөн жан экенсиң, бар бол!

-Эл журт. Уучубуз курук эмес экен. Чыгып келген элден, дагы эле чыгат тура

-Уул кылып төрөгөн энеңе ырахат!

- Ата уулу азамат. Азали кем болбо! - деген алкоо миң деген элдин үстүндө жаңырып турду.Жолон балбанга көпчүлүк суктанып, кийин көзүгүп өлгөн дешет

Тамашанын кызыгы өпкө чабыш. Мында жалаң таздар чыгат. Аны бирден чыгарбай үч-төрт жуп кыла ортого коюшту. Алар да эреже боюнча бөктөрүнчөк тарткан жылаңач ээрде, бел курчоосунан жогору кийим кийбей, көйнөгү жок, жалаң баш чыгышат. Алар чыгары менен күлкү башталат.Төрт журттун такырайган такыр таз баштарына күндүн нуру тийип жалтырап, күнгө чагылган көздөрүн ачып- жумушуп, башы-көзүн калкалашып ортого келишти. Колдоруна өпкө карматышып, жуп-жубу менен кое беришти. Шарт боюнча өпкө чокуга гана чабылат. Кармаган колдорунан өпкөнүн кокосу жылмышып түшүп, шеригинен шалп эткизе чапканынан качканын жумшак өпкө башына тийип, ала-телек кан жая бергенин, өпкө үзүлө түшүп, жалаң колкосун соройто кармаган таздарды көргөндөрдүн күлбөгөнү калбай, ортолукта кыраан – каткырык толду.

-Оо, калайык калың журт,
Жардык айтам баарың ук.
Күлүк таптап келгендер,
Эрежени бекем турт
Ат чабышы башталат,
Азыр аттар айдалат.
Белгилерден таанышсын,
Чабалдары калышсын.
Он беш атка байге бар.
Таарынбасын калгандар – деген жарчылар, ары-бери бастырып жүрүштү.

Ат чабыш аштын эң бир орчундуу тамашасы. Ат айдалгандан соң, жорго салыш, кулан чабыш өтө берет. -“Ат келе

жатат" дегенде элдин баары ошол тарапка сүрүлөт. "Бүгүнкү ашка ар дабандан келген жүз күлүк чабылат экен" деген уу-дуу жүрүп жатты.

Аш башталгандан тартып, ар жактан келген аттар, алдыртан сыналып жатты. Казактардан эрке кашка, ак шокой, тажиктерден карала, даштаман, тейиттерден көк чолок, арык тай, нойгуттардан тел кара, ак жон, наймандардан сур айгыр, жаман кара, кесектерден чуу басар, сары жон, чоң багыштардан жез таман, ала качма, саруудан чаң тийбес, элик коңур, кушчудан ала тап, мала тай, басыздан чолок сары, диңкилдек, коңур аттардан кайсар, кара кызыл, адигинелерден мала көк, күрөң боз жана башка деги эле менменмин деген күлүктөр,

Көпчүлүгү үртүктөп жабуу жабышкан, көбү күлүктөрүн көрсөтпөй кылдоо жерге жашырышып келсе, ат чубатарда чабандестери менен жетелей келип жатышты.

Кыргыздар атка өзгөчө маани берет эмеспи "Ичи жаман, ою бузук, көрө албастан кудай сактасын" дешип маңдайына, жалына аралаштыра тумар, көз мончок тагышкан.

Жамгырчы келгендин эртеси Тилекени ээрчитип барып, атын көрсөттү.

-Кай жеринде кеми бар, айтып бериңиз? деди

Чолпондой көзү жайнап, сүмбөдөй тулку бою келишкен атты көрүп Тилеке суктанды.

-Азамат. Табына келтирипсин. Бир айыбы, туягында калыптыр.

-Аа, аны эстен чыгарган экем. Жарасы жеңил, заматта, оңдоп-түзөй коем.

-Туягын аттар тебелеп, жукартып коюптур. Көп жонбо.

-Кырларын, тегиздеп коем.

-Чабандесиң кайда?

-Өзүм чабам.

-Анда таштактан кач. Көбүн эсе дыңга сал. Терин кеч алдырыпсың, жарым жолдон өткөнгө чейин аярлап жүр.

-Аке, менин атым тең келе турган, күлүктөр бар бекен?

-Сенин атыңа тең келе турган, күлүктөр арбын экен.

-Деги, кайсыл күлүк алдыда келет деп ойлойсуз

Аны айта албайм. Бирок, жерчил ат жолдо сырдана болсо мөрөй талаша алат.

-Тигил чабууга салган аттарды көрбөйлүбү?

-Маакул, сен айт. Канчалык экениңди байкайын деди Тилеке Жамгырчыны жактыра тиктеп.

-Азамат, деди ичинен ойлонуп. Бир айтканды шып илип алып, аны так, ал тургай ашыгы менен аткарса кимдин болбосун ичи жылыбай койбойт. Атын таптаганга көп мээнет жумшап, жем-чөптү аянбаптыр. Байкуш баланын эмгеги кайтып, аты чыга келсе, жалаадан да, ыгым чыгымдан да кутулуп калаар -деп жакшы тилегин арнады.

Экөө чубатууга кошулуп жаткан аттарды карап жүрүштү. Ар жерден келген сынчылар, ар кимиси өзүнчө баасын берип, кээлери оюн ачык айта, кээлери ичинен тап, күлүктөрүн жанынан чыкпай, айланып кете алышпай жүрүштү.

-Охо! Укмуш аттар экен. Саяпкерлери да келишиптир. Таймаш катуу болчудай.

-Ооба. Саяпкерлердин да, күлүктөрдүн да тагдыры бүгүн чечилет.

-Айтыңызчы сиздин көңүлүңүзгө кайсы аттар жакты?

-Шайтан бала, жана экөөбүз убадалашпадык белек. Сен, айта турган болгонсуң. Мен угуп көрөйүн.

-Сиздин алдыңызда мен айта албайм. Баары эле кемтиги жоктой.

-Сөзүң туура. Бул жакка келээр алдын, ар бири кемтиктерин байкап, аны түздөп келишет. Эми, күлүктөрдүн өздөрү менен сүйлөш.

-Коюңузчу, кантип сүйлөшө алам?

-Тиги эрке кашканы карачы

-Ии.

-Эмне деп турат?

-Ал сүйлөбөйт эле. Туйлап атпайбы.

-Жок. Мөрөй меники деп жайдаңдап турат. Сенин атыңы көргөндө, мага тең кепгендер да бар экен деп жазгана түшөт. Тиги таш таманды карачы.

-Көрүп турам.

-Кыялында эмне бар?

-Чынымды айтсам, билбей турам

-Баарыбыздын тагдырыбызды байге чечет деп, сабырдуу турат. Өзүнө ишенген күлүк экен. Туяктары тегиз, таманы калың экен. Таштак жолдо муюгудай эмес. Кумдуу жердин аты экен, туяктарынын тазалыгын айт.

-Тиги, көк чолок. Пай-пай сыны келишиптир. Сууту да, канган экен.

-Туура баамдапсың. Как жердин аты экен. Баткак суудан жалтайлап өткүдөй.

-Мына бу сары жон, эч биринен кем калбагыдай.

-Ооба. Бирок, уйкудан калганбы. Көздөрү чылпактап турат. Көңүлү бир аз кыраадай. Аа көк чөп жегенче күптүү болуп турганы.

Жамгырчы Тилекенин ушунчалык баамчыл экенине таң калды. Ар бир аттын тилин билип, табын сезип, кыялынан бери төп айтканына суктанды.

Көзү ачыктай, мунун баарын кантип билип алган? Сыйкыры барбы? деп алды - аркасынан аяр карап, ээрчий басты.

-Жамгырчы, мага таң калбай эле кой. Баралыңа келгенде менден ашып түшөсүң. Сенин бир айыбың шашмалыгың. Болбосо барбы! Жо-ок. Боюңа ылайык, туура эле. Көрүнүшүңө карап, сени эч ким токтоо деп айта албайт.

-"Таяк тайга жеткирет, таба - таба атка жеткирет"- демекчи аттуу болуп турасың. Эртең малдуу да болосуң. Эзели кор тутпа. Колуңдан ардак көргөн адамбы, малбы, сенен жакшылыгын аянбайт. Сенин оомадың келип турган чак. Көппө, ырыскыны

теппе. Жетим жетилет деген ушул. Бүгүндөн баштап катарга кошуласың.

-Айтканыңыз келсин аке. Сиздей адам менен сырдаш болгонума миң мертебе ыраазымын.

-Байга аты каралаш. «Азууларын аркайткан ат башына күн тубар, муруттарын шапайткан эр башына күн тубар» дейт элде. Күлүк да маалында да күлүк. Мезгили өткөн соң , чобур болот өзү эле жүрүп. Адам андай эмес, Жигит адамга оомады он жолу келет. Маалында аны кадырлап, кармап калбаса, акыры барып жакшы күндөргө зар болот. Кеткен түнгө, келген күнгө маани бере жүргөн жакшы.

-Айтканыңыздын кажети жок, аке.

Жүр, тиги топтогулардын сөзүн угалычы. Алар да бизге сабак.

Ээ, үкам, ким эле билип төрөлүптүр. Адам өмүр бою үйрөнгөнү жакшы. Өнөр деген арыбайт, карыбайт экен. Өнөрдүн ниети жакшылык тура. Өнөр кууган саяпкер, кара жаак чечендер аттын санын эчен ыр кылып айтышкан. Тигил күлүктөрдү карап турчу! Тайган иттей кыржыйып, бүткөн бою тарамыш, көмкөргөндөй кыржыты, жуп-жумуру мойну түз. Чымыр туяк тик бакай, айчылыкка арыгыс, күндөп-түндөп жүрсө да, чарчабаган талыгып. Шымаланган эликтей, кулун куйрук болсо туш, тал-тал көкүл сыйда жал, таап алган армансыз- деп эл ичиндеги айтыла жүрөт. Төп келет бекен? Бул да жылкыны- Камбар ата тукумун кастарлагандан чыккан.

Экөөнүн баятан бери күлүктөрдү жанынан чыкпай, кол сермей көрсөтүшүп, кобурашканын көргөн көпчүлүк, улам, бир бирден, топтоло баштаашты. Тилекенин айткан сөзүн кулагы чалган жашыраак биреесү, суроо узатты.

-Аке, бул аттарды кантип, кайсыл мезгилде таптаашкан?

-Ээ иним, ат таптоо да, оор түйшүк Ат таптаган адам уйку бетин көрбөйт. Аш-тойго барбайт. Жалаң ат менен гана алек болот.

-“Куу казык” деп калышат. Анысы кандай болот?

-“Куу казык” дегени чаба турган атка жем берилбейт. Как чөп берип, куусаң бетегеге оттотуп, көккө койбойт. Бир калыпта кармайт.

-Кандай атты суутулду дейт?

-Күлүктү сууткандa, денесинде арам тери, майы калбашы керек. Сууту абдан кандыруу зарыл.

-Аттын табы келбептир деп калышат? Аны кантип билишет? деп биринен өтө, экинчиси сурап жатышты.

-Аттын табы катуу, жумшагы болуп бөлүнөт.

Эгер эти семиз болсо, же тери калса, аттын табы бузулат.

-Бар балээнин баарын билет экенсиң. Кайсынысы чыгаарын айта аласыңбы?- деди аркы тарапта турган олбурлуу беттерин түк баскан бирөө.

Тилеке тигинин кычаастык менен сүйлөгөнүн байкап

-Анын сага кандай кереги бар? деп, өзүнө суроо узатты.

-Эгер, сенин сөзүң чын болсо. Мен мелдешем.

-Ким менен?

-Мына, сени менен.

-Эмне себептен?

-Баятан бери угуп турсам, жалган эле сүйлөп, булардын башын айландырып жатасың.

-Жо-ок, төп айтып жатат.

-Айтканынын баары туура.

Бирөөнүн сүйлөгөнүн көрө албаган немеге теңелбей эле коеюун деп, өзүн сабырдуу тутту. Бирок ал улам сүйлөнө бергенинен улам ачуусу келип жатты. Бул эмне кыпчылып жатат деп ойлоду.

Сүйлөбөй калган Тилекени байкай, кызылууна кетти.

-Кел, андан көрө мелдешели. Сенин айтканың туура чыкса, сен төлөйсүңбү?-деп сүрмөлүккө салды.

- Сен, чын саяпкер экенсиң. Байгеде мына бул күлүк канчанчы келет? Айта аласыңбы? – деди четтеги турган наймандардын "жаман кара" деген атын көрсөтүп.

-Бул ким? Тааныгандар барбы? дешип. Топтошкондор тигини көрсөтүп шыбырап калышты.

-Тезек, Тезек ууруну таныбайсыңбы?

-Ууруну таанып эмне кылам.

-Ууруну таанып жүрүш керек. Бул атактуу уури деп сүйлөшкөндөрдү кулак чалды.

Тилеке атты абайлап карады. Кандыра суутулган, «жаман кара» алыска чууркарын билсе да,оюнда эч нерсе жок магдырап туруптур. Жүндөрү тикеленип, жалтырап турат.

Баш келет деп, айта албайм. Биринчи он күлүктүн ичинде келээр деп ичинде ойлоно кетти.

-Сен канчанчы келет деп, ойлойсуң?

Канчанчы келээрин билбейм. Бирок алдынкы он күлүк түн ичинде болот.

-Макул.

-Мелдештиңби? Келе колду. Ким утулган ушул аттын куну канча болсо төлөйт.

Алабармандык менен бүтүмүн чыгарган. Тезек ууруга тургандар кызыга караршты.

-Бул эмнеге эле, өзүнө кызыгып калды деп ойлоду Тилеке. Ал Тилененин жообун күтпөстөн, тургандарга жар сала кетти.

-Ак көз, кара көз туугандар! Баарың күбө болгула. Мына бул күлүктү коюп мелдешип турабыз. Бул киши алдынкы он топтун ичинде келет дейт. Мен жок ага илешпейт дедим. Ким утулса ушул аттын баасын төлөйт. Уктуңарбы?-деп бакылдап-кыйкыра баштаганда, көпчүлүк көңүл бөлө моюндарын созушту.

Аңгыча «жаман каранын» ээси басып келип, Тезек ууруну демите кетти.

-Эй, кандай адамсың? Менин күлүгүмдүн канчанчы келишине сенин ишиң канча? Бар, өзүң күлүк таптап келип, жар сала бер!

-Тезек ууру ага чым эткен жок. Кайра бет тырмачылык кыла, кекете кетти.

-Эй, көзүңдү ач! Мени таанып ал.

-Сен ким элең?

-Тезек ууру деген мен болом.

-Уурулугуңа эмне мактанасың. Арам тамак. Элден уялбайсыңбы. Дагы уурулугуна сыймыктанып коёт. Жогол!

-Эй,ачуума тийбе. Атыңдын көзүн тазалап койбоюн.

-Урдум сага окшогон ууруну. Колуңду тийгизип көрчү. Мен да ата уулумун. Эмне болоруңду ойло деп, ал да уурудан бош келбеди.

-Тургандар аларды эки тарапка тартып, ажырата кетишти.

-Ууруда бет болобу. Элди ар дайым каң-какшатып жүрөт. Бирөөнүн ак мээнетин күйгүзүп, этеги эки болбойт. Уурулук кылган немеге кудай бир күн көрсөтөт.

-Арам тамакка семиргенин кысталактын.

-Каразгөй да акмак.

Көпчүлүк аны тилдеп жатышты.

Жамгырчы Тилекени чыканактан тарта

-Жүрүңүз, сиз күлүгүңүздү кошо элексиз го?

-Чабандести кечипе дедим эле.

-Күлүктөр сээлдеп келе баштады. Чамасы жүзгө толду окшойт.

-Сенин чоттогонуң көрүнөбү?

-Баятан бери аңдыганым ошол. Жик билинбейт.

-Сабыр кыла тур. Келип эле калса кошулат.

-Тезек ууру сизге, кычылык кылып жатабы?

-Тезек ууру экенин кайдан билем. Жөндөн жөн кыпчылып.

-Мунун бир билгени бар.

Жарчы дагы зоңкулдады

-Эй, ат чабышы башталат,

-Азыр аттар айдалат...

-Ат башкаруучу ортого чыга келди.

-Эй, аба-аксакал, ага-тууган, кадырлуу коноктор! Байгеге тандалган жүз күлүк чабыла турган болду.Он бешине соорун бар. Баш байгеге беш жүз кыл куйрук. Бир боз үй!

-Оо-у! дешти тургандар чуулдап, таңданыша.

-Андан соңкуга төрт жүз элик!

-Оо, деген үндөр дагы көтөрүлдү.

-Андан кийинкиге төрт жүз! Жалпысынан миң жылкы, беш жүз мал, беш миң жандык. Тогуз куш, тогуз булгун, тогуз сүлөөсүн, тогуз суусар, тогуз карышкыр, дагы ар кылынан тогуздан. Кимде собол болсо айткыла! Байге туура коюлдубу?

Тилеке үн катты.

-Той башы, бийлериңе биздин сөздү айт. Ушунча алыскы–жуукту чакырыптыр. Күлүк таптагандар кур кетпесин элүүсүнө байге берилсин. Калгандарынын да мээнети акталсын.

-Туура сөз.

-Акыйкат.

-Элүүсүнө соорун берилсин!

Көпчүлүк аны коштой чуулдашты.

Той башы жанындагы бийлери менен кобураша түшүп, башын ийкегиледи.

-Сиз айткан талап аткарылат. Калган отуз беш атка да соорун бериле турган болду деди.

- Көпчүлүк, оо туугандар! Айтып коёюн, угуп алгыла! Күлүктөр түнөттүрүп айдалат. Жолдо тоскон, ат сүрөгөн айыпка жыгылат. Баттага келип, байгеде озгон күлүктөрдүн биринчисин Дербиш бий, экинчи атты Шерке мырза, Үчүнчү атты Мөнкө баатыр, калгандарын ар бир уруу башчылары кармайт. Күлүктөр Оро-Дөбөдөн коё берилип, Түз-Белден кармалат.

-Ооу, көп ат жинигип өлөт го?

-Соорунду актап алсын дешкен го?

-Кыпчактар оңойлук менен жан бербейт.

-Аттын аты алат. Мына, күлүктүн күлүгү эми сыналат.

Ашка келгендердин ар кими өз ойлорун айтып уу-дуу.

Тилекенин жанына Жамгырчы жете келди.

-Аке, тигини караңызчы? - деди күлүктөрдүн сол тарабын көрсөтө.

-Тээ береги, ооздугун чайнап, мойнун керкейткен атты көрдүңүзбү?

-Четтегиби?

-Жаңы келип кошулду го?

-Ии?

-Ошону дадил карап, көз салыңызчы?

-Аны жабуулап коюптур го?

- Ооба. Сууту кандай?

-Көккө бир байлап, кайра кайтарган экен. Жалаң сулуу берип суутуптур. Баракелде, табында экен.

-Сиздин атыңыз кошулдубу?

-Ошондон бери, тору кашканы көрдүңбү?

-Оо кебелбей турат. Сыны да бар экен.

- Кайда жүрбөгүн ошондон көзүңдү алба. Учуру келип калса, жанаша жүрүшкө аракет кыл. Сен айткан жабуу жабылган үчөө жол жарымга келгенде бөлүнөт. Ал эми "жаман кара" аларга жеткирбей келет. Чыныгы күлүк экен. Саяпкери жаңылып, суутуп жатканда кубатын кетирип алган экен. Болбосо баш байгени эч кимге бермек эмес экен.

-Чыныгы күлүктөр кайсылар?

-Күрөң кашканы көрдүңбү? Аркы арча тору, чабдар, тору кашка чабдар, мала күрөң, көк ала. Атаңын көрү, пай- пай аттар куп эле тапталган экен. Атаандашуу зор болот. Тим эле элейт. Азамат. Саяпкерлери келишкен экен. Эл бар – журт бар. Күлүк башын билгендер  арбын экен Камбар ата тукумунун, касиети улук. Куштай учуу жылкылар тура. Бар эми! Менин чабандесиме көз сала жүр! Жаныңа алып бирге келүүгө аракеттен- деп, Тилеке Жамгырчынын жонунан таптады.

Чабандестик өнөр, ар кимдин эле колунан келе бербейт. Шамдагайлыкты жана өтө баамчылдыкты талап кылат.

«Шашкалактык шайтандын иши» демекчи, сабырдуу, токтоолук ийгиликке өбөлгө. Чыдамкай болбосо, эч ким ага жарабайт. Астындагы аттын кыялын билип, көңүлүн тапса, ал жанын аябайт. Алыска айдалган күлүктөргө жука токум, жылаңач ээр токулуп, куюшкан, көмөлдүрүктөрү, ал тургай үзөнгүлөр да алынып коюлат. Ашыкча салмак болуусу тийиш эмес. Алыс жолдо, ат үстүндөгү чабандестин бүткөн бою жанчылып, как ээрде такылдап келгиче көчүгү, жука чурайы эзилип, эки-үч күнгө чейин ордунан тура албай калат.

Айдалган аттар түн ортолоп калганда, мерчемдүү жайга жетишти. Ат айдоочу өтө эле катаал. Өз билгенин аткарган, ызырынган адам экен. Анча –мынча тил албаганын камчынын көгүнө ала опузалай, шилтеп жиберген учуру да болду. Анын талабы туура эле. Болбосо, ар ким билгенин кылса байгенин эрежеси бузулуп, чыр чыгары да бышык. Ат айдоочуңун айтуусу менен бардыгы аттарын каңтара байлашып, убактылуу эс алганга кыңкайышты. Узак жолдо ат үстүндө келип, бүткөн бойлору жанчыла эзилген балдар уктап,кээлери улам чочуп ойгонуп кээлери эми гана көзү илинээрде таң дык салып, ат айдоочунун үнү менен жабыла козголушту. Кээлери жеңилдеп, аттарынын басмайылдарын бышыктап тарткычакты болбой, эч кимдин тилин албаган кежир, ат айдоочу аларды сөгүп–сөздөп катарга тизе баштады. Ат чапкан чабандестердин айрымдарынын ымтыраган, боштугун көрүп ачуусу келип, сөгүнө "Оомийн!"- деп кулачын жайып кол шилтеди.

Таң дык салып, намашам өтүп өтпөй, кээлери туруп үлгүрө электе, топ аттын туягынын дүпүрөгүнөн улам, баягы жер чаң - тополоңго түштү. Күч-кубаттуу күлүктөрдүн туягынан даңкан ыргып, боз талаанын үстү чаңга батты. Шамалдай атырылган аргымактар үстүндөгү ээсине моюн бербей, биринен-бири өтө жер чапчыйт. Таңкы жел кулакка ышкырып, каңтарыла туруп, денеси чыйрыккан күлүктөр буту-колдорун кенен жайышып, топ-топ боло бөлүнүүшө албай чогуу келе жатышты. Жер жарып,

күндүн мурду жерге тегиз  тийе баштаганда, эртеден бери топтошкон күлүктөрдүн карааны чачылгандай бириндеп, бири-бирин кубалаша жер сабап, учуп–күйөт.

Түн кубалап, таң тосуп, күндүн нуру менен жарышып, октой учуп, куштай сызып, суудай агылып, селдей чамынып бара жаткан аргымактарда, бирдей ыргак, бирдей темп бар эле. Аркардай көзүн жайнатып, жез туяктарын ташка кайратып, барабандын ыргагындай, комуздун кылдарындай учуп- күйүп бара жатты. Көп туяк жерге не тиет, не тийбейт. Жал куйрук желге сапырылып, жебе болуп атылып, желек болуп чачылып, кыйла жерди бир аттап, кыяндай каптап бара жатты.

Кыргызда ат кадыры өзгөчө бааланган. Түн уйкусу канбай, күн тыным албай атты. «Өзүм ачка калсам да, атым тойсун» деп, жыл бою тапканын атына арнаган. Эгин эгип, тоют камдап жайын жайлай, кышын кыштай атына кам көргөн. «Аты жоктун буту жок», «Акыр заман, аттан ажыраган жерде» деп бүт жашоосун, бир сөз менен айтып коюшу кыргыздын атка болгон ишенимин айкындáп турат. Атка, не деген гана керемет сөздү арнашып, ырга кошкон. Жомок кылып жобурап, баян кыла кобурап ат кыялын, күлүк сынын айтуудан жадашпаган.

Куштардын чуулдагындай, шамалдын шуулдагындай, ачып көздү жумгуча, акыл калчап тургуча, бир көрүнбөй, бир көрүнүп учкан жылдыз болуп кең мейкиндикке төнүп. Жер тырмап кемирип, желдей болуп жээлигип, күндөй төгүлүп, жеңиш деп элирип, өпкөсүн көптүрүп, жанын таштай, өзүн-өзү сабап, күлүктөр намыска баш коюшкан. Көк мелжиген заңкайган тоо, көк тиреген зоо, көк көл, көйкөлгөн талаа, көз жетпеген кең аймак күлүктөр менен тең жарышып бараткандай. Арча, кайың, тал-терек, колун булгайт өнтөлөп, өзөн суулар тык токтоп, жашыл аймак мелтирейт.  Куу-куулаган ызы-чуу, көтөрүлөт ысык буу, дыбыраган мөндүрдөй добуш чыгат кызыктуу.

Күндүн нуру жерге тегиз тийип, тап өтө баштаган учурда сууту канган күлүктөрдүн эти кызып, денелеринен тап чыга

баштады. Аңда жыгылбай, таштак жерде тайгылбай, суу кезиксе төгүлбөй, биринен бири бөлүнбөй, качкан арuунун уюгундай болгон, топ күлүктүн карааны карап тургандарды суктандыра өтүп баратты.

Тулпар туягынан учкан даңкан сапырылып, кийинкилердин бети-баштарына тийгенинен улам, чаңдан качкан чабандестер жандай чаап, кең аймакка келгенде чачыла кетип, кууш сайга келгенде бириге түшүп, октолгон ок жыландай окторулуп, кыян жулган дарактай омкорулуп, ажыдаардай алкынып, алп кара куштай жулкунуп, өтүп баратты. Күн чак түш болгондо күлүктөр топ-топ боло, бөлүнө баштады. Дармандуулары даңкан учуруп алдыга чыкты. Дарманы куруганы артта калып, чаңда буукту.

Жамгырчы абайлап, айланасын караса Тилеке мырзанын тору кашкасы оң тарабында таанылбай, түсү өзгөрүлүптүр. Үстүндөгү баланын кийиминен боолголоду. Тулпар күүсүндө. Ээр каштагы эки ором, али бошотула элек экен. Сол тарабын караса моюнундагы чаары билинип-билинбей ойкуштай көзү кызара арышын керген көзгө тааныш, сүйкүм көрүнгөн баягы күлүк. Алдындагы тулпардын соорусун сылап, жалын жамынып ээр кашка өбөктөдү. Андан чай кайнам убакыт өткөн соң, баягы топ - топ дагы бөлүнүп алдыга чыга берди. Айрым аттардан тер чыгып, өпкө кага күшүлдөп дем алганы даана угулат. Кээлери, жаңы эле келип кошулгандай, баягы темпинен жазбай элирип чуркап келет.

Саяпкердин табына, жем-оттун күчүнө бышкан тулпарлар али бери чаалыккыдай эмес. Жерчилдик кылдыбы, же өңгүл-дөңгүлдү көп басып көнүккөндүктөнбү, жалаң тоонун күлүктөрү тандагандай бир сапта бөлүнө баштаптыр. Жамгырчы дагы адатынча оң тарабын караса, баягы тору кашкачан чабандес көзүнө чалдыкпагандан, өпкөсү опколжуй жака-белин акмалай, издей баштады. Кылак эте алдыда көрүнө калганда сүйүнө кетти. Заматта чаар ээсине келип, кунт коё, аңдый тиктеди. Тору кашка менен жанаша экен. Алдындагынын тизгинин бир аз бошото

койсо, аларга куйрук улаш жете келип, ортолоруна кыпчыла түштү. Учурду пайдаланууну эңсешкен экөө тең, али ээр каштагы тизгиндин оромдорун бошотушбаптыр. Эки чабандес тең жанаша калган атчанды жалт тиктешкенде, «оромду бошоткула» деп, белги бергенче, өзү да тизгинди бошото берди.

Ошол кезде Жамгырчынын эсине баягы "жаман кара" түшө калды. Мойнун созо берип, катарлаш баратканын көрүп, жым дей түштү. Тилеке мырза жаңылбаптыр. "Жаман кара" али күчүнөн тайыгыдай эмес. Өзүнө ишенген ыргак менен башын жерге сала сызып баратыптыр.

Күн кыңгая оой бергенде, ак баш тоолордун чокулары айкын көрүнө баштады. Баягы көп топтон үзүлө, өзүнчө бөлүнгөн эки топтогу тулпарлар маараныи жакын калганын сезиштиби, эми чындап жер сабап, жандарын үрөштү. Жамгырчы жака–белине, алды-артына сарасеп салып келе жаткан. Бир караса алдыда үч аргымак. Ага куйрук улаш бөш аргымак. Ага аралаша топ аргымак баратканын байкап, күлүгүнө күч бере теминип койду. Жете бергенде баягы жаман кара, тору кашка, чөөкар бир катарда баратканын көрүп сүйүнө кетти. Көзүнөн жаш чыкканын өзү да байкабай калды. Неге дегенде ылым санаганы Тилеке бий. Анын тору кашкасы чыгары ишеничтүү. "Жаман карага" Тилекенин назары түштү. Ылайым эле Тезек уурунун - келе келешинен кудай алыс кылсын. Ал эми чөөкар азыр бөтөн болсо да, өзүнүн колунан чыгып, боор эти менен барабар болгон мал. Мына бүгүн, ушу менен тагдыр чечилет. Тиреги, ишенгени бир Тилеке. Ал жеңсе жеңиш. Кокус далили так болбой, бийлер ооп кете турган болсо, өмүр бою, жакыр кул атыгып, урпактарына чейин бирөөлөргө кор болоору шексиз.

-Мейли, аны тагдырымдан көрдүм. Бир тилегим ушул үч тулпар ылайым мөрөйгө жетсин. Булардын ийгилиги менин кубанычым. Тилеке мырза турганда, менин тагдырым чечилээр. Жерде калбасмын. Ошол үчүн кудай ал кишиге жолуктуруп, пикирдеш кылып турабы.

-О, кудай! Жетим элем жетилдим. Эчен азап тарттым. Турмуштун ысык-суугун көрүп, бекилдим. Эми эл катарына кошуларымда кур дооматтан, курулай доктон сактай көр? Ак мээнетим, маңдай терим менен оокат кылып, балдарымды багайын? деп, заматта санаага түшкөн кыжалатчылыгын, жан-жака белдеги элдин сүрөөнү алаксытты. Караса, маарага жакындап, бирин-экин утурлап чыккандарга илеше келип калышыптыр.

Алдыга көз чаптырды. Баягы тең тайлашкан үчөө бириндеп, тору кашка алдыда, куйрук улам чаар, андан үзүлбөгөн. "жаман кара". Эми буларга ат жетпес. Каны бетине тээп, кубанычы койнуна батпайт. Кыйкырып, куу-куу дегенче, атын өлөр-тирилерине карабай катуу-катуу теминди. Кубаты кете баштаган күлүгү ээсинин үнүнөн селт эте, башын жерге салып, чамынды.

Көпчүлүктүн кыйкырыгынан кулак тунат. Башы чуулдап, көзүнө эч нерсе көрүнбөйт. Бир караса атын бирөө тизгиндеп ала жетелеп жүрүптүр.

-Эй жакшылар! Мына үчүнчү болуп эки аргымак катар келди.! Көрүп алгыла. Таанып алгыла!

-Болсун, болсун! -Азамат, ата уулу.

-Саяпкери да өзү экен -Ысымы ким?

-Жамгырчы.

-Үчүнчү келди Жамгырчы,
Мактагыла сан ырчы,
Ат таптаган өзүдүр,
Саяпкер болот таанылчу,
Кедейдин колу март келет,
Суратпай соорун шарт берет
Таанығыла жетимди,
Атадан калган бир белек.

Топтошкон жерде ырчылар үн безеп, күлүктөрдү, күлүк таптаган саяпкерди, ат ээлерин, уруу бийлерин мактап, белектерин алып жатышты.

Карылыгынан кулактары укпай, көздөрү алысты көрбөй калган ак сакалдар көк чөптүн үстүндө жамбаштай жатып алышып, ар кимден кеп сурашат.

-Баш байгени кайсы ат алды?

-Тору кашка.

-Тору кашка эмес эле, сүлүктөй, кара кашка экен го?

-Тердегенге ошондой көрүнүп калганы.

-Кайдан экен?

-Адигине балдарыныкы.

-Ким дегендин аты экен?

-Тилеке мырза дейт.

-Кайсы Тилеке?

-Баргылардан экен

-Аа Бөкөйдүн небереси тура.

-Экинчи болуп, кайсы ат белгиленди?

-Чаар ат.

-Каерден экен?

-Чеки байга досу тартуулаган ат дешти.

-А уккам-уккам.

-Үчүнчүнү ким алды?

-Кош ат бир келиптир.

-Кимдердики экен?

-Бириси баягы Жамгырчы жетимдики экен. Чеки бай таптасын деген ат экен.

-Бирисичи?

-Наймандардагы баягы "жаман карасы"

-"Жаман кара" арый элек. Анын тапчысы гана келишпей жүрдү эле.Быйыл бир бактысы ачылып, саяпкерлердин колуна тийген экен да?

-Саяпкерине тийсе баш келбейт беле?

-Ээ, балдар! Тулпар тушунда дейт. "Жаман каранын" тилин билип, табына келтирет деген эки тапчы тең, айнытып алган. Же айып ээсиндеби, жаман каранын бактысы ачылбай келет.

-Кыйыңдан да кыйын чыгат. Жылкынын сырын бир эле наймандар эле билет дейсиңби.

-Бу баргы балдарынын атынын саяпкери ким болду экен?

-Тилеке мырза, өзү таптайт дешет.

-Мына, ооматы келишкендин өзүнөн чыгат. Мырза баргылар ар өнөрдөн бар.

-Буларды, “хан баргы” деп да, коюшабы?

-Ооба, мезгилинде ата конушу Ошту туректап, жер иштетишип чарба күтүшүп, ары-бери өткөн соодагерлер келип, алыскы жуук менен алаканы илгертен эле бышыкташты. Адигиненин туусун көтөрүшүп, аскер кураштЫ. Катылгандын катыгын беришип, ар өлкөдөн кербендер аркылуу таанышышып аттары алыс кеткен. Уюткулуу журт Баргы–хан болгону ырас.

-Алардын карманганы ынтымак. Мырза, бий чыкмалары көп, баары бир баш. Бая Бакал баатыры кабыланды тирүүлөй кармап, калмактар менен кармашып, Анжиан аймагын башын бириктирди беле?

-Ооба, ооба. Тилеке да абасынын ордун басып, уруу намысына тик турат –деп, угуп жүрөбүз.

-Айткандай, чаар ала, кай жердин жылкысынан экен?

-Турган турпаты, баскан-жүргөнү өзүбүздүн эле “кара байыр” кыргыз тукумунан көрүнөт. Жакынкы ортодо мындай чаар ала тукумун көрмөк тургай, уккан эмесмин.

-Чеке бийдин колуна келиптир, кимге таптатаар экен?

-Аргымак болсо, тапчы табылат.

-Аның ырас. Ата баккыча, акыл бак дейт эмеспи. Эл Жамгырчы баланы баамчыл деп калышат.

-Болсун, болсун.

-Ашка келгендер байгедеги күлүктөрдүн ар бирин сурап, ким таптаганынан бери даңаза кылып жатты. Айрыкча Тилекенин тору кашкасына суктангандар көп эле. Казак-тажиктерден келген тапчылар, бийлер ар кимден айттырып, Тилекеге тулпарларын сынатуунун аракетинде болушту.

Жамгырчынын оюнан, басса-турса да чаар күлүк чыкпай койду. Этинен эми тер чыга, өпкөсүн солбуп турган экен. Көздөрү жайнап, оозун чоӊ ачып, мойнун созо ортодо туруптур. Көпчүлүктү аралай ары басты, бери басты. Чаар күлүктү алды артынан, туурасынан карады. Кадимки эле өзүнүн кунан чыкмасы. Жашы быйыл бир асыйдан ашып баратат. Көзүнө жылуу учурап, эч алыстап кете албай койду. Бир маалда Чеки бийдин ат багары чаар күлүктү каӊтарып, тизгин учун ээр кашка орой, үзөнгүнү арта салды. Күлүк чаардын колтугундагы баягы кулун кезиндеги белгиси көрүнөбү деп, көп арасынан шыкалай, көз жиберип жатып, чаар күлүктүн көзү өзүнө тигилип турганын көрдү. "Өзү-өзү" деп айтып жибергенин өзү да билбей калды. Чаар күлүк бала кезден берки ээсин көрүп окурана, кулагын кыймылдатты.

Жамгырчынын жүрөгү канап көӊүлү чыдабай кетти. Шап жетип барып, чаар күлүктүн моюнунан кучактады. Ал дагы ээсин эсинен чыгарбаганбы, мойнун кейкейтип, ээсинин тааныш жытын искей жыттап, тумшугун анын мойнуна артты.

-Тарт! Атаӊдын оозу урайын жетим. Атка жакындаба! деп, аны көргөн Чекир бай жаны чыккандай чаӊырып жиберди.

Күү-шаа болуп биринен бири кеп талаша, күлүк жайын айтып жаткандар, эмне балекет болгонун билишпей элейишти.

-Элге теӊ кылып, ат берип койсо, адамсынып, бул жерге келгенин көр. Жогол бул жерден! Бар, тигил атты кара!-деп бай күүлөндү.

-Чекир бай аке! Мына, мына бул, менин атым.

-Аттан айлан! Атаӊдын оозун урайын кул! Кайдагы сенин атыӊ?

Жамгырчы ушунча элдин алдында кул деп, кемсинтип жатканына арданды. Ызаалана.

-Бай, кордобо мени, качан кул элем?

-Кул болгонуӊ качан? Аны билбей калдыӊ? Жетесиз ит! Менин жылкымды уурдап, көзүн тазалап, жок кылган сен эмес

белең! Дагы буга боор ачып ат берип, адам кылсам. Мунун айтканын көр. Акмак! «Кул кутурса төбөгө чыгат» деп, кутурганын бул жетимдин. Ат меники деп коёт. Кандай сеники болуп калат?!

-Бай абайлап сүйлөңүз. Уурунун башы сиз! Мына, ак мээнетим, өзүмдүн маалымды таап олтурам.

Бай шылдыңдап, калп каткырды.

-Ха-ха-ха! Мен ууру имишмин "Ак мээнетим, өзүмдүн маалымды таптым" деп келжиреген акмак.

-Ой, эл -журт! Айткылачы? Ушунча малым, дүнүйөм туруп, дүңгүрөтүп аш берип, албан-албан элди чакырып олтурган мен, ууру болуп калат имишмин. О, бети жок! Ушунча элди сыйлап турам. Бул сөзүң үчүн жазаңды берип, мууздап салмакмын. Алып кеткиле, муну!

Байдын жигиттери Жамгырчыны дегеңдете сүйрөп жөнөдү.

-Эл, айланайын калайык! Күлүк чаар меники. Акыйкатты айткыла! Күбө болуп бергиле? деп Жамгырчы жулуна элге кайрылды.

-Элден айлан, келесо! Тамтыратпай оозун жап кылгыла !- деди бай.

-Эки жигит эки тарабынан колун кайрып, сүйрөп жөнөөрүндө, Жамгырчы катуу силкине колдорун бошото калды.

-Кармагыла! Атаңдын оозун урайын, ашкебилер! Бай кайра чаңырды.

Жамгырчынын жаны ачышып, өзүнө жакындаган жигитти көмөлөтө койду. Экинчиси асылганда, аны да серпип ыргытты. Жыгылып турган жигиттер кайрадан асылып, экөөлөп улам чарпып, колу-буттарын кайрый, капшыра кармаганына моюн бербегендиктен, байдын туугандарынан экөө келип кептөп кетишти.

Топтун карааны улам көбөйүп, эмне болуп жатканын билишке кызыккандар толуп кетти.

Эсине Жамгырчы түшө калган Тилеке чогулгандардын катарына келип, төрт жигит төрт тарабынан уйпалап, тепкинин алдында калган Жамгырчыны көрө калды.

-Токтоткула! деп ат үстүндө жүткүнө теминди Тилеке

Буйра сүйлөгөн үндү угушкан көпчүлүк жана ортодо Жамгырчыны көптөп жаткандар аңкая тиктешти.

-Аны эмне сабап жатасыңар? Коё бергиле!

Беркилер, Чеки бийге суроолу тигилишти.

-Мырза, бул жигит өзүбүздүн балдар болот. Бир аз тентектик кылып койгон экен.

-Бай, өзүңүздүн ашта, өзүңүз чыр кыласызбы? Ушунча элди көзгө илбей, уят эмеспи?

-Зап айттыңыз. Ушунча элди көзгө илбеген тентекти алып барып, бир жерге байлап койгула. Кадырлуу конокторду жайгаштырган соң, сүйлөшөбүз деп бай, жигиттерине баш серпиди.

-Бай жалган айтат, мырза. Мен тентектик кылган жокмун. Өз атымды таанып турам.

-Ой акмак, ит! Намысты билбеген арам сийдик. Байдын бетин булгап, шерменде кылайын деген экенсиң да. Уруубузду сөзгө калтырайын дедиңби деп, баятан бери кайда жүргөнү белгисиз, Тезек жете келип, Жамгырчыны камчы менен сабай кетти.

Эки колу бышык кармалып турган Жамгырчынын бетине камчынын көгү тийип, кан жая берди.

-Чаппа! Касам кор ууру! Бай экөөңдүн арамдыгыңардан атым уурдалган. Мына ал, таанып турам.

-Таанысаң сеники, ал! деди, Чеки бий берки тараптан кыйкыра.

-Эй, Тезек. Тиги жигитти эмнеге сабап жатасың! Колун бошоткула! Догуңар болсо, алыш-беришиңер болсо, ачык сүйлөшөлү. Мына, эл калыс–Тилеке ортого чыга кыйкырды. Мырза, тек коюңуз? Өзүбүздүн ишти өзүбүз териштирели?Кана,

көпчүлүк тарайлы! Конокторду өз-өз ордуна алып баргыла!-деп, Чеки бай аттын башын бура, темине берди.

-Токтоңуз бай. Ушунчабыз туруп, бул ишти чечпей кетсек осол болот. Тигил бала айтсын. Калыстык кылалы.

-Туура! Туура!

Тургандар жабыла кубаттай кетишти.

-Биз, сиздерден кечирим сурайбыз? Тентектерди өзүбүз тескейли? Кана меймандар жүрүңүздөр?-деди той башкаруучу.

-Бирөөнүн ишине, булар кийлигишпей эле койсун-деди Тезек ууру тескери карап, кобурай.

-Жок, көпчүлүк. Азыр чечип бергиле? Кийин кеч болуп калат. Чаар күлүк менин атым.

-Бай, буга эмне дейсиз? - деди Тилеке чуулдагандарды токтото.

-Бок жейт. Кайдан бул ат, аныкы болуп калсын. Жан кечти, догурунуп жатат. Жаагын сындырыш керек эле, жетимдин-деп Тезек ууру ызырынды.

-Мына, эл күбө. Бул ат, жаңы алынып келинди. Же башта көргөнүңөр барбы? Айткыла жакшылар! Күлүк чаарды мурда көргөнүңөр барбы?-деди Чеки бий ат үстүндө тура калып.

-Сен айтчы?- деди тебетейди баса кийген бирөөнө.

-Шык

-Сен айтчы?-деди атын жетелеп турганга.

-Шык

-Мына, эл күбө. Кайдан, аныкы болуп калат? Бул айнып калган. Жин тийди буга. Койгула тарагыла!

-Айланайын көпчүлүк, адашпагыла! Акыйкаттык, кылып күбө болуп бергиле? Бул менин атым. Кулун кезинен багып өстүргөм. Быйтыр ууруга алдырдым эле.

-Эй бала. Ат чын сеникиби?- деди Тилеке.

-Ооба. Чын. Меники болбосо талашпайт элем.

-Ыраң башын, белгиңди таанып турасыбы?

-Тааныдым.

-Атынын түсүн айтсынчы? деди Чеки бай элге угуза.

-Бай, сен Жамгырчы. Бери, мына бул жерге келгиле?

Экөө тең ортолукка басып келишти. Жамгырчынын айрылган бетинен улам кан агып жатты. Ал куру менен улам-улам аарчып коёт. Бай аны карап мыскылдагандай күлүп турду.

-Кана, бай сенден атынын түсүн айтсын?-деди. Уктуңбу?

-Уктум түсү буурул эле.

-Чылк буурул беле?-деди бай тактай.

-Чылк буурул. Аны өзүңүз да билесиз бай.

-Мына. Бул кеңкелес чаарды меники деп жатпайбы.Кайдан анан, мунуку болуп калат? Ай-ай бала. Куулугуңду кой. Жылкымы уурдадың төлөтпөдүм. Кой, жөө жүрбөсүн деп күлүк атымды бердим. Дагы эмне кылайын? Жакшылыкты билбей, менен дагы ат талашат. Менен башка болгондо барбы? Эки бутуңдан асып, колкоңду кошо сууруп алмак.

Анын кебин угуп, Жамгырчынын башка түстү айтып жатканына таң калышкан көпчүлүк баш чайкашты.

-Баланы жин даарыган. Айныганы көрүнүп турат.Дөөдүрөп жатпайбы

-Чеки байга ырахмат. Ушу жиндиге чыдаган.

-Башка бирөө болсо, муну эчак эле жазаламак.

-Жазаламак тургай, өлтүрүп коймок.

-Бу жигит бир нерсени билип айттыбы? Же кур доомат коюп жатабы? деди Тилеке тургандарга кайрыла.

-Байдыкы туура. Жигит жалган айтат.-Аттын ыраң башы көзгө көрүнүп турбайбы?

-Таң, ай! Ичи бузуктун колунан бир балээ келет-деди сакалы куудай болгон карыя.

-Бу алжыган акмак. Эмне деп дөөрүп жатат?- деди Төзек опурула.

-Менин жашыма барганда сен, алжымак тургай ажиналап каласың, ит! деди аксакал ага.

-Сага эмне жок. Үйүңдө отурбайсыңбы, калжаңдабай.

Үйдө отургандай мен ууру белем элден качып, арам тамак ит – деди, абышка ачуусу келип.

-Кой, койгула!

-Аксакал теңелбеңиз. Ал ошондой акмак-дешти карыянын жанында тургандар.

Мөрөй Чеки байдыкы болоорун түспөлдөгөн той башы, аларды тыя сүйлөдү.

-Тек! Кепти бузбагыла. Тынч тургула!

-Бай чаар күлүк сиздики. Бул жигит эмнеге талашып жатат? Атынын ээн белгисин айтсын туура келээр бекен? Эгер баары төп келсе эмне дээр элеңиз.

-Эгер баары төп келсе мен талашпайм. Мен касам кордук кыла албайм. Кыянаттык кылыш күнөө. Айтсын!

-Кана, Жамгырчы? Сен айтчы, кандай белгиң бар? Сага ким күбө боло алат? Эгер далилдей албасаң эмне дейсиң?

-Далилдей албасам атты талашпайм. Ал тургай тигил атымдын соорунун кошуп берем. Эгер далилим так чыгып калса, мына калайык- калк күбө, атты ушул жерден, минип кетем.

-Огоо! Катуу кетти. Далилдей алат бекен?

-Айныган баланын сөзүнө ишенбегиле? деди Тезек

-Туугандар! Мына бул экөөнүн сөзүнө күбө болдук. Кимиси жеңсе адилет. Жеңгенге мөрөй, жеңилген экинчи талашпайт. Маакулсуңарбы?

-Маакул. Ошондой болсун.

-Кана, ат талашкан сен айт. Элден эмне деп суранасың?

-Айланайын көпчүлүк. Менин суранаарым. Атты бош коё бергиле? Мага келбесе талашпайм. Бул биринчиси, экинчиси той башы менен бай өзү күбө болсун! Белгисин айтпайын. Бөжөк абам калыс. Айтсын, Төп келбесе мен талашпайм. Эгер төп келсе менин карызымды кечип, башымды бошотсун?!

Тургандардын баары тымтырс боло тиктеп турушту.

Баятан бери чаар күлүктүн чылбырынан кармап турган жигит, Тилекенин жаңсоосу менен бошотуп, өзү чыга берди.Ат

көпчүлүккө көңүл бурбай, алыскы ак карлуу тоону кыдырата карап, башын силкип койду.

Жамгырчы топтон бөлүнө, бир эки кадам алдыга чыгып, күлүктүн көңүлүн өзүнө бурду.

-Эй, акмагым. Кел, келегой? деп эркелете, үнү эрэркей өзүнө чакырды. Ат тыңшагандай болуп, мойнун бурду.

-Акмагым кел? Сагындырып кайда жүрөсүң? Кел келегой?

Ат бир карап, окуранды.

-Акмагым! Карааныңа зар болдум го? Сагындыңбы мени?

Ат каңтарылып турса да, башын ийкегилей, ооздугун шылдырата акырын кадам таштады.

-Эй, карасаң келе жатат. Бул жигит сыйкырчы окшойт.Тек тургулачы, кобурабай!

Сүйлөгөндөрдү тыйган көпчүлүк, дем чыгарбай баары атты тиктешти.

-Айланып кетейин, камыш кулагым. Жонуңду кашып минчү элем, жалыңды тарап жүрчү элем. Эрмегим элең, шеригим элең. Канатым элең. Жоготуп келип шалдайдым. Кудайга жетти арманым? Кел, досум кел? Келе көр? деп коңур үнү менен Жамгырчы атына жалынып жалбара эркелеткенче, көздөрүнүн куюлган жашын аарчууга чамасы келбей, өпкөсү көөп, соолуктап турду.

Ээсин тааныган ат, акырын келип, анын мүрүсүнө ээгин коё улутунду. Күлүктүн соорусун, жалын сылай жигит, көзүнөн маңдайынан, таноосунан өпкүлөй эркелете берди. Ат да көзүн ирмегенде жаш куюлду. Эзелки ээсинин тааныш жытын искеп, улам-улам окурана колтугуна, желкесине тумшугун сүрө эркелеп турду.

-Эй тааныды. Ырас. Ушунуку экен.

-Бекерден талашпаптыр. Түсүчү, түсү? Ким билет.Тек тургула!

-Колдон жем жеген ат, кимге болсун келе берет, деди Тезек көпчүлүккө угуза.

-Бул сөздү уккан Жамгырчы Тезекке кайрылды.

-Сөзүң чын болсо, чакыр. Сага барар бекен?- деди Жамгырчы.

-Кана чакырчы – деди Тилеке аны колдой.

-Тезек алдыга чыга чаар күлүктү өзүнө чакырды.

Мо-мо? Кырый, кырый, мо-мо?

Ат ага көңүл да буруп койбоду.

Тезек келип атты өзүнө булка тартты. “Чаар күлүк” ага ачуусу келе, башын силкип ордунан жылып да койбоду.

-Бөжөк аксакал барбы?

-Бар,Таягына өбөктөгөн, сакалы куудай болгон карынын карааны көрүндү.

-Бул жакка келип айтыңызчы. Жамгырчынын атында кандай белгилер бар эле?

-Мен жаңылбасам жука чурайында эки элидей түк чыкпаган такыр жери бар. Себеби, кулун кезинде чалынып, чөңөр кирген эле. Ал жери жара болуп жүрүп, кийин түк чыкпай калган болчу.

-Аксакал, сиз калыссыз. Караңызчы ырас бекен? деди Тилеке ортодо турган аксакалга кайрылып. Ал келип, эңкейе аттын жука чурайын тиктегенче үн салды.

-Такыр жери кай тарапта?

-Сол жаккы, сан тарабында-деди Бөжөк карыя көзүн жумган боюнча.

-Туура. Мына бул жеринде, көрүнүп турат-деди аксакал.

-Бөжөк аксакал экинчи белгини айтыңызчы?

-Туугандар, бул аттын жашын билбейм. Бирок, Жамгырчынын атынын жашы бир асыйга толду деди Бөжөк карыя таягына өбөктөй.

-Жашын кантип билет-деди тургандардан бирөөсү.

-Тишинен билишет. Оозун ачып карагыла – деди Тилеке.

Баягы аксакал келип, ооздугун чайнап турган аттын оозун ачып, карап

-Асыйына айланыптыр деди.

Жамгырчынын белгилери, туура келдиби, көпчүлүк? деп Тилеке кыйкырды.

-Туура

-Айныксыз туура! деди көпчүлүк кубаттай

-Ат сеники, Жамгырчы. Карма тизгинди! деди Тилеке.

-Бүтүм калыс чыгарылды.

-Адилет бүтүм болду, - деди көпчүлүк.

Эй, мырза! Калыстык кылдым деп турасыз. Түсүнө, эмне деп жооп бересиз?- деди Чеки бийдин жандоочусу.

-Түсүн мына, Тезектен сурагыла деп, бурулуп карай, Тезекти да, Чеки байда да ордунан таппай калды.

-Уурулар, абат болобу. Көз боёп, атты тердетип алып барып, кайнак суудагы арканды аттын денесине атайлап орогон. Ысык сууга жыдыган аттын терисине кийин ак түк чыккан. Бир жылдан бери, изи сууган атка, башка түс берип, бүгүнкү ашка чаап, соорун алмак болгон деди Тилеке. Көпчүлүккө ачык түшүндүрүп.

-Ой, акмак

-Уурунун кылбаганы жок.

-Атайлап, боёмолоп иш жашырмак болгон тура.

-Чеки бай өзү да, ууру тура.

-Ууру болбой өлсүн. Ушунча малы, ашып-ташкан дүнүйөсү туруп, пас ишке барганын кара.

-Булардын жүргөнү арам.

Ашка келгендер күжүлдөшө Чеки бий менен Тезек ууруну сөгүп жатышты.

-Ырахмат аке! Сиз болбосоңуз ат колго тиймек эмес. Акмагым, мындан соң, чаар күлүк аталды.

-Ууру атыңа, эшендин чепкенин кийгизип келиптир. "Эшен күлүк» деп атай жүр! деди Тилеке тамашалай.

Арытан Бөжөй аксакал басып келип

-Жетимчем, акталганыңа, ийгилигиңе кулдук кылалы:

-Болсун, болсун.

-Тилеке мырза. Сен айып көрбө? Сени мындан соң бий деп жүрөлү? Бүгүн, чоң иш кылдың. Калкка калыстыгыңды көрсөттүң. Тулпарың баш байге алды. Ooматың келип, соодаң жүрүп турган чагы экен. Ашка чогулган казак, тажик, кыргыз эли бүтүндөй баары күбө болушту. Мындан соң бий даражасына татыктуусуң.

-Бий, болуш, али ойдо жок, аба.

-Бий, сендей эле болот. Ылайым адилеттигиңден жазба. Караламан элдин калкасы болуп жүр, иним?

-Ырахмат аба, айтканыңыз келсин.

-Эми, мына муну кийгизип коеоюн. Колдон келген ушул болду. Аз да болсо көптөй көрүп, арзан болсо да, кымбаттай сезип, кийип кой? деп ак калпак, кийгизип ак тон жапты.

-Туура көрсөң, бир масилат сурайын дедим эле?

-Ко-ош, абаке

-Сенин барыңда, ушунча эл күбө болуп турат. Бу иниңе “акталды” ырымын өткөрүп койсок кантет?

-Анын жөнү?...

-Жана Чеки бий, Жамгырчыны “кул” деп сөгүп - сөздөгөнүн элдин баары укту. Ушул жетимче “кул” атыгып кетпесин. Жакшы жаман бар. Эл көзүнө, журт кулагына ырымын жасап коёлу.

-Маакул

-Балдар, баягыны алып келгиле! деп Бөжөй аксакал, ары жакта турган шериктерине буйра сүйлөдү.

-Кана, Жамгырчы балам. Тилеке бий аркылуу, эл көзүнө дайын болуп, акталып отурасың. Колуңдан алдырган оомадың кайтып келди. Бакыт кушу колуңда. Ак мээнетиң менен тапкан атыңа, аяк артаар алдында, мына буларды кий - деп, балдардын колундагы куржундан ак калпак, ак көйнөк, ак чепкенди алып кийгизгенче жерге булуттай болгон ак кийиз төшөттү.

-Биссмилда рахман иррахим. Кудайым, жигит пири Шаймерден колдосун! Бут кой үзөңгүгө. Ээрге бекем отур. Кул атың жок. Сен акталдың! - тизгинди колдон чыгарба. Ме камчыны колдон түшүрбө.

Балдар актыкты жайгыла!Тулпарың менен кечип өт! Акталдың! деп, ат тизгинин кармап туруп элге кайрылды.

Калайык калк! Жамы келгендер! Баарың күбө.

Жамгырчы кул эмес. Жамгырчы мырза! Бүгүн баарыбыздын көзүбүзчө акталдыбы? Айткыла!

-Акталды!

-Акталды!

-Ана, эл билет сени. Эли бар жетим, жетим эмес. Сооруңуң башы-көзүңдөн садага. Элиңе бер. Жарты - жалгызга бер! Жетим- жесирге бер! Тилемчилерге бер. Оми-ин! деп алаканын бетке тартты.

Тургандар дуу эте колдоп кетишти.

-Менин кошумчам болсун! деп, Тилеке бий соорунга тийген боз үйдү Жамгырчыга арнады да кучакташа коштошуп, жолго аттанды.

Ат чабымдай алыс узай бергенде ат дүбүртү чыкты Тилеке “Эшен күлүк” экенин туюп, ат тизгинин тарта, кылчая карады.

- Бий аке, мен сизден ажырай албайт окшойм. Туура көрсөңүз элге той бергенден соң, сизге көчүп барайын?

-Ооба. Мен атайлап айткан жок элем. Өзүң туюпсуң Чеки бай менен Тезек ууру сени жөн коюшпайт. Балалуу-чакалуу болуп, баралыңа келгенде, элине көчүп келээрсиң. Баары сен ойлогондой болсун, деп Тилеке атын теминди.

***

Башаты байыркы замандан чубалган кыргыз не деген гана оомалуу -төкмөлүү мезгилдерге туш келбеди. Далай жолу чабылып, далай жолу чачылды. Бөксөрдү, кайра толду. Үлпүлдөп өчүп, кайра жанды. Учу -кыйыры жок кең аймакты мекендеп, бирде түндүккө сүрүлсө, бирде чыгышка атылды. Бирде батышта чаң сапырса, бирде түштүккө качты. Тагдырдын айынан каардуу да, зардуу да үнү Евразия аймагында бир нече кылымдарды жаңырта, айгайлап келди. Ошол мезгилдер аралыгында эли үчүн күйгөн эчен эрлер, кандуу кармаштын ичинде, тагдыр

чечкен айкаштын өзөгүндө болушту. Калпыс иштен алыс, калк ишине калыс,адилет шерлер өттү. Бечарага бел, карыпка жөлөк, алсызга арка камкорлор өттү, оожалып келген жоону оморолоп келген дөөнү беттеп, жалтанбаган азаматтар караңгыда көз, капылетте сөз тапкан акылман -чечендер, эл өнөрүн өөрчүткөн даанышман эл туткалары өттү. Элим деп, күйүп-жанып өзгөчө өмүрүн арнаган эгедерлердин эрдиктери, өтөгөн кызматтары элинде калды.

Өз ичинде өкүм сүрүп, өзгөрмөгө бүгүлүп, байлыкты бактым деп, бийликти тактым деп, жагымпоздугу менен жан сактап, жарды акылы менен өзүн барктап жан бактылар дагы өттү. Ушак айтып, сөз тапкан, уурулугу менен жан баккан, эки элди кагыштырган, жакшыны көрө албаган, чагымчыл чаркештер, кутумчул куу, жан кечтер дагы өттү. Дүйнөгө түркүк болоор эч ким жок, жаман жакшы баары өттү. Өтпөгөн эч нөрсе жок өтүмүш-өтүмүш жаман жакшынын баары уламышка айланды. Жаңыланган эл калды, жамыга тегиз жер калды.

****

Тоолуктар кайтканга камданып жатышты. Акбото шыпылдай басып келип, Тилекени ай карасынан кучактай кетти.

-Амансызбы бек? Сизге атайлап келдим

-Мен да, келет деп күткөм.

-Эли журтуңуз, үй бүлөңүз аманбы?

-Өзүң тынчсыңбы?

- Мейман болуп кетиңиз. Кеңири отуруп ал –жай сурашалы?

-Жолго камданып жаттык эле.

-Сиздерди үйгө түшүрбөй, кетирбейм. Шылтоо менен келип калыпсыз. Карааныңызды көрүүгө зарбыз.

-Күтүп жүрө бербей, биз тарапка да барбайсыңбы?

-Атайлап барганы жаттым эле. Тобуңуздар менен жүрө бериңиздер? Сиздер үчүн жай кенен деп, Акбото Тилеке бийди тобу менен аттанып жаткан жеринен алып калды.

Муканбет аталыктын уулу Акбото Кожenттин башкаруучусу эле (Кожент башта Бухара эмирлигине карачу). Ал эр жүрөктүүлүгү, эч нерседен кайра тартпаган өжөрлүгү менен элге таанымал болгон. Шаарды өз алдынча башкарып турган мезгилде, таза суу менен камсыз кылуу максатында мөмө-жемиш эктирип, Козу–Багылан дарыясынан беш–алты арык тарттырып Кожентти жүзүмдарлуу–абад шаарга айландырат. Сыр Дарыя жээгиндеги эски чепти оңдотуп, сепил куруулуп, эл оозуна алынган, жаамы Фергана аймагында таанымал инсан эле. Чоң аш-той, жыйындарда Тилекени жандай жүрүп, көңүлдөрү жакын болуп кеткен. Ички сырларын бири бирине эч жашырчу эмес.

Апар шапаталуу дөңсөдөгү чарбакка келип токтошту. Кою жүзүмзардын ортосундагы короонун айланасына суу сээп тасырайта шыпырган. Меймандардын келишине алдын ала даярдык көрүлгөндөй. Сөөрүдө калың төрт бүктөлүү төшөктөр салынып, ылайыгына жараша пар жастыктар коюлуптур. Кол жуугандан соң, заматта досторкондун бети мөмө -жемишке толтурулуп, ысык нан баш болгон дүйүм–тамактар биринин артынан бири, келтирилип жатты.

Экөөнүн аңгемесине эч ким тоскоол болгон жок.

-Бийим, күн өткөнүнө каниет кылып жүрө бербей, башкаларга окшоп, биз дагы бир жерди турак кылып, там салып, короо–жай курсак кандай болоор эле?

-Ээ, баатыр. Ыш жыттап, төрт дубалдын ичин отуруп кылалы дечи. Элибиз ынаар бекен? Ата – бабаларыбыз илгертен эле, эркин жүрүп, ээн басып, көнүп калган экен. Башкаларга окшоп көнө албайт го?

-Анткениңиз менен күндөлүк тиричиликте, кем–карч чыгып, базар деген болот экен.

-Болот. Тоонун кушун капаска камап, канчалаган жем –суу берсең да, эңсегени эркиндик эмеспи. Элибиз таза аба, кененчиликке көнүп калган. Өз үй, өлөң төшөк. Эркин жүрө бергени эле оң.

-Аныңызга мен макулмун. Бирок жаман айткан, жакшы жок демекчи, капылеттен жоо келсе, ар кимибиз ар жерде чачылып биригишибиз кыйын. Жоо камынтпай басышы деле мүмкүн.

-Анын жөн. Бирок тийген жоодон там–таш калкалап калмак беле. Ата –бабаларыбыз көчүп жүрүп, тирилигин өткөргөн. Биз да алардын жолунан чыга албайбыз. Бир чети көчмөндүк да, жоодон сактап келди. Эркектер жоо менен бетме-бет салгылашып жатканда, катын –бала жүк артып, тоо-ташка алыстап кетээри анык го?

-Бийим, менин айтайын дегеним кыргыздар биригип, ордо кылсак өзүңүзгө окшогондор өкүмдарлик жүргүзүп, ынтымактыкка бириктиреби дейм?

-Бул оюңа мен да кошулам. Кыргыз мүнөзүндө өзүмчүлдүк бар. Бирөөгө моюн сунбайм деген, кур –намыс тескери тартып турбайбы. Бириксек кана? Уруулар ортосунда жик чыгарган бийлөөчүлөр көбөйдү. Андан көрө, баатырлар көбөйсө элибиздин көөнү тынч болмок. Мына ынтымактын жоктугунан Бухара тыркырап кетти. Эми, өз алдынча башкаруу кандай болоор экен?

-Бир алдын жакшы. Бирок, экинчи тарабы күчтүүгө күчсүзү айласыз моюн сунат.

-Байкуш элге дагы эле күч келет.

-Туура айттыңыз. Мына, Коконду жергиликтүү миң тукумундагылар менен эшендер талашып, бири-биринен кызганып турган чак.

-Этият бололу. Эл сактайлы. Эчен жылдар–чабылган элдин эми гана башына баш кошулуп, келе жатат. Чырдан оолак болгонубуз жакшы. Сенин айткандарың менин да жүрөгүмдү өйүп келет. Ынтымакка баш койбосок, четтен келген жоого, ичтен чыккан душманга жем болуп калабыз.

-Бийим, бул маселеде чөлдүк туугандарыңызды мен кепке тартайын. Анжиан, Өзгөн аймагын колго аларсыз?

-Жыйын чакыраар алдын, масилат кылалы. Мени кыжалат кылганы кожолор ич ара бузулуп, калмактарга колтуктарын ачыптыр. Бир шойком башталары бышык. Андыктан ар бир уруулар жигиттерди топтоп, даярдыктарды көргөнүбүз оң.

Эки тууган сыйда отурушса да, элдин камын көрүп, эл тагдырын ойлоп, эртеңки күндүн камында болушту.

****

Тилеке бий түлөккө койгон бүркүтү менен алек. Алайдын муз тиштеген бороондуу аскасындагы уядан мергенчилер атайлап барып учаарында кармап келген. Алдын такыр колдон жем жебеген бала бүркүт, күн өткөн сайын көзгө үйүр алып, ээсинин келишин күтүп турат. Келгенде коноргого конбой, улам уясын эстеп, эне-атасын издеп "кляк,кляк" этип кыйкыра берчү. Эми, ал адатын таштап, жем берген ээсин атасындай көрүп, күтчү болду. Үч күндө бир жолу эрте менен жаш этти сууга салып, кирин кетирип "ак жем" кылып жумшартып берет. Көбүн эсе бүркүткө жылкынын, кой, коён, көкиликтин эти жагымдуу келерин жакшы билген бүркүтчү, жаңы союлган жаш этти таап келтирет. Бүгүн да, бала бүркүтүнө "ак жем" берип жаткан.

-Бийим. Кокондон чабаганчы келди- деди жигити сырттан кирип.

- Күтө турсун- деди бий бүркүтүнө жемди сугунтканча.

Бий киргенде баятан бери, боз үйдөгү жасалгага суктанып отурган меймандар ордуларынан тура калыша ийилип салам беришти. Учурашып, жай алышкандан соң меймандар ортосундагы олбурлуу бирөөсү, коюнунан катты алып, кош колдоп бийге сунду.

-Таксыр, биздин Шахрук бийден сизге дубай салам эле.

Бий шашпастан каттын оромосун жазып, көз жүгүрттү.

"Урматтуу Тилеке бий, ага!

Сиздин жигиттериңиз менен келип кетүүңүздү, зынарлап күтөм? "

Чамач ибн Шахрук бек.

Эмне себептен жигиттериңиз менен? – деген ой кылт дей түштү.

Ооба, жол опурталдуу. Куралчан жигиттер менен шайма – шай жүрбөсө, жолду ката Паргана, Маргалаң чектеринен өтөт. Коопсуз болсун деген го? деп ойлоду.

Шооруктун чабаганчыларын түнөтүп, кайтаргандан соң, Тилеке бий жигиттери менен жолго аттанды. Жолду ката ээн талаа, эрме чөл. Камыштуу быткыл саз, шагыраган таштак сай. Мындай ээн талааларда, жырткыч менен каракчылар болбой койбойт. Аны жакшы билген Тилеке бийдин жигиттери ар дайым куралчан чогуу жүрүшөт. Алдын ала кабарлашкандай күн болжогон мезгилде кербендерди тосуп алган да, узаткан да Тилекенин жоокерлери коштойт. Паргана аймагынан Бухарага чейинкилер жакшы билишет. Кыргыз жоокерлерине даап, эч ким тийиштик да кыла алышпайт. Кербенчилерди күзөткө алган жоокерлердин тамак-аш, кийим –кече улоолорун бий өзү камсыз кылат. Ошондуктан мерчемдүү жерлердеги кербен сарайлардын айланасында жергиликтүү элден жаш жигиттер топтолгон. Алардын ар биринин жетекчилери бар. Алар маал – маалы менен чогулушуп, бийден көрсөтмөлөрдү алып турушат. Туруктуу жоокерлерди кармаган бийге кербен жөнөткөн мамлекет ээлери акы төлөгөндүктөн, өз ыктыярлары менен кызмат кылууга көпчүлүк жаштар кызыкдар эле.

Шоорук бий меймандарды өзү турак кылган Кокондун үч фарс аралыктагы “Дихан –того” жетпей, жолдон жигиттери менен келип, кучак жайып тосуп алды. Меймандарга деп ого эле көп даярдыктарды көргөнү, жайган дасторконунан, кылган кызматынан көрүнүп турду. Эки күн меймандарды эс алдырган соң Шоорук бий Акбото менен Тилеке бийдин алдына кол куушуруп жүгүнө отурду.

-Бий аке! Биздин бир ишенгенибиз сиз. Мейманчылыкка атайтап чакырдым эле.

-Сыйыңызды көрдүк, ырахмат.

-Таксыр. Кашкар-Бухара ортосун, өзүңүз тескеп турушуңуз бизге чоң кубат. Сизге таянып иш жүргүзөбүз. Акбото байбатча да, бизден жардамын аябайт. Сиздер менен каттоону калыңдап, барыш-келиш кылып турсак дейбиз.

-Туура –деди Тилеке баш ийкей.

-Өзүңүз билесиз таксыр Кокон шаарын Исак кожонун уулу Насармат кожо бийлеп элди кыйнап койду. Калкты көз көрүнө талап, ар шылтоо менен салык жыйнады. Шаардыктар ага нааразы. Аны, Кокондон кууп чыгуу, биздин кодон келбейт, таксыр. Сабап, "кожонун тукумунанмын" десе, Наманган, Маргалаң бектери ишенип, аны колдоп жатышат. Агар, бул ишке, киришсеңиз. Эч бири сизге дап кыла албайт. Кокон башчысы–кожолорду бийликтен кетирип, кызматтан алып берсеңиз, калктын сообуна калаар элеңиз.

Жалдырай тиктеп, кол куушурган Шоорукту сынамакка Тилеке бий суроо узатты.

-А куп, Коконду башкарууга ким ылайык?

-Биз, өмүр бою сиздин кызматтыңыздабыз таксыр деп, Шоорук маңдайын жерге тийгизе эңкейип жүгүндү.

-Сиздин, дегениңизди аткарабыз бийим. Айтың, Акбото байбатча. Туурабы?

Акбото мыйыгынан, күлө баш ийкеди

-Достугубузду калыңдайлы. Мына, Сизге башым тартуу, Же болбосо кыз алышып, кыз беришип, куда-сөөк бололу бийим?

-Жакшы ниетиңиз бар экен Шоорук бий. Жакын болгонго не жетсин. Акбото мырзага кызыңызды бериңиз.

-Куп бийим. Сиздин айтканыңыздай болсун.-деди Шорук кубана.

-Акбото мырза! Жамгырчыны колу менен баштап, таң эрте менен аттанасыңар. Күйөө баланын кайнатага кызматы болсун.

Шорук бий менен Акбото тиктеше түштү. Экөөнүн тең жүздөрү тамылжып, кубанычтары көрүнүп турду.

Эрте менен таңга жуук Жамгырчы баштаган кол, шаар башчысы болгон кожолорду тууган – уругу менен камынтпай басып калды. Колдорун байлап, чоң базардын ортосуна алып келишти. Чынында эле шаардыктар, алардын алык–салыгынан, ар шылтоону айтып тоногонунан жадашкан экен. Бул ишти баары эле туура көрүштү. Куралчан жоокерлерге, эч ким каршылык кылышкан жок.

-Шаардын беги Шоорук бий! деп–Тилеке көпчүлүккө жар салды.

Шоорук шаар эгеси катары мурдагы шаар башчысын өлүм жазасына тарттырып, башын алдырды.

-Коош, Шоорук бий Кызмат–даражаң куллук болсун!

-Болсун, болсун-деди Шоорук кубанычын жашыра албай.

- Кана, ишти эмнеден баштайсың?

-Биринчи тойдон баштайлы. Акбото байбатча менен кызым Зухранын тоюн өткөрөлү.

-Анан дагы?

-Калганын, сиз билиңиз.

-Куп. Ушул күндөн баштап. Кокон миң тукумуна да, кыргыздарга да тең шаар болсун.

-Куп болот, таксыр.

-Миң тукуму менен кыргызга тең болгондон кийин акыл кошчу, аталып дайыма кыргыздан болсун.

-Сиз айткандай болот бийим.

-Чакыр анда молдону!-деп, буйрук берди Тилеке бий.

Эшиктен башында казанбактай болгон селдеси бар, өзү арык, моюну кылтактай болгон Акыдар молдо келди.

-Өткөн кеткенге, ата-бубаларга арнап, куран окуңуз! Дуба кылалы, Молдоке.

Молдо кыраатын келтире куран окуп, алакан жайганда отургандардын баары кол көтөрүштү.

-Эки жаштын никесине биз күбө болдук- деп, тойдун эртеси Тилеке колун ээрчитип жолго чыкты.

Бухарадагы Астраханид сулелесинин акыркы өкүлдөрү Убайдулла (1702-1711) менен Абулфейс (1711-1747) убагында жергиликтүү төрөлөр ортосунда бытырандылык күчөдү. Ал айрыкча Ферганада айкын сезилди. Бухарага каршы эки топ пайда болду.

Бухардын ханы Убайдулла (1701-1741-ж) Эшен Мусу кожого жазган катында «Азыркы мезгилде вилайет Оро-Дөбө, Хожент, Анжиандын төрт тарабын ак үйлүүдө өткөн Акбото кушбегиге бердик» деп маалымдаган.

Убайдулланын учурунда биринчи катардагы саясий жана аскердик күчтү саруу уруусунун жетекчилери Акбото жана анын иниси Бекбото түзүшкөн. Акбото Үч-Дөбө менен Намангандын акими жана куш беги (аскер башчысы) болуу менен бирге саруулар менен ичкиликтерге таянып, тез эле көчмөн кыргыздардын жетекчилигине айланган.

Экинчи топту өзбектердин миң уруусунун жол башчысы Шахрух бий болгон. Ал кыргыз Акбото бийдин жардамы менен Бухарадан бөлүнүп, өзүнчө мамлекет түзүү биримдиги бекемделди.

Ошол кезде саясий аренага тажик Фазыл-бий (Фазылбек) чыгат. Ал Хожентти жана Оро-Дөбөнү басып алып, Бекботонун кызына үйлөнөт. Ошентип Хожент, Наманган, Оро-Дөбө үчүн узак убакыт үч тарап жоолашып келген.

Бухара эмирлигиндеги бийликти Убайдулла башкарчу. Ал өлгөндөн кийин Абдулазизге бийлик ооду. Эмирликке караган Бухара, Балк, Гуляб, Гисардагы бийлик ыдырап, ар кими өз алдынча бөлүнүп кетишти. Дал ошол чакта Кожент аймагынын бийи Маматибрагим аталыктын уулу Акбото Бухарага да, Чодактын кожолоруна да көз карандысыз ээликти башкарып турду.

Акбото Бухаранын ханы Убайдулланын ишенимине ээ болуп. Фергана өрөөнүнүн Түштүк Чыгышындагы Кожент аймагын калмак баскынчыларынан коргоочу кошуунду башкарчу. Ошол

кезде Балктын башкаруучусу Маматбай тоодо жашаган уруулардын жардамы менен (Шаарстандык тоолуктар) Бухара ханы Убайдулла хандын жээни Мухаммед Мукумду өлтүрүп, Балк шаарын ээлеп алган эле. Акбото кыргыздарды, көчмөн өзбектердин жүз уруусун да бийлегендиктен өз учурунда аны «Акбото бий жүз» деп аташкан. Акботонун аброю Фергана аймагынан гана эмес, жанаша өлкөлөрдөгү эл башкаруучуларга дайын эле.

Маргалаӊ аймагындагы кожолор уламдан-уламдан, кыргыздарга кол салып, талап-тоноп, үстөмдүк кылууга аракет кылып турушкан. Бирок Акбото бийдин аброю ошол чөлкөмдө даӊазалуу болгондуктан бухаралыктар да, Чодактык кожолор да ага даай алышкан эмес. Чамыш бийдин уулу Шахрух чыныгы акыйкат жолго үндөгөн Маулана Лутфиллах Чистинин мюриди, ошону менен бирге Махмуди Аззамдын ыйыктардын султанынын да мюриди болгон. Ал Кокондон –(Хух-конд-чочкосу көп жер) үч чакырым аралыктагы Дихкан- Тода аттуу жерде жайгашкан болчу. Камыштуу сазда сепил курдурган. Кийин «эски коргон» аталып кеткен. Ага Тыргоо, Жаӊгент карачу. Шахрух аталыктын Абдалрахим бий, Абдыкерим бий, Шады бий атту үч уулу жана бир кызы болгон.

Ал пайгамбар жашынан өтүп калганына карабастан Ферганадагы саясий аскердик күчтүн башчысы өзбектердин миӊ уруусунун жетекчиси Шахрух бийдин кызына кардар эле. Бий алгач үйлөнгөнүнө карабай, Шахрухтун кызын көрүп жактырып калды. Ал болочок кайынатасынан кызынын колун сурап, кыргыздардан аксакалдарды жөнөттү.

Көчмөндөрдүн салтында, күчтүү бийлөөчү гана башка бир атаандашынын кызын аялдыкка алууга шарт экендиги маалым. Болочок күйө бала аркылуу көп жерге колу жетерлигине ынанган ары куу, ары митам Шооруук эртенки күндү ойлоп, кызын узатууга макулдук берди.

-Кайниңизди колуңузга алып, жаныңызга ала жүрүнүз. Эл бийлегенди, уруш өнөрүн үйрөтүнүз?-деп жумшак, ары сылык сүйлөгөн жаш айым күйөөсүнө кайрылды.

Кызынын акылмандыгына ыналган кайынатасы чоң уулу Абдалрахимди күйө баласына кошуп берди.

Кокон бийлигинин башаты дал ошол 1700-жылдардын башталышына барып такалат. Табиятынан куулугу жана өзүмчүлдүгү атасынан ашса ашып түшкөн Шахрухтун уулу Абдалрахим жездесинин үйүндө жүрүп эл менен мамиле кылганды, бийлик жүргүзүүнү үйрөнүп, анын тарбиясын алып чоңойду.

Абдалрахим жаш кезинен эле атасындай бийликке умтулуп, ага жетүүнү самап жүргөн. Атасы өлгөндөн кийин да, ага бийлик ыйгарылбады. Эл башкарууну көксөгөн Абдалрахим күндөрдүн биринде, арам оюн ишке ашырмакка, түнкү уйкуда жаткан жездеси Акботону «өлтүрүп», Кожент аймагындагы бийликти өзүнө алмак болду. Бирок, жаш бөлтүрүктүн аракети тыянаксыз болуп, ишке ашпай калды. Жездесин өлтүрө албаган Абдуалрахим түнкү караңгылыктан пайдаланып, жака-белдегилерге көрүнбөй, шериктери менен ээн талаага качып, кутулуп кетти.

Каарданган бий, кара ниет кайнисин кармап келүүгө, ишенимдүү жигиттерин жөнөттү. Куугун каракчылардын аркасынан сая түшүп, сары изине чөп сала, кубалап барышты. Алардын аркасынан Шум-Коргон деген жерде жетишти. Абдалрахимдин эң жакын көргөн Камбар аттуу мергени баш болгон шериктери калкалап жүрүшүп, каракчылар аман кутулуп кетишти.

Кыргыз бийинин айымы-Шахрухтун эрке кызы, күйөсүнүн бутун кучактап, инисинин күнөөсүн кечирүүнү, кабар жиберип, үйгө алып келүүнү андан, жалынып суранды.

-Бийим, иним балалык кылып, биреөлөрдүн тилине кирип, күнөөлү болуп калды. Болбосо ал, тузуңузга кара санабай турган,

бир тууган кара чечекей кайниңиз эле. Күнөөсүн ак кызматы менен актасын. Кечирим бериңиз? Чакыртыңыз? Көзүңүздүн агы менен айланып, сиз үчүн жанын да аябаган, калканыңыз болсун? Кайсыл гана душманыңызга баш тартпай көкүрөк тосушуна, түбөлүккө күйүшөөр ак никелүү жубайыңыз-мен кепил болоюн? Ак никелүү аялыңыздын, ал мончоктой балдарыңызды ардактап, төрөп-баккан менин айткандарымды аткарып, кечирим бериңиз? Атабыз өлүп, сизден башка калканаар кимиси бар? Сиз менин инилеримдин атасындай болуп калдыңыз. Алардын ишенгени да, таянар тоосу да сиз. Уулуңуздай көрүңүз?- деп, чоң кызы менен эки уулун жетелеп келип, чөгөлөп, пешенесин жерге тийгизип уламдан-улам ыйлап да, жалынып да сурана берди. Акбото койнунда жаткан жубайынын, канынан жаралган балдарын ортого салган энесинин айтканынан чыга алган жок.

-Ырас, балалык кылып, душманга алданып, ичи арамдардын тилине кирген экен- деп кайынинисинин кайрылып келишине, макулдук берди.

-Аз айып, көп күнөөм болсо кечириңиз? Кашыңыз менен кошо серпилип, кирпигиңиз менен ирмелейин. Кылычыңыз болуп чабылып, жебеңиз болуп атылууга убада берейин? Атамдай ыйык көрүп, сөзүңүздү кайтарбайын? Алдыңызда эзели баш көтөрбөйүн? Күнөөмдү ак кызматым менен актайын?- деп буркурап ыйлап, Абдалрахим көкүрөгүн жерге төшөп, кечирим сурап өбөктөдү.

Уулу жыландын бир күн болбосо да, дагы бир күнү уусуна бөлөп чагып аларын оюна албаган Акбото, ак көңүлү менен ага кечирим берди.

-Эшигиңизде жүрүп уулуңуздай эле болуп калды. Бир тууган жээндерин жаныңдай көрүп ардактап жүрөт. Сиздин таалимиңизди алды. Тузуңузга кара санабайт. Кызыбызды берип, күйө бала кылып алалы. Кийинкиде, уулдарыңызды да, жөлөп-таяп, кастарлап карайт- деген койнунда жаткан аялынын

бал тилине көнүп, бий жанындай көргөн айдай сулуу жалгыз кызын, Абдалрахим менен баш кошуусуна макулдук берди.

Кыргыз бийинин бир тууган кайниси, бүгүнкү көздөй көргөн күйө баласы Абдуалрахим «койнундагы котур ташын» таштабады. Басса-турса да, бийлик сересин ээлеп, өкүмдүк кылууну ойлогон мансапкор, баягы кара ниеттигин кайрадан баштады. Бир нече шериктери менен бүтүм кылып, аларды түнү алып келип, жанаша бөлмөдө уктап жаткан, кайынатасын капилеттен басып, эки баласы менен кошо мууздап, калаадан дагы бой жашырып качып чыкты.

Акбото бий Шахрухтун уулу баласы Абдалрахимге кызын берген болчу. Мындай кудалашуу эки тарапка тең пайдалуу эле. Андан Шахрух бий аябай пайдаланган. Ал а дегенде кыргыз-өзбек биримдигин түзүп, кыз берип, кыз алуу менен бекемдеген.

Эки тараптын жакындашуусунан бийликке жетүү кызыкчылыгы бийикте турду. Абдалрахим кайынатасы Акботонун колтугуна кирип ишеничке ээ болгондон соң, бир жолу түндөсү келип, көзүн жок кылууга аракеттенди. Кара жолтой максаты ишке ашпай, кутумдуктун аркасы билинип калып, качып кутулду. Көп убакыттан соң, ал окуя эскирген учурда Абдалрахим өзүнүн ишеничтүү тобу менен түнү уурданып келип, бир тууган жездеси, ары кайынатасы Акботону уктаган жайында балдары менен жайлап, түнгө жамынып качып кетти. Арам ою ишке ашкан Абдалрахим кайынатасынын ордуна Хоженттин башкаруучусу болуп калды.

Акбото өлгөндөн кийин  күйө баласы Абдалрахим кайын журтундагы үркөрдөй болгон тууганы ар тарапка чачыратып, куугунга алгандыгынан, алардын арасынан эч бири ага каршы чыга албады.

Бухара эмирлигинен Фергана өрөөнүндө өзүнчө ээлик бөлүнө баштады. Ал ээлик Коконго сүрүлүп, Шахрух бийдин урпактарына ооду. Ага Кокон, Исфана, Маргалаң калаалары кирди. Кийин Анжиан, Наманган жана Фергана тоо этектери басып алуунун

эсебинен кеңейтилди. Ээликтин калкы көчмөн жана отурукташкан дыйкан сарттар, тажиктер, көчмөн малчылар, кыпчак-кыргыздар түзгөнү менен өз ара ыркы жок, бир топ менен экинчиси жаатташкан чырдан улам, бири-бирине өктөмдүгүн көрсөтүштү. Аягы жок чыр-чатактын айынан, аймак бүлгүнгө учуруп турган эле.

Бир кездеги Акбото менен Шахрух түзгөн өзбек-кыргыз биримдиги Кокон хандыгынын пайдубалы болуп калды. Миң династиясынын өкүлдөрү бул биримдикти өз кызыкчылыктарына пайдалануу менен эле чектелишпей кыргыздардын саруу, кытай, кушчу, мундуз урууларынын башчыларын бийликтен четтетишип, куугун-сүргүнгө алышты. Ошентип кыргыз бийлери миң тукумунун урпактарынын бийликке келишине жана андан кетишине негизги себепкерлерден болушкан. Күрөш кыргыздардын жеңилүүсү менен аяктайт. Саруулар Таласка ооп кетти. Ага он жетинчи, он сегизинчи кылымдын тарыхы күбө.

Борбордук Азиянын аймагында түзүлгөн «астархандыктардын» урпактары бийлеген Бухара хандыгынын (эмирлиги) бытырай башташынын бир мисалы, 1710-жылы Кокон бийлигинин бөлүнүп чыгышы жана анда өзбектердин миң уруусунун жетекчилеринин бийликке келиши болгон.

Миң сулелесинин негиздөөчүсү Шахрух бий 1710-жылы Ферганада кожолордун бийлигин кулатып, өз бийлигин орнотту. Бир аз убакыт өткөн соң Бухара Шахрухтун бийлигин тааныды. Кара-Коргонду негиздеген миң уруусунун көсөмү Шахрух бийдин уулу Абдалрахим бий болду. Элдик аңыз боюнча Рахим бий миң башылыктан четтетилгенден жана Коженттин башкаруучусу жана кайнатасы Акботонун көзүн тазалагандан кийин төрт кичине дөбөчөлүү кыштакчага кичирээк чеп курдурган. Кыргыздар аны Кара-Коргон дешчү. Ошол чеп «Кара-Коргон» «Абдалрахим бийдин калаасы» аталды. Ал көп узабай Маргаланды Анжианды басып алат. Самаркандга жана Катта-Коргонго кол салат.

Андан көп өтпөй Абдалрахим Кожентеги бийлигин иниси Абдукеримге берип, өзү Коконду борбор кылып калаа курду. Ал «Рахим калаа» аталды. Маргаланды башкарууну иниси Шады бийге тапшырды. Бийликтин эки тизгин, бир чылбырын биротоло колуна алган Рахим Кокондун айланасындагы аймактарга жүрүш кылды. Оро-Дөбө, Анжиянды каратып, Самаркан менен Катта-Коргонду алды. Кокон бийлигинин түбү түптөлө берди. «Эзели бийлик тизгинин эч кимге бербейм» -деп жүргөн Абдалрахим 1734-жылы киши колдуу болуп, көз жумду. Аймакка башкаруучусу болуп, Абдалкерим келди. Ал атасы курган эски коргонду талкалатып, жаңы шаар салдырып, аны Кокон деп атады Мурда бир тууган жээни, кийин аялдыкка алган жеңесине, нике байлатып, агасы Рахимдин жесирине үйлөндү. Абдалкерим бий Бухара эмираты менен араздашып жаткан Шахрисябздын кенегес уруусунун бийи Хаким Бухаринин кызы Айчучук айымга үйлөнүү аркылуу миң-кенегес өнөктөштүгүн түздү. Кокон бийлигине Намангандын тегереги карады. Кийин Касандын, Аксыкенттин, Чодактын, Жаңы-Коргондун аймактарындагы элдер Кокон бийлигине көз каранды болуп калды. Абдалкерим бийликтин камчысын каттуу шилтеп, караламан калкынын ал-абалына карабады.

Шахрухтун балдарынын ач көздүгү арта берди. Жанаша аймактардагы Анжиян, Наманган жана аларга жакын тоо этектерин басып алуудан улам бийликтери бир топ чыңдалды.

x x x

Абалтан эле бий, бийлик даража эсептелип урууун тагдырын чечип, кооптуу жана жоопту мезгилдерде туура бүтүм, калыс иш туткан. Кедейди кейитпей, карыпты какшатпай, тентекти теске салып, дарттуунун дартын угуп уруунун ариет -намысын бийик туткан элдин камкору болгон. Уруулар аралык жыйындырда, өндүрүлгөн доолорду, талаш–тартыштарды туура чечкендиги менен абийир алган. Ошол үчүн элде «Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок» деген макал айтылып келет.

«Жоо жакадан, бөрү этектен алган» жоокерчилик заманда, ал жакшылык, жамандыкка даяр болуп, айылдагы эр-азаматтарды жоо жарагы менен камдатып, мерчемдүү жерлерге кароол коюп, токулуу аттарын кермеге байлатып шайма-шай турууга азыр болгон. Кокустан, шалаакылык кылып, даярдыктары жок болуп калса, жоо мал-жанды талап, кыз-келинди олжолоп кетиши бий үчүн өлүмгө барабар. Мындай бийдин элге эмне кереги бар? Анын барынан жогу. Коопту учур, ар бир бийден айлакер, акылмандуулукту, илекер баатырдыкты талап кылган.

Бийдин мойнунда чоң жоопкерчилик болуп, кокус күчтүү жоодон сүрүлүп калса, бир да жетим баланы, бир да жесир аялды жоо колуна калтырган эмес. Уруулар арасында ынтымакты, биримдикти бекемдөөдө да бийдин мойнуна жоопкерчилик жүктөлгөн. Азап-тозгон урууларга, жалгыз калган карыптарга калканч болуп, үстүнө үй, пайдаланганы жер, мал берип канатына калкалаган. Уруу-уруулардын ортосунда сырттан басып кирген жоого бирге аттануу милдет иш моюнуна алган.

Байыртан келген бузулгус эреже, түпкүлүктүү мыйзам – кун төлөө. Аны күнөгө жараша бийлер тобу чечет. Күнөө тарап да, доомат койгон тарап да калыс дешип бийлерге келишет. Ал текшерилип таразаланган, талдаган соң бүтүм чыгарылат. Кокустан ырбаса «канча кан» делип, чоң чабышуу -уруулар ортосунда чыгат. Мында «баш айрылып, көз чыгып» ортодо эр өлөт. Эки тарапты бийлер келиштире албай, бийлер күнөөлү болуп, эл- журтка маскара болот. Мындай абалга жеткирбес үчүн териштирилген иш так, таза чечилүүсү тийиш.

Айылдагы айрым тентек бирөөсүнүн никелүү аялын бузуп, же зордуктап ала качса, айыптууга аялдын эри тараптагылардын берген калыңын төлөтүп, анын үстүнө айыпка кырк жылкы салынган. Аларды төлөй албаса аялды ала качкан жигит өлүм жазасына тартылган. Уурулук кылган адам кырк жылкы айып тарткан. Мына ушундай элдин жүгүн көтөрө турган, элдин тынчтыгын сактай турган, тентектерди тыя турган эрежелерди эл

бекем тутушкан. Айрым жер-суу маселелери, уруулар ортосундагы келишпестик, же коңшу элдер ортосундагы чатакты чечүүгө тогуз уруудан тогуз бий чакырылып, тынчтануу бүтүм чыгарылып чыбык кыркылган. Батаны бузу динден чыкканга барабар болгон

Эки тарап элдешкенде эскиден калган ырым-жырым жасалып, бири-бирине кымкап кийгизип, көңүлдө кир, көкүрөктө кек калбасын дешип кучакташтыра табыштырып, куда-сөөк, катташ дос болууга жыйындагылар күбөө болуп бата беришкен.

Жаз ортолоп күн тапка кирген сайын, эл эгиздеп, салкын төрдү карай багыттап калган. Айрым чарбасы чакан, чак баш үй бүлөлөр эчак эле жайлоого көчүп, кем карчтын камын көрүп, эми үй чечебиз деп турушкан чак. Себеби, эрте жазда журт которуп, эгин-тегин себилип, суу агуучу арыктар чабылган соң, кышы менен даярдалган кереге-уук таралып көктөлөт. Чий-камыш согулуп, кийиз басылып, туурдуктар бышырылат. Аялдар-кыз келиндер, керме, ормо, түймө, сокмо буюмдарын аткарса, эркектер козу-улак бычып, кулун -тайлар жалданып, аркан, чылбыр эшмей, бышырылган кайыштан камчы, үзөңгү боо, көмөлдүрүк, куюшкан өрмөй деги эле эркек, бала-чака тириликке керектү буюмдарды жасап бошобой турган мезгил. Айыл ичиндеги темир согуп, жыгач жонгон усталар гана аземи буюмдарды жасабаса, калган тиричиликке зарыл буюмдарды жаш-кары, кыз-келиндер колдору менен бүтүрүшөт.

Тоолуктун ар бир баласы жетиге чыккандан соң тиричиликке аралашат. Он эки, он үчкө барганда кадимкидей буюм жасап, алды айылдарга таанылып, оозго алына баштайт.

-Тигинин баласынан кемсиңби-дешип, балакатка жеткен уул-кыздарды намыстандырып, ишке, тиричиликке бышык болууга үйрөтөт. Ошондон баштап, чебер уста, колунан көөрү төгүлгөн ууздар макталып, иш жасоого мойну жар бербеген жалкоолор шылдыңга, эл арасында насакка алынат. Уул бала үйлөнгөнгө, кыз бала күйөөгө чыкканга чейин турмушка бышып, өз алдынча

иш кылууга даяр болот. Илгертен калган расмий-каадаларды аткарууда, мейман күтүп, узатуунун жол жобосун аткарып калат. Адамдын ким экени жасаган ишинен билинет демекчи, кыз берерде уул сыналып, келин аларда кыз сыналып элдин элегинен өткөрүлгөн. Кокустан колунан иш келбей чоркок болсо ата-энеге сын айтылып

- Паландын уул тарбиялаганы, тигини кыз баштаганы делинип, кадимки баа берилген. Атасына сын, энесине кеп тийдирбес үчүн акылман уул-кыздар күндү күн дебей, түндү түн дебей өнөр үйрөнүүгө баш оту менен киришкен. Мындай тарбия, жакшы жөрөлгөлөр баштатан эле уланып элдин тиричиликтин мазмунун байыткан.

****

«Анжиан аймагынын бийлеринин бийи-баргы уруусунун биларманы Тилеке бахадурга

Хурматли, азиз Тилеке бахадур!

Сизни Алланын сүймөнчүгү, Ак пайгамбарыбыздын үммати, улуу даражалуу, азирети өкүмдарибиз, бүтүндөй мусулман калкынын калканчы атапган, улуу даражалуу ханыбыз Кашкарга келүүңүздү күтөт.

Алла Талланын буйругу насип этип, ордого келип, сый көрүп кетүү вазипасына ырахым эткейсиз?

Кабар жөнөтүп, ак дилден күтүп жаткан Хазирети мударис кожо Махмуд Аззам уулу-кожо Ысактан деп билгейсиз» деген кат кербен башынын колу менен Тилеке бийдин өзүнө тийди. Ал Анжиан-Аксы аймагынын билармандарын чогултуп, катты жарыя кылды.

-Кана бийлер, жакшылар! Кашкар ханынын кабарына эмне деп, жооп беребиз? Барыштын жолун кандай кылалы?

-Хан башы менен өзү чакырып жатса, барыш керек.

-Хандын атынан кожо Ысак чакырыптыр, дагы бир шойкомду баштап жүрбөсүн?

-Кашкар хандыгы тээ илгертен бери, биздин аймакка кызыгып жүрөт.

-Ооба. Ордодон улам тополоң чыгып, алагды болбосо, алардын оюу түз эмес.

-Алык-салык алышка аябай эле кызыкдар болуп келди. Мурда-кийинки баатырлардын айбатынан гана айбыгышкандай.

-Ордону кожолор кошо бийлешип, бир топ ыйкы-тыйкы деп угабыз.

Чогулган бийлердин ар кимиси, өз ойлорун ортого салып жатышты.

Бийлер, бул маселелер боло келген. Боло берет. Биз чакырууга барыштын камын көрөлү. Баш тарткан болбойт. Калганын көрө жатарбыз-деди Тилеке

-Кантип баруу керек?

Кур кол баруу уят. Анжиандыктардын атынан тартуу даярдайлы.

-Эмне алып барса болот?

-Бая, Бакал баатыр барында, тирүүлөй кабылан кармап барып, зор урматка жетишишкен экен.

-Бүгүнкү учурда Алайдын аргымагы бир эле Кашкарда эмес, укканды түгөл суктандырып отурбайбы?

-Туура бүтүм. Сай күлүктөр канчалаган тартуулардан артык.

Анжиандык аттуу-баштуу бийлер андан аз убакыт өтпөй тандамал жигиттерге аргымактарды айдатып жолго чыгышты. Шашпай жүрүшүп, Алай жолундагы жайлоодон сый көрүшүп, үч-төрт күн түнөшүп, Кашкарга жете келишти. Эски Кашкардын карааны алыстан көрүнгөндө, ат ооздугун тартышты. Коштогон тартууларын жайгаштырышып, чатырларын тигип, шамалдай окторулган, чапсаң жигиттерин шаардан кабар алмакка жиберишти эле, күрсүлдөтө замбирек аттырып, дарбазачылар ыйынып-ычкына чоң дарбазаларды жаап жатышыптыр.

«Бөрү азыгы жолдо» демекчи, азыгы белен тоолуктар, чоң дарыяга жүздөрүн жууп, аттарын сугарыша, беймарал жайгашып, эртеси дарбаза ачылганда шаарга кирищти. Дарбазачылардын башчысы, сакалын жаңыдан ак аралаган удайчы шаарга кирүү акысын дооламакка атчандардын алдынан торой бергенде, жулунган аргымагын алкынта, сөөлөттүү бастырып келе жаткан Тилеке баш болгон бийлерди көрүп токтой калды. Ал ат үстүнөн түшө калып, ийилип келип, камчысын көкүрөгүнө ала, элеттиктерге салам берди.

-Ассалоому алейкум азиз меймандар.

-Ва алекума ассолоом.

-Кош келиңиздер.Бизден кызмат?

-Ханга саламга келдик деди жигиттердин бириси.

Дарбазачылардын башчысы шериктерине кыйкыра сүйлөп, шаар акиминин өкүлү деп, бирөөсүн чакырды. Ал меймандарды кербен сарайга баштап келди. Ат-көөлүктөрүн жайгаштырышкан соң, ажиандык топ хан сарайын көздөй жөнөштү. Сарайдын башчысы, элет бийлеринин тартуусун кабыл алып, өздөрүн хан сарайга жайгаштырууга буйрук берди. Ал күнү Кашкардын ысык аптабында ысылуунган бийлер өздөрүн араң алаксытышты. Эрте мененки багымдаттан соң, хан сарайдын башчысы меймандарды Ысак кожонун мечитине ээрчитип келди да, алардын күтүп туруусун өтүнүп, бир маалдан соң келип:

-Урматтуу меймандар, кечиргейсиздер? Хазирети кожо «Калеми-Шарифийден» икая баштап, намазга келгендердин суроолоруна жооп берип жаткан экен. Эми ган колу бошоду. Жүрүңүздөр? деп эпилдеди.

Аларды калдайган көк селде оронгон арык чырай, эчки сакалын кырктырып тегиздеткен, узун жаак кожо муриддери менен тосуп алышты. Жайланан отурушкандан соң, ал узун жаагын кыймылдата, оозун күбүрөтүп «кудайы жолуна» узак дуба окуп, бата кылды. Ала чапан жаш өспүрүм бала жез чылапчынды алып келип, меймандардын колуна суу куйду. Досторкон

жайылып, ысык нан, түрдүү даам келтирилди. Досторкон үстүндө сөз башталды.

-Келгиле меймандар! Эли-журт, тууган-урук аманбы? Алланын ак жолунда бөөдө кырсыктан тышкары аман-эсен турасыздарбы? Узак жолдо кыйналбай келдиңиздерби? Кана, даамдан ала отуруңуздар?

-Ырахмат кожом. Ордо, элиңиздер тынчпы? деди Тилеке топтун атынан.

-Аманчылык бийим. Мусулман балдары бир тууганбыз. Бири-бирибизден кабар алуу милдет. Азирети ханыбыздан баштап насип экен, ордонун саябанында, баарыбыз Алла Тааланын буйругу менен бирге жашап турабыз. Мындай күндөрдү кудайым бизге көп атаа кылсын.

Кашкар-Анжиан бөлөк бөтөн эмес. Илгертен катташы бар, Жаамы мусулман пенделерге насип кылган. Алла Тааланын сүйгөн пенделерине ырыскылуу жер. Бөлөк-бөтөндүгү жок. Бир дин, бир дилдеги үммөттөрүнөнбүз. Бири-бирибизден кызматты аяшпайбыз.

-Туура кожом, жерибиз узак болгону менен көңүлүбүз жакын.

-Дап айттиңиз бурадар. Асманда Алланын буйругу, Жер бетинде хандын жардыгы жамыбызга бирдей. Мына шу ишти аткарууга келгенде, айрым бой толгогондор бар. Аларга каршы туруу сооп. Сиздер менен биз бул ишке пайгамбарыбыздын үммөтү катары, биргеликте барышыбызга ыкрарсыздар да? Туурабы?

- Кожом, биз эзелтеден эле ачык айтып, ак сүйлөгөндү жакшы көрөбүз. Ток этер жери, ордонун бизди чакыруусунун максаты эмне?

-Ап-бали, акылман бийим. Сиздер бизди кайсыл иште болсун колдооруңуздарга ишенебиз. Азирети ханыбыз кадам таштаган жак биздин багытыбыз.

-Кожом бу сиздерден бөлүнгөндөр кимдер? Хандын жардыгына каршы болгондорду тагыраак билгибиз келет?

-Бийим, өзүңүз кабарыңыз бар. Бу Кашкар аймагында «кара тоолук», «ак тоолук» деген эки топ, өз саясатын жүргүзүшөт. Бул маселеде бизди колдооруңуздарга ишеним чоң. Буга эмне дейсиз?

-Кожом, бул маселени так эгеси менен бирге чечүү зарыл экен. Анын үстүнө эки топко тең биз калыс болгонубуз жакшы. Кожолорду сыйлап келгенбиз. Мындан ары да сыйлайбыз. Бизди ханга жолуктуруңуз? Масаланы ошондо сүйлөшөлү.

Бул топтун бүтүму болду. Кожо кепти андан ары улай албады. Тоолуктардын кесе айткан жообу, анын башын маң кылып койду. Кожонун үмүтү анжиандыктардан чоң эле. Колдоо алам деп ойлогон. Улуу даражалуунун алдында шу сөздү айтса кандай болот? Ордонун шарапаты көп адамдарды тарбиялаган. Бардык иш «куп» менен бүтүп келген. Хан, анын улук адамдары менен тең ата болуп, тескери сүйлөгөн тоолуктар, ага адепсиздей көрүндү. Шарият жолун такай үйрөнбөй, мамлекеттик иштерге аралашпай, өз билгендерин кылган жапайлар деп, ичинен тилденди. Таалим-тарбия жумшактыкты талап кылбайт. Жооптору терс аяктык. Буларга жакшылык жарашпайт.

Тоолуктар кожонун үргүлөп отурганын көрүштү. Анда- санда термелип коюшунан караганда, ичинен дуба окуп, купуя дем салып жаткандай. Же, уктап калдыбы? Кожонун ойлонуп отурушу, тоолуктарга сырдуу көрүндү. Шарияттын жолунун ой-чуңкурун көөлөп, бийлик үчүн эчендеген жолдорду таап, мусулман адамы жасабай турган, чектен чыккан кылмыштарды жылмалап, кайра сооп ишке айланткан, кожонун кыйдылыгын, элеттиктер билбейт эле. Ошону үчүн, ток этер сөздү айтып, кожо ниеттенип жүргөн иштин ашмалтайын заматта чыгара салышты.

Эчен туюктан жол тапкан кексе кожо, тоолуктарга сыр бербеди. Күбүрөп-шыбырап бата кылган болуп, алдыртан аларды кыйды тиктеп «мен ойлогонумду аткартам. Моюн толгогонуңарга карабайм. Куп дешинер керек» деди ичинен.

-Өкүмдар өзү билет. Азирети Алла Тааланын амири биз айткандай эмес.Алла Таала жана анын сүйгөн пендеси ханыбыз эмне кылам десе өз ыктыяры. Момун мусулмандар алардын амирине моюн толгой албайбыз. Азирети өзү чечсин. Кана, дуба кылалы. Алла өзүн жалга. Ханыбызга нысап, ордобузга оомат, элибизге тынчылык бере көр деп дуба кыла сакалын сылады. Бул сөзүбүз бүттү деген белги эле.

Анжиандык бийлер хандын кабыл алышын күтүп калышты. Аңгыча болбой бийге жигиттердин бири кайрыла кетти

-Бийим, ак жеринен док тартып, Кашкардын түрмөсүндө анжиандык төрт азамат жатканын кабарлашты.

-Ким дегендер? Кайсы уруудан экен?

-Аны так айтышпады.

-Сен териштир. Аныгын бил! Кимдердигин мага айтып кел. Ме, бул иш, пулсуз бүтпөйт. Муну сарпта деп, Кашкардын көк пулунан узатты.

Бий бир сүйлөйт. Айтканы айткандай бүтүшүн талап кылат. Аны жанындагылар жакшы билгендиктен тагылган ишти так, кынтыксыз, бүтүрүп көнүшкөн эле. Жигит шашкан боюнча кабардын аныгын билмекке, чуркап кетти.

-Жигиттер бул тарапка, кандайча келип, кандайча колго түшүштү? Кимдер алар?

Бий ойлонуп отурду. Ошону менен катар кожо менен болгон маеги да көңүлүн алагды кылды.

-Кожо, кожо десе, өзүн пир ойлоп башкаларды теңине албаганын көр. Өздөрүнүн «ак топу», «кара топу» деп бөлүнүшкөнүн кийин, көпчүлүккө жайылтып «ак тоолук», «кара тоолук» аташып бир элди бири-бирине чабыштырды. Анын кесепетинен канчалаган момундар жабыр тартышып, кырдуу бычак болушуп, миңдеген адамдар набыт болушту. Баш айланткан оюндарына бизди да тарткылары бар. Бул иш мусулман баласы жасай турган жорукпу? Биздин ата-бабаларыбыз мындай арамдык ишке барышкан эмес. Алардын

урпактары биз да барбайбыз деп, өз ичинен бүтүм чыгарып отурду. Түш оой баягы жигити келди.

-Ысымдарын билдим. Мендике, Карачоро, Жамгырчы, Така аттуу жигиттер экен.

-Кантип, чын элеби?

Жигит бийдин таң калыштуу суроосуна элейди.

Жалаң тааныш адамдар. Кайдан бул ишк кириптер болушту?- деп ойлонгуча жигит кебин ойлоду.

-Ууруларга жылкыларын алдырып из кууп келишип, каракчылардын колдоруна түшүп калышыптыр. Алар менен кармашып жатышып, жылкыларын кайтарып аларында хандын куралдуу колу барып, Кашкарга алып келишиптир. Бул тарапта жоголгон малдарды алардан көрүшүп, көптөгөн күнөөлөр коюлуп жатыптыр. Көзөмөл катуу коюлуп, түрмөнүн тээ түпкүрүнө алып киришиптир.

-Маалыматтарды кимдерден уктуң?

Баягы сиз берген Кашкардын көк пулун сарптап, алар отурган жайга чейин барып, бетме-бет сүйлөшүп чыктым.

-Эмне дешет?

-Сиздин келгениңизди угуп, аябай сүйүнүштү. Жашоодон түңүлүп калышкан экен. «Буйруса, өлбөйт экенбиз» дешти. Сизге салам да, айтышты.

-Өздөрүнүн мал алдырышканын, далилдей алышбаптырбы?

- Бул тараптан мал уурдагандар, издерин жашырыш үчүн буларга док артып, айгак болушкан окшойт.

-Айгакчылардын кимдигин териштиргендер бар бекен?

-Тезек ууру баш болгон, топтун кылганы дешти. Айтууга караганда, бул ишке сизди да кошушкан окшойт. Хан кабарсыз имиш. Кожолор аркылуу тымызын жүргүзүлүп жаткан иш окшойт дешти.

-Кожолор кошо болушса, коогалуу иш экен. Адилеттик үчүн «ак ийилсе да сынбайт» деген. Иштин жүрүшүн көрө жатарбыз. Тигилердин денелеринде так жокпу?

-Отурган жайлары караңгы экен. Аны байкай албадым.

-Жоголгон малдын саны канча экен?

-Миң жылкы, жүз төө, үч жүздөй кара мал.

-Эмне, төлөтөбүз деп жатышыптырбы?

-Сизди, ушул маселе менен келген окшойт дешти.

Хан өзүнүн жоон топ ордо кишилери менен анжиандыктарды бешим намаздан соң, өзүнүн диванканасында кабыл алды. Эшик аганын чакыруусу менен Тилеке бий баштаган топ кирип келгенде, хан сыпайгерчилик кылдыбы, же меймандарды зор урматтагандыгын билдиргиси келдиби, отурган жайынан туруп келип, Тилекеге кучак жайды. Башчысы анткенде ордодогулар жөн турабы. Биринин артынан бири чубаша келип, колдорун көкүрөктөрүнө ала, ийилишип өтө урматтагандыктарын билдирише, селделери жерге тийгенче эңкейишип, Кол беришишкенден соң, кетеңчиктешип жол бошотушту. Хан Тилекени чыканактан аяр кармап, өзү отурган жайдын оң тарабындагы ардактуу орунга коштоп келди. Диванканадагылар жабыла бата кылышып, ал-жай сурашышып, баш ийкешти. Аңгыча болбой хазирети алым-мударис, хан сарайдын муфтийи кыраатын келтире узун сүрөөсүн окуп, ордону башкарып, ааламдан көзү өткөн хандын ата-бабаларынын, момун-мусулман, алым-машайык, кожо-эшендердин, ыйык пайгамбарлардын атын жана алардын ата-бабаларынын арбактарына арнап, акырында өкүмдардын өмүрүнүн узун, бийлигинин чексиз болушун, хан ордосуна каршы чыккан душмандардын тилектери таш каап, жаамы мусулман пенделери ыйык туткан Кашкар хандыгынын зоболосу бийиктей беришин кудайдан тилеп, жүзүнө бата тартты. Отургандар аны жабыла кубатташты.

Ордодогулар бир азга дымый түшкөнүн хандын суроосу бөлө кетти.

-Бийим, биздин ал жайыбыз менен кабардар болсоңуздар керек?

-Ооба, сиздер тараптан барган кербенчилер аркылуу, маалыматтар жетип турат. Биздин тилегенибиз да тынчылык.

-Ошол тынчтыктын болушунда биздин ордо чоң кызматты аткарат.

Канчалаган тополоң болуп, ээн баштар чыкты. Аларды бастык. Чинь мамлекети жана алар аркылуу өтүүнү көздөгөн Жаворпа өлкөлөрүн өзүбүзгө жолотпой турабыз.

- Кабарыбыз бар. Сиздердин саясатка чет тараптардын кийлигиши бизди да санаага салды. Аа ички саясатыңыздарга кийлигише албастыгыбызды өзүңүз туура түшүнөсүз.

-Туура айттыңыз, бийим. Сиздер менен байланышты дагы да, чыңдаш үчүн соода ишин күчөтөлү. Бирок, ууру-каракчылар кийинки күндөрү көбөйүп баратат деп угабыз?

-Ордо эгеси, ушул маселени туура козгоп турасыз. Болбосо, мен айтайын дедим эле. Ууру-каракчыга жан тартуу болбосун дейли. Маалыматтарга караганда «Ордо аскерлерине ат улоо керек» дешип, көрүнөсүн көрүнө алып, уурдап-карактагандар билинсе, «ордонун тапшырмасы» дешип, ордого шылтагандар, бизге да жетип отурат. Сөзүбүз кур болбосу үчүн далилин айта кетейин. Кечээ жакында ууру-каракчылар биригип, Анжиан аймагындагы үйүр-үйүр жылкыларды сүрүп келип, сиздер тарапка өткөрмөк болгондо, «аны байкагандар» аркадан келишип, ажыратууда аябай запкы жешиптир. Ордодон куралдуу кол барып, куугунга келгендерди уурулардын тукуруусу менен туткундашып абакка камашканы менен кабардар болсоңуз керек?

-Бийим, бул сөзүңүз туура чыкса, абактагыларды жазасыз бошотомун. Бул ишке кийлигишкен ордо адамдары болсо, сиздердин алдыңыздарда жазалайын.

Хан белги бергенде, заматта аскер башы пайда боло калды да ийиле келип, туруп калды.

-Лапбай таксыр?

-Анжиандык уруулар Кашкар аймагына мал ашырганы ырасбы?

-Ырас, амирзаадам.

-Артынан кууп клгендерди эмнеге туткундадыңар?

-Ошондой тапшырма болду.

-А уурдап келгендер кайда?

-Малдарын айдап, из жашырып кетишкен.

-Азыр барып, абактагыларды бошоткула!

-Куп болот өкүмдарым.

-Ууруларга көрсөтмө берген ким экенин билесинби?

-Аны билем десем, сиздин жана кудайдын алдында күнөөкөр болом. Билбей айтып, бирөөнүн канына забын болбоюн деп коркконуму моюнума алам, таксыр. Бирок мендей пендеңизди кечириңиз? Уурунун айтканы өтө далилдүү болоорун өзүңүз мага караганда жакшы билесиз.

-Ошол ууруну мага жеткир!

-Куп болот, өкүмдарым.Сиздин буйрук, Алланын буйругу.

-Ордо эгеси, аскер башыңыз өзүңөр тараптагы ууруларды тапсын. А биз тараптагы уурулардын башчысын сизге мен жөнөтөйүн.

-Бийим, бул сөзүңүздү макул көрөм.

-Бирок, өкүмдар, ордодо туруп, урууларды калкалагандарга кандай өкүм кылаар элеңиз?

-Өкүм чыгарууну мен сизге ишеним берем.

-Ишенимизге ыраазыбыз.

-Бийим, кептин ачыгын айтканда сиздердеги болорман балдарды бизге жөнөтүңүз?Ордо тартибин үйрөнүшсүн. Таалим-тарбия алып окушсун.

-Туура айттыңыз өкүмдар. Окуп-билим алганга не жетсин. Бул маселени өзүбүздүн бийлер менен кеңешип, жообун берели.

-Алык-салык маселесин ак чечишели. Көптөн бери ордого салык бере элексиздер. Муну өзүңүздөр билишиңиздер керек

эле. Букаралардын санын алуу, ар аймактын бийлерине тиешелүү экендигин тактоону, ордо сизге ишенип тапшырат.

-Ордо эгеси, мунуңуз жүйөөсүз бүтүм. Биз сиздердин букараңыздар эмеспиз. Алакалаш коңшубуз. Алык-салык маселеси, ортодо чыр чыгарууга себеп болорун эсиңиздерге алсаңыздар. Көптөн бери кербендердин коопсуздугун мойнубузга алып келдик. Эгер чыр чыга турган болсо, соодагерлердин жолу буулат. Бул маселеде сиздер күнөөкөр болбойт деп ойлойбуз. Бүгүн ачык айтууну туура көрөм. Сиздерге кол куушуруп келген жокпуз. Коңшулукту, ордону сыйлап, тартуу менен келдик. Ал эми калмактарга колтук ачып отурушуңуздар, бизге жакпайт. Алар бизге ата-бабаларыбыздан бери душман болуп келишкендигин жакшы билесиздер. Мына, анжиан аймагынын билармандары, айтышсын. Кашкарга алык салык төлөйсүңөрбү?

-Жок, төлөнбөйт. Чырдашпайлы дешти, жабыла.

Ортодогу мамиле улам муздап баратканын байкаган хазирети муфтий ортого түшө жайкай кетти.

-Урматтуу өкүмдар, азиз меймандар!Мусулманчылыкта чырдашууга жол жок. Бардык иш кудайдын буйругу аркылуу бүтөт. Пендесине не насип эткенин эч ким билбейт. Сабыр кылуу илаазимдур.Калма келтирүүнү унутпаңыздар.

Хан маселе бул жайда өзү ойлогондой чечилбестигин түйду да, тоолук бийлердин көңүлүн алууга шашты.

-Азиз меймандар, биздин эскиден бери мамилебиз бар. Тартууңуздарга ыраазыбыз. Байланышты дагы да жакшырталы. Базарыбыз сиздер үчүн ачык. Базар пул анжиандыктардан алынбайт. Бир кербен жүгү сиздерге соога болсун. Амалекин, бийлер ууру-каракчылардын жазасын берүү бүтүмүн эки тарап тең колдоорубузга чоң ишеним билдирели.

Эшик ага анжиандыктарды сый тамакка чакырып, сыртка жол баштады.

****

Түрмөдөн чыккан төртөө Тилекени чыдасыздык менен күтүп турушуптур. Кучакташып көлүшкөндөн соң, Тилеке аларга кайрылды.

-Кана, жөн-жайыңарды түшүндүргүлөчү?

-Баягы өзүңүз билген Тезек ууру ар айылдагы колу туткактарга байкоо салып жүрүн, ар бирин өзүнө тартат. Жылдырып мал уурдатып, өзү суу кылат. Кашкар тараптагы ишеничтүү досторуна өткөрүп берет. Ал тараптан уурдалган малды, Анжиан, Паргана, Ташкентке чейин алып барып саттырат. Аны байкаган Така бийге берген убадасы боюнча, эски кесибин таштап дыйканчылык менен жан бакчу. Ууру-каракчылардын жөн-жайын түгөл билгендиктен Тезектин тобун тыймак болуп, өз оюн шериктерине билдирет. Тезек баягы «токумун жеген» шакирттерине мал чогулттуруп, Кашкар, Катуу-Багыт тарапка айдаарында Така Жамгырчыларга билдирет.

-Уурулар Кызыл-Сууга жете бергенде аркадан келишип, кечүүгө келген малды кайтарышат. Мал талашкан эки тарап, катуу салгылашып жаткан чакта хандын азын-оолак колу аларга кезигет. Андан пайдаланган Тезек тигилерди «ууру» деп, өзүн малын алдырган байкуш катары көрсөтүп, кутулуп кетет.

-Тезек кайда болду экен? Бий суроо салды.

-Ал ууру, малды кайра аркага айдап кеткен жок. Алайдын кең жайлоосунун бир жеринде, көпчүлүктүн көзүнө көрүнбөстүн аргасын кылып жүрөт деди Жамгырчы.

-Анын кай жерде жүргөнү, эчак эле белгилүү болгон. Болбосо карга-кузгун оңой эле таап берет деди Така.

-Карга –кузгун кантип таап берет?

-Тезек шериктери менен ачка жүрбөйт.Туу калган бээлердин бирөөсүн жара тартат. Кандуу-булоон кылган алардан карга-кузгун кешик аңдыйт деди Карачоро.

-Анда, алардын ырыскысына бизда шерик болот экенбиз. Уурулар эч жакка качып кете алышпайт деди бий ишеничтүү.

Кашкардан чыккан топ, канча жолду артка калтырып, Көк-Сууга жете келишти. Айткандай эле чайыттай ачык асманда кузгун-жорулардын айланып жүргөнүн көрүштү. Топ-топ жылкылардын караанын улай келишип, кандуу булоондун үстүнөн чыгышты. Аларды көргөн уурулар алдастап калышты.

-Бекер убара болбогула. Таш кордо кылган этиңерди шашпай жей бергиле деди Така.

****

Жер бетине жан киргизген жаз ортолоп калган. Айдын жаанчылдыгынанбы кургак жер калбай, жада калса таштын бетине да, көк чыгып, аймактын баары жашыл. Күкүк тынбай үн безеп, булбул шаңшып сайрап, өрөөндүн ичи өзгөчө шаң. Ак баш тоолорду этектеп келип, абышканын этегиндей болуп жайыла кеткен түздүктүн башталышындагы дөбөнү эл Чеч-Дөбө дешет. Ал кандайча аталып калганына эч ким маани да бербейт. Бирок, анча мынча кызыккандар, ар дайым жыйын болуп, масилатка келгендер маселени ушул жерде чечишкендигине байланыштуу «Чеч-Дөбө» аталса керек дешет. Айткандай эле көптөгөн уруу башчылары, бийлер жыл болбосо да, эки-үч жылда бир жолу ушул жерге келип, жыйын өткөрүшөт. Өнбөгөн доону өндүрүшүп, урушуп-чабышкандарды ушул жайда элдештиришет.

Бүгүн да, таң эртеңден баштап, ар тараптан топ атчандар, Чеч-Дөбөнүн этегне келип, улоолорунун ээр-токумдарын алып, жайгаштыра башташты. Мурда келген жаштар кийинки келгендердин аттарын алышып, тизгиндерин ээр кашка илип, басмайылдарын бошотушуп каңтара байлап жатышса, айрымдарын тушап, аркандап, же узатасынан байланган керме арканга чылбыр чалып, айрымдары оздурук чыгара бош коё берип, дөбөнүн айланасында аттардын карааны улам көбөйө берди. Күн ачык болгондуктан көпчүлүгү үстүндөгү чепкендерин кыдырата коюлган ээр-токумдардын жанына бүктөп коюшуп, жеңилдене желекчен дөбөгө чыга келип, бири- бири менен учурашып жатышты.

Топтогулардын кийген кийимине карай, кимиси тооолук, кимиси чөлдүк экенин айкын байкоого болот. Тоолуктардын көбү алчыланта ак калпак кийишсе, чөлдүктөр баштарындагы топуларын чарчылары менен орой байлап, анча-мынчасы ачуу тийген күндөн аярлай чекелерине аткулактын жалбырактарын кошо бойлап алышкан. Же, белдерине эки-үч түстөгү курду кош-коштоп курчанышкан. Килемдей түрлөнгөн көк чөптүн үстүндө топ-топ болуп отурушуп, тоолуктар байлана келген кол чаначтардан куюлган кымыздарды жан аякка толтура сунушуп, бири-биринин ал жайларын сурап жатышты.

Жыйналгандар акырындап барып жаңылык сурашып, күлүк ат, алгыр куш деги эле эч нерсе калбай, улам ортолук уу-дуу боло, биринин кебин бири басып кетип жаты.

-Кана, билермандар түгөл келиштиби?–деп Тилеке суроо салганда отургандар дым боло түштү.

-Баары эле келишкендей болду го-деди арытан бирөө.

-Оң-солдон, ичкилик туугандардан ким жок?

-Өкүмдар түгөл эле. Кечиккендер келип калаар.

-Анда, жыйыныбызды баштай берели-деп Тилеке обдулду. Бүгүн Анжиан-Аксы аймагындагы эл башчылары чогулуп отурасыңар. Жыйынды баштаар алдын, бир-экөөңө суроо бергим келет?

Топтогулардын баары кулак түрүп калышты. Анча-мынча дөбөнүн этегиндеги аттардын жөткүрүп, бышкырганы, бири-бирин жыттап жер чапчыша окурангандары гана угула калып жаты.

-Кадыр бий, сиз айтыңызчы эрдин куну кандай? Отургандардын кулагына жаңылап коёлу-деди Тилеке мундуздардын бийине суроо узатты.

-Эреже боюнча эрдин куну төрт кесим.

-Ко-ош?

-Кун жылкы эсебинде өндүрүлөт. Асый, бышты, кунан, тай эсебинде белгиленип, саны боюнча үч жүз жылкыга барабар болот.

-Тагыраак айтканда ?

-Ар бир жүз жылкынын жыйырма беши асый, жыйырма беши бышты, жыйырма беши кунан жана жыйырма беши тай деп атап жүрөбүз.

-Аялдын кунучу?

-Аялдын куну да төрт кесим иретинде жүз элүү жылкыга барабар.

Туурабы көпчүлүк?

-Туура.

Эрмат бий, айыптын тартибин айтыңызчы?

-Калың алып, кызын бербей койсо, же доолаганда алган калыңын кайтарып бербесе, анда күнөлүү киши «эриш бузган» айыбы үчүн он эки байталды, бир айгыры менен кошо берүү милдеттүү-деди кесектердин бийи Эрмат бий.

-Кандай иш кылса айып тартат?

-Көз чыгарса, тиш сындырса, Кулак кессе, кол сындырса, уурулук кылса, төрт кесим иретинде жүз элүү жылкы айып тартат.

-Эр өлтүргөн, же бийлердин чыгарган өкүмүн аткарбай. Кун төлөбөгөндөргө кандай жаза колдонулат?

-Башка уруулар чогулуп келип, кун төлөөдөн баш тарткан урукту чаап, талап олжолоп кетсе болот.

-Ап-бали. Туура айттыңыз бийим. Көпчүлүк! Өлгөндөн клган мурас, жесир доо, жетим акыларын ар бир уруу бийлер өзүңөр эле чечип жатасыңар. Бул иштерде наразычылык болсо да чечербиз. Мен силерге дагы бир суроо бергим келет. Кандай адамды баатыр дейбиз?

-Оокат таап келип, элин бакканды-деди басыздын бийи Жанаалы.

-Башка жерден, башка элден жылкы тийип, кармашып жүрүп колго түшпөгөндөрдү баатырдейбиз- деди черик Арзыкул.

-Кандай адамды ууру дейбиз.

-Өз элине тийбей, башка эл, башка жерден мал уурдагандарды- деди саруу Кошали бий.

-Анда баатыр менен ууру бир экен да ээ, туурабы?

Отургандардар бири-бирин тиктешти.

-Жок. Баатыр таза болот. Ал уурулук кылбайт. Кынтык, кыянаттык иш кылбай, ак дили, эрдиги менен элин-жерин коргойт. Жетим-карыпка жөлөк болот-деди кушчулардын бийи Төлөгөн.

-Ууру менен каракчынын айрымасы барбы?

-Бар-деди наймандардын бийи Үркүнчү.

-Каракчы каратып туруп, карактап, тоноп алат. Ууру билгизбей, көрүнбөй малын, жакшы буюмун катып алат.

Отургандар дуу каткырышты.

-Туугандар! Биз ууру-каракчыларга өзүбүз кол кабыш кылып «баатыр» атап, даңкын көтөрөт экенбиз. Алар ар бир пенденин таман акы, маңдай тери менен тапканын, кан-какшатып уурдап-тартып алышат. Аны алып келип элди багышабы? Жок. Кайсыл эле каракчынын, уурунун коңшусу, тууганы жарып кеткенин көрдүк.

Бийлер, билармандар! Ар бир урууда даңазалуу уурулар-каракчылар бар. Аны көрүп билип жүрөсүңөр. Ушул күнгө чейин алардын кылык-жоруктарын жашырып келдиңер. Ошонун кесепетинен эл арасынан мал жоголуп, бей-бечера тонолуп жатат. Муну эске алалы, теске салалы. Тыйгыла! Болбосо, кайсыл бир топтон ууру кармалса, ошол топтун мал мүлкүн талоонго алдыралы. Макулсуңарбы?

Көпчүлүк бийлер баштарын жерге салып тунжурашты. Себеби, ар бир уруудан тестен чыккан, тескери баскан, тентектер, оңой оокаттын кызыгына баткан ууру-кескелердин бар экендиги көпчүлүккө маалым эле.

-Дагы бир маселени эсиңерге сала кетейин. Ар бир айылда жер тырмап, дыйканчылык кылган жатакчылар, курама топтор бар. Аларга өктөмдүк кылып жерин-малын алып, данын тоноп, кордоп жаткандарды экинчи укпайлы. Ынтымакка баш бириктирип, жарды жалчыларга жардам берели. Бая мен айыпты, кунду, бекер силерден сураганым жок. Эсиңерге салайын «эстүүлөр билип алсын» дегеним. Көз жашы көлдөгөндөрдүн убалы кимге? Ууру-каракчы жалгыз эмес. Алардын ишенгени, сүйөнгөнү бийлер силерсинер. Мына, атагы алыска кеткен Тезек ууру ар бириңе барып, сыйыңарды көрүп «каалагандай эркелеп жүрөт». Муну кимиңер «кой, ай» деп тыйдыңар? «Калк айтса калп айтпайт». Тезек ууру өзү мактаныптыр, «Анжиан, Аксынын бийлеринин ооздоруна кулпу салганмын» деп. Анын тапканына силерди ортоктош десем макул көрөсүңөрбү?

-Бий, ууруга бизди кашыкташ кылбаңыз? деди тейиттердин бийи Сатымкул.

-Макул. Анда Тезектин өзүн чыкыралы. Кимдер күнөөлү экенин айтып берсин.

Бийлерден сөз чыккан жок. Ошол кезде арык аттын ээрине тескери минген Тезекти бирөөлөр ортого алып келишти.

-Эл башылар! Уурулардын башчысы Тезекти баарың тааныйсыңар. Кана, кимиңин канча малың жоголгон? Тезекке айткыла мойнуна алаар бекен?

Тезектин эл караган жүзү, өзгөрүп да койгон жок. Кайра ар бир бийди теше тиктеп, сынап отурду.

-Бети кызарып да койбойт кысталак деди отургандардын бири күдүрөп.

-Уяты болсо, уурулук кылмак беле-деди аны дагы бири коштой.

-Уурдаган малдарын кантип төлөйт? деди арытан бирөө

-Колу менен жасадыбы башы менен тартсын.

-Бий, ууруга кандай жазага колдоносуздар?-деди отургандардан бирөө.

-Жазаны силер бергиле. Ким малын алдырган болсо доолап алсын деди бий.

-Кимдин, канча малын төлөйт. Тезек өзү айтсын-деп кыйкырды бирөөсү.

-Мен эч кимден мал карыз эмесмин. Же менин уурулугумду көрдүңөрбү, деди. Тезек бети чымырап койбой, отургандарга кайрылып. Кимиңе жамандык кылдым? Малыңарды мен алсам, айткыла! деди Тезек кыйкыра.

- О, жүзү кара, бети жок! «Ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат» дегени чын тура. Дагы, сыпайы көрүнүп сопусунат. Маңдай теримден тапкан ак малымды алганың жалган беле? Канчалык көргөн-билгендерди барып, күбө кылсам, кайра өзүмө док артып «ким көрдү кылып коём» деген сен белең? Ууру экениң жалганбы? Күн алыс жылкы сүрүп келип Анжиан, Пargананын базарында саттырасын. Ал эмне атаңдан калган мал беле? деди Наймандар тобунда отурган абышка.

-Ал алжыган.Көк мээ чалга ишенбегиле деди Тезек.

- Чалдан айлан акмак. Бети жок. Сага ырайым болбошу керек. Сенин кесириң тийет. Ууруну аябагыла, палит ишине жаш блдарды үйрөтүп жүрөт. Таш баранга алгыла, башкаларга сабак болсун-деди басыздар тараптан бирөө.

-Ууруга боор ачыбагыла! Көзүн оюп, колун кескиле деди отургнадардан бирөө.

-Жок. Буга колуңарды булгабагыла. Кашкардагы уурулар менен байланышып, кыргыздарды жаманатты кылды. Кашкарга өткөрүп берүү керек!

-Туура, жазасын Кашкардыктар берсин-деди көпчүлүк чуурулдап.

-Кашкарга жайдак атка тескери мингизип, айдагыла. Жолду ката эл көрсүн. Шермендеси чыксын дешти.

-Билармандар! Элдин малын уурдагандарды кубалап барган биздин төрт жигитти «Уурулар ушул» деп жалган жала жаап, Кашкар ханына кармап бергени үчүн, Тезек баш болгон ууруларды Кашкар ханына жөнөтөлү. Ал жактан кайсыл уурулар менен байланышын териштирсин. Буга эмне дейсиңер? деди Тилеке отургандарга кайрылып.

-Туура бүтүм. Уурунун жазасын ошолор берсин дешти көпчүлүк.

-Туугандар, туугандар! деди Тезек шаштысы кете. «Тууган сөөгүн кодобойт» дейт элибизде. Өзүңөр соттогула! Баарын мойнума алайын. Жоголгон малыңарды төлөйүн. Кашкарга бербегиле? Айланайын көпчүлүк, мен силерден суранайын? деп Тезек аттан боюн таштап жерге тизеледи.

Эч ким анын сөзүн сүйлөгөн жок. Жан талпаска түшкөн Тезек жалынгандан эч нерсе чыкпасын түшүндү окшойт.

-Э жакшылар, бийлер! Ушундай экен да? Менин ишим жүрүшүп белимде дилде, курумда пулум турганда, атымды эркелетип «Теке, Теке» деп «колуңда береке, жолуңда оомат бар» деп, жонумдан таптап, колтуктап аттантып алыста жүрсөм атайлап ат чаптырып, чакыруу жөнөтүп кожо колдогондой колдободуңар беле?

Канчаңар үйүмө келип, жайылган дасторкондон даам татып, чүйгүн-чүйгүн казы-карта, чучуктан кесип жеп «бул ишке жарап бер? тиги ишти бүтүрүп бер»? деп, кудай жолунда дос, катташ бололу деп суранбадыңар беле? Кана, айткылачы, бириңе жок дедимби? Жок дебедим. Колумдан келген күчүмдү аябадым. Күнү-түнү тынбай силердин бир ооз кебиңер жерде калбасын деп жүрдүм.

Отурган бийлердин бирөөсүнүн оозунан сөз чыкпады. «Менин атымды оозанып, айтып жибербей эле» дешип күнөөлүдөй жер карап, баш көтөрө албай отурушту. Бирөөсү калыс сөз айта албады.

-Даамдаш болуп, ашымды ичтиңер эле. Эч болбосо «дос элек, катташ элек» деп айткылачы? Мен бергениме сыйымды колко кылбайын. Кешиктеш болгонубузду айткылачы?... Жакшылыгым бардыр, айткылачы?...

Бийлер таштай болуп тунжураштьı. Тезек отургандардын бирисинен да сөз чыкпашын туюп, түшүндү окшойт. Оор күрсүнүп алды.

-Тузума койдум, силерди. Тузум урсун! Көрсө, эл бийлеген биларман, бийлер менен катташмын, кашыкташмын, сыйдын ээсимин деп, алданып жүргөнүмдү билбей, бей-бечераларга текеберденип жүргөн экенмин. Мен карышкыр, силер жору-кузгун экенсинер! Мейли, аман болсом, силер менен бир көрүшөрүм бар-деп ишенген бийлеринен түңүлдү окшойт, жер караган бойдон дудук кишидей мелтейди.

Кашкарга кетчү топ, ууруну жүгү жок төөгө мингизип жетелей жөнөштү. Топтогулар этектерин күбүнүшө турушуп, ар кимиси улоолорун көздөй басышты.

****

Жакадан сыртка көчкөнгө чейин эл жарыша камданып зарыл иштерди бүтүрүп, анан соңгу жайлоого чыгышкан. Коктусунда койлор ыңкып желе-желе бээ байланып, өтөктө уйлар, тээ бийикте субайлар жайылып тоолуктардын ар бир үйүндө кымыз, эт батпай өткөн-кеткенди, ой-боюна койбой “түшүп кет” деп, чакырмай. Баглан козу союлуп, серке чаначтарга кымыздар толуп, күндө шерине, үлүш, барчылык ар бир үй-бүлөдө бапырап, пейил кеңейип турган чак.

Белестеги бетегелер сеңселип. Тоо бети жашыл кымкап жамынып, кызыл-тазыл ар түркүн гүлдөр көздүн жоосун ала -леп этип жел жүрсө буруксуган гүлдөрдүн жагымдуу жыты магдыратып көөдөндү эргитип, көңүлдү сергитет. Бүркүтү тоо баштарын чалып ителги-куштар кайкып учуп, улары таңшып, кекилиги сайрап, күкүгү үн безеп, ар жылгадан түшкөн суунун шаркырагана кошул -ташыл. Аркар кулжалары аска-зоодо

ээрчише чыгып, улак-текелери ташта ойноп, колотунда элик бакырып, черлүү токоюнда кабылан, аюу күркүрөп тоо койну өзүнчө шаң.

Так ушул тоо ичи ыңкып турган чакта, алыстан суук кабар келип, тоолуктарды ичиркентти.

- Жоо басты! Чак-челекей түшкөн эл. Кооптонгон айыл. Эл башы, бийлер элди тескеп, эр азаматтар шайланып, айылма-айыл ат чапмай, кылыч курчутмай, шылк этме, токмок жасамай.

- Жоо чапты деп эл үркүп, орун которула сүрүлүп, Арка кыргыздары Анжианды чектеп алды келе баштады. Ар-ар жерден кабар угулуп, "тиги жерде тосуптур", "тигил жерден өтүптүр" деген имиш-имиш көбөйдү.. эч бири «Жоону таканчыктап кармап турат», «Артка сүрүптүр» деген кабар угулбай, жан соогалап качып келгендердин саны улам көбөйүп баратты.

- Шайма-шай туруп, эл коргойлу деген Тилеке чар тарапка ат чаптырып, эр азаматтарды бириктирип топтомокко кабар берди.

- Туура бүтүм. Баш бириктирбесек болбойт дешкен билермандар колдоп, барар мезгилди болжоп, кабарын билдирсе, кээлери

- Жоо бизге кайдан жетмек эле. Андан көрө, бул жерде эртерээк көчүп, тоо- ташка сүңүп кетели –дешип, малын айдап, жүгүн жүктөп, кетип жатышты. Аркы-берки деп шайлангыча, курал топтоп камдангыча, сүрүлө калган топтордун артынан түнү-күнү жүрүп, жоо алды жете келди.

Өмүр бою согушуп, бөтөндөрдү талап-тоноп, чаап, кынык алган жоонун согуштук тартибинде биринчи тобу чалгындап өтөт, экинчи тобу чаап, бүлгүндөп өтөт, үчүнчү тобу талап-тоноп өтөт, төртүнчү тобу туткундап-байлап кетет. Буларга каршы кармашканы чапкында өлөт. Калганы талоондо болот, жарадар алсыздары туткунда калат. Бул жапайы тартип тоолуктардын эстерин энгиретти. Чабылган айыл, чачылган калаа, тонолгон эл, томурайган жансыз дене, туткундар ушууну баамдашты. Чоң-тополоң, атадан баланы, аялдан ээрин, бир туугандарды бири-

биринен ажыратты. Аман калгандар гана бири-бирине эриш - аркак.

- Оо калайык. Баргыларга баргыла! Тилеке бий эр азаматтарды топтоп жатат деген чабармандан соң Анжиан аймагындагы жашаган кыргыздардын оң-сол, ичкилик урууларынын өкүлдөрү: он уул, отуз уул кыргыздары түгөл шайланышты. Жоону тосуп кайтармакка келе башташты. Ар бир топко он башыдан баштап, миң башылар дайындалды. Бул учурда бийдин бийлиги өтпөй жалаң эр жүрөк кашкой баатырларга жол берилери эми билинди.

Жаллы бийлик Тилекеге берилди. Жоо беттеп, элди коргош өзгөчө даярдыкты талап кылаары белгилүү. Кыргыз баласы алабарман, жалаң төш кайра тартпаганы менен душманды тосууда, бет келишкен айкашта сабырдуулукту жана айла-илени талап кыларын эстен чыгарбады. Эң негизгиси акыл-айла керек. Жоокердик өнөрдүн көп кырдуу сыры ашык атат. Бала кезинде Бакал абасы айткан согуштук тажрыйбасын эсине алып, кылдат талдап чыкты.

«Жоокерчилик заман эркектин баарын жоокер, жоокердин баарын баатыр болуусун талап кылат. А дегенде сен өлтүрбөсөң сени өлтүрөт. Жебе болуп атылып, кылыч болуп чабылып чамынсаң гана ийгилик сен тарапта болот. Андан мурун да, шартты байкап, кырдаалды туюп, чабуулга өтүү оң натыйжа берери анык. Согуштук өнөр да чебердик,астейдилдик, сактангандыкты талап кылат. Кокустан өрөпкүп акылыңды алдырсаң, кылчактап жүрөктүн үшү кетип, коркуп турсаң душмандын жеңгени, алдырганың ошол. Ажалдын жеткени дей бер. Көпчүлүк менен бир болуп, бир багытка умтулуудан өкүмдүк пайда болот. Жаалданган күч, каардуу айбат, туруктуу кайрат жаралат. Мындай соккудан ким кутула алат.

Бабалар аны эреже кылып жазган эмес. Биринен бирине, улуудан кичүүгө жуккан согуштук өнөр. Айныксыз тажырыйба. Жоо тебелеп-тепсеп, талкалап-сүрүп келе жатканда капыстан

буктукрмадан кол салуу, аны алдастатып, багытын өзгөртүүгө, же токтоп калууга аргасыз кылган. Катуу күчкө капталып, алдастап турган душманга ит урушун салууда шайдоот жаш жигиттер жоонун ар тарабына агылгандай чабуул коюп, алар күчтөндүрбөй, тийип–качып жазгырып, арттан кууп бириндей баштаганда кайрылып чабуул коюп, арттан кууп бириндей баштаганда кайрылып, сокку берүүдөн душман кайыккан. Жоо күчү басымдуулук кылганда ар тараптан тийип качып, анын багытынан жазгырган ыкма болгон. Андайлардын көбүн Бакал абасы кулагына кумдай куюп, кайра-кайра эсине салган.

Тилеке бий ар бир топтун көргөн камылгасын, жоо тосууга болгон даярдыгын көздөн өткөрүп, текшерип чыкты. Көбү жоо алдынан тосуп чыгууга, бет келишип салгылашууга шайма шай эмес. Ок өтпөс соот, туулгалары тургай калкандары жок, жеңил кийинген. Болгон жарагы долоно, четинден ашталган найза, көк союл, арча, кайыңдан жасалган токмок. Убакыттын тардыгынан жана темирдин жоктугунан кылыч, чокмор, ай балта бир шилтем чанда гана биреөлөрүндө бар. Ал да болсо ата-бабалардан калган, кастарланган эстелик эле.

Убактылуу бейкут мезгил, көп жаштарды жоокердик жашоодон азгырып, бейкам кылып койгон эле. Ошондуктан күнмө-күн, түнмө-түн эркек аттууларды тындырбады. Күн тынымына, түн уйкусуна алдырбай бири-бири менен кармаштырды. Агытылган аттар тутулуп келинип, түнү менен таң ашырылып, күнү ээлери менен машыктырылды. Семиз аттар сүмбөдөй, эткел эркектер сүргөндөй болуп, табына келе башташты. Чыдай албаганы чымындан качкан чобурдай болуп, ар тарапка жашырынууга аракеттениште. Анткен сайын алардын жанын кыйнап, алдуулар менен алыштырды. Ар бирин тик тургузуп, кулагына кумдай куюп, эрдикке шыктандырды, эркин курчутту.

- Басып кирген жоо, эч кимди аябайт. Алардын максаты талкалап, тартып алыш. Болбосо бастырып, байлап алыш.

Туткун болсоң аргасызсың. Ажалыңдын жеткени. Катын-балаң колго түшсө эркегиң кул, аялы күң. Алардын эрки жок, наркы жок, малдай да баркы жок. Ок коротпойт, күч жумшабайт. Каалагандай азапка салат. Душманга кар болбойм десең, алыңдын жетишинче кармаш. Өлүп баратып да бирөөсүн ала жат. Корксоң да өлөсүң, коркпосоң да өлөсүң. Коркконуң кордук, жалтанбаганың эрдик деп айтты.

Бала-чака, катын калачты–«Аман калган жаның аманат, ажал жетпесе жүз көрүшөрбүз, өлсөк чын дүйнөдө кезигебиз» дешип, - «Алайдын аска-зоолоруна баргыла» дешип, жоо жолун тосууга аттанышты.

Калмактын хан тайчысы Галдан Бошоктун кара таандай каптаган колу Ошту көздөй түрүлүп келе жатты. Ажыдардай алкынып, туш келгенди тозунтуп, селдей каптап, жалындай өрттөп, качканды куткарбады, жолукканды сак койбоду.

Калмак капсалаңынан калкты сактоодогу эрдиктери эл оозунда айтылып жүргөн эр азаматтардын ысымдары кагаз бетинде, жазылбай, айрыкча кыргызды адеп-ахлагынан, каада-салтынан азгырган учур келип, куйма–кулак эчендерди, оозунан бал тамызган чечендерди тумчуктуруп, адаштырган арак чыкты. «Айта беришет. Ал жомок» - деген, аңкоо, кайдыгер арабөктөрдөн улам, элдин алтындан кымбат байлыктары жүргөн шамал, аккан суу болуп кете берди.

Туулуп-өскөн ыйык жерди, кандуу буттары менен булгаган калмактардын каарына карабай кыргыздын отуз уул, он уул, кыпчак, найман, төөлөс ууруларынын эр азаматтары каршы турушту. Кандуу кармаш бир топко созулду. Бирде калмактар көптөп, бирде кыргыздар өмөктөп эки колдун айкашынан Ош жеринин топурагы канга жуурулду. Аз кыргыз өз жеринин шартын туура пайдаланып, ар колоттон чыга калып, буктурмалап тосту. Куугандарды толгомого салды, жайма менен чабуулга өтүп «бетме-бет» салгылашып душмандарды артка сүрүүдө жан аяшпады. Теңдеши жок кармашууда күч барабар эмес эле.

Галдан Бошоктун Ошко багыттаган колу элүү миңден ашып, алыска атчуу ар кыл мылтык, замбиректери арбын болчу.

Тарсылдаган ачуу үн, бутага мээлеген замбиректердин октору тоолуктардын үшүн алды. Эзели көрүп-билбеген, атын укпаган «укмуштардан» улам, жер куурулуп, топурак чаңып, заман астын–үстүн болгондой сезилди. Топту тоздурган тополоңдон тоолуктардын аттары үркүп, ээлерине баш бербей ала качты. Муну байкаган Тилеке чабуул коюга кайрадан даярданып жаткан колун токтотуп

- Артка! – деди

- Кантип? Кыргыз жоокерлери аң-таң аңкайышты.

- Колду даяр бүта кылып берип, кырдырып алгыдайбыз. Буктурмага өтөлү. Наймандар Сары-Жондон чыксын кыпчактар Керме-Тоодон каптасын, төөлөстөр Миң-Дөбө тараптан, аркасына өтсүн, мундуз,кушчу, саруу туурасынан чапсын, басыз, коңурат, жооштор оң тарапка өтсүн, адигине балдары маңдайдан чыксын, калмактарды ар тараптан алаксытып, ажыдар-жыланды кумурска талагандай кылалы - деп, буйруду.

Кыргыз колу баягы бабаларынан калган ыктарына салып, калмактын бир үшүн алды. Жик таппай, көлкүп турган жоо селдей толкуп, жик издеп иримге айланып, бир жайдан жылчык издеп, бар күчүн ошол тарапка бурду. Эңкүүлөп Анжианды көздөй сүрүлдү. Качкан калмак, кууган кыргыз заматта Ош үстүнөн кара булут сүрүлүп, эңкүүлөп кетти. Талкаланган аймак, таланган айыл, чабылган эл, чачылган өлүк.

- «Качкан жоону катын алат» -аягына чейин чыдайлы. Азыр барсак Анжиандыктар да жоону тосуп бизге кол кабыш кылат. Колду чогултуп каптап кирген деген Тилеке жүз башыларды топтоду.

- Баатыр, Оштон жоону сүрдүк. Жоокерлер чалыкты, аргымактар арыды. Эртеңге чейин эс алалы?!

- Кармашта карыштык. Аргымактар да каржалды. Баш-аякты жыялы. Эки күнгө эс алалы?

- Жок. Ушул дем, айгайлаган айбат менен Анжианга барабыз – деп баатыр сөзүнөн кайтпады.

-Бий болсо, өз уруусуна бий. Баатыр баатыр деген сайын, баш болуп баарыбызды тескегиси бар. Опурулган отуз уулга күнкор белек – дешти башкалар.

- Жоо кетти

- Эми келбейт.

- Анжиандыктар жөн жатмак беле. Андан ары сүрөт.

-Душман жалтанды.

-Экинчи келгис болду-деген баягы коркунучта бириккен уруулар, биринин буйругун бири укпады, "Сенден менин эмнем кем" деген дымагына, кур намысына таянып, жеңген болуп, өз тобун көздөй өлгөндөн калгандарын ээрчите жөнөштү.

Айтканы айткан, дегени деген болуп жаткан Тилеке бий өз колу менен шалдая Анжиан-Ош аралыгынын ортосунда турду.

x x x

Сыр-Дарыялык печенек-огуздрдын мусулман динин кабыл албай ,бөлүнүп калган тобу, өзгөчө бийлик башында турган барани-огуздар калмак деп аталышат. Анысы «калып калгандар», «бөлүнүп калгандар» деген мааниде колдонулган.

Калмак деген сөз түрк тилинен куралып «калып калган», «кетип калган» моңголдордон айрымаланганынан келип чыккан. Ал эми он жетинчи кылымдагы «Маджму ат-Таварик» боюнча мусулман эмес элдердин жалпы аты. Кытайлар батыш монголдорду элют деп аташкан. Ал эми алардын башка бир аты ойрот (эки сөздөн «ой» «арат») токой адамдары дегенди билдирет. Батыш монголдордун мамлекети-жунгар (сол канат, сол жак) деп кең мааниде чечмеленет. Ал эми элдик калмак, ойрот, элют, жунгар аталыштар батыш монголдордун биримдигине кирген чорос, хошоут, тыргоот, дербет уруулар түшүндүрөт. Алар он алтынчы кылымдын экинчи жарымында бүткүл монголдордун ханынын бийлигинен бошонушуп, ойрот биримдигин түзүшкөн. Аларды тайшилер башкарышкан. Ойрот

тайшилеринин кол алдында чыгыш Кангай тоолору, түштүктө Гоби чөлү, батышта Монголистан түндүктө Ыртыш жана Эне-Сай дарыялары менен чектешкен анчалык чоң эмес аймакты ээлеп турган. Ойроттордун күч алышы Тогандын уулу Эсен тайшинин жана анын уулу Уз-Темирдин мезгилине туш келген. Ал 1457-жылы өзбек ханы Абулхайырды жеңип алып, Сыгнак шаарын ээлеп алды.

Илгертен бери кара калмактар мекендеген кең аймак, кийин Жунгария аталды. Эзелки көчмөн эл монгол-калмактардын ак сөөктөрү өздөрүн ойрот аташчу. Алар моңгол-ойрот калмагы болобу баарынын тили, дини бир, адат-салттары окшош. Бир мезгилде калмак-кыргыздар коңушу жашашып, бир аймакты турак кылышкан. Калмактар-кыргызга сөөк өчтүлүк кылып согушуудан улам, кыргыздар аларга оңойлук менен жемин жедирбей, таймашып келди. Ойрот төбөлдөрүнүн ич ара мамилелери келишпегенинен, айрым уруулары орустардын ичине кире качышса, бир дары Тибет тоолорунан ары Көк-Нор тарапка журт которушту. Алардын ич ара келише алышпай, ар тарапка тыркырашы элдин эртеңине чоң кедергисин тийгизери айкын эле. Аны ойлогондор жунгариянын Тарбагатай аймагында бүтүндөй монгол-калмактардын тобу-чуулган өтүп, анда мамлекет болуунун өзүнчө эрежесин кабыл алышты. Ал мамлекет Монголиянын атынан түзүлсө да:

-Жунгарлар монголдордун сол каруусунда болуп, согуштук жүрүштөргө катышып, келгенбиз. Жунгар аталабыз дешип, Жунгария аталышты.

Жуңгар хандыгынын аймагы алгач чыгышта Хангай тоолорунун батыш кырларын, түштүктө Гоби чөлүн, батышта Моңголстанды, түндүктө Иртыш, Эне-Сай дарыялары башталган жерлерди камтып, кийин Жуңгария аймагы деп аталып калган. Калкы негизинен көчмөн турмушта жашап, мал чарбачылыгы менен кесиптенишип коңушу өлкөлөр менен жашоо ыңгайына карай алакада болуп, тиричилик жагдайдагы маселелерди аскер

күчүнө таянып, чечүүгө ыкташып, жоокерчилик турмуш кечиришкен. Хандыкта – контайчыда чексиз бийлик болуп, ал атадан балага мураска өткөн. Алардын алдында кеңешүүчү орган катары зорго (Зорго-хандын жакын туугандары менен таасирлүү уруу башчыларынан (тайшалар, зайсандар жана ноендор) турган.

Тынымсыз кытай аскерлери менен болгон кагылышуу бирде алардын, бирде манжурлардын аесуз баскан чапкынынан улам, ойроттор байыртадан ата-бабалары жайлаган конуштарынан журт которуша, айласыз батышты көздөй он бешинчи кылымдын орто ченинде эле жыла баштешкан. Жуңгарлардын мындай аракети кытай Богды ханын кубандырган. Себеби, көптөгөн жылдардан бери кан кече кармашып жүрүп, кеткен кектери, сөөк өчтү душмандыктары, кандуу курал аркылуу гана чечилери айкындалган эле. Муну алдын ала билип, кытайларга, айрыкча манжурларга карай дайыма сунулуп келген кандуу куралын контайчы жанга ала жүрдү. Кытай жерин басып алууга, тынымсыз аракеттенген моңголдорду, айрыкча жунгарларды жашаган жерлеринен биротоло күч колдонуп болсун сүрүп, чыгарып салууга буйрук берүүнүн алдында, кытай императору курултай чакыруу талабын койду.

Императордун буйругун аткаруудан баш тарткан ар бир уруу башчысы керт башы менен жооп бермек. Болбосо, тып-тыйпыл чабылаары, мал-мүлктөрү талоонго алынары эскертилген эле. Богды хандын эч ким өзгөртө алгыс, катуу талабына, алар аргасыз баш ийүүгө мажбур болушту. Биримдиги күчтүү, көптөгөн аттуу-баштуу уруулар Жуңгар аймагындагы кары-картаң, аял-балдарын алып, көтөрүлө, Сибир, Иртыш аймактарына, Тарабагатай тоолорунун айланасына көчүп келишип, топ-тобу менен турак алышты. Айрым уруулар андан да алыс, казак талааларына, Эдил жайыкка, Астрахан, калмак аймактарына жер которушуп. Кытай бийлигинин кандуу чапкынан качкан чыгыш

монгол уруулары асман империясынын жазасынан жер которуу аркылуу убактылуу болсо да кутулушту.

Буга чейин жунгарлар негизинен Иртыш-Тарбагатай аймактарында кошоуттар Үрүмчү, чоростор Иле өрөөнүн жердешчү. Элүү-алтымыш миң түтүн тыргооттор чорос төбөлдөрүнө баш ийүүнү каалабай Казакстандын аймагына жана андан ары батышка жер которушуп Волга дарыясынын төмөнкү агымындагы аймактарга отурукташа башташкан. Кошоут уруулары да Хуан хы дарыясынын жогорку агымындагы Көкү Нор көлүнүн айланасына көчүп кетишкен. Ойроттордун калган уруулары Чыгыш Теңир Тоонун бош калган аймактарын ээлешкен.

Жуңгарлардын Батыш Монголиядан Орто Азия жана Казакстанды басып кирүүсүнө шылтоо табылып, жол ачылды. Ойроттор он бешинчи кылымда эле кыргыздар жашаган Теңир Тоого, Ферганага жортуулга келип турган. Алардын негизги максаты жергиликтүү калктардын мал-мүлктөрүн тоноп, жайыттарын тартып алуу болгон. Убакыт өткөн сайын күрөш улам күчөдү. Алгач жортуулга келген калмактарды кыргыз-казак аскер күчтөрү өз аймактарынан сүрүп чыгарышып, Сибирге чейин кубалап барышты. Кыргыздар менен казактардын катуу ынтымакташып кетишинен сестенген Жуңгар төбөлдөрү бир топко чейин кысымдарын токтотушту. Кийин манжур кытайлардын жүргүзгөн саясаттарына моюн толгошуп, монгол жерине жакын кытайларга тынчтык бербей, бир нече жолу чабуул коюп, басып кирүүнү уланта беришти.

Коңушу калктарды айрыкча кыргыз-казакты биротоло чаап, басып алабыз деген ойроттордун ою ишке ашпады. Ынтымагы бийлик талашуудан улам ыдырады. Көп жылдардан берки аракеттеринен тыянак чыкпагандан соң, өз ара ынтымактары ыдырады. Уруу башчылары, ноендор бири-бирине баш ийгилери келбеди. Торгоут уруусу батышты, кошоттор Тибетти көздөй көчүп, конуш которушту. Дербеттер да Монголиянын кең

талаасына карай, сапар алды. Аймакта чоростор жалгыз калды. Мындай тымтыракайга бөлүнүп-чачылуунун эртеңи коркунучта эле. Жүздөгөн жылдарга созулган калмактардын өктөмдүгү, коңшу жашаган өлкөдөгүлөргө кетпес кекти, өчпөгөн өчтү пайда кылган. Бириндеген калмактардын кезеги келип, ажалдан мурда өлөөрү айкын сезиле башташы, айрым ноендордун тынчын алды. Согуш менен куралган эл, согуш менен тарады. Ар кандай маселени курал менен чечип келген ойроттордун тагдыры, эми ташка тийген чыныдай быркырайбы? Курал менен жашап, курал менен табылган байлыктын эртеңи жоктугу эми ырасталабы? Заман тейи бул. Элдин эртеңки келечегин эч ким кепилдикке ала албайт. Кандай айла кылууга болот? Элдин эртеңкисинен өздөрүнүн кызыкчылыгын ойлогон ноен, зайсаңдардын ойлорунда, ушул суроо турду.

Уруудагылардын баштары бирикпеди. Уруулар бириксе да, уруу башчылар бийликтин төбөсүндө тургулары келишти. Бийлик талашуу, акыры бөлүнүүгө алып келди. Бөлүнүүн акыбети ушул. Төрткө бөлүнүп, «ойрот» чачылды. Бул өздөрүн өздөрү өлүмгө кыю. Жакшылыкка алып барбайт. «Сөөк өчтү» душмандар эми бириндетип кырып кетет. Өлбөй калуунун аргасы барбы? Бар. Ал биригип, ынтымакка келүү! Чоростордон чыккан Куту-Косун ушул ой менен ар бир уруу башчыларына, ноен, зайсаңдарга барып, өз оюна ынатууга далбастады. Ал тургай башка уруудагыларды топтоп келип, «чаап алам» - деп да, коркутту. Бир нече жыл аралыкка созулган убакыт ичинде, күч менен ойротторду бириктирүүгө белсене киришти. Ойрот хандыгынын негиз салуучусу Кара Кулдун уулу (Кара-Кула) Куту-Косун 1630-жылдар аралыгында бийликти зор түйшүк менен тике кылды.

Жаңы хандык калмактардын баштарын бириктирип, белдерин бекемдеди. Чачынды ойрот уруулары контайчынын бийлигине топтолушту. Жуңгар хандыгынын алгачкы чабуулу жаз алдын Орто Азияга башталды. Элүү миңден ашык, жер жайнаган калмактар казак-кыргыз жерин каптап кириши. Жолдогу

айылдарды талап-тоноп, кандуу жүрүштөрүн токтоосуз, уланта беришти. Чоростор бир кыйла күчтүү уруу болуп, башка урууларды өзүнө багындыруу менен туш-тушка аскер жиберип, өз таасирин кеңейтишти. Өздөрүнүн Жуңгар ойдуңундагы конуштарынан козголуп, Тарбагатай тоосунун этектеринде жашаган торгоутторго чабуул жасап, аларды Волга өрөөнүнүн бойлоруна көчүүгө мажбур кылышты. үрүмчүнүн тегерегинде жашаган хошоуттарга чабуул жасап, Чинхай өлкесүнө көчүп кетүүгө себеп болушту. Эне-Сай тоолорунун этегинде жашаган кыргыз урууларына, Балкаш көлүнүн түштүк тарабында жашаган казактарга такыр тынчтык беришпеди. Теңир-Тоонун түндүк тарабын, Алтай тоолорунун тегерегин, Эне-Сай өзөнүнүн баш агымдары сыяктуу кең жерлерди каратышты.

Ойрот-калмак төрөлөрүнүн ортосундагы бийлик талашуудан кайрадан ынтымак ыдырады. Хандыктагы ички чыр-чатактарды акмалап турган алардын душмандары, чаң-тополоңдон пайдаланып калууга аракеттеништи. Калмактар адатынча казак-кыргыздарга дагы чабуул коюшту. «Туягы бүтүн тулпар жок, канаты бүтүн шумкар жок» демекчи, чапкан да, чабылган да бүлүндү. Бирок ойрот колу тынчыбады. Тээ баштагы жылдарда хошоуттордун тайчасы Байбагыш торгоут менен дөрбөттөргө кошулуп, Далай Баатыр болуп, бири-бирине кол салбоону келишкен эле. Канткен менен казак-кыргыз жерине чабуул жасай беришти. Казак ханы Эшим калмактарга каршы он миң колду аттантканда калмактар талкаланып, бир аз тынчыгандай болгон. Дайыма кооптуу болуп, жай жашоого мүмкүндүк бербеген ойротторду биротоло жок кылуу үчүн Алтын хан Ногой ордосу менен сүйлөшүп, отуз миң кол менен ойротторго чабуул койду. Бул согушка кыргыздар да катышкан. Согуш Кара-Иртыштын боюнда болуп ага калмак контайшысы Убаши да кошулду. Ойроттор төмөн качты. Кийин Эшим хан ооруп калып, анын ордуна Жаангир колду башкарды. Ал алты жүз мылтыкчан жоокери менен бир түмөн ойроту талкалады.

Эрдене баатыр контайчы болоордун алдындагы кармашта Жааңгир султан капылеттен туткунга түштү. Кийин аны сүйлөшүү жолу менен төрт ноенго алмашып бошотушту. Арадан он жыл өткөн соң контайчы Эрдене баатыр кайрадан Орто Азияга жортуулга аттанды. Казак-кыргыз-өзбек колу биригип катуу каршылыктарды көргөзүшүп, аларды келген жактарына жеткире сүрүп таштаашты. Андан аз эле убакыт өтпөй Алтын хандын уулу Омбул ойроттордун ноендору менен биригип казактарга чабуул койду. Жалаңтөш менен Жааңгир өзбек-казак колун бириктирип, ого эле чоң күч менен душмандын мизин кайтарышты.

1633-жылы жазында калмак аскерлери кайрадан кыргыз-казактардын жерин көздөй жылып жөнөштү. Жергиликтүүлөр канчалык каршылык көрсөтүшсө да, баскынчыларга туруштук бере алышпады. Калмактардын колу бир кыйла күчтүү болуп калган болчу. 1637-жылы Үрүмчүнүн тегерегинде жашаган хошуттарга чабул жасап Чинкай өлкөсүнө көчүрдү. Эне-Сай тоосунун, бойлорунда жашаган кыргыз урууларына Балкаш көлүнүн түштүк тарабында жашаган казактарга чабуул жасап Теңир Тоонун түндүк тарабын, Алтай тоолорунун тегерегин, Эне-Сай өзөнүнүн баш агымдары сыяктуу кең жерлерди каратышты.

Ошол мезгилде кыргыздар чыгыш жагы Кулжа, Саян-Алтай тоолору, Эне-Сай бойлору, түштүк-чыгыш жагы Үрүмчү, Турпан, Иле, түштүгү Ак-Суу, Кашкар, түндүк батыш тарабы Арал, батыш-түштүк тарабы Гуляб, Гиссарга чейинки аймактарды конушташкан. Негизги ортолук Үрүмчү, Турпан Иледен тарта, Теңир-Тоо, Памир, Алай тоо кыркаларынан Ысык-Көл, Чүй, Талас, Фергана аймагындагы Анжиан, Сыр боюнун айлана тегерегинде көчүп жүргөн жана турак кылган.

Жунгар-ойрот өлкөсү бир жерди турактап, шаар түптөп, чеп салып, кол курап, туу көтөрүп, бурканга сыйынуучу жай салышты. Басып алган жерлеринде арык казышып, суу чыгарышып, эгин эгишти. Бул иште калмактардын чорос уруусунан чыккан,

кезинде ары каардуу-ары айлакер Кара-Кула тайчы бүтүндөй жунгарияны бириктирүүнүн демилгечиси болгон эле.

Батыш монголдордогу төрт урууну чорос, торгоут, дербет, хошоут урууларын бириктирген. «Дөрбөн ойрот» бирикмесин чорос уруусунун билерманы Кара-Кула баатыр башкарды. Анын уулу Хото-Хочин Далай Ламадан Эрден Батур хантайши аталып, ойрот урууларын бир хандыкка бириктирди. Ал мамлекет кийин Жунгар атка конду. Кытай тарыхында ойроттор-элеттер (өлөттөр вилате, валате) ж.б аттар менен белгилүү.

Дал ошол кезде калмактардай эле, казак султандары ортосунда бийлик талашуудан ырк кетип, экинчи тарабынан казак-кыргыз биримдиги да солгундап, уруу билермандарынын бири-биринен өйдөсүнгөнүнөн улам, бириндей башташкан. Аны өз учурунда байкаган калмактардын айрым уруу башчылары, эзелки жоо аталгандарга, бараандуу коркунучка айланды. Эрдене Батур кантайшы бүтүндөй ойрот жергесиндеги бийликти колго алып, кең аймактагы калмак уруу башчыларына биригүү талабын койду.

-Эгерде кимде-ким биригүүгө моюн толгоп, өз алдынча конуп-көчүп, каалаган жайытына кете бере турган болсо, уруудагылар чабылып, мал-мүлкү талоонго алынат деп эскертилди.

Кантайшынын талабы калмак уруу башчыларынын каалаган-каалабаганына карабай, аткарылышы тийиш болчу. Мындай заң ата-бабаларынан калган. Жалгыз уруу-топтор күчтүү уруулардын курмандыгы. Аны жакшы билген уруу башчылары чоростордун айланасына көчүп келе башташты. Аз эле убакыт ичинде калмак уруулары биригип, Ойроттордун чорос, хойт, дербет, хошоут урууларынын баш кошушунун натыйжасында 1635-жылы Эрдене Батур хантайши тарабынан Жунгар хандыгы негизделди.

Борбордук бийликке баш кошкон калмактар Батур хантайшинин жетегинде улам күчтөнө берди.

***Калмакча куң-улуу күчтүү; «тээж-хан», «кунтээж» - улуу хан.***

Жунгар-ойрот мамлекетинин түзүлгөндөн бери анын урпактары бийлик тактыга эч кимди ээ кылбай, менчиктеп келишти. 1640-жылы бүтүндөй калмак урууларын бириктирген курултай өткөрүлүп, ага Москва, Волга, Эдил калмактарынан өкүлдөр келип катышышып, анда «Жедигерлердин согуштук эрежеси» кабыл алышты. Аз эле убакыт аралыгында чыгышында Алтын ханды талкалап, Эне-Сайлык кыргыздарга үстөмдүк кыла башташты. Маанилүү соода жолу аталган Хами улусу үчүн күрөштү улантышып, кытай менен кагылышуудан кайра тартышпады. Батыр контайжы жыйырма жылга жетерлик убакыт аралыгында бийлигин жүргүзүп, коңушулаш элдерди басып алууда, кандуу кылычын шилтеп келди.

Эң негизгиси, чыгыш менен батыштын тагдырын алаканына салып, каалагандай калчаган атактуу бабасынын, өткөндөгү ааламды дүңгүрөткөн жеңиштеринин жаңырыгы чакырып, «кандуу деңиз толкунун селине бардык жерди каптаган» зор империяны түзүү эле. Басып алган өлкөлөрдүн элинин көбүн кырып, кулга айланткылары келген. 1643-жылы элүү миң аскери менен Жунгр хандыгы батышка жортуулга чыкты. Казак-кыргыздардын бир топ аймактарын басып алып, далай уруу-уруктарды талап тоношту. Түркстан, Ташкен шаарларына жакындап барышты. Жылга айланган согушта казак-кыргыздар эрдик менен салгылашышып, калмактарга жеңишти беришкен жок.

Калмак төбөлдөрүнүн башкы максаты Чыгыш Түркстанды жана Орто Азия менен Казакстанды биротоло элөө болгон. Чыгыш Түркстан менен Ферганада өндүрүлгөн баалуу буюмдар, Кыргызстан менен Казакстандын кең жайыттары, ошону менен катар калмак төбөлдөрүнүн түпкүлүктүү жана эң коркунучтуу жоосу-түштүк чыгышындагы зор империя деп эсептешкен. Чин сулелеси, качан болбосун батыш жакка, оңтойу келгенде жапырык жасаарын алар жакшы билишкен. Ошол себептен алар батыш жактагы аймактарды ээлеп, эгер ханзуларга алдары чак

келбей калса, хандыкка катуу коркунуч туулса, алардан оолактап кетүүнү ойлошкон.

****

Өлгөндөрдүн атын жоктоп, жүрөктөрү канап, көкүрөктөрүн дарт, көөдөндөрүн дат каптап, аял жесир, бала жетим калды. Короо-короо мал кетти, элден кубат-ал кетти. Жылкычылар укурук сүйрөп, койчулар куу таяктарын өбөктөп, маарап-мөөрөгөн малы, кишинеген жылкысы жок, эл кол куушуруп отуруп калышты.

Күндө эртели–кеч күйөөсүн жоктогон аялдардын, атасын эстеген балдардын, күйүттүү энелердин кошоктору чыкчу болду. Айылдагы кемшейген кемпир, эңшейген абышкалар көздөрүн жаштап сулкулдөштү. Өлгөндүн артынан эч ким кеткен жок. Күндөр өтүп, турмуш улана берди. Болгонду болбогонго үлөштүрүп, барды жокко бөлүштүрүп, Тилеке ар бир үйгө кайрат айтып, кубат берди. Малы жок эл, өлбөстүн камын көрүп жер тырмады. Жалгыздап эгин эгип, дыйканчылыктын камында болушту. Турмуштун шартына, тууган-уруктун кеңешине ылайык калгандар ойго, тоого көчүп, чилдей тарады.

Тирүүнүн насиби түгөнбөйт тура. Ата уулу жетилди, кыздары торолду. Орун очоктуу болуп, уруунун саны улам толуктала берди. «Атан төө өлсө тайлак бар, кому жерде калбады, атасы өлсө уулу бар, казаны кайра кайнады». Бир баш эки болуп, экөө төрт. Жупка жуп кошулуп, башка берекке келди. Короодогу казыгы куру калбай, айланып келип ат байланды. Элдин ичин күлкү аралап, жер куллура келди.

Эл катарында Тилеке да күн өткөрүп, оош–кыйыштуу жылдар аралыгында байбичеси Кызырык экөө сегиз уул табышты. Учтары узарып, колдорунан жумуш алынды.

Ата–эне наркы адилет. Ар бирин өнөргө үйрөтүштү. Ак мээнет менен жан багууларын талап кылышты.

Уулдарым! “Уул жакшысы урмат” делет. Ата-эне насаат айтмагы милдет. Жакшы жүрүп, жакшы туруш жакшынын иши.

Жакшы балуш ар кимдин эле колунан келе бербейт. Адамдын колунан келбеген ишти аткарыш сыймык, намыс болот. Намысты бийик тутуп, таза кармасаңар эч убакта кор болбойсуңар. Атанын атын, атанын ишин улуу көрүү уулга милдет.

Менин баскан жолумду бассаңар да, жаңылганымы, жеңилгеними, кайталабагыла. Ата-бабаларыбыз таза жашап өткөн. Тазалыкты дайыма кадырлап жүргүлө. Элге кызмат кылуу эч убакта эсиңерден кетпесин. Элди сүйгүлө, ошондо гана силер элдин сүймөнчүлүгүнө айланасыңар. Адилеттик дайыма силер жакта болот деди ата.

Атанын насаатын балдары эстеринен чыгарышпады. "Тилекенин сегиз бек, телегейи тегиз бек" аталышты. Мындай сын Тилеке менен байбичеси Кызырыкка сыймык. Мындан ашык алкоо, мындан ашык мактоонун кереги жок эле.

x x x

Тилеке бий көп ойлончу болду. Көңүлүн алагды кылганы элдин тагдыры эле. Жоо улам бир бияктан, бир тияктан кирип, батыш-чыгышты чочулай крашып элдин үшү кетти. Аркадагы туугандар алдастап Анжиан аймагынан калка издеп отурат. Жамы кыргыз бириксе болбойт беле? Айтууга караганда, душман колу ого эле көп. Келгенинен да, келе элеги арбын дешет. Алардын бат атаар мылтыктарына, капчыгайларды кабыштырып, тоо бузган замбиректерине эч ким туруштук бере албайт имиш. Жапырып, жалмап келе жаткандарга төш тоскондор эч бир арга табалбаптыр. Тим эле селдей каптап, тебелеп-тепсеп, шамалдай сапырып келе жатыптыр. Мөндүрдөй жааган огунан жер түбүнө житип кеткен макулук гана кутубласа, далдаа кылган тоо-ташты оодара ыргытып, калка кылаар зоону өрттөп кууруп, тозоктун эле өзү дешти билгендер. Айгай салып, кылыч чаап, найза сунган баатырларга түк моюн бербей талкалап кете берет дешти. «Калк айтса, калп айтпайт» демекчи «душман колун тороп, артка кайрууга аргасыз кылыптыр» деген кабар, эч бир угулбады?

«Коркконго кош көрүнөт, коштоосу менен беш көрүнөт» демекчи, укканын учуруп айткан укмуштан көбүнүн санаасы сары суу болду. Болбосо, эчен жолу өмөктөп келип, өңүрү сөгүлүп, өнтөсүн алган кара калмактар «үйрөнчүк» жоо болбоду беле? Бул жолу ата-бабалардан бери укпаган укмуш жарактары менен түрүлүп келгенго чамасы. Башкалар билбеген жарак-жабдыктарды башка бир өлкөлөрдөн алышкан окшойт. Ымга келбеген «чүрчүттөр» уруш эрежесин эске алышпай, дембе-дем басып, талап чапканы кандай? Жомоктогу ажыдардай оп тартып жеп жутканы, узун элдин учуна, дайын? Жабыла жаа тартып, атырыла айбалта шилтеп, карчылдаша кылыч чабышкан эч ким жок. Мөндүрдөй ок жаадырып, асман менен жерди кабыштыра көңтөрүп, жалындаган өрт, кыпкызыл эле кызыган чокко эч бир жан жакын бармак тургай, аман калбагандай. Ажал чачкан ажыдарды бараткан багытынан эч ким жазгыра албагандай.

Калмактын «кара чабуулу» жерди кууруп, укканды акылдан тайгызып койду. Мындайды угуп-көрбөгөн тоолуктар жашынарга жер, калканарга тоо издеп, аргалары кетти. Жол тосуп барган эр-азаматтардын эч бири, кайра келбеди. Аркалык туугандар да, аман калуунун аракетинде Анжиан, Аксыны пааналап келбедиби? Алар менен биригип качышса, кайда барышмак? Катуу-Багыт, Кашкаргабы? Анда эле кимдер колтугун ачып, келгиле демек. Ич ара бузулуп, бирине-бири кылычын кезеп, «ак тоолук», «кара тоолук» дешип аймак бөлүшүп, момун мусулмандардын кыргынына себепкер, кожолоргобу? Бири-бирин аябаган, кожолор, качып баргандарга баш паанек болуп, бермек беле? Буга чейин эле бийликке кызыгып, Кашкарга хан болууну көксөп, калмактарды өздөрү баштап келбеди беле? Качып баргандар үчүн кожолордун калмактардан айрымасы кайсы? «Эки тообир келсе, амалыңдын кеткени, эки жоо бир келсе ажалыңдын жеткени» демечи алды-аркада сагалап, куралын сунуп, ажалдай тооруп жоо турат. Аларды канткенде жазгырып, элди аман алып калууга болот?

Аман калуунун бирден бир аргасы, деп моюн сунса кантет? Анда ата-баба арбагына, кийинки муунга эмне деп жооп берет? Жок. Бул жосунсуз жорук. Мындай ойду ойлоо, өлүмгө барабар. Алтын баш аман турганда ар-намысты кайда катаалар? Ата Журтту коргоо адилдик. Адилеттик эч убакта жок болбойт! Ата-бабалар миңдеген жылдардан бери душманга моюн сунган эмес. Кашык каны калганча күрөшүп эркиндикти талашып келген. Күнкор болгондон көрө, өлгөн артык.

Тилеке ичиндеги кыжалаттыгын эч кимге билдирбеди. Билдирген кезде да, ким эле ага жол таап бермек? Киндик каны тамган касиеттүү туулган жери өзүнө тарыйбы? Алмустактан бери ата-бабалары жашап өткөн Ата Мекени калканч боло албайбы? Кантип эле касиеттүү туулуп өскөн жеринен паана табылбай калсын?

Табылат! Табылганда да кандай? Душман жете алгыс, бөтөндөр өтө алгыс жай толуп жатат. Аскасы асман тиреген, азали мөңгү-музу кетпеген, койнунда кут орногон, ажайып кооз тоолорунун ар бир кокту-колоту, аска-зоолорунун койну бүтүндөй элди батырмак тургай тиричилик өткөргөнгө өтө ыңгайлуу жай. Ал жайга кайсыл душман жете алмак? Мейли, адигине тукумун алып кетсин, калган элчи? Алардан бөлүнүп, эмне тапмак? Адамдык абийири ага жол коймокпу? Жок! Эр жигит ойлой турган ой эмес! «Эл башына иш түшсө, эр адам көкүрөгүн тосот» Элдин сөзү, акылдын көзү. Мунун баарын бий жакшы билет.

Ал Анжиан аймагындагы бийлердин, эл башчылардын жанын тындырбады. Баш көтөргөн эркектерди бир-бирден каттаттырып, курал-жарактарын, ат-көөлүктөрүн шай кылууну тапшырды. Күндөлүк машыгууларына катышып, даярдыктарына көзөмөлдүктү күчөттү. Күнү-түнү ат которуп минип, эки суу аралагынындагы элди кыдырып жүрдү. Айрым жайларда ат-улоолору, курал-жарактары толукталбай, даярдыктары солгун болсо, жоокерлердин арасында бийлердин, эл башылардын сазайын колуна берди.

- Эгерде жигитттерди ат-улоо, курал-жарак менен толук камсыз кыла албасаң, душмандан мурун мал-мүлкүндү талаттырам –деп, талапты катуу койду.

Анжиан аймагындагы ар-бир үйдүн эркегинин аты керүүдө, куралы кучагында. Керилип кенен жаткан, ат ойнотуп тескери чапкан эч ким болгон жок. Адигине басыз, саяк, кушчу, саруу, мундуз уруулары, жамаатташып, кокустук болсо биринен-бири кабарын алып, абалын билмекке мерчемдүү жайларга кайгуул коюшуп, эртели-кеч мөөнөттөшүп, күзөттө болушту. Кооптуу чакта белги бермекке, «жансыздар» жиберилди. Жоонун колун убактылуу болсо да кармап, алагды кылмакка «пыстырмалар» жайгаштырылды.

Келет деген жоо, «кара таандай» каптап, миңдеген кол менен кирген жок. «Тосмого чыгып, жол күтөбүз» дегендерди жаңылтып, тескери жактан «-Тогуз-Торону ашып, Көк-Артка келди » -деген кабар жетти. Калмактар кез келген айылды бүлүнтүп, мал-мүлкүн, талап катын-балдарын олжолоп, алды Өзгөнгө жетип барып калган эле. Жоо менен Өзгөндүн үстүндө бет келишти. Чабуул башталып, кармаш күч ала беди. Кыргыздар калмактарды ортого алышып, шакектей кысып киришти. Жоонун замбиректери ашууда аркада калганбы, же кыргыздардын шайма шай экендигин эске алышпаганбы, бат атаар мылтыктары менен каршы алышты. Жергиликтүүлөр жалтанышкан жок. Улам жаа тартып, тийе качып жүрүшүп, калмактардын айласын кетиришти. Чыгымдарды көп тартышкандыктанбы, же кыргыздардын улам үстөмдүгүнөнбү жоо колу тоо таяна чегине берди.

Делебеси кызыган алды-аркага өтүп, «ит урушка» сала, тийип-качып жүрүшүп, шаштыларын алышты. Кара-Шорого чейин кууп барышканда, душмандын алдыңкы колу, коктунун кысыгындагы кеп ташты ээлешип, өздөрүнүн колу өтүп кеткенге чейин жакындатпай мылтык атып турушту. Бийиктеги далдаада жашынгандарга жергилүүктүү-лөрдүн жебелери жетпей, каптап

кеткенге жол жок. Жалгыз ат баткан чубама кыяда, ээрчише баруга, эч кандай арга табылбады.

Тилеке жөн жеринен санаа тартпады. Жоо деген ажалы Ажалдан кутулуунун бир эле аргасы күрөш. Аны ата бабалар илгертен эле белгилеген. «Жатып өлгүчө, атып өл» дешкен. Күрөштө кимди ким жеңерин майдан чечет! Тагдырды да тооба келдикке салууга болбойт. Ага чейин канчалаган мүмкүнчүлүктөр бар. Аны пайдалануунун жолун табыш керек!

Жоо менен кармашуунун түрдүү түмөн жолун издеген бий, акыркы тыянакка келди. Колдогу жигиттер согуш апаатын көрүшө элек. Өлүм-кыргын эмне экенин билишпейт. Алардын оюу «Кармашка кирсек, каршылаштардын ташын-талкан кылып чыгып кетебиз»,-деген гана максат. Кан майдан, ага жол бербейт. Түрдүү кырдаалдар, капылет кокустуктар, иле-жазгыруулар алдап, алаксытуулар бар. Корккон, качкан болуп күчтү чачылткан амалдар пайдаланылат. Эч нерседен жалтанбаган курч жигиттер кара ниеттердин жазгырууларына кабылышы мүмкүн.

Калмак-ойрот дегениң качандан бери ат үстүнөн түшпөй, куусуна айланган жырткычтар. Алар өлтүрүүгө маш болушкан. Бир эле тобунан; бириси жапырып, каптап кирет. Экинчиси качкандардын мүлкүн тонойт. Үчүнчүсү кол кайды кылганды курал мизине алат. Дагы бири эсин жоготуп, коркконду туткундайт. Калганы качкандардын изине түшүп, кууп жетүүнүн аракетинде болот.

Бий машыккан жигиттердин күчүн, айла-амалын, биримдигин сынады. Түрдүү ыктарды үйрөттү. Душмандын жырткыч, жан алгыч, эч бир жанды аябастыгын түшүндүрдү. Короктук, алаксып калуу, өзүн жоготуп кою өлүм экенин эскертти.

Жигиттерди түнү-күнү ээн талаада, кокту-колот, тоо, суу ичинде алыштырды.

Чалма ыргыттырып найзалаштырды. Айбалта чаптырып, кылычтатты. Эч бирин тындырбады.

- Жоо басты!-деген чуулганды кабар келери менен өз туугандарын, балдарын баштап жөнөдү. Кетенчиктеген эч ким болбоду. Бул көпчүлүктү шердентти. Ар бир топ, баягы белгиленген аймактарын ээлеп, жоого көрүнбөстүн аракетинде кокту-колот, быткыл-жарларда тоо-токойлордо багып жатышты.

Ата алдында шерденген уулдары, аккан суудай атырыла душман алдына каршы чыгышты. Жолдуката чакан айылдарды кыйратып, талап-тоноп келген калмактар, алдыдан чыккан аз колду тоготушпады. Селдей каптап, илгерилей беребиз деп ойлошту. Эки тараптан күү менен келген кол, ээн талаада ат коюшту. Айгайлаган айкырык. Кагышкан курал обого көтөрүлдү. Күтүрөгөн ат туяктарынан чаң чычгып бозомук туман, майдан талаасынын үстүндө уюп турду.

Кармаш көпкө созулган жок. Атырыла ар коктудан чыккан жергиликтүүлөр майдан талаасын каптап баратты. Мынчалык каршылыкка дуушар болобуз деп ойлобогон жоо колу, ортолукта калуудан чочулаша, бир тарапка сүрдүгө кетенчиктешип. Улам чабуулга өткөн жергиликтүүлөр, сүрүлгөндөрдүн артынан калышпай, тийип-кагып каптап жатышты. Жоо колунун качканы шерденттиби айгайлагандар аянышпады. Шукшуурулган найза, шуулдаган жебе күч алып, куугунга айланып, ат туяктарынан көтөрүлгөн чаң бир тарапка сүрүлүп баратты.

Аз убакыт болсо да, эки кол беттешкен майдан талаа алыстан карарып, көзгө суук көрүндү. Ат өлүгү, эр өлүгү ар жерде томурайып курал-жарак чачылып жатты.

- Жоо куугунга алынып, алыстап кетти–делгени менен ар айылдан өкүрүк чыгып, карсылдаша кармашып, душмандан жалтанбаган эр азаматтардын денелери жерге берип жатты. Өмөктөгөн ата-эне, өксүгөн жубай, аталаган балдардын кайгыларына ортоктош болгон көпчүлүк өлүмдүн зыйнатына тик турушту.

x x x

Көпчүлүк менен аралашып жоготууга учурагандарга көңүл айтып, кайрат берген бий уулу Оболбектен кабар алууга буямасы келбеди. «Өлгөндүн жүзү нары, тирүүнүн жүзү бери» демекчи, бардык ой-дити өксүгөндөрдүн көңүлүн алуу эле.

Үй жанына келгенде оор онтоону укту.

Азали анча-мынча оору менен оорччулукту эти барына алып койбой кыйналып-кысталганын эч кимге бирдирбеген уулунун кыйналганын туйду

- Жолборсум жараатынан, ого эле кыйналып жаткан го- деп, ойлонуп акырын, жөтөлүмүш болду.

Атасынын келгенин сезген Оболбек, жанынын кыйналганын билдирбеске тырышып, ээрдин тиштене чымыркаиды.

Түшүрүлгөн боз үйдүн эшигин серпе ачкан бий, баш бакканча, саламын айта кирди.

- Амансыңбы уулум?

- Аманчылык-деп баш көтөргөн Оболбек, адатынча турууга аракеттенди.

- Кыймылдаба уулум, Көп менен болуп, кабарыңды билүүгө буямам келбей калды. Ооруган жериң басылдыбы? деди

- Бир топ, жакшымын ата.

Ата-бала бири-биринин дитиндегилерди айттырбай билишсе да, көңүл улай сүйлөштү.

Оболбектин жанындагылар жыла басышып, сыртка бет алышты.

- Азыр уулум, бир сыйра чайынып, жеңилденип алайын. Ага чейин өзүң да даярданып тур,-деп бий, коломтодогу чокто кайнап жаткан абдестеге кол узатып жатып, чабыштырылган экинчи абдести көтөрө сыртка чыкты.

Даарат алып, колдорун аарчынып киргенде, уулу да денесиндеги таңууларын бошото оңдонуп жаткан экен.

- Биссмилдарахманирайым. Алдын ооруган жерлеринди көрөйүн деп, уулунун жараат алган денесин жумшак сылай, кармалай баштады.

Атасынын мээрим чачкан, ары сүйкүм , ары жумшак сезилген манжалары тийген уулунун денесинин ооруганы, басылгандай туюлду. Оор курал кармап, күндөлүк тиричиликке тотуккап булчуңдуу денеси, таштай катык манжалары уулуна жагып жатканын сезген ата аягандай сылап ары аяр, ары чын дилинен бериле, сүргүлөдү.

Күч менен шилтенген курч кылычтын мизи баткан мүрүсү колдое шишип, кан шүшүңдөп чыгып турат. Катуу жумуштан чыңалган булчуңдуу дене, темирдин уусун кан менен сүрө, сыртка тепкендей. Улам кайнак суу менен сүртүлүп, дары чөптөрдүн күкүмү себеленгенден улам, тез эле айыкчуудай. Жараат алган жерлерин табы кайтарылган кайнак суу менен жууп, кургата сүргүлөп, таңуусун жаңылады. Канчалык ооруса да, атасына билдирбестин аракетинде онтоп, же «кың» эте үн чыгарбаган уулунун чыдамдуулугуна, сабырлуулугана ата ичинен ыраазы болду. Кылыч шылыган жараат канчалык оор болсо да айыгарына көзү жеткен ата, андан көңүлү тынчыгандай акырын үйлөп, ичинен бир демелерди айтып кобурады.

-Жарааттын ириңи ичке тээп кетпесе, бир ар жуманын ичинде алжая ажыраган эти жупташчуудай.

Ага көзү жеткен ата илгерки ата-бабалардан бери колдонулуп келген жылкынын кыл куйругун сууга кайнатып, ажыраган эттин арасына эки учун, эки тарабына чыгара, үстүнкү терини бириктире, чокко кызытылган теменеге ичегиден чыйратылган жипти өткөзө аткый тикти. Бул ажыраган этти бириктирсе, ичине коюлган кыл куйрук күн алыс бирден суурулуп алынып, бүтөлүп бараткан жараттын ички ириң-кандарын сыртка ала чыгып тазаларын ишенди Жараат катташып, таңууга жабышып калбас үчүн койдун куйрук майын калыңдап кесип, бака жалбыракты баса таңды.

Экинчи жараат бир топ оор да, коркунучтуу да эле. Денеге жебе тепчилгендигин кызуулукта билбеген. Кийин, ээси ооп жыгылганда ким бирөөлөр колостук кылганбы, же кийимдерин

чечиндирип жатканда байкабастыктанбы кирген жебе сынып, денеден бир элидөй гана чыгып турат. Жебе көкүрөктөгү чемирчектен тийип, ичкеридеги учу омурткагабы, же кабыргага такалгандай. Жон тараптан караганда учу билинбейт. Ичкеридеги жебенин канча узундукта экени белгисиз. Бир катуу сөөккө барып кадалгандай. Көп далө копшоло бербейт. Жебенин атарабынан кан же ириң чыкпайт. Бир аз гана сууланып турат.

Бийди бушайман кылган ушул. Кай жерге кадалганын, же ичеги, ашказанды аралай киргенин билбей туруп, күч менен сууруп алуу опурталдуу эле. Эгер боор, өпкөгө тепчилген болсо, эмдигиче дем алганда, же кыймылдаганда бир күмөнү билинмек. Кан же ириң чыкпаганга караганда жебенин заары ичегелерди аралай аккандай. Бийдин чочуганы жебенин учу сөөктөнбү, же темирденби ал тийген жерин уулап шишитип жаралабай койбойт эртерек сууруп алуу керек эгер көрүнө жайда болсо, же дененин сырткы тарабында болсо жууп тазалап дары чөптөрдүн кошулмалаорын сыйпап уусун кетирип жараатын айыктырса болмок. Көрүнбөгөн жайда ичеги боорду аралай тийген жебени көрүп, билип туруп башы катты. Тобокелдик кылып жөндөн сууруп алуу уулунун өмүрүнө коркунучту. Жөн коюга да болбойт.

Бий күндүзү каралуу үй-бүлөдөгүлөрдүн кайгысын тең бөлүшүп, көңүл айтып, өлгөндөрдүн зыйнаты менен алек. Алардан бошоору менен алдындагы атынын басыгына коюп кайдадыр алыскы эч ким барбаган кокту-колотторду аралай кетет. Аты токтогон жерде, ооздуругун чыгарып бош кое берет да, өзү отурган жерде ой менен алек болот.

- Адамдын жаратына кайсы чөп дары? Ок тийген, капкан чапкан кайберендер кайсы чөптөрду оттоп, кайсы буюмга кашынат? Улуу адамдардын, дарыгер, эмчилердин айткандарын бирден талдап көбүн эсине түшүрөт. Жоокердик мезгилде ата-бабалар кандай дарыланган? Кайсы чөп, кайсы учурда, кандай сууга, же майга ээриген? Кандай жараатка эм болгон? Кайсы чөптүн, кандай даамы, жыты бар? Эсине келгендердин баарын,

бирден талдап, тапкан өсүмдүк, дарак чөптөрдү даамдап, жыттап, эзип ичип, денесине сыйпап да, көрдү.

- Оо, Жараткан. Уулума, жараат алган жоокерлерге шыпа бер? деп Улукман акенин атын миңдеп атап,жалынды.

Адам омурткасын талдап, кайсы жерде булчуң эт, кайсы жерде тарамыш, сүбө бардыгын көз алдына келтирди. Ички ичеги-карын боор, бөйрөк өпкөлөрдүн жайгашуусун эсине алды. Ойлой-ойлой жебе тийген тийбегенин эсине түшүрдү.

- Оболбектин чемирчегине кирген жебе, өпкөгө тийиши мүмкүн. Эгер андай болгондо, дем алганда мандем билинмек. Ичеги, ашказан, карынды аралап кеткен. Анткенде жараттан жыт, кан чыкмак... Жебе ичеги май, бездерди аралап, тепчий кеткен. Сарыгып, суу чыгып турат. Андай болгондо жараат жеңил.

Ал жаткан жеринен баш көтөрө, оңдоно отурду. Өз оюна кубанып да кетти.

- Дарт дабасы табылат окшойт? деген ойдо, дагы да баш катырды.

- Оо, Жараткан жарадарларга, балам Оболбектин дартына шыпа бере көр? Өзүң жалгап айыктыра көр? Эл катары өмүр жашо бер? деп, басса-турса да, кудайга миң жалынды. Кайра ойлоно берди.

- Ичеги-карын майларын, бездерин аралаган учтуу жебе, кандайдыр катуу сөөккө кадалып турат. Кадалбаса шылкылдайт эле. Жебенин учундагы учтуу-катуу сөөкпү, темирби, артка сууруганда, жөн чыкпайт. Кадалып, батып калган.

Бийдин талуу жерине тийген ушул ой, жүрөгүн зыркыратты. Башы тумандап, ойлору онго бөлүндү болду.

Ал ооздуругун шалдырата, жай оттоп жаткан улоосуна келип, ойлогон ойлорунан тыянак чыгара албай үйүнө кайтты.

Жарааттлган жоокерлерден кабар алганы ар айылдардагы эмчи-домчу, колу усулдуу уста-табып, сыныкчылар биринин артынан бири келишип, ар үйдөн кабар алып жүрүштү. Бий үйүнө келсе, колу жеңил, сыныкчы аталган Айти табып отуруптур. Ал

Оболбектин абалын сурап, таңууларын бир сыйра көргөнбү, бийдин ишине канааттангандай баш ийкеп койду.

-Уста жебени алуунун аргасын, кандай кылабыз?

Жер караган устада жооп болбоду.

-Же...

Уста өзүнө кайрылган бийдин көзүнө тике карап, болор болбос баш чайкады.

Демек, уста да иштин жайын толук ойлонгон экен. Экөө тең очоктогу жалындап күйбөй турган дүмүрдү тиктеп отуруп калышканын билишкен жок. Бир маалда бий баш көтөрө, түтөгөн дүмүргө очок четиндеги отунду ичкериштирди. Баятан бери быкшыган дүмүр, отундун табынанбы лабылдап күйө баштады. Алардын көзүнчө Оболбек канчалык жаны кыйналганын билдирбеске, ичинен онтоп, ээриндерин тиштеп чымырканса да, жан кыйнаган оору чыдатпай, оор үшкүрүндү.

- Ата мени ойлоп, көп эле кыжалат боло бербеңиз?

- Мен кыйналбайм уулум. Сен кыйналып жатпайсыңбы.

- Жок ата. Мен төшөккө жаткандан бери ойлоно берип, арыктай түштүңүз. Өңүңүз айтып турбайбы.

- Андай эмес, уулум. Элдин кайгысы, менин кайгым эмесби уулум деп бий төшөк тарткандан бери даам татпай жараттын запкысынан улам жаны катуу ооруп бир топ арыктай түшкөн уулунун көрүнүшүнө жүрөгү эзилди.

- Эл да, сиз да кайгырбагыла, ата. Намысты алдырбадык. Өрттөй каптаган жоону тосуп, элди аман сактап калдык.

- Азаматтарым, эл керегине бир жарадыңар.

- Бир эмес, ата. Жоо менен алгачкы беттешкенде жеңишти колдон алдырбадык. Эми бизден кийинкилер, такыр колдорунан чыгарышпайт.

- Алардын баш сабында, өзүң болосуң, уулум.

- Ата, ата-бабалардын тарыхын санжырасын ээрдиктерин айта берип балдарыңарды ээрдикке биротоло шыктандырып коюпсуңар ата! Бир карасам, биздин арабыздан бирөө да

жалтайлабады. Мен ойлодум эле, жапырып келе жаткан калмактар бет маңдайлаша түшкөндө, качып бергендер да болбосун деп, чочулагам. Бирок, жалбырттаган отко жалтаңбай кирип кеттик. Биздин кайра тартпастыгыбызды көргөн душмандар алдастап калышты.

- Мен баарын байкап турдум, уулум. Айрыкча, сенин ар бир кыймылың, көз алдымда болду. Сен ээрчиткен шериктериң менен отту кечип жүрбөдүңөрбү, Ошонуңарга бир сыймыктандым, уулум. Баргы атабыздын ак жолтой желеги улам желбиреп, кан майданды кечип жүрүшүн көрүп, бир чети сыймыктанып, бир чети өрөпкүп сүйүнгөндөн, ыйлагым келди, уулум! Көрсө, жалтанбас шердик укумдан-тукумга уланат окшойт. Илгерки ата-бабаларым өлбөгөндөй туюлду.

- Ата, сиз да оңор согушкан жоксуз. Жаш жигиттердин көпчүлүгү сизден калбай, чабуулда айланчыктап жүрүшпөдүбү.

Бий уулунун сөзүнөн улам ошол күнкү кан майданды эстеди.

Күндө эр азаматтардын денелерин жерге берүү, жараты оорлордун абалынан кабар алуу түйшүгү көп окуядан алагды кылып койгон эле. Жергиликтүү эр азаматтардын жоо менен беттешкен кашкөйлүгү, калмактарды кайта сүрүп, куугунга алган баатырлыктарын бир-бирден эске алып, өз оюн жыйынтыктоого убакыт таппаган. Жоо кетти, чапкын басылды. Жеңиш колго тийди деген менен майдан талаа көбүн сынаган эле.

- Сенен жашырып эмне. Канчалаган калмактар менен бет келишип, жоо менен сырдана болсом да, ушул жолкуда, аябай эле чочулагам. Бейпил заман, коогасыз күндөр адамдарды бейкапар кылып коет окшойт. Жоо тосконго канчалык катуу даярдык көрсөк да, кайраты бош, алсыз, чабал курал колдонууга эп келбегендей көрүндүңөр. Бул мени аябай эле коопсуздандырды. Себеби, моңгол- калмактардын тубаса согушчандыгы, эч бир жанды аябаган жыркычтыгы менин мээме, сиңип калган эле. Анын үсүнө аркалык туугандарыбыздын

Анжиан, Ошко сүрүлүп келиши, жоонун өтө эле мыкаачылыгын ашкерлеген эле. Миңдеген, түмөндөгөн калмак-кара таандай каптап кирерин болжогом.

Чынын айтсам, жеңиштен түңүлүп эле калгам. Кудай жалгап, кытай-моңолдорго жүрүш кылып, калмак колу бөлүндү болуп, калдыгы кана келиптир. Бирок, жоо аз көбүнө карабайт. Алар талап- бутап кыйратыш үчүн гана келишет.

- Калмактар ушул жапырыгы менен гана токтоп калбайт экен да? Оболбектин суроосу бир чети өкүнүчтү, экинчиси ызалуу айчтылды.

- Жоого ишенүүгө болбойт. Кырсык каш-кабактын ортосунда делет.

Үйдүн ичин тунжуроо басты. Бир маалда Оболбек оор күрсүнө, өкүнгөндөй үн катты.

- Мен эми, кийин согушка катышпай калдым го?

- Антип айтпа уулум, Илайим согуш болбосун.

- Анткениңиз менен «жыландын башын жанчымайын, ал баарS бир коркунучтуу» дечүү элеңиз. Калмактын келерин күтүп жүрө бербей, экинчи баш көтөргүс кылыш керек.

- Ошндой болсо гана.

- Кыргыз-казак бириксе, калмакка тең келе алат беле?

- Бирге албаганынан ушул акыбалга келип, отурабыз.

- Эх... Оболбек оор үшкүрүнө үндөбөй калды.

- Обол, көп сүйлөтүп, чарчатып койдум окшойт. Уулум эс алчы.

Уулу тунжурап, үн катпады. Жамбашы талыдыбы, оодарылууга аракет кылды. Жаны катуу оорудубу, чекесин тырыштыра онтоду.

- Уулум, жаның кыйналдыбы?

- Ата, жебени, өз колуң менен сууруп алчы? Жанымы көзүмө көрсөтүп жатат деп, уулу кыйналганын мойнуна алды.

- Бүгүнчө чыда, уулум. Куда кааласа, эрте таң алды менен жебени сууруп алууга, киришели.

-Жебенин жака-бели оорубагандай эле туюлат.

-Оорубаганы жаман, уулум. Улукман ата колдоп, жакшы болуп кетесиң.

-Ата, мага кайгырбаңыз? Сиз менен эл коргоп, майдан талаасына курал алып чыкканыма сыймыктандым. Сиздин денеңизге жоонун куралы тийбегени, денеңиздин жараат албаганы мени сүйүндүрдү. Эгер сиз, менин ордума` жараат алганыңызда, мен чыдай албайт элем. Чыныгы уулуңуз катары, атанын алдындагы он карыздын бирисинен кутулганыма сүйүндүм, ата! Сизге мээленген жебеге, төшүмү тостум. Мен аз өмүрүмө, өкүнбөйм, ата!

-Ошол кантип болсун, уулум? Сага келген ажалга, мен төш тоспойт белем?

-Сиз нарктуу атасыз. Элдин адамысыз. Тунук акылыңыз, кара кылды как жарган калыстыгыңыз, көпкө жакшылык тилеген тегиздигиңиз менен элге керексиз. Сиздей бийи, баатыры бар элдин ынтымагы ырбаш табат. Мен атыңызга кир тийгизбейин деп, тилектенгем. Буйруса, менден кийинки инилерим да сизди уятка калтырбайт деп ойлойм.

-Уулум, мен сага ыраазымын!

-Чынбы ата?

-Чын, уулум.

-Ата, атаке!

Оболбек чын дилден ыраазы боло, жүзүн берекелүү колу менен сылап жаткан атасынын колун кош колдоп кармап:

– Артымда изим, алтын туягым бар. Атамаарек болсун. Мендей көрүңүз? Буйруса жетилет. Жети уулуңуздун бири катары менин атымы жоктотпойт. Атамааregим жети бектин бири. Атам, бир туугандарым бар, ал өксүбөйт.

Оболбектин денеси от-жалын боло ысып чыкты! Чекеси терлеп, оозунан жылуу тап чыга, аптыга, оор дем алып, оюндагы сөздөрүн үлгүрүп айтып калгысы келип, шашыла сүйлөп жатты.

– Сиз, айтчу элеңиз го. «Атанын назары түшкөн бала азали жаман болбойт» деп. Сизге Бөкөй бубамдын Байбөөчөн чоң атамын, Бакал абамын назары түшкөнүн көпчүлүк айтып калчу «Ата баласы, ат соорусу» демекчи «Бийдин, баатырдын баласы» болоюн деп, ниеттенчүүмүн. Ой-тилегимдин баары таза эле. Бир өкүнгөнүм, душмандын куралынан кетип жатам.

– Кетпейсиң, уулум!

Атасынын көңүл улап, жооткото айткан сөзүн этибарга албадыбы, же, «сөзүмдү айтууга үлгүрүп калайын»-дедиби, таптуу алаканы менен атасынын жаактарын аяр сылап:

– Мен, өзүм теңдүү азаматтардан, аскер курагым келген. Жерибиздин чегин белгилеп: «Чекти бузган. Биз үчүн душман» деп, айтууну ойлогом ата!

– Оюңа жетесиң, уулум! Ниетиңе тилегиң жолдош. Өтө эле кыйналып кеттиң. Эс алчы, бир аз.

– Мени аяп жатасың. Жебени сууруп сал, ата! Мен сизге, бир туугандарыма ыраазымын. Менин оордуму Ажыбек тентегиңиз басат. Ошого ишеним бересизби?

Эти ысып, жалындаган Оболбек жылдыздуу жүзүн жалындатып, атасына күлө карады.

Бий уулунун ички туюмун, ой-тилегин, көкүрөгүндөгү дилин, жатка билип турду. Адам акыркы сапарга аттанаАрда өз боюн түзөп, акылын калчап, көргөн күнүн, өткөргөн өмүрүн таразаларын билчү. Уулунун тилек-максаты канчалык тунук экенине ыраазы болду. Жараатынын оор экенине ынанып, жаш жанынын кыйналганына кайыл болгон уулунун өтүнүчүн аткарбаска баатырдын аргасы калбады.

Уулунун көкүрөгүн ачып, чемирчегинде кадалган жебенин кологун чымчый кармаардан мурда, уулунун тердеген чекесинен, бакырайган көздөрүнөн аяр өөп, мурдун чымчый, эркелеткен болуп, барбайган салалары менен беттеринен аяр сылады.

Атасынын тааныш, жылуу алканы жүзүн сылаган таптуу ээриндери чекесине, көзүнө, тийип, мурдун чымчый

эркелеткенине көшүгөн Оболбек, акыркы жолу атанын кучагында мемиреди

****

Айлын капилеттен душманга чаптырып, ичинде кеги калган Сурчач кыз, жергиликтүүлүк кылып, ууру жол менен үлгүрүп барып, Эчки-Тал ашуусуна мурда жетти. Анын «кыз мерген» аталып, кабары калың элге дайын эле. Өзү теңдүү балдар менен тең тайлаша эчен жолу тай үйрөтүп, жайдак атын минип, кечинде бээлерди жайытка айдап, эрте менен желеге тоскон. Жаа тартып, кайберен атканда да, эчендеген жигиттерди таң калтырган. Кыз куумайда да эч кимге мөрөй бербеген бир үйдүн жалгыз кызы болчу.

-Аттин! Уул болуп калса, ар өнөрдөн башынан чыкмак-дешип, айылдаштары анын чебер мергендигине өзгөчө суктанушчу. Аң улоо жагынан ага эч кими жетчү эмес. Эчки теке, кийиктерди жаа менен атып, кошо баргандарга көтөртүп келчү. Жырткычтардын эң бир шамдагайы жана айлакери суусарды да, терисин ысырап кылбайын деп, пайлап жүрүп көзүнө атчу. Кыздын сулуулугу жана акылдуулугу көптү суктандырып, мен менмин деген жигиттер ашык болушуп, жуучу жиберишсе:

-Ата энемин жалгыз кызымын. Аларды таштай албайм. Ким «күч күйөө» болом деп, намыстанбай келсе, анын кимдигине карабай, күйөөгө чыгам деп тамашага сала жооп бериптир, дешип айтып калышчу.

«Күч күйөө» болуудан көбү намыстанып, «ага жагамбы, жакпайымбы» деген ойдо, менмин деген жигиттер, сөз айтууга даабай жүргөн. Бир гана айылында аны чындап жактырган, жетим жигит бар болчу. Сурчачт да сөз айтса макул болмок. Бирок, короосунда көп малына чиренген, айылдагы бай айгак болуп, кыздын ата энесине «каалашынча мал бермекке» жуучу жиберет:

-Кызыбыз өзү билет. Каалаганына барсын. Биз малга кызыгып, анын көз жашына калбайбыз деп, ата-энеси жооп бериптир.

Аны уккан бай, зордоп болсун алмакка аракеттенген чакта, жетим жигит кызга өз оюн билирет. Экөө эми «баш кошобуз»- деген учур эле. Капылеттен калмактар басып кирип, алардын айылын быт-чытын чыгара чаап, мал-мүлкүн талап кеткен эле. Жоодон өч алмакка «кыз мерген» өзү билген, ууру жол менен Кара-Шорого жалгыз келген.

Эчки-Тал ашуусу эчен тарыхка күбө болгон жер. Бул жайга жайлоого атайлап көчкөндөр гана келбесе, мергендерден башка жөн адамдар каттабаган. Тээ мурдагы катаал мезгилдерде, турмуштун айынан кээ биреөлөрү гана кытай тарапка ушул жол аркылуу катташчу экен. Жердин аты да, жөн жеринен Эчки-Тал деп аталбаса керек. Эскилердин айтканына карганда жалаң гана эчкилер жүргөндүктөн, эчки жол аталган дешет. Себеби, жолдун алды зымылдаган аска, караган адамдын башы айланат. Тар кыяга, жалгыз ат араң батат. Эгер ал жолдун ортосуна туруп калса, алды-аркага, куштан башка эч ким өтө албайт. Аны билгендер зоонун эки башын аңдап, эч ким жоктугун байкагандан соң «алда Кудай» айтышып, кадам коюшат.

Тар кыянын шартын жакшы билген Сурчач жан-алакетке түшө, жоодон мурда барып, чубама кыянын аркы тарабындагы бет-мандай келген аскага жайгашты. Оңор эмес аралыктагы өрдө шашып, чуркап келген кыз, тердеген жүзүн аарчып, оор кийимин чече, жеңилденди. Башындагы жоолугун алып, жаанын тээгин чыңады. Саадагы толо жебелерин жанына коюп, бир азга демиккенин басты. Заматта аркырап соккон ашуунун жели, анын көңүлүн сергитип, жүзүн аймалай, тымбай чачтарынан сылап жатты. Тоонун муздак шамалы кызды аймалаган сайын, анын күйүккөн көкүрөгү басылып, чаалыкканы эстен чыкты.

Кыз теребелге көз жүгүрттү. Кылымдар бою чокуларынан ак кар, көк музу кетпеген тоолордо мөңгү кат-кат болуп уюп жатат.

Асман чайыттай ачык. Андан берки, төмөнкү колоттордогу туман сүрүлүп, сапырылган жүндөй болуп, ар-ар жерде түрмөктөлөт. Алардын үстүндө кош бүркүт канаттарын каалгый жаай серпип, кандайдыр бир тарапка учуп баратышат. Мандайдагы шагылдуу зоонун бетинде бирин-серин көрүнгөн аркар-кулжалар бейкам оттоп жүрүшөт. Теребел жым-жырт. Анда-санда ашуудагы аркыраган шамалдын, зуу-зуу эткен доошу гана, бирде акырын, бирде күчөй угулат. Аңгыча болбой өйдөлүштө өмөктөп, кыйнала басып келе жаткан аттардын, бышкырына онтогон, бийикте аба жетпей, түтөктөн кыйнала, күрс-күрс жөткүргөн үндөрү угула калды. Кыз мерген селт эте, баш көтөрдү. Ээрчише, белге жакындап калган калмактар анын бар экенин ойлоруна да алышкан жок. Бирөөлөр жол күзөтүп, тосотто отурат деген ой-санааларына да кирбесе керек.

Арка тарапта биринен бири калбай, жол талаша, тыгылышкан атчандар көптүгүнөнбү, же шашкалакташкандыктарынанбы алдыда келгендери ашуга токтобой чубама тар кыяда, тисериле корккон, аттарынын ойлоруна карабай тезирээк өтүүнүн камында, улам-улам теминишти. Бирин-экин каттап жол сырын билишпегенинен улам, зымылдаган зоону этибар алышпагандай. Аска бетиндеги, жалгыз аяк жолдо учуп кетери, ойлоруна да келбей, улам бирин-бири сүрө, чарчаган аттарына карабай дембе-дем жүткүнүшөт.

Калмактар билбейт. Жолду билген бирөөлөр, баштап келсе керек-деп ойлоду кыз. Айткандай эле, эң алдыда шериктерине окшобогон бирөө баштап жүрүптүр. Кыз жааны колуна алып, жебени тээкке такай кармады.

-Коё тур. Шашылба! Алды кыянын башына келсин. Ошондо да үлгүрөсүң-деди өзүнчө.

Алдыда баштап келгени жолдун өтө эле коркунучтуу экенин эми гана баамдады окшойт. Төмөн жакты бир карап алып, көзүн жуумуп, башын кейкейте көктү тиктеди. Артындагысы атынын тизгинин тарта бергенде, аркада сүрдүгө келе жаткандар ага

урунушту. Жолдун коркунучун эми гана байкашып, астейдил боло түшүштү. Бири-бирине кайрыла, бир азга туруп калышып, анан аска бетиндеги тар кыяда чубаша, ээрчишкен атчандар сап боло, көздөрүн жума, коркунучтан эстери ооп, калтырап-титиреп, үрөйлөрү учуп, аран бастырып баратышты. Тааныш эмес жолду аяр баскан аттар да бүжүрөп, араң аяк шилтешет. Башкы атчан кыянын аркы учуна жете берерinde, анын маңдай тарабында жаасынын тээгин кере тартып, бурчук ташка бутун таканчыктаткан кыз

-Эх-хей!-деп кыйкырды. Аскада анын үнү, күн күркүрөгөндөй боло жаңырды.

Алда-тобо менен тар кыядан аран өтүп бараткандар «–Эмне балекет болуп кетти»? дегенсишип көздөрүн ачыштан заарканышты, Аңгыча баягы үн дагы да кайталанды.

-Эх-эх-ей!

Асканын жаңырыгы баягыга караганда бир топ бийик-чыкты. Тар кыяда бараткандар көздөрүн, ачууга аргасыз эле. Кыянын бет маңдайындагы жанаша жайгашкан аска үстүндө, урчуктуу ташты таканчыктап, өздөрү тарапка мээлеген жаанын тээгин кере тартып, чачтары тоонун шамалына сапырылган кызды байкашып, бул көрүнүшкө ишенип, ишенишпей көздөрүн пардап ачып-жумушту. Маңдайларында жаасын мээлеген суйкайган-сулуу, келбети келишкен периште турду. Мындай болот деп ойлошкон эмес. Тим эле түштөгүдөй. Антейин дешсе, а дешке алдары келбеген коркунучту туюп турушат. Заматта, жарык дүйнө тарып кетти.

Сурчач демекчи. Анын ысмы да, чачына байланыштуу эле. Бала кезинен эле маңдайдагы тутам чачы, башка чачынан өзгөчөлөнүп, ап-аппак болчу. Андайды кыргыз жышаналуу дешет эмеспи.

-Кыз жөн төрөлбөптүр, жышаналуу экен. Колдоочусу бар дешип, айылындагылар аны аярлашчу. Кандай жамандык-жакшылык болсо да, жакындары, билгендер андан көрүшүп.

«Катуу сөз айтпагыла, көңүлүнө албасын, капа кылбагыла» дешчү.

Каада-расмийлер ансыз өтчү эмес. Кийимдин, тамак-аштын алдын ага беришчү. Бала көрбөгөндөр, же бөбөгү турбагандар, ал тургай күн көп жааса, жаабай койсо да, көпчүлүк ага келчү. Көптүн көзү түшкөнгө жараша Сурчачтын чачтары да коюу, өзү теңдүүлөргө караганда, бир топко узун болчу. Апасы дайым башын жуугандан кийин, чачтарын жылкынын ич майы менен жылтырата майлап, оромол менен таңып койчу.

Тик асканын чокусунда, таш эстеликтей сымбаты келишкен, чачтары боюна төгүлүп, ашуудагы шамалга желбиреп, маңдайындагы тутам ак чачы алыстан кашкая көрүнүп, колундагы тээги тартылган күмүш жаа күнгө чагылыша, жалама зоодо тургандагыларга айды кармап турган пери-, бир керемет болуп көрүнсө, кээлерине бөтөн жерде, бей күнөө адамдарды кырып, мал-мүлкүн олжологондугу үчүн кудай тарабынан атайлап жөнөтүлгөн ажалдын өзү катары сезилди.

Калмактардын оозуна «Далай-ламалары» кирбей да калды. Заматта эс-акылдарын жоготушуп, ден-дароо болушту. Көргөн көздөрүнө ишенишпей алдасташты.

-Эх-эх-эй! Жан алгычтар! Кыздын үнүн жаңырган аска-зоо кайталады.

-Эх-эх-эй! Жан алгычтар! Силердин да, ажалыңар жетти. Эми, энчиңерди алгыла!

-Энчиңерди алгыла!-деп аска жаңырды.

Кыз тээкти тартты. Зу-уу эткен жебе, ышкырып барып, чубама кыянын эң алдындагы атчанга кадалды. Ал кыйкырууга да, буямасы келбеди. Коркконунан көздөрүн чакчайтып, жебе тийгенде «ык» дей түштү. Денеси ооп, тең салмактуулук жоголгонго, жалама кыядагы ат да учуп кетүүдөн коркуп, ордунан жылбай, тырмышып турду.

Биринин артынан бири куйрук улаш келе жатып, тар кыянан коркунучунан ар бир кадамын аяр шилтешкен аттар, башкы ат

токтогондо, ордуларынан жылбай туруп калышты. Жылууга эч кандай аргалары жок эле. Аңгыча экинчи жебе ышкырып келип, кийинки аттын үстүндөгүгө сайылды. «Зуу-зуу» этип ышкырган үчүнчү, төртүнчү, бешинчи жебе…

Аттар да, ат үстүндөгү адамдар да, жан-алакетке түшө, каршылык көрсөтмөк тургай, кыймылдоого шайлары келбей, ажалга аргасыз моюн сунуп турушту. Көз көрүнө, бирден атылып, эмки кезек өзүнө келерин нак туйгандар, эч бир каршылык көрсөтө албайт эле. Ат үстүндөгү оор дене, жалама аска бетинде тең салмактуулуктан ажыратты окшойт. Ээсинин салмагына туруштук бере албай, аска бетинен тайган аттын аянычтуу кишинегени аска-зоону жаңыртты.

Аттын чаңырыгынан улам, алды-аркага жыла албай тургандар, уйкудан ойгонгондой селт этишип, чуруу-чуу түшүштү. Ашуунун арткы тарабындагы кыянын учунда турган бирөө эсине келе, тизгинди артына тарта бергенде, аны байкаган Сурчач жебени узатты. Кыянын эки учу тең тосулуп, сапка тизилген жоо колу, кызга бута болуп, «шуп-шуп» эте жебе учуп жаты.

Кийинкилер ашууда шыкалып, ат бастырууга жол таппай, өпкө кага соолуктап, булоосу чыга тердеген аттарын, ары бастырып кетпей, же кыр жонго келип аттарынан түшпөй, моюндарын созуп тургандарга келип, такалышты. Алардын аңдыганы асканын кылда чокусунда ташты таканчыктай, жаасынын тээгин кере тартып, улам жебе узатып жаткан, сымбаты келишкен сулуу кызды көрүшүп окуяны түшүнүштү. Ага көз багып, курал сунууга батынышпады. Көпчүлүгү шастысы кетип, алдастап калган эле.

Капылеттен алардын арасынан бирөө, өңөрүп бараткан мылтыгын ала, шарак эттире ок салып, мээлеп кирди. Алды-аркага кете албай турган көпчүлүктүн арасынан «тарс»эткен ачуу доош чыгып, ага аралаша көк түтүн «бурк» эте көтөрүлдү. Заматта жазган чачын желектей желбиретип, жебе узатып жаткан сулуу кыздын карааны сабагынан үзүлүп түшкөн

жалбырактай болуп, аска бетинен төмөн учуп баратты. Ага удаа ачуу кыйкырык зоону жаңыртты.

Баягы капчыгайдын оозундагы тосотто тургандар кеткенден соң, куугунга түшкөн кыргыздар жабыла, белге чыга келишти.Алды-аркага кете албай, тар жайда, кылчаюга буямалары келбеген жоо колун куугунчулар найза-кылычка алышты. Эчки-Тал ашуусундагы баскынчылар аман калуу аракетинде бийик аскадан төмөнгө бой урушту. Куугунчулар эчендеген аркандарды улаштырып, Сурчач сулуунун аруу денесин ашуга чыгарышып, ардактап жерге беришти.

Ошол күндөн баштап Эчки-Тал ашуусу Сурчач сулуунун атынан Сурчач-Сурташ аталып, кыргыз элинин баатыр кызынын эрдиги кийинкилерге уламыш болуп айтылып келет.

***

-Жоо басты-деген кабар жыл айланбай башта күн батыштан баскан жоо бул жолкусунда түндүк тараптан кирип келди. Тилеке баатыр колу менен Өзгөнгө жете келди. «Бөрү жортушка» салышып, улоолорун аяшпады. Кол Куршапка жеткенде, Мана баатыр баш болгон топтордун жетекчилерин өзүнө чакырды.

-Сен Кызыл-Сенирге салып, Кызыл-Сууга жет. Кабылан-Көл аркылуу Түз-Белден ашып барып, мерчемдүү жайларга «пыстырма» коюп, кокту-колотко колуңду бөлүп, жол тос. Тез жетиштин аракетинде бол! Эрте жетсең биздин ийгилик. Кеч калсаң жеңиш колдон чыгат.

-Буйруса жеңишти колдон чыгарбайбыз.

-Олжо, сен Таканын белин ашып, тосотто турасың.

-Куп болот баатыр.

-Атантай Эшмеден өтүп, колуң менен буктурма уюштурасың. Кайып баатыр, Керме-Тоо сенин энчиңде. Ыман колун менен Сары-Жонго жетип, бизди жандап жүрөсүң. Бириңден бириң үзүлбөй кабарадар болуп турасынар. Аларга караганда, бизде артыкчылык, өз жерибизди коргогонубуз. Душман өз билгендерин кылып, жатышса керек. Убакыттан уттурбайлы. Жөнөгүлө!


Кол Кара-Суудан өтүп, Коргошун-Талаага келгенде, узак жолду баскан аттар терлеп, ак көбүктөрү чыгып, өпкө кагып калган эле. Аттарына күйүккөнүнө карабай, чабуулга аттанууга туура келди.


Жоо элди талап, туткунды. Айдап жөнөөгө камданып калышкан эле. Алыстан эле туткундардын чуусу угулду. Баатыр баштаган кол сай-сайга, токой аралата салып, бой жашыра жакындап келүүнүн аракетинде болду. Жоо колун камдантпай басып киришти. Эки тарап да, жалтанышкан жок. Айгайлаган кармаш катуулады. Жергиликтүүлөр ар тараптан чабуулга өтүшүп, бирде жайыла, бирде толгой, тие качыша, шаштыларын алышты. Жамгырчы менен Алике баатырдын колу тайманбай эки тараптан катуу чабуул коюшуп, туткундарды бошотуп алышты.

Биринин карааны бирине эш, биринин эрдиги экинчисине кубат болсо да, жалтаңдабаган жигиттер душмандын огунан, шилтеген кылычтарынан мерт болушту. Кан күйгөн кармаш бир топко созулуп, акыры барып жергиликтүүлөр үстөмдүк кылып, чегинтип баратышты. Улам буктурмадан чыга калып, чабуулга өтүшсө, аларды кубалаган душман «пыстырмага» туш болушуп, миздери кайтты. Токойдун арасынан чыга калган мергенчилер жаа менен таамай атышып, душман колун кетенчиктетишти.


Жылга-жылгадан чыга ителгидей тийип, кайра из жашырган кыргыздардын колу көптөй сезилди. Жоо алдастай артка жылган сайын, аргымактарын тыныктарган жергиликтүүлөрдүн чабуулу күчөдү. Тосоттогу Олжо, Атантай, Кайып баатырлар калмактардын жолун тороп, чак-челекейин чыгарышты. Качкан жоо кубаттуу аттары менен узап кетүүнүн аракетинде. Ал эми жергиликтүүлөр узак жол басып, эртеден бери тынбаган аттарынын чарачаганына карашпай чабуулга өтүп, кууп баратышты.


Тилеке баатыр белге чыга бергенде бүткөн бою алка-шалка терге чыланып, кирпигинен бери суу болгон аргымагы өпкө кага соолуктап,буттары титиреп, жыгылганы аран турду.



Тилеке баатыр
Оболбек
Мана баатыр
Атамерек
Нарбото
Мээр
Тулекабыл
Сакы
Ураим
Ноорузбай
Сарымсак
Жаныбек
Матан
Султан
Абдипата
Арзыбай
Шайыр
Апи
Алай
Мамат
Адиш
Баит
Жээнбек
Турат
Кубат
Пазыл
Тургунбай
Өмүрзак
Камал
Манас
Акмат
Абдиназар
Бердибек
Анда
Муктар
Айдар
Мырза
Кадырбек
Нурдин
Кубаныч
Эгемкул
Талип
Камчыбек
Зулпукар
Абди
Токтогул
Улан
Айтибай
Мамыт
Сапар
Курманбай
Абдрай
Алмаз
Муса
Үсөн
Асан
Абыт
Митал
Каныбек
Жыргал
Совыт
Нургазы
Замирбек
Камыш
Салайдин
Шермат
Ильяз
Кыяз
Айбек
Саип
Болот




Сарымсак
Бердикожо
Кулсейит
Тынай
Турдукул
Жунус
Ташмат
Жетимиш
Исмаил
Сатимбай
Султан
Айжигит
Сулайман
Шамши
Абдыкар
Каныбек
Омар
Мамасаип
Аблипали
Жаныбек
Осмон
Абдракман
Мурат
Исабай
Рыскул
Али
Атанбай
Улук
Аманкул
Аскар
Жениш
Мырза
Сүйүн
Нурлан
Узак
Турат
Мамыт
Чада
Барат
Төлөн
Эркин
Марат
Ысабай
Кудайберди
Эмил
Макамбай
Белекбай
Абылкасым
Тагай
Жапар
Аблабап
Маданбек
Таалай
Махмуд
Бакыт
Бахыт
Акжол
Осмонкул
Манап
Анарбай
Жениш
Сасыкул
Айбек
Жоро
Абдилаким
Закир
Кушу
Канат
Адил
Маман
Шерали
Шумкар
Нурбек
Төлөнбай
Манас
Жусуп
Жоомарт
Заирбек
Таирбек
Заирбек
Курстан
Урмат
Заирбек
Кеңеш
Руслан
Нурбек
Пазыл
Сыргак
Нурсултан



Мээр
Түлөгабыл
Ноорузбай
Разак
Наргозу
Алимбек
Кулназар
Султанкул
Жусуп
Тайлак
Эгемберди
Баймак
Калек
Молдо Дүйшө
Каримберди
Мамаке
Бегимкул
Өмар
Маткадыр
Ашим
Сала
Бакир
Абдилла
Сыдык
Абдрахман
Сурат
Темир
Мамат
Аваз
Акматжан
Азамат
Баатыр
Тилеке
Адилет
Бекмурат
Үрумбай
Дастан
Тынар
Топчубай
Сүйүн
Тойгонбай
Жолдубай
Базарбай
Нуркадис
Умар
Али
Даниел


Сурат
Маматазиз
Мухамадгазы
Шергазы
Акылбек
Алмазбек
Курманбек
Жыргал
Искак
Кыялбек
Абабакир
Идирис
Нурислам
Жоодарбек
Төлөгөн
Мухамедали
Майрамбек
Илязбек



Каримберди
Боронбай
Абдивали
Зарлык
Митал
Айтикул
Калык
Жамшит
Өмур
Муктар
Шумкар
Жаныбек
Атаман
Улук
Атамерек
Санжар
Каныбек
Рахматилла
Мелис
Адилет
Кутман
Ренат
Майрамбек
Сеит
Ыйман
Исамидин
Бекмурза
Тенгиз
Тимур
Алихан
Баэл
Элдияр
Оомат
Атахан
Толкун
Акбарали


3-бет
Кулназар
Пайзилда
Абдилла
Сакы
Маматали
Курманбай
Орозали
Ровшан
Дооран
Нурлан
Алмаз
Кайрат
Байырхан
Даниел
Талант
Абай
Насип
Атай
Дастан



Токтоназар
Токтомуш
Кочкор
Муса
Абдилла (Кубат)
Арип
Муса
Курманбек
Базарбай
Эркин
Козубай
Улан
Муктарбек
Кубаныч
Жакшыбай
Касымбек
Бекболсун
Кубят
Кылыч
Алмаз
Тинрбек
Мамыжунус
Нурмухаммед
Шаирбек
Замирбек
Роман
Куштарбек
Азамат
Талант
Атай
Алтай
Жоомарт
Умар
Эргеш
Кенеш
Жолдошбек
Асан
Кубаныч
Сүйүн
Нурлилек
Абдымалик
Байымбет
Кудайберди
Мелис
Мирсаид
Салмак
Замир
Идирис


Аккөкөл
Сагы
Козубек
Өмүрбек
Тагаян
Жоругбек
Алчынбек
Кожонбек
Жунус
Абдибек
Муратбек
Токторбай
Маган
Азамат
Мадосмон
Өсөнкул
Шарип
Абдрахман
Таштемир
Кочкор
Маматбакы
Матмуса
Маматкабыл
Абий
Ибрагим
Данияр
Мамыт
Абийбила
Мадай
Акмат
Маматали
Рай
Алтын
Абдраим
Абдрашит
Мырза
Закир
Үсөн
Замир
Исак
Азамат
Нышан
Батыр
Рашит
Кошгар
Азиз
Аким
Таалайбек
Атакун
Акун
Сайымдин
Бакыт
Бекмырза
Максатбек
Атабек
Айтибай
Сулайман
Немат
Бакыт
Байгелди
Алмазбек
Абдраим
Токтогул
Калдар
Нурэл
Байтик


(1)


Муратбек
Исакул
Тилла
Айди
Абдраим
Аттокур
Полот
Султан
Назар
Калдар
Калыбек
Амангали
Таштемир
Сулайман
Сапар
Насир
Айдар
Осмон
Касымбек
Сами
Жаанбай
Даутбек
Советбек
Нургазы
Толубай
Адылбек
Шаймбек
Оромали
Мырзабек
Талант
Элбек
Абдыкадыр
Камбарали
Сайдали
Бакыт
Буркан
Дастан
Арыкбек
Бегали
Кыядбек
Максат
Рустам
Мамадияр
Нурали
Аскар
Исмадияр
Дайырбек
Нургазы

(2)



Өмүрбек
Калназар
Караш
Токтомат
Маман
Насир
Абдразак
Өмаршан
Сайдазам
Аскар
Немат
Рамжан
Аблаз
Жоробек
Иса
Тойчубай
Кенжебай


(3)



Тагаян
Сарыбаш
Канат
Жанат
Чопмурун
Жумабай
Жумабай
Мөнду
Сатыбалды
Кулмамат
Ражапали
Шекер
Салибай
Абдрешит
Майсаа
Садибай
Аматали
Жунус
Казакбай
Самат
Бектур
Нургелди





Жангозу
Момун
Байымбет
Бакир
Кулу
Тойто
Максат
Курбанали
Малик
Абдурасул
Зулпукар
Абдикарим
Абдыкалык
Омар
Абдували
Абдыжалил
Уларбек
Алым
Сабыи
Нурдоолот
Абдыганы
Өмүрбек
Салманбек
Кудайберди
Эрнис
Байдирек
Канат
Женишбек
Талант
Ниязалы
Мамат
Абдулла
Муслим
Арзибек
Байэл
Бексултан


Курбанали
Анарбай
Тагай
Аттокур
Таир
Амат
Жениш
Мирбек
Жусуп
Жолдош
Нурбек
Эрзат
Замир
Абдраим
Тынчтык
Бакыт
Байымбет
Шерикбай
Акыл
Жапыбек
Марат
Кубаныч
Жунус
Жолон
Канибек
Байжигит
Адыл
Баястан
Калыбек
Асил
Бааман



Максат
Жаркынбай
Абаш
Абан
Шамурза
Тончубай
Митал
Таалай
Абдулазиз
Турусбек
Курсан
Зинадин
Сүйүн
Канат
Арген
Адилет
Апсамат
Марсел
Нуржигит
Байымбек
Эрлан
Талгат
Майсал
Урмат
Мирбек


Жусуп
Темирбай
Кулу
Рысбай
Раззак
Ормон
Абдыкадыр
Абдыкаар
Шардай
Абдувап
Гулжигит
Ысмайыл
Адил
Ашим
Максат
Калдар
Ырыс
Иляз
Канат
Сүйүн
Аким
Муктар
Уланбек
Өсөр
Эрнис
Тагдыр
Марат
Элаааман
Уларбек
Кайрат
Нуртилек
Кутман
Нурлан
Садык
Элдарбек
Элмурза
Хансар
Танатар
Илдарбек
Тумарбек


Исраил
Кудайберди
Мекен
Орозали
Алмаз
Шумкар
Тундурбек
Майсалбек
Сыймык
Дуйшөн
Мунарбек
Нурмухаммед
Залкар
Алишер
Майрамбек
Алихан
Миразиз
Юруслан
Амантур
Нурмухаммед
Сакы
Тажибай
Кулбек
Турдубай
Паяз
Капар
Султан
Сабыржан
Бекмурза
Карим
Сапар
Мойдун
Тургунбай
Алы
Жусуп
Осмон
Асан
Шарипбай
Асан
Таир
Абдувап
Заир
Сабыржан
Жусуп
Асан
Шамши
Сүйүн
Сагынбек
Арслан
Майсалбек
Алмазбек
Азизбек
Мелисбек
Арген
Айбек
Авазбек
Бактыбек
Ахлидик
Ариет
Нурсултан
Мыктыбек
Ноорузбек
Осмон
Бекмурза
Нурдун
Карим
Бакытбек
Уланбек
Алманбет
Болотбек
Алтынбек
Нурсултан
Мирлан


Сапар
Чыныбек
Акылбек
Махаматжан
Аллияр
Токтомат
Даниел
Нурзаман
Муртаза
Тургунбай
Женишбек
Жыргал
Нурлан
Бекболсун
Анарбек
Нурсултан
Марат
Алихан
Шарипбай
Рустамбек
Кунгарбек
Мирла
Сыймык


Таир
Алмазбек
Азатбек
Заир
Залкарбек
Жамшит
Нурсултан
Нурбол


Султан
Мойдун
Алым
Асан
Абдувап
Мамасалык
Алтынбек
Бактыбек
Каныбек
Нуртилек
Эрнист
Эржигит
Урмат
Билал
Жоодарбек
Мирбек
Медербек
Идрис
Данис
Апсамат
Мухамедали
Бекболот
Мухамедали
Абдуллах
Уларбек
Калил
Али


Кулбек
Артык
Шаим
Сами
Матраим
Дуйшө
Саты
Абдырахман
Токур
Ибраим
Адыл
Асан
Кубат
Арапбай
Эркин
Сайпидин
Салайдин
Асан
Мурат
Жамалбек
Үсөн
Камал
Мухтар
Жаныбек
Абдурашит
Даниел
Тыныбек
Чыныбек
Бектемир
Абдыгапар
Абдыкалык
Абдыкалил
Абдували
Абдураим



## Суранчы Жетимишов

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, Ж. Мамытов атындагы сыйлыктын ээси, жазуучу-драматург.

Окурмандарга "Албуут дарек издери", "Будуңдуу буурул түндор","Таң тоскон тоолор","Калбалуу кылым алабы" "Кыян кечүү" аттуу тарыхый романдарды тартуулаган.